Мазмуну

КИРИШҮҮ 5

I БАП 10

1920-30-жылдардагы кыргыз тилинин синтаксиси 10

1.1 Синтаксис илиминин жаралышы. 10

1.2 XX кылымга чейин кыргыз тилинин материалдарынын изилдениши. 22

1.3 1920-30-жылдардагы кыргыз тилинин синтакси маселелери. 30

1.4. К.Тыныстанов жана кыргыз синтаксис илими. 45

I бөлүм боюнча жыйынтык 57

II БАП Кыргыз тилинин синтаксисин анализдөөнүн материалдары, илимий-методологиялык базасы. 58

2.1. Кыргыз тилинин синтаксисин анализге алуунун илимий-методологиялык негизи. 58

III БАП 63

1950-70-жылдардагы кыргыз синтаксис илиминин калыптануу мезгили 63

3.1. 1950-жылдардагы кыргыз тилинин синтаксис маселелери 63

3.2. 1960-жылдардагы синтаксис илиминин маселелери 86

3.3. 1970-жылдардагы синтаксис илиминин маселелери. 106

III глава боюнча жыйынтык 118

IV БАП 119

1980-жылдардан азыркы мезгилге чейинки кыргыз синтаксис илиминин өнүгүшү 119

4.1. 1980-жылдардагы синтаксис илими 119

4.2. 1990-жылдардагы синтаксис илими. 136

4.3. 2000-жылдардан кийинки мезгилдердеги синтаксис илими 153

IV бап боюнча жыйынтык 172

Жалпы корутунду.....173

Пайдаланылган адабияттар.....180

КИРИШҮҮ

Коом табияты, анын маңызы, өнүгүшү тикеден-тике тил менен байланышкан. Өз кезегинде, тилге карата кызыгуулар, ой жоруулар, ар түрдүү көз караштар, пикирлер тил илиминин жаралышын шарттады. Тил илиминин табияты татаал жана ар кыл тармактарга ээ. Анын бир тармагы катары синтаксис эсептелет. Коомдогу байланыш-катыш процесси синтаксиске негизделген. Синтаксистик мыйзам ченемдүүлүктөр болбосо, коомдук турмуштагы карым-катыш, байланыштуулук болмок эмес. Ошондуктан, ойдун түшүнүктүү туюндурулушунда, ырааттуулугун камсыздоодо, байланыш-катыш процессин аныктоодо жана өнүктүрүүдө синтаксис илимине таянабыз.

Теманын актуалдуулугу. Кыргыз тилинин синтаксиси боюнча алгачкы окуулуктар 1920-30-жылдарда түзүлүп, бул багытта К.Тыныстанов баштаган А.Шабданов, А.Ыдырысов, Т.Сопиев, Т.Актанов, Н.Макешев, К.Бакеев өндүү аалымдардын эмгектери жаралды. Алар синтаксистик материалдарга карата атайын илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшпөсө да, кыргыз синтаксис илиминин башатын ачышты. 1950-жылдардан 1970-жылдар аралыгында орто мектептер, орто жана жогорку окуу жайлары үчүн синтаксис боюнча окуу китептери, окуу куралдары иштелип чыгып, синтаксистин обьектилерине карата атайын изилдөөлөр жүргүзүлүп, илимий-теориялык негиздеги монографиялар жарыкка чыга баштады. Натыйжада, А.Жапаров, Ы.Жакыпов, А.Турсунов, М.Мураталиев, К.Сартбаев, А.Иманов өндүү окумуштуулар кыргыз тилинин синтаксисинин илимий негизде бир калыпка салып коюшту. 1980-жылдардан тартып кыргыз тилинин салттуу синтаксиси жаңы багыттагы изилдөөлөр менен толуктала баштайт. Бул багытта С.Мусаев, Б.Тойчубекова, С.Ибрагимов, А.Сапарбаев, К.Токтоналиев, Т.Токоев, А.Дунканаев, Ж.Элчиев сыяктуу окумуштуулардын бир катар эмгектери жарык көрдү. Дал ушул синтаксистик окуулуктардын, изилдөөлөрдүн абалына саресеп салып, аныктап-тактап чыгуу учурдагы зарылдык болуп саналат. Кыргыз тили

илиминде, анын ичинде синтаксис тармагынын жаралышынан өнүгүшүнө чейинки бир кылымдык мезгил аралыгындагы аткарылган илимий иштерге (С.Ибрагимовдун эмгегин эске албаганда) дээрилик баа бериле элек. Бул маселени бир жактуу карабай, ар тараптуу иликтеп-тактоо орчундуу маселелерден болуп саналат. Ушул жагдай темабыздын актуалдуулугун көрсөтөт.

Теманын жалпы илимий иштер жана программалар менен байланышы. Эмгек жеке демилге менен аткарылып, мамлекеттик тилдин өнүктүрүлүшүнө шайкеш жана К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына дал келет.

Изилдөөнүн обьектиси -1920-30-жылдардан азыркы мезгилге чейинки кыргыз тилинин синтаксиси боюнча жарык көргөн окуу китептери, окуу куралдары, илимий монографиялар.

Диссертациялык иштин максаты жана милдеттери. Синтаксис илиминин табиятын, негизин; кыргыз тилинин алгачкы изилденишин; 1920-30-жылдардан азыркы мезгилге чейинки кыргыз тилинин синтаксисинин калыптанышын жана өнүгүшүн аныктоо изилдөөбүздүн негизги максаты болуп саналат. Муну ишке ашырууда төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

- Синтаксис илиминин табиятын, жаралышын, маани-маңызын аныктап алуу;
- Кыргыз тили илиминин XX кылымга чейинки изилденишине сереп салуу;
- 1920-30-жылдардагы кыргыз тилинин синтаксисинин жалпы абалын аныктоо;
- 1920-30-жылдардагы окуу китептеринде, окуу куралдарында каралган синтаксистик материалдарды териштирүү;
- Кыргыз синтаксис илиминдеги К.Тыныстановдун ордун белгилөө;
- 1950-70-жылдардагы кыргыз тилинин синтаксисинин илим катары

калыптанышын аныктоо;

•1950-70-жылдарда синтаксис боюнча жазылган эмгектерге териштирүү жүргүзүү;

•1980-жылдардан азыркы учурга чейинки кыргыз тилинин синтаксисинин жаңы багыттарда өнүгүүсүнө баа берүү;

•Кыргыз тилинин синтаксиси боюнча кийинки мезгилдерде жарык көргөн айрым урунттуу-урунттуу эмгектерге териштирүү жүргүзүү.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы. Синтаксис илиминин жаралышына, кыргыз тилинин XX кылымга чейинки изилденишине жана 1920-30-жылдардан азыркы мезгилге чейинки окуу китептерине, окуу куралдарына, жалпы эле синтаксис боюнча изилденген эмгектерге карата жыйынтыктардын чыгарылышы, жекече көз караштагы илимий-теориялык ойлордун билдирилиши иштин илимий жаңылыгын түзүп турат.

Диссертациялык иштин теориялык жана практикалык мааниси. Изилдөөнүн илимий-теориялык жана методологиялык базасы катары азыркы синтаксис илиминин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн синтаксистик багыттагы эмгектери пайдаланылды. Кыргыз тилинин синтаксисинин калыптанып-өнүгүү мезгилин шарттоочу эмгектер сыпаттоого алынды.

Эмгектин мазмуну, анын өздөштүрүлүшү практикалык чоң маниге ээ. Изилдөөнүн жыйынтыгын кыргыз жана башка түрк тилдеринин синтаксисин, анын түзүлүшүн, калыптаныш-өнүгүшүн иликтөөдө кеңири колдонууга болот. Окуу китептерин, окуу куралдарын жана орто мектептер, жогорку окуу жайлары үчүн кыргыз тилинин синтаксисинин программаларын түзүүдө пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Ошондой эле, эмгектеги материалдарды орто жана жогорку окуу жайларында лекция, практикалык сабактарды өтүүдө, кыргыз тилинин тарыхын окутууда кеңири пайдалануга болот. Кыргыз тилинин синтаксиси боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүүгө да өбөлгөлөрдү түзмөкчү.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

- синтаксис –коомдук өнүгүү процессиндеги тилдик жандуу кубулуш, анын табияты татаал жана ар кыл мүнөзгө ээ;
- ойдун түшүнүктүү, ырааттуу, системалуу берилиши синтаксиске байланыштуу жана карым-катыш процессинин аныкталышы синтаксиске негизделет;
- XX кылымга чейинки кыргыз тилинин тармактарынын, анын ичинде синтаксис маселелеринин изилденишин кеңири жана терең аныктап-тактоо иштери чоң маниге ээ;
- 1920-30-жылдардагы кыргыз тилинин синтаксисин жана бул багытта иш жүргүзүшкөн аалымдардын эмгектерине илимий негизде баа берүү зарылчылыктары бар;
- 1950-70-жылдар аралыгындагы кыргыз тилинин синтаксиси боюнча жарык көргөн эмгектер кыргыз тилинин синтаксисинин илим катары калыптанышында маанилүү роль ойнойт;
- 1980-жылдардан кийинки мезгилдердеги кыргыз синтаксис илиминин жаңы багыттарда өнүгүүгө бет алышы илимий изилдөөлөрдү кеңитет;
- кыргыз синтаксис илиминин калыптанып-өнүгүү мезгилиндеги айрым урунттуу-урунтту эмгектер атайын илимий изилдөөлөрдүн обьектиси болуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ.

Изденүүчүнүн жеке салымы. Диссертациялык иштеги коюлган маселенин аныкталышы, негизги жоболор, талдоого алынган материалдардан чыгарылган жыйынтыктар, корутундулар изденүүчү тарабынан жеке аткарылды.

Диссертациялык иштин апробациясы Изилдөө ишинен алынган жыйынтыктар, натыйжа-тыянактар жана сунуштар.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы

Диссертациялык иштин мазмуну боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:

1. Атыгаев Б.И. Некоторые малоизученные аспекты сложного предложения в кыргызском языке, -Самара, 2019. -203-211-бб.
2. Атыгаев Б.И. Кыргыз тилинин синтаксисинин жаралышы жана калыптанышы, -Алматы, 2019. -35-37-бб.
3. Дунканаев А.Т., Атыгаев Б. 1950-жылдардагы кыргыз тилинин синтаксис маселелери, -Нур-Султан, 2020. -2-7-бб.
4. Атыгаев Б.И. К.Тыныстанов жана 20-30-жылдардагы кыргыз тилинин синтаксиси, -Каракол, 2020. ЫМУнун Жарчысы, -190-197-бб.
5. Атыгаев Б.И. XX кылымга чейин кыргыз тилинин материалдарынын изилдениши, -Каракол, 2020. ЫМУнун Жарчысы, -197-203-бб.
6. Атыгаев Б.И. Кыргыз тил илиминдеги сүйлөм жана сөз айкаштары, -Бишкек, 2021. ALATOO AKADEMIK STUDIES, №2.
7. Атыгаев Б.И. Окумуштуу М.Мураталиев жана кыргыз тил илиминин синтаксис маселелери, -Бишкек, 2021. ALATOO AKADEMIK STUDIES, №2.
8. Атыгаев Б.И. К.Тыныстановдун кыргыз синтаксис илимине кошкон салымы, -Переяслав, Украина, 2021. Выпуск№9, Часть 4

ЖОЖдор арасында өткөрүлгөн Эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда доклад жасап, жыйынтык-натыйжалар боюнча макалалар жарыяланган. Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан расмий каттоодон өткөн жыйнактарда, РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү басылмаларды 3 макалам жарык көргөн.

Иштин түзүлүшү жана көлөмү. Диссертациялык иш киришүүдөн, негизги төрт бөлүмдөн, пайдаланылган илимий-теориялык адабияттардын тизмесинен жана шарттуу белгилерден турат. Иштин жалпы көлөмү 187 бетти түзөт.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы

I-БАП

1920-30-ЖЫЛДАРДАГЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СИНТАКСИСИ

1.1 Синтаксис илиминин жаралышы.

Бардык эле илимдердин жаралуу, калыптануу жана өнүгүп- өсүү тарыхы болот. Бул мыйзам ченемдүүлүк тил илимине да тиешелүү. Тилдин келип чыгышы, коомдук функциясы, жалпы эле тил табиятына карата кызыгуулар, илимий көз караштар, божомолдоолор тил илиминин жаралышына түрткү болгон. Анын учугу байыркы мезгилдерге барып такалат. Кандай гана илимди албайлы, алардын жаралуу процессинен өнүгүү абалына чейинки аралыкты белгилүү бир мезгил менен ченеп коюу эч мүмкүн эмес. Ошол сыңары, тил илиминин жаралышы, калыптанышы жана өнүгүшү узак мезгилдерди өз ичине камтып турат. Бул тууралуу профессор С. Мусаев: «…тил илиминин эң негизги проблемаларынан болгон тилдин жаралышы, келип чыгышы, тилдин табияты, сөз түркүмдөрү, атоо, сүйлөм мүчөлөрү, грамматикалык категориялар ж.б.у.с. маселелер байыркы мезгилдерде эле илимий негизде карала баштаган. Биздин заманга чейин 6-5 миң жыл мурда эле египеттиктердин, шумерлердин, б.а., чыгыш калктарынын ар кандай жазууларды ойлоп таап, аларды пайдаланышкандыктарын эске салганда эле, тил маселелери жөнүндөгү ой- пикирлердин өтө узак тарыхы бар экендигин, жогорку өндүү маселелер эчактан бери эле каралып келе жаткандыгы байкалат. Египеттиктердин, шумерлердин тил жөнүндө айткандары, тилге байланыштуу пикирлери бизге түз жетпегени менен, кыйыр фактылар аркылуу алардын тилге өзгөчө маани бергендигинен баамдоого болот». [Мусаев С, 1998: 31]. Чындыгында, коомдук түзүлүштүн жана өнүгүштүн өзү, байланыш- катыш процессине жана тилге карата кызыгуулар, көз караштар, ой жүгүртүүлөр тил илиминин жаралышына, калыптанышына өбөлгө түздү.

Тил илиминин табияты татаал, анын изилдөө обьектиси системалуулукка

негизделип, ар тараптуулукка ээ. Тилдик каражаттардын өз ара айкашуу бүтүндүгү, аң- сезим менен ажырагыс байланышы, формалык- мазмундук биримдиги жалпы тил түшүнүгүн шарттоо менен, анын системалуулукка ээ экендигин көрсөтөт. Системалык принцип фонетикалык, лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, структуралык- семантикалык, тексттик тармактарды өз ичине камтып турат.

Коом табияты жана анын маңызы түздөн- түз тилге байланышкан. Адамдардын ортосундагы карым- катыш, мамиле, түшүнүүчүлүк, пикир алышуу тил аркылуу ишке ашырылат. Тил түшүнүгү аң- сезим менен ажырагыс байланышта туруп, тиешелүү обьектиге ээ. Ал тилдин тыбыштык системасынан тартып, сөз, сөз айкашы, сүйлөмдөрдү өз ичине камтып турат. Албетте, бул тилдик каражаттар биринен бири өнүп чыккан уламалдуу, биримдиктүү грамматикалык байланышты шарттаганы менен, өздөрүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ.

Байланыш- катыш процессинин аныкталышы синтаксиске негизделген. Мейли, конкреттүү бир тил илиминде болобу, же жалпы тил илиминде болобу, синтаксиске тиешелүү маселелер орчундуу орунда турат. Анткени адамдар ортосундагы байланыш, коомдун уюшулушу, түзүлүшү, өнүгүшү, обьективдүү дүйнөнүн чагылдырылышы синтаксис аркылуу ишке ашат. Синтаксистик мыйзам ченемдүүлүктөр болбосо, карым- катыш жана байланыштуулук жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес. Ойдун түшүнүктүүлүгүн, ыраттуулугун ишке ашырып, белгилүү бир грамматикалык мыйзам- ченемге салып, аны ар тараптан өнүктүрүүдө синтаксис илимине таянабыз. Бул илим тилдин грамматикалык түзүлүшүн, өнүгүшүн билдирүү менен катар, элдик аң- сезимди, менталитетти, философиялык ой жүгүртүүлөрдү, психологиялык абалды да көрсөтө алат.

Синтаксис термини грек тилинен (***syntaxsis***) алынып, бизче **куруу, түзүү** маанисин билдирери белгилүү. Адамдар ортосундагы байланыш- катыш процессинин жаралышына, түшүнүүчүлүктүн пайда болушуна карата

кызыгуулар, т.а., сөздөрдүн өз ара байланышы, сүйлөм жөнүндөгү түшүнүктөр жана алардын териштирилиши, сыпатталышы, талданышы синтаксис илимин жаратты. Коомдук турмуштагы кандай гана илим болбосун, ал турмуштук зарылчылыктардан, өсүп- өнүгүүлөрдөн, талап- мүдөөлөрдөн келип чыгат. Ошол сыңары, тил түшүнүгүнүн, анын функциясынын, байланыш- катыш процессинин чоо- жайынын изилдениши мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат.

Грамматика маселелери б.з.ч. мезгилдерде эле изилдене баштагандыгын байыркы индиялык окумуштуу Панини иштеп чыккан «Грамматикалык эрежелердин сегиз бөлүмү» аттуу эмгегинен байкоого болот. Панини б.з.ч. IV-III кылымдарда жашап өткөндүгү тарыхый маалыматтардан белгилүү. Ал аталган грамматиканы түзүп чыгууда өзүнө чейинки Жакатайна, Бхарваджи, Апишали, Шакальи, Гаргью сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринен кеңири пайдалангандыгын ачык эскертет жана мурдагы грамматикалык эрежелерди системалаштырып, өз доорунун адамдары үчүн түшүнүктүүлүктү жараткан, ырааттуулукка келтирилген, көптөгөн оңдоо- түзөөлөр, толуктоолор менен иштелип чыккан грамматикалык жаңы вариант экендигин белгилеген. Демек байыркы Индияда Паниниге чейин эле грамматика маселелерине көңүл бурулуп, териштирүү иштери жүргүзүлө баштагандыгын билүүгө болот.

Панининин грамматикалык эмгегинде сөз фонетикалык жактан өзгөрүүгө учурай турган болсо, ал өзгөрүү грамматикада кандай болот, эмне менен байланышкан, анын себептери эмнеде, грамматика үчүн кандай маанаиге ээ? деген көптөгөн суроолор коюлуп, аларды аныктоо эмгектин башкы максаты катары каралган. Мындагы сөздөрдүн фонетикалык өзгөрүшүн, сөз жасоо мүмкүнчүлүктөрүн, сөздөрдөн сүйлөмдүн уюшулушун, орфография, орфоэпия маселелеринин козголушун жана буларга карата эрежелердин чыгарылышын, алардын өзүнчө топторго бөлүнүшүн грамматикалык эмгектин өзгөчөлүгү деп саноого болот. Панининин көз карашында грамматикалык окуу фонетика менен ажырагыс байланышта каралат, анын

негизин фонетикалык альтернация, фонетикалык кубулуштар, сөздүн тыбыштык формасынын өзгөрүшү түзүп турат. Демек, грамматика сөздүн тыбыштык өзгөрүшүн жазуудан, аны түшүндүрүүдөн башталат деп эсептейт. Панини эки же андан ашык морфемалардан турган сөз айкашынан тартып грамматикалык жактан туура түзүлгөн сүйлөмдөрдүн толук тизмесин алып, аларга карата эрежелерди чыгарган. Ал сүйлөм деген түшүнүктү атооч менен этиш сөздүн айкашы катары караган, т.а., сүйлөмдүн негизин этиш жана атооч сөздөр түзүп, структурасы жаңы сөздөр менен толукталарын, мүчөлөр аркылуу уюшуларын түшүндүргөн, сүйлөмдү ой- пикирди билдирүүнүн каражаты катары караган. Тыбыштык кубулуштар, өзгөрүүлөр, сөз колдонулуштары, кептин тууралыгы, тактыгы, ачыктыгы баарыдан мурда синтаксиске негизделет. Индиялык тил илиминде дал ушул синтаксистик түшүнүктөрдүн башаты байыркы мезгилдерде эле териштирилип сыпаттоого алына баштагандыгын Панининин грамматикасы ырастап турат.

Мындан сырткары, б.з.ч. II кылымдарда Александрия китепканасындагы кол жазмаларга, Гомердин чыгармаларына иликтөө иштерин жүргүзүү аркылуу Александрия грамматикасы жаралгандыгы белгилүү. Ошол мезгилдин күчтүү грамматисттери Аристарх Самофракийский, Дионисий Фракийский, Апполоний Дискол өңдүү окумуштуулар грек тил илиминин грамматикасын негиздешип, анын кийинки калыптанып өнүгүшүнө зор салым киргизишкен. Алар сөз түркүмдөрүн, алардын колдонулушун, грамматикалык формалардын бирдейлигин, белгилүү бир эрежеге баш ийип, тилдик мыйзам ченемдүүлүк болорун, кептин, сүйлөмдүн туура уюшулушун изилдөөгө алышкан. Тил- бул системалуу мүнөзгө ээ татаал кубулуш экендигин аныктоо менен, тилдин ырааттуу грамматикасын түзүүгө аракеттенишкен. Аристарх Самофракийский тилде сегиз сөз түркүмү колдонуларын белгилейт, ар бир сөз түркүмүнүн грамматикалык табиятын анализдеп мүнөздөмө берет, ошол мезгилде эле сөздөрдү маанилик жактан сөз түркүмдөрүнө ажыратып, аларды классификациялоо менен гана чектелбестен, алардын синтаксистик табияты

да эске алынат. Маселен, ***байламта-*** ойду белгилүү бир тартипте байланыштыруучу сөз түркүмү, кептин, сүйлөмдүн мазмунуна ылайык, бириктирүүчү, ажыратуучу, толуктоочу, себептүүлүк, жыйынтыктоочу маанилик милдеттерди аткарарын, иреттүүлүктү камсыздарын билдирген. Аристархтын шакирттери Дионисий Фракийский грек тилинин грамматикасын биринчи жолу системалаштырып иштеп чыкса, Апполоний Дискол грек тилинин синтаксисин жазган. Сөздөр тилдин грамматикалык мыйзамына ылайык, өз ара байланышып сүйлөмдү уюштурат, пикир алышуу кызматын аткарат. Сөздөр тилдин эң башкы бөлүгү, элементи, курулуш материалы болуп саналат. Алар тигил же бул сапаттагы синтаксистик категориялардын милдетин өтөп, сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү катары эсептелет. ***Бул синтаксистик түшүнүктөр синтаксистик окуулардын, синтаксистик кийинки изилдөөлөрдүн пайда болушуна өбөлгө түзүп, синтаксистик теориялардын жаралышында маанилүү роль ойноп, синтаксис илиминин калыптанып өнүгүшүнө негиз болгон***. Ал эми Римдин эң күчтүү грамматисти катары таанылган Варрон Марк Теренций 25 китептен турган «Латын грамматикасы жөнүндө» аттуу эмгегин жараткан. Биздин замандын IV кылымдарында Римде Элия Донатанын «Грамматикасы» жарык көрсө, ушул эле учурда Константинополдо Прициандын латын тилинин грамматикасына арналган «Грамматикалык окуулары» деген көлөмдүү эмгеги жаралган. Белгилей кетчү нерсе, байыркы учурлардагы көпчүлүк эмгектерде синтаксиске байланыштуу материалдар камтылгандан жана алар тууралуу илимий теориялык ойлор айтылгандан, көз караштар, пикирлер атайын билдирилгенден сырткары, морфологиянын, фонетиканын, лексикологиянын материалдары да синтаксиске негизделгендигин көрүүгө болот.

Кандай гана тармактагы илимди албайлы, алардын жаралышына коомдук зарылдыктар, турмуштук- практикалык муктаждыктар, белгилүү бир талап-мүдөөлөр түрткү болуп турат. Кайсы бир илимди атайын ойлоп табуу мүмкүн эмес, же ал жайдак жерден эле пайда боло калбайт. Ошол сыңары, тил

илиминин жаралышы, териштирилип сыпатталышы коомдук зарылдыктан, көрүнүштөрдөн, адамдык баалуулуктан улам пайда болгондугун жогорудагы эмгектер далилдеп турат.

Байыркы Индия тил илиминин пайда болушу сыяктуу эле, арабдарда да коомдук көрүнүштөр жана түшүнүктөр, б.а., дин китептери менен кадыресе элдик оозеки сүйлөшүү тилинин ортосундагы олуттуу айырмачылыктар араб тил илиминин түптөлүшүнө себеп болду. Чындыгында, мусулман элдеринин ыйык китеби болгон Курандын тилин таза сактоо принциби, куранды башка элдерге жайылтуу, жеткирүү зарылчылыгы, курандын тилин башка элдерге котортпоо максаты, башка элдердин тилинин таасиринен сактоо муктаждыгы, араб элдик оозеки тилинин, диалектилердин таасирин тийгизбөө аракеттери араб тил илиминин жаралышын шарттады. Дал ушул максатта 790-жылдары араб тилинин грамматикасынын негизин түзгөн Сибавейхинин «Аль- китаб» аттуу алгачкы эмгеги жарык көрөт. Мында сөз түркүмдөрүнүн системасы каралат да, сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуусун, башкарган сөз менен башкарылган сөздүн айкашуусун, сөз тизмектерин сыпаттап берет. Атооч, илик, табыш жөндөмөлөрүнүн функциясын көрсөтөт, атооч жөндөмөсүнүн колдонулушу, анын бөлүкчөлөрдүн жардамы менен табыш жөндөмөсүндө трансформацияланышын карайт. Ошондой эле этиш сөз түркүмүнө тиешелүү маселелер, этиштин башка сөз түркүмдөрү, бөлүкчөлөр менен болгон грамматикалык байланышына токтолуп, анын синтаксистик табияты тууралуу сөз кылат, Сибавейхинин грамматикасында синтаксис маселесинен башка муун, анын табияты, сан, род, кичирейтүү категориялары, сан атоочтун, татаал этиштердин колдонулуш эрежелери, тыбыштардын жасалуу орду, жасалуу ыгы, сөз арасында тыбыштардын колдонулуш өзгөчөлүктөрү, тыбыш менен тамганын айырмаланышы, айтуу менен жазуунун дал келбестиги жөнүндө да кеңири кеп болот. Сибавейхи жалпы маселеден жеке маселеге өтөт, адегенде сөз түркүмүн, андан кийин сөз айкашын, сөз түркүмдөрүнүн синтаксистик табиятын карайт.

Ошентип, индиялыктардын, гректердин, римдиктердин жана кийинки арабдардын тил илиминдеги грамматикалык эмгектери байыркы учурларда эле синтаксистик түшүнүктөрдүн, синтаксистик эрежелердин, теориялардын негизин түптөп кетишкен. Ал гана эмес, алардын жалпы тил илиминдеги идеялары Европа тил илиминин жаралышына жана өнүгүшүнө түздөн- түз таасирин тийгизген.

Орто кылымдардагы түрк тили илиминде улуу ойчул, лингвист Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөздүгү» аттуу атактуу эмгеги жаралат. Бул эмгекти араб тил илимине таандык кылып көрсөтүп жүрүшкөндүктөрү тарыхый чындыкка туура келбестигин проф. С.Мусаев адилет белгилейт: «Араб тил илими жөнүндө кеп кылганда, дээрлик бардык изилдөөчүлөр анын күчтүү өкүлдөрүнүн бири катары Махмуд Кашгарини белгилеп жүрүшөт. Албетте, бул таптакыр туура эмес түшүнүк, Махмуд Кашгари араб тил илиминин өкүлү эмес, ал- түрк тил илиминин негиздөөчүсү, салыштырма-тарыхый тил илиминин башатында турган түрколог. Ошондуктан анын араб графикасын пайдаланып китеп жазгандыгы үчүн гана араб тил илиминин өкүлү дешке эч кандай негиз жок» [Мусаев,1998:,68] Сөздүккө карата академик А.Н.Кононовдун «Салыштыруу ыкмасын илимий принцип катары негизге алган түрк тилдеринин чыныгы энциклопедиясы», - «… бир катар түркий тилдердин фонетикасына, грамматикасына жана лексикасына өтө кылдат, дилгир байкоолорду жүргүзгөндүгү, ошондой эле хакандык түрктөр, түркмөндөр, огуз, ягма, чигил, кыргыздар тууралуу баа жеткис лингвистикалык, этнографиялык, фольклордук, географиялык, тарыхый маалыматтарды биздин заманга жеткирип берген бирден-бир турпатка ээ чыгарма болуп эсептелет.» [Советская тюркология, 1972:16-17] деп айткандары биринчиден, акад. А.Н.Кононов сөздүктү түрк тилдеринин чыныгы энциклопедиясы деп аташы ошол мезгилдеги түрк тили илимине берген баасы болсо, экинчиден, Махмуд Кашгари түрк тили илиминин өкүлү экендигин, үчүнчүдөн, сөздүктүн автору М.Кашгари ошол мезгилдин чыныгы

окумуштуусу болгондугун ачык айтып отурат.

Эми Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөздүгүн» түрк тили илиминдеги эң алгачкы эмгек деп эсептөөгө болобу жана бул эмгектин биздин иликтөөбүзгө канчалык тиешеси бар деген суроолордун коюлуп калышы да ажеп эмес. Адегенде буларга жооп катары Махмуд Кашгаринин өз сөзүнө орун берели: «Кадам изи бирөөнүн басып өткөндүгүн билдирет дегендей, төрт жана андан көп тамгадан турган сөздөрдү да ушул из, ушул жол боюнча элестетүүгө болот. Мен ушул тартипте ишимди баштадым. Талапка жараша жеңилдетип жана кыска- нуска дегендей, кыска түрдө жаздым. ***Мындай китепти менден мурда эч ким колдонбогон жана эч кимге маалым болбогон, өзгөчө*** бир ***тартип менен түздүм.*** Китебим талапка ылайык келип, колдонуучулардын купулуна толо турган, бир баага татыктуу болуп, чыгармалардын үлгүсү болушун көздөп, бир канча жаңы эрежелерди, жаңы көрсөтмөлөрдү түздүм, сөздөрдүн илдеттүү бүдөмүктөрүнө түшүндүрмө бердим, бир канча жаңы өлчөмдөрдү киргиздим***. Баштагы китептердин артынан келүүчү, кийинкилерге мисал, үлгү боло тургандай кылдым.*** Өнүгүп- өссөм деген максатта илгерилөөнү каалагандарга туура багыт, кенен жол ачтым, аларга бул китеп улуулукка, бийиктикке чыгара турган тепкич, шаты болуп берет***. Ар бир уруунун тилине сүйлөм түзүүчү негизги эреже иштеп чыктым. Кыска, нуска айтуу даанышмандыкты туудурат эмеспи».*** [Махмуд Кашгари, 2011., I. 41] Мындагы белгиленген: Мындай китепти менден мурда эч ким колдонбогон жана эч кимге маалым болбогон, өзгөчө бир тартип менен түздүм, Баштагы китептердин артынан келүүчү, кийинкилерге мисал, үлгү боло тургандай кылдым, - деген маалымат билдирүүлөрүнөн улам, бул сөздүккө чейин эле түрк тили илими боюнча атайын эмгектердин жазылгандыгы билинип турат. «Өзгөчө тартип менен түздүм», - деп айтканы башка китептер белгилүү бир тартипте иштелгендигинен, Махмуд Кашгаринин эмгеги алардан айырмаланып тургандыгынан ачык кабар берет.

Ал эми биздин иликтөөбүзгө сөздүктүн канчалык даражада

тиешелүүлүгүнө токтолсок, анда түрк тилдеринин синтаксис маселесинин коюлушун, анын башатын дал ушул сөздүктөн табууга туура келет. Махмуд Кашгари түрк элдеринин тили окшош, алардагы сөз айкашы түзүлүштөрү, сүйлөм уюшулуштары бирдей болгону үчүн, ***«Ар бир уруунун тилине сүйлөм түзүүчү негизги эреже иштеп чыктым»,*** - деп айтып отурат. Демек, түрк элдеринин тили өз ара түшүнүктүү болгону үчүн, сүйлөгөн сөздөрүнүн грамматикалык байланышуу жолдору, синтаксистик түзүлүштөрү окшош болгону үчүн, алардын бардыгына бирдей негизги эреже чыгарылды.

Ошондой эле Махмуд Кашгари «Түрк тилдеринин сөздүгүнүн» материалдары түрк, түркмөн, кыргыз, чыгыл, өгүз, ягма элдеринин элдик оозеки чыгармаларынын эң сонун үлгүлөрүнөн жыйналгандыгын сыймыктануу менен белгилейт:, изилдеп ***«Мен алардын шаарларын, чөлдөрүн, жайлоолорун баштан- аяк бүт кыдырып, түрк, түркмөн, өгүз, чыгыл, ягма жана кыргыздардын тилдеринин сөздөрүндөгү уйкаштуулуктарын аныктап чыктым»*** [МК I 35] ***«элдин башынан кечирген жашоо- турмушун чагылдырган ырларынан кээ бир саптарын, керээз, осуят сөздөрүнөн, ошондой эле өткөргөн кайгы- муңдуу, оор же жеңил, ырахат, жыргал күндөрүндө айтылган терең маанилүү макал-лакаптарынан, учкул сөздөрүнөн, тамсилдеринен мисалдарды келтирдим. Китептен пайдалангандар кийинкилерге жеткизе турган болсун! Ошентип бул китепке атактуу тилдердин көп колдонулган белгилүү кендерин жыйнадым. Китебим назиктик, жумшактыгы менен эң баалуу, зор кооздукта көздөгөн максатынын чегине жетти. Чын жүрөктөн таазим этип, кылган ниетиме Алладан бакыт- таалай сурайм***, [МК I 43] ***Биринчиден***, аталган түрк элдеринин ырларынан, макалдарынан, ылакаптарынан, учкул сөздөрүнөн, тамсилдеринен жыйналган мисалдар түрк тилдерин өз ара салыштырып изилдөөдө эң мыкты материал болуп бере алган. ***Экинчиден,*** Махмуддун: «Ар биринин тилдериндеги сөздөрдүн маани-маңызы мага жат эмес эле, тескерисинче, алар менин дилимде бекем орун

алган» (35.), «Түркий тилдер араб тили менен байгеге түшкөн эки күлүк өндүү тең арыш таштап, калышпай бара жаткандыгын аныктап көрсөтүү үчүн (39.), деп айткандары түрк тилдеринин түбү бир экендигин жана араб тили башка болорун ачыктап турат. Окумуштуу жыйналган материалдардын мисалында түрк тилдеринин окшоштугун далилдеп бере алган. ***Үчүнчүдөн***, сөздүктөгү сөздөрдүн түзүлүшүн, лексикалык маанилерин, семантикасын, составдык бөлүктөрүн сүйлөм тутумунда, синтаксистик негизде гана так жана ачык, кеңири жана терең, жеткиликтүү жана ишенимдүү аныктап, далилдеп берүүгө болот. Анткени, сөз маанилеринин дааналыгы синтаксиске негизделет. Сөзүбүз куру болбошу үчүн, сөздүктөн мисал келтирели: ***(лам), ала-ала, денесинде агы бар адам. Макалда мындай деп келет: «Киши аласы ичтик, йылкы аласы таштик»- Киши аласы (арам ойлору) ичинде, жылкы аласы тышында***. Демек, **ала** сөзүнүн маанисин сүйлөм тутумунда так, даана аныктап берүүгө жетишкен, т.а., сөз маанилеринин ачыктыгын синтаксистик негизде так аныктоого болорун көрсөтө алган. Мындай мисалдар сөздүктө арбын кездешет. ***Төртүнчүдөн,*** «Түрк тилдеринин сөздүгү» орто кылымдардагы түрк элдеринин грамматикасын, синтаксисин изилдөөнүн обьектиси катары жаралды. Түрк элдеринин тарыхый синтаксисин аныктоого зор мүмкүнчүлүк түзүп берди. Сөздүктөгү колдонулган материалдар, мисалдар ошол мезгилдеги түрк тилдеринин синтаксистик түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнөн маанилүү кабар берет. Ошондой эле Махмуд Кашгаринин түрк грамматикасы боюнча жазган «Түркий тилдер синтаксисинин көөхарлары (Жавахир ан-нахв фи лугат ат-түрк») аттуу эмгеги тууралуу маалыматтар бар.

Көрүнүктүү түрколог Э.Тенишевдин кыргыз жазмасына жана адабий тилине байланыштуу илимий жыйынтыктарды берген «Улуттук доорго чейинки кыргыз адабий тили жөнүндө» макаласындагы: «Бул жерде өзгөчө табылганы-***атактуу акын, окумуштуу, ойчул Абдурахмен Жаминин (1414-1432) грамматикалык трактатынын эң алгачкы көчүрмөсүн*** айтпай

кетүүгө болбойт. ***Кол жазма Түштүк Кыргызстандагы Памир тоолорунун этегиндеги кыргыз урууларынан чыккан бир үй-бүлөдөн колго тийген.***

Жаминин «аль Кафинин татаалдыктарын чечмелөө үчүн пайдалуу кеңештер» чыгармасы ***Ибн-Ал-Хажибдин (1175-1249) грамматикалык трактатына*** түшүндүрмө катары жазылган». «…эң кызык жери, XIX кылымдын башында Хажы Абдаллах ибн-Салих ибн Исмаил (Махрам-эфенди) түзүп, 1890-1891-жылдарда Константинополдо басылган «ал Жаминин грамматикалык трактатына комментарийлер» түштүк Кыргызстандан табылган» [Кыргыздар, 1991: II 496] -деген илимий маалыматтары XII кылымдан XX кылымга чейинки кыргыздарга түздөн-түз тиешелүү болгон кол жазмаларды ачыктап көргөзүп турат. Аталган грамматикалык эмгектерде синтаксис маселелери камтылбай койбойт. Аларды изилдеп, талдап чыгуу азыркы учурдун кечиктирилгис милдеттеринен болуп саналат.

Орус тили илиминде XVIII кылымдын жарымында М.Н. Ломоносовдун «Орус грамматикасы» (1755) аттуу эмгеги жарык көрөт. Ага атак-даңк тартуулаган бул эмгектин жарык көрүшү орус коомчулугунда жаңылык катары жаңырган, аны өзгөчө энтузиазм менен кабыл алышкан. Муну менен орус тили илиминде эң алгачкы жолу М.Н.Ломоносовдун аталган грамматикасы жарык көргөн деп жыйынтык чыгарууга болбойт, анын эмгеги өзүнө чейинки орус грамматикасынын катмарынан өнүп чыккан. XVIII кылымда орус коомчулугунда орус тилинин ролунун жагдай абалынын анчалык жогору болбогондугу коммуникативдүүлүк процессиндеги аткарган кызматынын төмөндүгү, башка тилдердин ашыкча таасири сыяктуу обьективдүү себептер грамматика муктаждыгын жараткан. Ошон үчүн М.Н.Ломоносов грамматикасыз ораторлук кем акылдык, поэзия кыйшык тилдүү, философия негизсиз, тарых жагымсыз, юриспруденция ишеничсиз болуп саналат деп бекеринен айтпаса керек.

«Орус грамматикасынын» синтаксис маселесинде М.Ломоносов сөз

айкашын анализдөө менен, анын формалдык жагын гана эске албастан, эн башкысы, алардын маани берүүчүлүк функциясына басым жасайт. Чындыгында, синтаксис сөздөрдүн тек гана формалдык байланышы эмес, ал-белгилүү бир формалык механизмдердин колдонулушунан келип чыккан маанилердин биримдиги. Ошондой болсо да, ал мезгилдерде грамматикалык түшүнүктөр риторика менен ажырагыс байланышта каралган. Риторика менен грамматика бир бүтүндүктү түзөт, грамматика тилдин түзүлүшүн билдирсе, риторика кептин туура уюшулушун үйрөтөт деген түшүнүктө иш жүргүзүшкөн.

Орус тили илиминде сөз айкашы жана сүйлөм деген синтаксистик обьектилер, алардын ортосундагы айырмачылыктар, жакындыктар тууралуу изилдөөлөр Ф.Ф.Фортунатовдун формалдык-грамматикалык окуусунда түптөлө баштаган. Анда сөз тизмектеринин формасы синтаксис катары аныкталып, ал сөз тизмектери сөз айкашы жана сүйлөм болуп экиге бөлүнгөн. Баарлашууда, ой-пикирди билдирүүдө сөздөр өз ара биригишет да, сөз айкашын түзөт. Бириккен сөздөрдүн тизмеги белгилүү бир формага, ички жана сырткы түзүлүшкө ээ болгондо сөз айкашы жаралат. Сөз айкашын сөздөрдүн синтаксистик формалары, сөздөрдүн орун тартиби уюштурат. Кеп кырдаалында бир сөздүн экинчи бир сөзгө көз каранды абалда болушу сөздөрдүн синтаксистик формалары катары каралган жана ал синтаксистик формалар сөз айкашындагы синтаксистик байланыштардын типтерин шарттайт. Алардын бири-бирине карата тең байланышта турушу, багыныңкы байланышта келиши, багыныңкы байланыштын түрлөрүнүн келип чыгышы синтаксистик формаларга негизделет деп билдирет. Ф.Ф.Фортунатов сөз тизмектерин жыйынтыкталган (аякталган) жана жыйынтыкталбаган (аякталбаган) сөз тизмектери деп бөлүштүрөт. Ошентип, Москва лингвистикалык мектебинин негиздөөчүсү Ф.Фортунатов орус тили илиминдеги синтаксистик окууга из салган. Анын сөз айкашы жана сүйлөм жөнүндөгү формалдык-грамматикалык окуусун шакирттери:

А.М.Пешковский, А.А.Шахматов, В.В.Виноградовдор улантып, өнүктүрүп, орус тили илиминдеги синтаксистик окууну негиздешти.

1.2 XX кылымга чейин кыргыз тилинин материалдарынын изилдениши.

Кыргыз синтаксис илиминин жаралышы, дегеле, кыргыз тили илиминин башаты тууралуу илимий-теориялык ой-жорууларды, маалыматтарды индиялыктардын, гректердин, римдиктердин тил илими сыяктуу байыркы учурлардан мисал катары факты-материалдарды ала албадык. Анткени, ошол мезгилдерде жазылган эмгектер бизге жеткен жок. Кандай болгон шартта да, кыргыз эли тарыхта эзелтеден эле белгилүү болгондуктан, анын тили жана аны менен ал мезгилдерде катар жашашкан түрк тилдүү тектеш элдердин тилдери тууралуу эмгектердин жазылышы ажеп эмес эле. Буга карата XI кылымда жазылган Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөздүгү» жана мындан сырткары грамматикалык эмгектердин белгилүүлүгү тууралуу маалыматтар мисал болуп бере алат. Адам тил гана эмес, обьективдүү чындыктагы бардык нерселер тууралуу ой жүгүртүшкөн, алардын табиятын чечмелешип, териштирип келишкен, сырдуу жактарын ачыкташкан, белгисиздиктен белгилүүлүктү чыгарышкан, аларды аң-сезимине, ой-жүгүртүүлөрүнө жараша тарыхка жазып калтырышкан. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ал эми алардын сакталышы, же сакталбай калышы оомалуу-төкмөлүү турмушка байланыштуу.

Кыргыз тилинин материалдарынын алгачкы жолу изилдене баштаган учурун Махмуд Кашгаринин «Түркий тилдеринин сөздүгү» («Дивани лугати-ат түрк») эмгегине байланыштырабыз. Окумуштуунун кыргыз эли, кыргыз тили тууралуу айткандарынан, кыргыздын тилин таза тил катары баалагандыгынан улам, кыргыз тилинин материалдары сөзсүз түрдө изилдөөгө алынгандыгы шексиз. Сөздүктөгү териштирүүгө алынган: ***ол (ал),***

бен (мен), сен (сен), йүзү (жүзү), үн (үн), йер (жер), ийн (ийин), канат (канат), ер (эр), нару (ары, нары), оңол (оңол), үрперди (үркөйдү), ешит (ук), тарыг (таруу, буудай), өрүк (өрүк), сөз (сөз), чын (чын), түн (түн), кын (кын), сарт (соодагер), ыш (ыш), ук (уук), курч (курч), ерен (эрен), булыт (булут), курут (курут, сүзмө), кошны, кошну (коңшу, кошуна), түрлүк (түрдүү), терлик (тердик), көпрөк (көпүрө), көбчүк (жөлөнгүч, жаздык), кирпик (кирпик), чалпак (чылпак), ет (эт), кеклик (кекилик), күнлүк (күндүк), йумуш (жумуш), тавалгуч (табылгы), сыбызгу (сыбызгы чоор) ж.б. көптөгөн сөздөр азыркы кыргыз тилинде колдонулат. Узак убакыттардын өтүшүнө байланыштуу далай сөздөр сырткы формасы жагынан, т.а. фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураса дагы, баштапкы лексикалык маанилеринен ажырабай колдонулуп келет. Махмуд Кашгаринин: «Атоочтор эки түрдүү: бири-уңгу атооч, экинчиси-жасалма атооч. Этиштен жасалган атоочтор этиштин аягына он эки тамганын бирин улоо аркылуу жасалат. «Кылыч», «ок» дегендер уңгу атооч болуп эсептелинет да, булар башка сөздөрдөн жасалган эмес. Жасалма атоочтор башка сөздөрдөн жасалат. Мындай атоочтордун кээ бирлери оозеки сөздө колдонулса, айрымдары тил эрежелерине туура келип турса да колдонулбайт» [МК I 43] «Жийм тамгасы». Көмач-күлгө көөмп бышырылган нан, «көмьч» деген маанини билдирүүчү «көмди» деген этиштен жасалат, күл жана күлгө окшогон нерсеге бир нерсени көмгөндө колдонулат. «Севинч» деген сөзү сүйүнүчкө айтылган сөз. Бул сөз «севинди» этиштен жасалган [МК I 53] -сыяктуу илимий көз караштарынан анын тажрыйбалуу окумуштуу катары калыптангандыгын байкоого болот. Бизге жетпей калган «Түркий тилдер синтаксисинин көөхарлары» (Жавахир ан-нахв фи лугат ат-түрк») деген эмгегинин аталышы түрк тилдеринин синтаксис маселелерине ошол мезгилдерде эле изилдөөлөр жүргүзүлө баштагандыгынан кабар берет.

XIX кылымда жалпы тил илиминде тилдер тууралуу факты-материалдарды жыйноо, аларды илимий-теориялык негизде сыпаттап

териштирүү, ар башка структурадагы, типологиялык жактан ар түрдүү тилдердин материалдарын салыштырып кароо, аларды тарыхый аспектиден иликтөө, генетикалык карым-катышты аныктоо активдүү түрдө колго алына баштайт. Тилдерди тарыхый жактан бири-бирине салыштырып карап, алардагы окшоштуктар менен айырмачылыктарды, жалпылыктар менен жекеликтерди, тил тектештиктерин тактоо аракеттери ***салыштырма-тарыхый тил илимин*** шарттады. Бизге белгилүү болгондой, салыштырма-тарыхый тил илиминин негиздөөчүлөрү катары таанылышкан Фридрих Шлегель, Франц Бопп, Якоб Гримм, Александр Востоков, Вильгельм фон Гумбольд, Август Шлейхер, Герман Штейнталь сыяктуу көрүнүктүү окумуштуулардын эмгектеринен улам, салыштырма-тарыхый тил илиминин обьектисинде грек, латын тилдеринин материалдары жана герман, иран, славян тобундагы тилдер гана болгон деген түшүнүк жаралбашы керек. Бул багытта түркий элдердин тилдери, анын ичинде кыргыз тилинин материалдары да изилдене баштагандыгын баса белгилеп коюшубуз керек. Окумуштуу С.Садыкова «XIX-XX кылым башында немис тилдүү түркологдордун эмгектеринде кыргыз тилинин маселелеринин каралышы» (2018) аттуу докторлук диссертациясында факты-материалдардын негизинде кыргыз тилинин изилдениши тууралуу бир катар баалуу пикирлерди айтат. Диссертациялык иштин авторефератында: «Жалпы түркологиянын, анын ичинде кыргыз тилинин да илимий-нормативдик деңгээлде грамматикалык өңүттө сыпатталышы «Грамматика турецкая, персидская, киргизская и узбекская» деген аталышта М.А.Тереньтев тарабынан 1875-жылы СПб жарык көргөн грамматикасында ишке ашат. Ушул эле учурда П.М.Мелиоранскийдин эки бөлүктөн турган «Краткая грамматика казак-киргизского языка» Часть I. фонетика, этимология. СПб, 1834; Часть II. Синтаксис СПб, 1837 деген грамматикасынын жарык көрүшү казак тилинин материалдары менен эле бирге кыргыз тилинин материалдары камтылгандыгын көрсөтөт. Анткени бул жерде казак термини өзүнчө, кыргыз термини өзүнчө колдонулуп, бул эки

термин эки башка, бирок өтө жакын эки элге тиешелүү экендигин айгинелеп турат» (2018,12), -деп белгилейт да, ошол мезгилдеги кыргыз тилинин изилденишине карата: «Грамматика киргизского языка. Фонетика, этимология и синтаксис [Катеринский, 1897] «Краткий грамматический очерк казак-киргизского языка» [Катеринский, 1897] «Материалы по казак-кыргызскому языку» [Катеринский, 1960] «Русско-киргизский словарь» [генерал-майор Скальн түзгөн. 1774] - өңдүү эмгектерди көрсөтөт.

XIX кылымдын эң көрүнүктүү түрколог окумуштууларынын бири- В.К.Шотт. Анын кыргыз тилине тиешелүү «Татар тилдерин изилдөө аракеттери» (1836.), «Чыныгы кыргыздар жөнүндө» (1865.), деген эмгектери бар. Ал бардык эле түрк тилдерин татар тилдери деп атаган жана алардын грамматикалык түзүлүшү индо-герман тилдеринин грамматикалык түзүлүшүнөн кескин айырмаланарын көрсөтөт. Ошол эле учурда түрк тилдери да өз ара бири-биринен грамматикалык түзүлүшү боюнча айырмаланып турарын, бирок тектештикти көрсөтүп турган бирдей грамматикалык принцип үстөмдүк кыларын адилет белгилейт. Чынында, бардык эле түрк элдеринин генетикалык биримдигин, теги бир жердигин алардын тили аныктап турат. В.К.Шотт тилдин грамматикалык түзүлүшүндөгү мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн бири катары тыбыштардын өзгөрүшүн көрсөтөт. Жалпы эле түрк тилдериндеги, анын ичинде кыргыз тилиндеги сөздөрдүн фонетика-морфологиялык структурасы маселеси эң алгач В.К.Шотт тарабынан көтөрүлгөндүгүн С.Садыкова белгилейт. «Фонетикалык ушул өзгөчөлүк үндүү жана үнсүз тыбыштарга тараарына көңүл буруу менен, жалпы эле татар, анын ичинде кыргыз тили үчүн тыбыштык өзгөрүүлөр өзгөчө роль ойноорун белгилеп, үндүү тыбыштарга өтө мүнөздүү закондун бар экендигин айтат. Тилекке каршы, ал законду негиздебейт жана конкреттүү мисалдар менен тастыктабайт. Бирок ошондой болсо дагы, В.К.Шотт өзүнүн тилдик сезимталдыгы, алтаист катары тилдик өнүгүүнүн ички закон ченемдүүлүктөрүн туура баамдай алган окумуштуулук мүмкүнчүлүгү

аркылуу кыргыз тилиндеги, жалпы эле Азия тилдериндеги сөздөрдүн морфологиялык структуралык түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктү туура баамдай алгандыгын көрөбүз» (2018.15.), В.К.Шоттун: «Бул тилдерде бир принцип өзгөчө маниге ээ, экинчи муундагы үндүүлөр негизги муундагы үндүүлөргө ылайыкташат, уңгу муундагы үндүүлөр өзгөчө укукка ээ, айрым бир кекиртекчил жана жылчыкчыл тыбыштар ***а, о, и*** тыбыштарынын жардамы менен гана айтылса, айрымдары ***е, о, и*** тыбыштары менен келип айтылат», -[Шотт, 1836:23], -деп айтканы кыргыз тилиндеги фонетикалык өзгөрүүлөргө дал келет. Мындан ал биринчилерден болуп вокализация, агглютинация жана сингармонизм кубулуштарын аныктап көрсөткөндүгүн баамдасак болот.

Окумуштуу С.Садыкова В. К. Шоттун «Татар тилдерин изилдөө аракеттери» (1836), деген эмгегин анализге алуу менен, түрк тилдерине, айрыкча, кыргыз тилине мүнөздүү болгон төмөндөгүдөй тилдик өзгөчөлүктөрдү көрсөткөндүгүн белгилеп коюуга туура келет:

1. В.К.Шотт алтаист катары кыргыз, түрк, монгол, манчжур, тунгус тилдеринин грамматикалык түзүлүшүн индо-герман тилдеринин грамматикалык түзүлүшүнөн тилдик принциптердин негизинде кескин айырмалап чыккан.

2. В.К.Шотт татар тилдериндеги зат атоочтордун жана туундуу этиштердин өздөрүнө гана мүнөздүү мүчөлөрү боло тургандыгын, алар уңгунун өлчөмүн аныктоого мүмкүнчүлүк берерин айтат. Түрк тилдериндеги грамматикалык ушул принцип аркылуу сөздүн морфологиялык структуралык түзүлүшүн аныктоого боло тургандыгын көрсөтөт.

3. Тилдин грамматикалык түзүлүшүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн бири-тыбыштардын өзгөрүшү. Тыбыштардын өзгөрүшүнүн үч тибин белгилеген.

4. В.К.Шотт Сөз түркүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрү жана грамматикалык карым-катыштын көрсөткүч-каражаттары улуттук жан дүйнө менен ажырагыс байланышта болот жана ал өзгөрүүсүз кала берет, т.а., чет өлкөлүктөрдүн рухий материалдык элементтери канчалык кирбесин, сөздүк корубуз

канчалык чет сөздөр менен толтурулбасын, грамматика өзгөрүүсүз кала берет деген түшүнүктү бекем сактаган.

В.К.Шотт «Чыныгы кыргыздар жөнүндө» аттуу эмгегинде байыркы кыргыздардын эне тили кандай болгон? деген суроо коюп, ага карата өзү илимий булактардын, тилдик материалдардын, социалдык шарттардын негизинде жооп издеген. Бул эмгек байыркы кытай жазма летописттеринен алынган тарыхый маалыматтарда хронологиялык ырааттуулукта баяндап бергендиги менен, кыргыздардын тарыхтагы ордун, ролун Европалык чыгыш таануучу илимпоз катары обьективдүү баа берип, илимий негизде түшүндүргөндүгү менен, ошол мезгилдеги кыргыздардын тилинин материалдарын чогултуп, топтоп, тилчи окумуштуу катары кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшүн аныктоого аракет жасагандыгы менен баалуу.

Кыргыз тилин изилдөөчүлөрүнүн алгачкы сабындагы окумуштуулардын бири атактуу түрколог В.В.Радлов болгон. Бул адам 1862-жылы кыргыз менен казактардын тарыхы, тили, элдик оозеки адабияты боюнча материалдарды жыйнап, изилдөө иштерин жүргүзүү максатында чыгыш Казакстанга жана Ысык-Көлгө келет. 1869-жылы кыргыз жерине экинчи ирет келип, бир ай жүрүп, кыргыз тилине тиешелүү материалдарды жыйнайт. Анын кыргыз тили тууралуу: «Кыргыздар эч буйдалбастан, токтоосуз шар сүйлөшөт. Алар оюн ачык- так айта билишет. Сүйлөгөндө сөздөрүндө, белгилүү деңгээлде кооздук сезилип турат. Жөнөкөй эле сүйлөгөн сөздөрүндө, айтылыштардын курулушунда, мезгил-мезгили менен ыргактык өлчөмдөр байкалып калат. Сүйлөм артынан сүйлөм ыр саптары түрүндө келе түшкөндөй пикир калтырат. Мындай сөздөр ойлонуп айтылып, угуучуларга күчтүү таасир тийгизет. Угуучулар берилип, ыракаттанып, муюп угушат. Сөзмөр, чечен адамдар сүйлөгөндө болуп көрбөгөндөй тынчтык өкүм сүрүп, угуучулардын көздөрү жайнап, демин ичине алып отуруп тыңшашат. Чечендин ар бир кооз айтыштары, ар бир акылмандын курч жана тамаша сөздөрү ийкемдүү» [В.В.Радлов,1885:15]-деп айтканы кыргыз элинин тилине суктануу менен

берген баасы болуп саналат. Ошол мезгилде айтылган бул пикир азыркы учурда да кыргыз тилинин материалдарын ар тараптуу изилдөөгө дем береринде шек жок.

В.В.Радловдун «Түндүк түрк тилдеринин фонетикасы» (1882) аттуу эмгеги эки бөлүмдөн турат. Мында кыргыз тилинин тыбыштык системасына байланыштуу үндүүлөр курамы жана алардын катарлаш жайгашкан муундардагы ээлеген позициялары, үндүүлөрдүн үндөштүк мыйзамы, үнсүздөр системасы, алардын сөз муундарындагы ээлеген позициялары, үнсүздөрдүн комбинатордук өзгөрүүлөрү иликтөөгө алынган. Кыргыз тилинде тогуз үндүү тыбыштын колдонулушун, үндүү тыбыштарды айтууда сүйлөө органдарынын баары эле активдүү катыша бербестигин белгилейт. Окумуштуу тыбыштарды акустика-артикуляциялык жактан мүнөздөөгө алган жеке тыбыштардын табияты семантикалык-функционалдык белгилер аркылуу аныкталарын көрсөтөт. Үндүү тыбыштардын жасалышындагы активдүү жана пассивдүү позицияларды тек аныктап, аба агымынын термелүүсү үндүү тыбыштардын жасалышындагы негизги шарт болорун белгилейт да, эң негизгиси, артикуляциялык өзгөчөлүктү туура баамдайт.

Кыргыз тилинин фонетикалык системасына карата В.В.Радловдун жүргүзгөн илимий изилдөөлөрү тууралуу С.Садыкова өз оюн мындайча билдирет: «В.В.Радловдун колунда өзү Кыргызстанга келгенге чейин тилдик даяр материалы да, кыргыз тилинин фонетикалык системасын аныктаган илимий материал да, кыргыз тилиндеги сөздөрдүн тыбыштык курамын көрсөткөн эмпирикалык материал да болбогон. Ошондуктан ал өзү «жандуу» оозеки кыргыз кебин угуу аркылуу кабылдоого аракеттенген. Тилдин күчтүү сезимталдыгынын, илимий-теориялык жана практикалык даярдыгынын, нукура талантынын жемиши болсо керек, В.В.Радлов жазып алган кыргыз тексттеринин фонетикалык үлгүлөрү, фонетикалык курамы, негизинен таза кыргыз оозеки тилин таптак чагылдырат. Анткени, сөз кандай айтылса, өзү кандай укса, так ошондой жазган. Сөздүн тыбыштык курамындагы

сингармониялык, ассимиляциялык өзгөрүүлөрдү так чагылдырган. Албетте, жыйнаган материалдарында айрым бир так эместиктер учурайт. Ал, биринчи кезекте, өзү немис улутунун өкүлү болгондугунда, экинчиден, кыргыз сөздөрүн казак, алтай тилдериндеги сөздөргө окшоштуруп угуп алгандыгы, үчүнчүдөн, кыргыз тигил же бул сөздөгү тигил же бул тыбышты так айтпай калышы да мүмкүн, төртүнчүдөн, жазып жаткан киши кыргыз болбой, же татар, же казак, же алтайлык, же дагы бир башка улут өкүлү болушу да ыктымал. Бирок кандай болгондо да, кыргыз тилинин фонетикалык системасына тиешелүү негизги маселелер В.В.Радловдун «Фонетикасында» өз мезгилинин талабына ылайык, угуу-перцептивдик метод аркылуу аныкталгандыгын белгилөөгө болот». [Садыкова С, автореф.2018:22].

В.В.Радловдун XX кылымдын башында жарыялаган «Түрк тилдеринин морфологиясын түзүү жөнүндө ой пикирлер» (1906.VIIт.№7) деген эмгегинде түрк тилдеринин, анын ичинде кыргыз тилинин морфологиялык структурасы илимий негизде териштирүүгө алынган. Тилдердеги кептин аморфтук, флективдик, агглютинативдик техникалары жөнүндө жалпы маалымат берет. Түрк агглютинациясынын өзгөчөлүгүнө токтолот. Сөз жасоодогу карым-катыш уңгу менен мүчөнүн, сөз менен сөздүн ортосундагы калыптанган регулярдуу өзгөрүү менен шартталарын белгилейт. Морфологиялык теорияларда кыргыз тилинин материалдарынын мисалында да далилдөөгө алгандыгы байкалып турат. Биз В.В.Радловдун кыргыз тилинин материалдарын изилдегени тууралуу гана кыскача маалымат бердик. Ал эми анын эмгектерине кеңири анализ жүргүзүлгөн маалыматтарды С.Садыкованын аталган докторлук диссертациялык эмгегинен табууга болот.

Мурунку мезгилдерде жарыкка чыккан кыргыз тилинин изилдениши тууралуу илимий эмгектерди үйрөнүү- азыркы кыргыз тили илиминдеги актуалдуу маселелердин бири. Анткени, ал эмгектерди үйрөнүү менен, кыргыз тилинин тарыхый грамматикалык түзүлүшүнөн, байыркылык мүнөзүнөн, түркий тилдеринин ичиндеги ээлеген ордунан баалуу материалдарды алууга

болот. Дегеле, кайсы гана элди албайлы, алардын социалдык жашоо-турмушу, экономикасы, каада-салты, үрп-адаты, маданияты ж.б. маселелердин бардыгы тил аркылуу чагылдырылары белгилүү. Ушуга байланыштуу өткөн мезгилдердеги кыргыз тилинин материалдарын илимий изилдөөгө алган эмгектерге карата анализ жүргүзө баштаган кыргыз тилчи окумуштууларынын аракеттерине колдоо көрсөтүп, оң баа беришибиз абзел.

Ушуну менен катар эле, ошол өткөн мезгилдеги кыргыз тилинин материалдарын илимий-теориялык негизде изилдеп чыгуу үчүн, бизде көптөгөн даяр материалдардын бар экендигин баса белгилеп коюшубуз керек. Алардын катарына улуу «Манас» эпосубуздан тартып бир шилтем дидактикалык чыгармаларга чейинки материалдар, академик Э.Тенишев көзгө сайып көрсөтүп берген эртеги мезгилдерден XX кылымга чейинки кол жазмалардын үлгүлөрү, Уфа, Казань, Ташкенттен басылып чыккан Молдо Нияз, Алдаш Молдо, Нур Молдо, Тоголок Молдо ж.б. сыяктуу жазгыч молдолордун, агартуучулардын кыргызча китептери кирет. Алар кыргыз тилинин бардык тармактарынын (фонетика, лексикология, морфология, синтаксис, текст, стилистика) тарыхый мүнөзүн, абалын сыпаттап териштирип чыгууда эбегейсиз кызмат аткарарында шек жок.

1.3 1920-30-жылдардагы кыргыз тилинин синтакси маселелери.

Кыргыз тили илиминин жаралыш мезгили XX кылымдын 20-30-жылдарына туура келет. Чынында, 1917-жылы Октябрь социалисттик революциясы ишке ашкандан тартып, совет мамлекетинин биринчи кезектеги кечиктирилгис милдеттеринин бири сабатсыздыкты жоюп, билим берүү системасын жолго салуу эле. В.И.Ленин социалисттик коомдук түзүлүштүн маңызы илим-билим менен шартталгандыгын ачык көрсөткөн. Кайсы гана түзүлүштөгү коомду албайлы, алардын экономикалык, социалдык, маданий ж.б. тармактардагы жетишкендиктери, өсүп-өнүгүүлөрү шексиз түрдө илим-

билимге байланыштуу болору белгилүү. 1918-жылы В.И.Ленин кол койгон «Бирдиктүү эмгек мектеби жөнүндөгү жобонун» негизинде сабатсыздыкты жоюу, жаштарга билим, тарбия берүү боюнча атайын мектептер уюшула баштаган. 1920-жылы Түркстан эл агартуу комиссариатынын алдында жогорку илимий бөлүм жаңы ачылып, ал бөлүм илимий-теориялык мүнөздөгү иштерди жолго коюуну колго алат.

1923-жылы Түркстан Борбордук Агартуу Комитетинин алдында кыргыз илимий комиссиясы уюштурулуп, анын төрагасы болуп Э.Арабаев дайындалган. Улуттук комиссиянын эң негизги милдети кыргыз тилинин өзгөчөлүгүнө ылайык жаңы алфавитти, өз эне тилинде окуй турган программаларды, окуу куралдарын жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмолорду түзүү, элдик оозеки чыгармаларды жыйноо, кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин, терминдерин илимий жактан иштеп чыгуу, жогорку квалификациядагы улуттук күчтөрдү бириктирүү болгон. [Бектенов, Эл агартуу журналы. 1975, №8.53]. Ошол мезгилде совет курамындагы ар бир улут өз эне тилинде билим алуусу эң башкы маселелерден болуп саналган. В.И.Ленин орустардан башка элдердин улуттук маданиятын, илимин өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурган жана жергиликтүү кадрларды даярдоону өз эне тилинде жүргүзүү зарылдыгын белгилеген. Ушундан улам, эне тил табиятын тереңдеп аңдап-билүү тилдик материалдарды кеңири өздөштүрүү, илимий-теориялык иликтөөлөрдү жүргүзүү муктаждыктары келип чыгат. Коомдук зарылчылыктардан келип чыккан мындай муктаждыктарды чечүү үчүн, совет өкмөтү тарабынан атайын чечимдер кабыл алынып, конкреттүү милдет-тапшырмалар коюлат. Айрыкча В.И.Лениндин: «Бир тилде сүйлөөчү эл жашаган территорияларды мамлекеттик жактан бириктирүү зарыл, ошону менен бирге ошол элдин тилинин өнүгүшүнө жана ошол тилди адабиятта бекемдөөгө жолтоо болуучу тоскоолдуктардын баарысын жоюу зарыл» (20т. 442.), - деп улуттук тилдерди өнүктүрүүнүн зарылдыгын, ал эми: «кимде-ким улуттардын тилинин тең укуктуулугун таанысаса жана жактабаса, улуттук ар

кандай эзүүгө же тең укуктуу эместикке каршы күрөшпөсө, ал марксист эмес, ал түгүл демократ да эмес. Бул шексиз.» (20т. 14.)-деп улуттук тилдердин тең укуктуулугун баса белгилеп көрсөткөндөрүнүн мааниси, күчү зор эле. Албетте, коюлган маселени дароо иш жүзүнө ашыра коюу ошол мезгилдин шартында эч мүмкүн эмес эле, турмуштук жагдайдан келип чыккан тоскоолдуктар бар эле. Биздин жеке пикирибизде буга төмөндөгүдөй турмуштук факторлор себеп болгон:

а) бир коомдук формациядан экинчи бир коомдук формацияга өтүүдө сөзсүз түрдө болуучу кырдаал-шарттардын жаралышы;

б) элдик көз караштардын өзгөрүүсү, экономикалык, социалдык-маданий шарттардын абалы;

в) адамдардын аң-сезиминдеги илим-билим түшүнүктөрүнүн абалы, кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн деңгээли;

г) буга чейинки мезгилдерде Орто Азия элдеринде кадр маселесинин түптөлбөгөндүгү, атайын тил мектептеринин жоктугу, б.а., тил багытындагы адистердин болбогондугу.

Тил-ар бир улутутун улуттук жүзүн, табиятын көрсөтүүчү эн белги. Ал-коомдук көрүнүш, ансыз коомду элестетүү мүмкүн эмес. Коом менен бирге ажырагыс пайда болуп, адамдардын өз ара катнашынын маанилүү куралы болуп саналгандыктан, анын сабаттуулукка, илим-билимге, маданиятка жеткирүүдөгү аткарган кызматы, таанып-билүүдөгү ролу, тилдик табияты, грамматикалык түзүлүшү ж.б. изилденүүгө тийиш. Ушул аспектиден алып караганда жана тил маселелеринин изилдениши эчендеген кылымдардан бери жүргүзүлүп келе жаткандыгын эске алганда, ага салыштырып караганда, совет бийлиги өкүм сүрүп турган аралыкта кыргыз элинин сабаттуулугун жолго коюу гана эмес, кыргыз тилинин материалдарынын илимий-теориялык негизде изилдениши өтө тездик менен өнүгүүгө бет алгандыгын белгилеп коюшубуз керек. 1920-30-жылдары, совет бийлигинин алгачкы мезгилдеринде эне тилдин материалдарын үйрөнүүдө, өздөштүрүүдө жогоруда көрсөтүлгөн

обьективдүү себептерге байланыштуу кыйынчылыктар жаралбай койгон жок. Кыргыз тилинде окутуу, кыргыз тилинин материалдарын үйрөнүү акырындык менен колго алына баштайт. Ар бир улуу иштин жаралышы, түптөлүшү түмөн түйшүктү талап кыларын практика көрсөттү. Ошол учурда кыргыз элин кат таануу сабатсыздыгы каптап турган учурунда эне тил маселелеринин жолго коюлушу аба менен суудай зарыл эле. Негизинен эне тилинен мыкты сабаттуулукка ээ болбой, аны жакшы билбей туруп, башка сабактарды өздөштүрүү кыйын болорун, оордуктарды жаратарын турмуш өзү ырастап койгон. М.Н.Калининдин: «Эне тилин жакшы билүү кала берсе мына бул себеп боюнча да зарыл: тил башка сабактарды үйрөнүү үчүн курал болуп саналат. Эне тилин билүү билимдин мындан аркы циклдерин өтүү үчүн адам баласы өз турмушунда кездешүүгө туура келген бардык иштер үчүн зарыл», - [Калинин, 1954:222] деп айтканы-чындык.

1920-30-жылдары адегенде сабатсыздыкты жоюу, эне тилин үйрөнүү максатында окуу китептери иштелип чыга баштайт. Алгачкы эне тил окуу китептерин түзүп чыгууда, кыргыз тилинин материалдарын окутууда ошол мезгилдин илим-билимдүү адамдары болуп саналган Э.Арабаев, К.Тыныстанов, К.Карасаев, Т.Актанов, К.Бакеев, Н.Макешов, У.Бактыбаев, С.Нааматов, Шабдан уулу Ажыйман, Т.Сопу уулу, К.Жантөшев, Б.Жунушалиев өңдүү агартуучулардын эмгектери зор болгон. Кыргыз тили боюнча жазылган алардын эмгектериндеги тыбыш системасы, тыбыштардын табияты, грамматикалык эрежелери, термин аталыштары жана алардын негизделиши илимий-теориялык маалыматтардын камтылышынан кабар берип турат. Эне тилин окутуунун тарыхында, кыргыз тили илиминин жаралыш башатында Э.Арабаевдин «Кыргыз алиппеси» (1924), К.Карасаев менен авторлош «Жаңылык» (1927), К.Тыныстановдун «Окуу китеби» (1924), «Чоңдор үчүн алиппе» (1926), «Эне тилибиз» (1927), «Кыргыз тилинин морфологиясы» (1934), «Кыргыз тилинин синтаксиси» (1936), С.Нааматовдун «Кичинекей колхозчу» (1931), «Тилибиздин методикасы» (1933),

К.Жантөшевдин «Окуу китеби» (1930), «Колхоз мектебинде» (1932), А.Идирисовдун «Кыргыз тилинин окуу китеби» (1933, 1935), Т.Сопиевдин «Биздин тил» (1933), К.Бакеевдин «Чала сабаттуулар мектеби үчүн эне тил китеби» (1934), Т.Актановдун «Кыргыз тилинин окуу китеби» (1939), «Грамматика», II бөлүк, Синтаксис (1940), Н.Макешов, К.Бакеевдер менен бирдикте «Кыргыз тилинин синтаксиси» (1939) эмгектери турарын чоң тамга менен белгилеп коюуга тийишпиз.

1920-30-жылдары кыргыз тилинин синтаксистик материалдары атайын илимий-теориялык негиздеги изилдөөлөрдүн обьектисине айлана элек болчу. Белгилүү болгондой, буга карата ошол мезгилдеги жагдай-шарт, илимий даярдыгы бар кадрлардын жоктугу себеп болгондугун өйдөдө белгилеген элек. Ошого карабастан, массалык түрдө сабатсыздыкты жоюу максатында эне тилди окутуу күн тартибине курч коюлуп, ага карата окуу китептери чыгарылып, активдүү иш аракеттер жүргүзүлө баштайт.

Кыргыз тилинин фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик материалдарын окутууга карата баштапкы анализ жүргүзүүнү алгачкылардан болуп колго алган окумуштуулардын бири –К.Тыныстанов. Анын 1928-жылы биринчи жолу латын тамгасы менен басмадан чыккан «Эне тилибиз» аттуу китебинде сүйлөм жөнүндө маалымат берилет. Бир катар тексттер, көптөгөн сүйлөмдөр мисал катары алынып, аларга карата суроолор коюлуп, сүйлөмдөрдө канча сөз бар экендиги түшүндүрүлгөн, сөз жана тыныш белгилеринин коюлушу тууралуу маалыматтар камтылган. Кыргыз тили илиминин тарыхында, анын илим катары жаралышында К.Тыныстановдун ролу зор экендиги белгилүү. Ал кыргыз тили илиминин негиздөөчүсү катары кыргыз тили илиминде ээлеген орду, синтаксиске кошкон салымы жөнүндө алдыда өзүнчө сөз болот.

Кыргыз тилинин синтаксиси боюнча алгачкы маалыматтардын берилишин Шабдан уулу Ажыймандын «Биздин тил» (1931) аттуу эмгегинен көрүүгө болот. 1920-30-жылдар ичиндеги сабатсыздыкты жоюуда жана муну

ишке ашыруу үчүн мугалим кадрларды даярдоодо бул эмгектин аткарган кызматы чоң болгон. Араб алфавитине жаңыдан көнө баштаган учурда кайрадан латын алфавитине өтүүнүн өзү сөзсүз түрдө көйгөйлөрдү жаратпай койгон эмес. Мындай учурда окуу китептеринин, окуу куралдарынын жарыкка чыгышы жана алардын практикалык мүнөздө пайдаланылышы актуалдуу маселелерден эле. «Биздин тил» окуу куралы кыргыз тилинин материалдарын өздөштүрүүдө, кыргыз тилинде жаза билүүгө үйрөтүүдө ошол мезгилдин зарылдыгы катары бааланууга тийиш. Автор биринчилерден болуп, синтаксистин обьектиси катары каралган сүйлөм, жай сүйлөм, илептүү сүйлөм, суроолуу сүйлөм, сөз тизмеги, баяндооч, ээ, ээрчишүү, интонация маселелерине токтолот, аларга теориялык негиздеги аныктамалар берилет: «Бир ой айтылган бир сөздү же бир нече сөздүн тизмегин сүйлөм дейт» (3-б.). «Айтайын деген ойду ыңтайына карай, сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн көтөрүңкү же басыңкы үн менен жай же ылдам айтылышын ынтанасыйа дейт» (5-б.). «Сүйлөм ичинде башка бир сөздү жак менен эрчиткен атооч турпатындагы сөз жана ошо атооч турпатындагы сөзгө жак менен эрчиген сөз сүйлөмдүн баш мүчөлөрү болот. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бирин байандагыч, экинчисин ээ дейт» (13-б.). «Ээ менен байандагычтан башка, башка сөздөрдү сүйлөмдүн жандама мүчөсү дейт» (13-б.). «Сүйлөм ичинде атооч сөз менен тике тизмектешкенин атооч жандоочу дейт, этиш менен тике тизмектешкенин этиш жандоочу дейт» (17-б.). «Байандагычы этиш сөздөн болгон сүйлөмдү этиш сүйлөм дейт, байандагычы атооч сөздөн болгон сүйлөмдү атооч сүйлөм дейт» (27-б.). «Бирикме сүйлөмдө бир түркүмдөгү сөздөн болгон турпатташ бир нече сөз же ылгый ээ, же байандагыч, же атооч жандоочу, же этиш жандоочу болот» (34-б.). «Жандама сүйлөмдүн аяккы сөзүнүн баш сүйлөмдөгү атооч же этиш сөз менен тике тизмектешине карай, атооч жандама сүйлөм, же этиш жандама сүйлөм дейт. Атооч жандама этиш жандама сүйлөмгө караганда өтө аз учурайт». (47-б.).

Илимий-теориялык негиздеги мындай аныктамалар кыргыз тилинин

салттуу синтаксис илиминин жарала баштаганынан кабар берип турат. Автордун: «Айтайын деген ойду ыңтайына карай, сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн көтөрүңкү же басыңкы үн менен жай же ылдам айтылышын ынтанасыйа дейт»,- деген аныктамасынан сүйлөмдүн негизги белгилеринин бири болуп саналган интонациянын мүнөздүү өзгөчөлүгүн, аткарган кызматын, маанисин туура баамдаганын көрүүгө болот. Ал эми: «Сүйлөм ичинде башка бир сөздү жак менен эрчиткен атооч турпатындагы сөз жана ошо атооч турпатындагы сөзгө жак менен эрчиген сөз сүйлөмдүн баш мүчөлөрү болот», -деген ээ менен баяндоочтун жак боюнча ээрчишүүсүнө карата айкашкан ошол мезгилдеги пикири азыркы учурда толук далилденип отурат. Шабдан уулу Ажыймандын аталган окуу куралындагы синтаксистик эреже-аныктамалардын бардыгы эле туура деп баа берүүдөн алыспыз. Эмгектин ийгилик-мүчүлүш жактарын профессор С.Ибрагимов “Кыргыз тилинин синтаксиси” [Ибрагимов, 2001:10-22] аттуу эмгегинде адилет белгилейт. Ишибиздин максат-мүдөөсүнө жараша, алардын бардыгына кайрадан токтолууну ылайык көрбөдүк.

1933-жылы кыргыз тилинин грамматикасы жана жазуу эрежелерине карата Идирис уулу Аскардын “Эне тил” китеби жарык көрөт. 1934-жылы айрым кошумчалары менен экинчи жолу кайрадан басылып чыгат. Синтаксис маселелери көбүрөөк камтылган бул окуу китебинде бир катар одоно кемчиликтерге жол берилгендиги өз мезгилинде сынга алынган. Ал кемчиликтер катары, программалык талаптарга дал келбей калгандыгы, грамматикалык маалыматтар системалуу берилбегендиги, башталгыч класстын окуучуларынын билим деңгээли, жаш өзгөчөлүктөрү эске алынбагандыгы, синтаксистик материалдарга көп орун берилгендиги белгиленген. Кыргызстан маданий курулушу боюнча илим изилдөө институтунун 1935-жылы январь айындагы отчетунда А.Идирисов түзгөн эне тили окуу китебинин кемчиликтери көп болгондуктан, басууга сунуш кылынбагандыгы айтылган. Жогоркудай кемчиликтерине карабастан, бул окуу китеби ошол мезгилдеги класс-сабак системасы боюнча оригиналдуу

окуу китептерин түзүүдөгү алгачкы тажрыйба болуп, андан кийинки түзүүчүлөргө кандайдыр бир деңгээлде жол көрсөткөн. [Осмонкулов,1983:40].

А.Идирисовдун “Эне тил” (1933) китебинде сүйлөмгө мындайча аныктама берилген: ***“Айтылып бүткөн бир ойду сүйлөм дейбиз***” (5-б.). Ал эми 1934-жылы чыккан “Эне тилинде” ***“Сөздөр аркылуу айтылып, түшүндүрүлгөн пикирди сүйлөм дейбиз”,-*** (4-б.) деген эрежеси биринчи китептеги эрежеге караганда так жана ишенимдүү берилген. Шабдан уулу Ажыймандын “Биздин тил” китебиндеги сүйлөмгө берген ***“Бир ой айтылган бир сөздү же бир нече сөздүн тизмегин сүйлөм дейт”*** аныктамасы А.Идирисовдун аныктамасына салыштыра караганда ынанымдуу экендигин байкайбыз. Анткени, сүйлөм бир сөздөн да турары эске алынган жана сүйлөм бир, же бир нече сөздүн тизмеги деп так берилген. Бүгүнкү күндөгү сүйлөмгө карата: ***“Айрым бир бүткөн ойду билдирүүчү сөз, же сөз тизмеги сүйлөм деп аталат”, “Сүйлөм-аяктаган ойду билдирүүчү кептин чакан өлчөмдөгү бүтүн бирдиги”, “Маанилик жана интонациялык жактан аяктагандыкты билдирген синтаксистик биримдик сүйлөм деп аталат”, “Пикир алышуу каражатынын эң кичине жана өтө маанилүү бирдиги-сүйлөм”, “Сүйлөм-ойду калыптандыруучу жана аны кабарлоочу, билдирүүчү каражаты болгон кептин грамматикалык жактан уюшулган жыйнактуу бүтүн бирдиги”*** деп берилген көптөгөн аныктама-эрежелердин түпкү башаты 1920-30-жылдардагы К.Тыныстанов баштаган дал ошол А.Идирисов, А.Шабдан уулу өңдүү илимпоздордун эмгектеринде жатат. Дегеле, азыркы кыргыз тилинин материалдарына карата айтылган теориялардын негизи ошол окумуштуулардын эмгектеринен өнүп чыккан.

1930-жылдарда жалпы кыргыз эли үчүн кыргыз тилинде окуп, жаза билүү эң орчундуу маселелерден эле. Жаш совет мамлекетинин келечеги түздөн-түз илим-билимге көз каранды болуп турган. Элдин сабаттуулукка ээ болуусуна, билим алууга болгон муктаждыгын чечүүдө окуу китептеринин жазылышы жана алардын практикалык мүнөздө пайдаланылышы абдан зарыл эле, тилдик

материалдарды теориялык-практикалык негизде иштеп чыгууда А.Идирисов өңдүү ошол мезгилдин окумуштуу адамдарынын эмгектери бул талаптарды аткаруунун бирден-бир жолу болуп саналган. “Калктын сабатын ачууда өз убагында чоң маниге ээ болгон зарыл курал катары бул китеп мектептер тарабынан кеңири пайдаланылган. Башталгыч мектептин окуучуларына арналган бул китепте грамматика боюнча маалыматтар системалуу берилген эмес. Биринчи жылга багышталган бөлүмдө китеп сүйлөм жөнүндөгү маалымат менен ачылып, андан ары тамга, муун, ташымал, тыбыштар жөнүндө айтылып, үндүү тыбыштардын классификациясы менен аяктайт. Экинчи жылга арналган бөлүгү сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү менен башталып, үндөштүк закону, үнсүздөр жана алардын бөлүнүшү, катар келген сөздөрдөгү үндүүлөрдүн түшүп калышы жөнүндө кабар берип, сөз жана сөз мүчөлөрү тууралуу айрым материалдар менен аяктайт. Бүгүнкү күндүн бийиктигинде туруп, ушул окуу китебинин тигил же бул кемчиликтери бар, же материалды тигиндей-мындай жайгаштыруу керек эле деп доомат коюудан алыспыз” [Ибрагимов, 2001:24]. Негизи Э.Арабаев, К.Тыныстанов, А.Шабданов, А.Идирисов, Т.Сопиев, К.Бакеев, Н.Макешев, Т.Актанов өңдүү кыргыз элинин алгачкы тилчи окумуштуулары атайын илимий даярдыктан өтүшпөй туруп, өздөрүнүн тубаса талант-жөндөмдөрүнө жараша окуу китептерин жаратышкандыктарын бүгүнкү күндүн секисинде туруп жогору баалоого тийишпиз.

1933-жылы Т.Сопиевдин “Биздин тил” деген китеби жарыкка чыгат. Мында кыргыз тилинин фонетика, морфология, синтаксис материалдарынын бардыгы эмес, фонетикадан тыбыш, алардын бөлүнүшү, морфологиядан сөз жана сөз мүчөлөрү, сөз түрлөрүнө өткөрө турган мүчөлөр; синтаксистен сүйлөм курулушу, алардын айтылышына карай бөлүнүшү, баш жана айкындооч мүчөлөр, бирикме, жөнөкөй жана кошмо сүйлөм камтылган. Автор бул эмгеги кыргыз тилинин грамматикасы боюнча биринчи жолу жазылып жаткандыктан, андагы кетирилген кемчиликтерге карата сын-пикирлерди

күтөрүн өтүнүч кылган. Андан жыйынтык чыгарып, кийинки басылышында оңдоорун, кемчиликтерден арыларын билдирген. Мындай көз карашынан улам, анын өз эмгегине карата жоопкерчиликтүү мамиле жасагандыгын, обьективдүү көз карашта болгондугун белгилөөгө болот. Т.Сопиев “Биздин тил” китебинде сүйлөмдөрдү айтылышына карай түрлөргө бөлүштүрүп, мындайча мүнөздөйт: “Бир нерсе тууралуу суралып айтылган сүйлөмдү суроолу сүйлөм дейбиз. Суроолу сүйлөмдүн айагына көбүнчө **качан, кайда, ким, нече** суроолордун бири болот, же айаккы сөзүнө –**бы** уландысы жалганып айтылат”, “Бир киши же бир коомдук пикирин тарта айтканда, же болбосо кайгырганда, капаланганда, кекээрденгенде, сүйүнгөндө айтылган сүйлөмдү илептүү сүйлөм дейбиз”, “Суроосуз, илепсиз жайынча бир иш же нерсе тууралуу айтылган сүйлөмдү жай сүйлөм дейбиз” (30-б.). Сүйлөмдү сүйлөм статусуна ээ кылып турган негизги белгилердин бири -интонация. Сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн өз ара биримдикте турушу, синтаксистик байланыштын өзгөчөлүгү интонацияга көз каранды. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн ортосундагы үндүн жогорулашын, же төмөндөшүн, тынымдын түрлөрүн, кайсы сөзгө басым түшүрүлгөндүгүн, сүйлөмдүн жыйынтыкталышын, башка сүйлөмдөрдөн болгон айтымдык бөтөнчөлүгүн ж.б. интонация тейлейт. Т.Сопиев интонацияга тиешелүү мындай өзгөчөлүктөрдүн бардыгын аңдап билбесе дагы, анын сүйлөм түзүүдөгү милдетин туура баамдай алган. Маселен, суроолуу сүйлөмдүн түзүлүшүндөгү-**бы** мүчөсүнүн жана **качан? кайда? ким? нече?** деген суроону жаратуучу сөздөрдүн колдонулушу башкача бир айтымды-***“суралып айтылган сүйлөмдү”*** шарттаарын билдире алган. Кайсы гана синтаксистик түшүнүктөрдү теориялык негизде мүнөздөөгө албасын, аларды көнүгүү-мисалдар менен бышыктап турган. Албетте, Т.Сопиевдин синтаксистик материалдарга карата түшүнүктөрүнүн , ой-жүгүртүүлөрүнүн бардыгы эле туура жана так боло берген эмес. Мисалы, ***“Бир нече сүйлөм биригип, бир сүйлөм жасаса, бирикме сүйлөм дейбиз”*** деген эрежеси эч убакта логикага сыйбайт. Биринчиден, бир нече сүйлөм кантип бир

эле сүйлөм болуп калат? Мында, “бир сүйлөм жасаса эмес, татаал, же кошмо сүйлөм жасаса десе, тагыраак болмок. Экинчиден, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү, же түзүлүшү жагынан окшош сүйлөмдөрдү бириктирүү менен бирикме сүйлөм уюшулат деген түшүнүктө болгон, т.а., бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү бирикме сүйлөм деп түшүнгөн. Ошондой эле автор сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн мындайча сыпаттайт: “Толук маани түшүндүрө турган сүйлөмдү жасоо үчүн керектүү болгон негизги сөздөрдү-баш мүчө дейбиз жана алар эки түрдүү болот: а) сүйлөмдүн ичиндеги сөз маанисин кыйыр же тике толтуруп жана ким, эмне? деген суроолордун бирине жооп болуп түшүп, атоо турпатында турган сөздөрдү ээ дейбиз; б) ээ боло турган сөздүн ишин билгизе турган сөздү баяндагыч дейбиз. Ээ менен баяндагычтын бири жок болсо, сүйлөм мааниси кем болот. Сүйлөмдүн башкы мүчөсүнөн башкасын жандама мүчө дейбиз. Алар башкы мүчөнүн маанисин толтурат. Баш мүчөлөр бири-бирин жак, сан боюнча ээрчишет” (69-б.). Мындагы негизги сөздөр катары алынган баш мүчөлөрдү, алардын ээ жана баяндооч болуп бөлүнүшүн, атооч турпатында турган сөздөрдүн ээ катары саналышын, ээге ким? эмне? деген суроолордун берилишин, ээ боло турган сөздүн ишин билдире турган сөз байандагыч боло тургандыгын, баш мүчөлөрдүн жак жана сан боюнча ээрчишерин толук кубаттоого болот. Ал эми баш мүчөлөр катышкан сүйлөмдөр гана толук маани түшүндүрө турган сүйлөмдөр болот, ээ менен баяндоочтун бири сүйлөм тутумунда катышпаса, ал сүйлөм мааниси жагынан кем болот деген ойлоруна кошулууга болбойт. Эгерде автордун оюна кошула турган болсок, анда сүйлөм деген түшүнүк, толук мааниге ээ сүйлөмдөр жана толук эмес, же мааниси кем сүйлөмдөр деп эки түргө бөлүнүүгө тийиш. Кийинки, 1935-жылы кайрадан басылып чыккан китебинде да: “Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнөн гана түзүлгөн сүйлөмдү жөнөкөй сүйлөм дейбиз”, “Сүйлөмдүн ээ, баяндоочу катышып турган сүйлөмдөрдү толук сүйлөм дейбиз”, “Кошмо сүйлөмдүн тутумуна кирген айрым сүйлөмдөрдү жалаң сүйлөм дейбиз” деген калпыс эрежелер айтылган.

1920-30-жылдар ичинде кыргыз тилинин материалдарын өздөштүрүү үчүн чыгарылган кыргыз тили окуу китептери, окуу куралдары структурасы жана камтыган материалдары боюнча дээрилик окшош болгондугу айтылат. Негизинен алар орус тили боюнча чыккан жана мурдатан тажрыйбадан өтүп калган китептердин үлгүсүнө салынган. Ал гана эмес, орус тилинин материалдарына негизделген айрым маалыматтар, тилдик түшүнүктөр, аныктама-эрежелер, терминдик аталыштар кыргыз тилине которулуп окшоштурулганы ачык көрүнүп турат. Орус тили менен кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүштөрү эки башка системада болгону менен сөз айкашындагы жана сүйлөм түзүлүштөрүндөгү айрым жакындыктардын бар экендигин танууга болбойт. Андыктан, алардагы тилдик мыйзам ченемдүүлүктөрдүн өз ара дал келиши да ажеп эмес. Демек, тажрыйбадан өтпөгөн алгачкы кыргыз тили окуу китептериндеги мындай көрүнүштөрдү осолдук катары баалоо обьективдүүлүккө жатпайт. Окуу китептеринде синтаксистик материалдардын негизинен сөз тизмеги, сүйлөм, жөнөкөй жана кошмо сүйлөм, сүйлөмдүн айтылыш маанисине карай жай, суроолуу, илептүү болуп бөлүнүшү, сүйлөмдүн баш мүчөлөрү жана жандама мүчөлөр түшүнүктөрү камтылган. Ар бир синтаксистик материалдар бир катар көнүгүүлөр менен бышыкталып берилген. Окуу китептеринин түзүлүштөрү окшош жана жөнөкөй болгон. Бул тууралуу академик Б.Орузбаева: “Биринчи ирет түзүлгөн окуу китептери (1927-1931-жылдар) негизинен башталгыч класстар үчүн арналып, өтө эле жөнөкөй болгон. Биринчи окуу китептерин түзүүчүлөр коңшу элдердин бир катар тажрыйбаларын пайдаланышса да, грамматика боюнча нормативдүү окуу китептерин түзүү жагынан тажрыйбалары болбогондуктан, кыргыз тилинин бардык грамматикалык бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүп бере алышкан эмес” [“Мугалимдерге жардам”, №7.41],- деп белгилеген. Окуу китептеринин басылышындагы жана мектеп грамматикасындагы мындай кемчиликтер 1931-жылга чейинки окуу китептеринде гана эмес, кийинки жарык көргөн эмгектерде да орун алган.

З.Бектенов менен Т.Байжиев тарабынан иштелип чыккан “Кыргыз тилинин окуу китебинде” да (1934) сүйлөм жана сөз тизмеги жөнүндө сөз болот, бирок аларга атайын эрежелерди чыгарышпайт. III жылдыктар үчүн бөлүмүндө сүйлөмдүн ээси менен баяндоочуна жана жандама мүчөсүнө карата маалыматтар чектелген мүнөздө берилген. IV жылдыктар үчүн бөлүмүндө синтаксистин материалдары буга чейинки китептерге караганда, салыштырмалуу так берилгендигин «Суроо иретинде айтылган сүйлөмдү суроолуу сүйлөм дейбиз”, “Ишти түшүндүрүү үчүн жайынча айтылган сүйлөмдү жай сүйлөм дейт” (43-б.). “Бир нече жеке сүйлөмдөн кошулуп, бирин-бири байланыштуу маани түшүндүргөн сүйлөмдү кошмо сүйлөм дейбиз” (55-б.), “Ээси жок айтылган сүйлөмдү өксүк сүйлөм дейт” (57-б.), Сүйлөмдөн баш мүчөдөн (ээ, байандагыч) башка сөздөрдүн баарын жандама мүчө дейбиз. Демек, баш мүчөдөн куралган сүйлөмдү жалаң сүйлөм дейт . Жандама мүчөлөрү бар болсо- жайылма сүйлөм делет” (58-б.),- деген аныктамалар тастыктап турат.

1939-жылы Т.Актанов менен К.Бакеевдин авторлугу алдында орто мектептер үчүн “Кыргыз тилинин синтаксиси” аттуу китеби жарык көрөт. Тажрыйба топтолуп, окуу-методикалык, илимий-теориялык жактан деңгээлдери өскөн сайын, окуу китептеринин сапаты жакшыра баштагандыгын аталган окуу китебинен көрүүгө болот. Китеп “Морфология менен синтаксистин айырмасы” деген тема менен башталат да, сүйлөм, сүйлөмдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү, сүйлөмдүн айтылыш маанисине карай бөлүнүшү, бирикме сүйлөм, оошмо сүйлөм, атама сүйлөм, кыскартылган сүйлөм, толук жана кемтик сүйлөм, ээ жана баяндооч, ээнин милдетин аткаруучу сөздөр, аныктооч, толуктооч, синтаксистик байланыштын түрлөрү сыяктуу синтаксистик материалдар киргизилген. Мындагы “Грамматика негизинен экиге бөлүнөт: а) морфология, б) синтаксис.

Морфология- сөздүн түзүлүшүнүн жана өзгөрүшүнүн жолдору жөнүндөгү, башкача айтканда, формасы жөнүндөгү илим.

Синтаксис- сүйлөм жана анын мүчөлөрүнүн түзүлүшү жөнүндөгү илим. Сөз менен сүйлөмдүн айырмасы болсо, сөз бир тыбыш же бир нече тыбыштан куралып, нерсенин атын, өңүн, түсүн же кыймылын, ал-абалын билгизет, булар сөз делип аталат. Маселен: ал, киши, жаз, мылтык, отун ж.б. Булар айрым бүткөн ойду көрсөтө алды.

Сүйлөм болсо, бир сөздүн же бир нече сөздүн жардамы менен да айтылууга мүмкүн. Сүйлөм бир сөздөн турса да, бир нече сөздөн турса да айрым бүткөн бир гана ойду түшүндүрөт. Маселен: Түн. Биз жолдо. Асман абдан ачык. Мында биринчиси бир сөздөн, экинчиси эки сөздөн, үчүнчүсү үч сөздөн түзүлдү. Бул сүйлөмдөрдө бир сөздөн турган сүйлөм да, эки, үч сөздөн турган сүйлөм бүткөн айрым бир ойду түшүндүрүп турат. Демек- мында сөз болсо эле сүйлөм боло бербестен, ал реч (сөз) тизмегинде ойдун айтылышына карай бир сөздөн турса да, же бир нече сөздөн тизмектешип турса да, айрым бир бүткөн ойду көрсөтүп турган учурларда гана сүйлөм боло алат. Сөз бүткөн айрым ойду көрсөтпөйт, жеке гана нерсенин атын же өңүн, санын же кыймылын түшүндүрөт” (3-б.),- деген маалыматтын максаты морфология менен синтаксистин чегин ажыратууга багытталган. Азыркы көз караштан алганда, морфология менен синтаксистин чеги, бири-биринен болгон айырмачылыктары, изилдей турган обьектилери ж.б. маселелери так көрсөтүлгөн деп айтууга мүмкүн эмес. Арийне, ошол мезгилдин шартынан алып караганда, тилдик тармактардын чегин бөлүп көрсөтүүгө жетишип калгандыгын ийгилик башаты катары баалоого болот. Окуу китебиндеги дагы бир жетишкендиктердин бири- айрым синтаксистик түшүнүктөр белгилүү өлчөмдө болсо дагы теориялык жактан анча-мынча кеңитилип берилгендиги жана синтаксистик байланыштын түрлөрүнүн киргизилгендиги. Айрым синтаксистик түшүнүктөр морфологиянын материалдары аркылуу туюндурулгандыгын ачык байкайбыз: “Мен китеп окудум (ее-мен, жандама мүчө- китеп, баяндооч- окудум). Кагазды алдың (жандама мүчө- кагазды, баяндооч- алдың; -ың еени көрсөтүп турат” (....).,”**Кагазды алдың”**

сүйлөмүндөгү –**ың** мүчөсү сүйлөм ээсин билдирип турары анык. Азыркы учурда да морфологиянын материалдарын терең жана сапаттуу өздөштүрүү үчүн, алардын грамматикалык маанилерин синтаксистик негизде сыпаттап териштирүү зарылдыгы бар.

1940-жылы Т.Актановдун педагогикалык окуу жайлары үчүн “Грамматика” аттуу эмгеги жарыкка чыгат. Кыргыз тили боюнча жазылган мурунку окуу китептер башталгыч жана орто мектептин окуучуларына арналса, эми Т.Актановдун китеби педагогикалык окуу жайлары үчүн жазылып жатпайбы. Ушунун өзү эле элдин билим деңгээлинин көрсөткүчү катары кабыл алынса да болот [Ибрагимов, 2001: 52]. Экинчи жагынан, китеп педагогикалык адистиктегилер үчүн жазылып жаткан соң, андагы тилдик материалдардын теориялык негиздери кеңитилери жана алар сөзсүз түрдө тереңдетилип өтүлөрү шарт. Натыйжада бул окуу китебиндеги синтаксистик материалдар бир топ эле кеңитилип берилгендиги жана айрым синтаксистик түшүнүктөр такташтырылгандыгы байкалат. Алсак, сүйлөм обьектисиндеги жөнөкөй сүйлөм, жалаң сүйлөм, жайылма сүйлөм сыяктуу ж.б. терминдик аталыштарга карата чыгарылган теориялык аныктамалар конкреттештириле баштагандыгы жана сүйлөмдүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө карата негиздүү түшүндүрмөлөрү көңүлгө урунат. Сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн багыныңкы мүнөздөгү байланыштары да такташтырыла баштагандыгын көрүүгө болот. Мурунку окуу китептеринде орун алган сүйлөм ичиндеги сөздөрдү **баш мүчө** жана **жандама мүчө** деген терминдик аталыштар менен беришсе, бул окуу китебинде аларды жалпысынан **сүйлөм мүчөлөрү** деп атаган:”Сүйлөм тутумуна кирип жана кандайдыр бир суроого жооп берген сөздөр сүйлөм мүчөлөрү деп аталат”. Азыркы кыргыз тилинин синтаксистик окуусунун бийиктиги дал ошол 1920-30-жылдардагы синтаксистик түшүнүктөрдүн үрөнүнөн өнүп чыккан.

1940-жылдар ичинде кыргыз тилинин синтаксиси боюнча И.А.Батмановдун “Способы выражения синтаксических отношений в

киргизком языке” (1940), 1941-жылы Т.Актанов, Н.Макешов, К.Бакеевдердин “Кыргыз тилинин синтаксиси”, ушул эле авторлордун ушул эле эмгеги 1942-жылы, 1947-жылы, 1948-жылы анча-мынча өзгөртүүлөрү менен кайрадан басылып чыгып турган. Бул окуу китебинин мазмуну олуттуу өзгөрүүлөргө учурабагандыгына байланыштуу, аларга токтолууну эп көрбөдүк.

1.4. К.Тыныстанов жана кыргыз синтаксис илими.

К.Тыныстановдун ысмы ар дайым ***агартуучу, илимпоз, жазуучу, ишмер*** деген ардактуу аталыштар менен коштолуп, алар менен ажырагыс байланышта айтылат. Сыймыктуу бул аталыштар анын адамдык аброюн жогору көтөрүп, коомдогу ээлеген ордун аныктап көрсөтүп турат. Ал совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги акыбалды сезе билип, туура кабылдап, оор түйшүктөрдү мойнуна алып, кыргыз мамлекетинин түптөлүшүндө, агартуу системасында, кыргыз тили илиминде, маданиятында, жалпы эле социалисттик турмушту ишке ашырууда баш-оту менен аралашып кызмат кылды.Чынында, аз жашаган өмүрүндө кыргыз элине опол тоодой эмгек сиңирип кетти. Мындай иштер бардык эле адамдардын колунан келе бербейт. Тагдыр жазмышында ийнине жеткириле иштелген иштердин натыйжа-көрсөткүчтөрү өзгөчө шык-жөндөмгө, табиятынан талантка ээ адамдардын шыбагасына буйургандай.

Кыргыз тили илиминин жаралышында К.Тыныстановдун эмгеги зор. Анын “Окуу китеби” (1924), “Чоңдор үчүн алиппе” (1927), “Биздин тил” (1927), “Окуу-жазуу бил” (1927), “Эне тилибиз” (I китеп, 1928), “Эне тилибиз” (II китеп, 1931), “Кыргыз тилинин морфологиясы” (1934), “Кыргыз тилинин синтаксиси” (1936) аттуу окуу китептери практикалык мүнөздөгү окууну, жазууну жана сабатсыздыкты жоюу милдеттерин гана аткарбастан, кыргыз тили илиминин жаралышына чыйыр салган эмгектерден болуп саналат. Бул эмгектеринен жана көркөм адабий чыгармаларынан улуттук маданияттын

үлгүлөрүн, 20-30-жылдардагы кыргыз жазуусунун тарыхын, алфавит, графика маселелеринин калыпка салынышын көрүүгө болот. Албетте, бул багыттагы түйшүктүү иштердин жөнгө салынышында К.Тыныстанов менен бирдикте ийиндеше иштешкен Э.Арабаев, С.Карачев, К.Карасаев, К.Бакеев, Т.Актанов, К.Жантөшев, К.Юдахин, У.Бактыбаев ж.б. өңдүү алгачкы агартуучулардын эмгектерин да эске албай коюуга болбойт.

Кыргыз тилинин материалдарына карата илимий-теориялык негиздеги ойлорду жаратуу, аларды практикалык багытта далилдөө, түшүндүрүү, чечмелөө, термин иштеп чыгуу, аталыштарды киргизүү жагынан К.Тыныстановдун илимий жөндөмдүүлүгү өтө жогору турган. Кыргыздын көрүнүктүү окумуштууларынын бири С.Жигитов: “Жашырын сыр эмес, тил илиминин кыргызча түшүнүктөрүн, терминдерин, эрежелерин К.Тыныстан уулу акылынан сыгып чыгарган, ошондой эле дурус өнүккөн түрк жазма түрүндөгү туюндуруунун принциптерин, тактап айтканда, улуттук жазуунун, орфографиянын, пунктуациянын эрежелерин адеп иштеп чыккан да ошо киши. Эне тилибиз боюнча алгачкы окууларды жараткан да ошол эсил кайраныбыз” [Жигитов, “Ала- Тоо” журн. 1988],- деп бекеринен айтпаган чыгар. Азыркы учурда тилдин фонетика, лексикология, морфология, синтаксис тармактарында колдонулуп жүргөн: ***тыбыш, тамга, үндүү, үнсүз, баш тамга, созулма үндүү, жоон үндүү, ичке үндүү, каткалаң үнсүз, жумшак үнсүз, эринчилдер, уччулдар, орточулдар, түпчүлдөр, үндөштүк, уңгу, мүчө, куранды мүчө, уланды мүчө, атоочтор, этиштер, негизги этиш, кош сөз, кошмок сөз, зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, жөндөмө атооч, табыш, илик, барыш, жатыш, чак, чакчыл этиш, буйрук этиш, жардамчы сөздөр, жандоочтор, байламта, сырдык сөз, сүйлөм, жалаң сүйлөм, ээ, баяндооч, айкындооч, жөнөкөй ээ, татаал ээ, татаал баяндооч, баш мүчө, кошмо сүйлөм, чекит, үтүр, кош чекит, үтүрдүү чекит, көп чекит, сызыкча*** ж.б. көптөгөн лингвистикалык терминдерди кыргыз тили илимине К.Тыныстанов киргизген. Анын окуу китептериндеги

тилдик материалдарга карата теориялык ойлорунан, талдоолорунан, койгон терминдик аталыштарынан улам, аны фонетист, морфолог, лексиколог, синтаксист катары таанууга болот. Кыргыз тили илиминин жаралышында, улуттук грамматиканын калыптанышында азыркы кыргыз тили илиминин өнүгүшүндө Касым Тыныстановдун эмгегинин зор экендигин, анын илимий мурастарын изилдөөгө алган окумуштуу А.Абдыкалыкова: “Тил илиминин тарыхында конкреттүү тилдик материалдарды илимий-теориялык жактан жалпылаштыруу аркылуу лингвистикалык изилдеп-иликтөөнүн метод-ыкмаларын өркүндөтүүгө, илимий гипотеза, концепцияларды жаратууга жана илимий теорияны өнүктүрүүгө зор салым кошкон жана азыркы тил илиминин постулаттарын, принциптерин, жоболорун негиздеген окумуштуулар Фердинанд де Соссюр, Бодуэн де Куртенэ, Ф.Ф.Фортунантов Г.Шукарддын илимий мурастары дүйнөлүк лингвистиканын андан ары өнүгүшү үчүн кандай мааниге ээ болсо, кыргыз тили илиминин жаралышы, улуттук илимий традициянын, улуттук грамматикалык көз караш, концепциянын өнүгүшү үчүн Касым Тыныстан уулунун илимий мурастары да ошондой эле мааниге ээ” [Абдыкалыкова , 2003:7.],-деп баалайт.

К.Тыныстановдун жалпы ишмердүүлүгүндөгү эки нерсени баса белгилеп коюшубуз керек:

1. Кандай гана мамлекетти албайлы, анын жаңыдан түптөлө баштаган учурундагы эң орчундуу маселелердин бири анын улуттук адабий тилинин, жазуу иштеринин жолго коюлушу болуп саналат. Мамлекеттин маңызын түзүп турган экономика, маданият, илим-билим, саясат ж.б. көрүнүштөрү тил аркылуу чагылдырылат. Ушул негизден алып караганда, кыргыз эли алгач аймактык- саясий администрациялык өз алдынчалыкка ээ болуп, кийин союздук республикалык статуска ээ болуу мезгил аралыгында эне тилдин жазма формасы түзүлүп, анын негизинде окутуп- билим берүү, басма сөз тармактарынын жаралышы, ар кыл кызмат органдарынын кулач жайышы, административдик- башкаруу иштеринин жүрүшү ж.б. өз алдынчалуу

мамлекеттик түзүлүш деген түшүнүктү жаратып турат. Мындай иштерди жолго салууда К.Тыныстанов жан үрөп кызмат кылды.

2. Алгачкы кыргыз агартуу системасында нормативдик грамматикалардын иштелип чыгышы, араб, латын графикасынын негизиндеги кыргыз алфавитинин түзүлүшү, терминология маселелери, жазуу эрежелери К.Тыныстановдун ысмы менен ажырагыс байланышта. Ал кыргыз тилине карата окуу китептерин жаратуу менен, ошол мезгилдин мүнөздүү көрүнүшү катары эсептелген сабатсыздыкты жоюуга карата активдүү иштерди жүргүздү. 1920-30-жылдардагы сабаттуулардын санынын кескин өсүшүндө К.Тыныстановдун эмгеги өзгөчө белгиленүүгө тийиш.

2001-жылы чыккан К.Тыныстанов “Алгачкы эмгектер” аттуу жыйнакта К.Тыныстановдун “Окуу-жазуу бил” (1927), “Биздин тил” (1927), “Жаңы айыл” (1929), “Тил сабагы” (1932) окуу китептери киргизилген. “Биздин тил” китебинде кыргыз тилинин синтаксисинен алгачкы маалымат берилет. Бул окуу китеби ***Сөз. Сүйлөм. Тыныш.*** бөлүмү менен ачылып, адегенде “Козубайдын каты” аттуу текст берилип, ага карата: 1) Мектепке кирдим дегендеече сөз бар? 2) Мектепке кирдим деген сөздөн кийин Козубай емне үчүн тыныш койду? 3) “Кирдим” деген сөзгө жетпей тыныгууга болобу? 4) “Мектепке кирдим” деген сөздөн кийин тынбастан “мектепке кирдим окуубуз жакшы” деп баарын аралаштырып чогуу сүйлөшкө болобу? 5) “Ток” деген сөздү айтпастан, “карыным” деп еле тынсак, “карыным ток” дегендей түшүнүктүү болобу? Емине үчүн?- суроолору коюлат. Коюлган суроолордон улам, алардан сүйлөм деген түшүнүктү, сүйлөм сөздөрдөн турарын, сүйлөм аягында тыныгуу болорун, бир сүйлөмдөн экинчи сүйлөмгө тыныкпай өтүүгө болбостугун, сүйлөмдүн белгиси болуп саналган интонация тууралуу минималдуу маалыматты туюнууга болот. Сүйлөмдүн корутундусунда мындай деп жыйынтык чыгарылат:

1) Ойлогон бир ойубузду айтып токтосок, аны “сүйлөм” деп айтабыз. Маселен: “Окуубуз жакшы.” бир сүйлөм. “Окуубуз жакшы. Мектептин ичи

таза.” мында еки сүйлөм.

1) Бир сүйлөмдү айтып тынгандан кийин аны билгизүү үчүн ең кийинки сөздүн айагына тыныш белгисин (.) койобуз. Тыныш белгисин кыскартып “тыныш” деп атайбыз?

2) Ар бир сүйлөмдүн ичинде бир топ сөз болот. Маселен: “Мектепке кирдим” деген сүйлөмдө еки сөз бар. Биринчи сөз “мектепке”, екинчи сөз “кирдим”. “Мектептин ичи таза” деген сүйлөмдө үч сөз бар (58-б.).

Мындагы сүйлөм ойду билдирүү кызматын аткарары, ал бир нече сөздөн турары, сүйлөмдүн акырында тыныгуу болору, тыныгууну билдирүү үчүн чекит (.) коюлары жөнүндөгү үстүрт түшүнүктөр кыргыз тилинин синтаксисиндеги алгачкы маалыматтар болуп саналат. Байкалып тургандай, синтаксис түшүнүгү сүйлөм менен гана чектелген, т.а., сүйлөмгө кыскача жалпы мүнөздө гана токтолуп, сүйлөмдүн мүнөздүү белгилери жеткиликтүү деңгээлде ачылган эмес. Албетте, мындан сырткары, сөз айкашы, анын түрлөрү, сөздөрдүн байланышы, сүйлөм типтери, түрлөрү сыяктуу синтаксистик тиешелүү маселелерди талап кылуу ошол мезгилдин шартына дал келбейт эле, зарылдыкты да жаратпайт эле.

К.Тыныстановдун “Кыргыз тилинин морфологиясы” аттуу эмгеги 1934-жылы жарык көргөн. (Биз 2006-жылы чыккан 3- басылышына шилтеме беребиз). Бул окуу китебинде төмөндөгүдөй синтаксистик материалдар камтылган: Сүйлөм жөнүндө жалпы түшүнүк, Айтылыш жагынан ***сүйлөмдөрдүн бөлүнүштөрү, Ее менен байандооч, Ее менен байандоочтун жазуу эрежелери, Айкындооч сөздөр, Еенин айкындоочтору, Байандоочтун айкындоочтору, Айкындоолуу ее, Сыңар байандооч, Айкындоочтордун сүйлөмдөгү орундары, Жөнөкөй сүйлөм менен жайылма сүйлөм, Толук сүйлөм менен кемтик сүйлөм, Сыңар сүйлөмдөр, Жалаң сүйлөм менен кошмо сүйлөм, Баш сүйлөм менен жандама сүйлөм, Кыстырынды сүйлөмдөр, Шарттуу сүйлөм, Бирикме сүйлөмдөр, Өксүк сүйлөм, Көздөмө сөз, Каратма сөз.*** Келтирилген темалардан улам, синтаксис

боюнча материалдар анын мурдагы эмгегине салыштырганда алда- канча кеңири берилген.

К.Тыныстанов ***сүйлөм*** деген түшүнүктү, ага карата аныктаманы, анын мүнөздүү айрым белгилерин так көрсөтүүгө аракет жасаган. Атап айтканда,

а) “Бүткөн айрым бир ойду билдирген сөз, же сөздөрдүн тизмеги ***сүйлөм*** деп аталат”,- деген эрежени киргизүү менен, терминдик аталыштын негизинде аны синтаксистик категория катары карайт. Бул эреже мурдагы “Биздин тил” (1927) окуу китебиндеги: “Ойлогон ойубузду айтып токтосок, аны “сүйлөм” деп атайбыз”,- деген аныктамага караганда, алда канча так жана анализдүү берилген;

б) Сүйлөмдүн түзүлүшүн белгилейт: “Сүйлөм жалпы сөздөн, же бир нече сөздөн курулат. Маселен: ***Түн. Биз жолдо. Бороон согуп турат. Айдар чыйрыгып арең келет.*** Биринчи сүйлөм бир сөздөн, екинчи сүйлөм еки сөздөн, үчүнчү сүйлөм үч сөздөн, төртүнчү сүйлөм төрт сөздөн курулган.

Сүйлөм турганда, сүйлөмдүн бүткөндүгү айкын билинип турат. Сүйлөм айтылып бүткөндө, сүйлөөчү бир аз айаңдай калат, муну тыныш дейбиз. Тынышты жазууда ***чекиттер*** менен белгилейбиз” (10-б.). Мында сүйлөм түзүлүшү бир сөздөн да, бир нече сөздөн да уюшулары мисалдар менен көрсөтүлөт да, кандай түзүлүштө уюшулбасын, алардын аякталышы интонацияга байланыштуу болору белгиленет. Автор сүйлөм ***жалпы сөздөн*** да курулат деп абдан туура баамдаган. Анткени, бардык эле сөздөр сүйлөм түзө албай калышы ыктымал. Жалпылоочу мүнөзгө ээ болгон сөздөр гана сүйлөм милдетин аткара алышат, мындай шартта, сөздүн жалпылоочулук касиетин интонация аныктайт.

в) Сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн грамматикалык байланышы тууралуу кеп кылат. Сөздөр өз ара ырааттуулукта байланышса, сүйлөм уюшулгандыгын көрсөтөт жана сүйлөм ичиндеги сөз мүчөлөрүнүн кызматын белгилейт: “Сөздөр сүйлөм ичинде бирине бири, айтылуучу ойдун мазмунуна карай тизмектешет. Сөздөр тизмектешкенде, ойдун мазмунуна жараша, айактарын

уландылар менен өзгөртүү жана сүйлөм ичинде белгилүү орунду еелөө жолу менен бирине бири байланышат. Маселен, ***Арабаны ат жакшы тартат*** деген сүйлөмдөгү катышкан уландыларды алып таштасак, калган сөздөр биздин айталы деген оюбузду түшүндүрбөйт. (***Араба ат жакшы тарт***-деп айтпайбыз).

Сүйлөм ичиндеги кай бир сөздү өз ордунан которуп жиберсек да, мурунку самаган ойубуз бузулат (***Арабаны жакшы ат тартат*** десек да, ***Жакшы арабаны ат тартат*** десек да, мурунку самаган ойубузду бербейт). (10-б.). К.Тыныстановдун сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн байланышы тууралуу бул айткан ою азыркы кыргыз тилинин синтаксисиндеги сөздөрдүн байланышы, сөздөрдүн орун тартиби, сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн синтаксистик байланыштыруучу кызматы боюнча илимий- теориялык изилдөөлөрдүн негизин түздү. Аталган эмгекте бул гана эмес, синтаксис боюнча коюлган атоолор: сүйлөм, жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, илептүү сүйлөм, жөнөкөй, кошмо, жайылма, жалаң, толук, кемтик, сыңар, кыстырынды, бирикме, шарттуу, өксүк, сүйлөмдөр, көздөмө сөз, каратма сөз, ее, баяндооч, айкындооч жана аларга карата берилген аныктамалардын чыгарылышы, жазуу эрежелеринин киргизилиши К.Тыныстановдун кыргыз синтаксис илиминин баштоочусу, негиздөөчүсү экендигин далилдеп турат. Кыргыз тилинин синтаксисинин материалдарына карата К.Тыныстановдун илимий- теориялык жоболорунун, концепцияларынын, аныктамаларынын дээрилик 90% азыркы кыргыз синтаксистик окуусунун негизин түзүп тургандыгы анык.

Албетте, К.Тыныстановдун “Кыргыз тилинин морфологиясында” айрым калпыс аныктамаларга, ойлорго жол берилген. Мындай мүчүлүштүктөрдүн катарына ***жөнөкөй сүйлөмгө*** карата айтылган аныктаманы кошсок болот: “Кай бир сүйлөм ылгый гана баш мүчөлөрдөн (ее менен гана байандоочтон) курулат. Маселен: ***Мен окудум. Сен жаздың. Сыдык ырдады.*** Ылгый гана баш мүчөлөрдөн курулган сүйлөмдү ***жөнөкөй сүйлөм*** дейбиз. Кай бир сүйлөмдө баш мүчөлөрдөн башка айкындооч мүчөлөр да болот. Мындай

сүйлөмдү- ***жайылма сүйлөм*** дейбиз. Маселен***: Мен китеп окудум. Сен кат жаздың. Сыдык интернатсаналды ырдады*** [Тыныстанов, 1938:15].

Азыркы учурда баш мүчөлөрдөн гана уюшулган сүйлөмдөр ***жалаң сүйлөм*** деген аталышка ээ болуп, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн катарына кирет. Жайылма сүйлөмдөр да жөнөкөй сүйлөм катары белгилүү. Демек, баш мүчөлөрдөн турган сүйлөмдөр жөнөкөй сүйлөмдөр болот, ал эми алардын катарында айкындооч мүчөлөр кошулуп түзүлсө, алар жайылма сүйлөмдөр деп аталат деген эреже туура эмес болуп калган. Мындан сырткары, китептин 17-бетинде ***баш сүйлөм*** менен ***жандама сүйлөм*** деген терминдик аталыштарга карата мындайча илимий- теориялык ой айтылат: “Еки жалаң сүйлөм баш кошуп, бир ееге багынат да, сүйлөмдүн дагы бир түрүн уюштурат. Мындай сүйлөмдө еки байандооч болот да бир гана ее болот. Маселен: ***Ооругандыгынан Асан мектепке келбеди***. Мындагы ***ооругандыгынан*** жана ***келбеди*** деген еки байандооч Асан деген жалгыз ееге багынып турат.

Мындай сүйлөмдөр чынында кошмо сүйлөмдүн гана бир түрү. Айырма гана мында: кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жалаң сүйлөмдүн ар бирине таандык ее жана байандооч бар. Мында айрым байандоочтор болгону менен, айрым еелер жок, бир жалаң сүйлөмдүн байандоочу барып, екинчи сүйлөмгө таандык ееге багынат. Маселен: ***Асан*** деген ее ***келбеди*** деген байандоочко таандык***. Ооругандыгынан*** деген байандооч екинчи сүйлөмдүн ееси ***Асан*** дегенге барып багынган. Мындай кошмо сүйлөмдөгү өзүнө таандык ееси жок жалаң сүйлөмдү ***жандама сүйлөм*** деп, өзүнө таандык ееси бар жана жандама сүйлөмдү өзүнө багындырып алган жалаң сүйлөмдү ***баш сүйлөм*** дейт. Баш сүйлөм менен жандама сүйлөмдүн ортосу ***үтүр*** менен бөлүнөт.

Кошмо сүйлөмдөгү жалаң сүйлөмдөрдү ажыраткандай жандама сүйлөмдү баш сүйлөмдөн ажыратып жазууга болбойт. Егер ажыратып жазмакчы болсок, баш сүйлөмдөгү еени жандама сүйлөмгө да, алып келүү керек. Анда сүйлөгөн сөзүбүз сулуу болуп чыкпайт. Маселен: ***Асан ооруду. Асан мектепке келбеди.***” [Тыныстанов, 2006:17]. Мындагы ***жандама сүйлөм***

деген синтаксистик аталыш азыркы учурда багыныңкы сүйлөм деген аталыш менен алмаштырылган. К.Тыныстанов ***Ооругандыгынан Асан мектепке келбеди*** деген жөнөкөй сүйлөмдү кошмо сүйлөм катары анализдеп койгон, мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдү кошмо сүйлөмдөр деп туура эмес түшүнгөн. Бул жөнөкөй сүйлөмдө ***ооругандыгынан*** жана ***келбеди*** сөздөрү кыймыл- аракеттик маанини туюндуруп тургандыктан, аларды баяндооч болот деп эсептеген. Чынында, ***ооругандыгынан*** кыймыл- аракеттик маанидеги сөзү ***эмне үчүн келбеди***? деген суроого жооп болуп түшүп, бышыктоочтук милдетти аткарды да грамматикалык жактан ***Асан*** сөзүнө эмес, түздөн-түз ***келбеди*** баяндоочуна багынып турат. “Еки жалаң сүйлөм баш кошуп, бир ееге багынат да, сүйлөмдүн дагы бир түрүн уюштурат дейт да, буга карата аталган сүйлөмдү мисалга тартат. Аны шарттуу түрдө эки сүйлөмгө ажыратат: ***Асан ооруду. Асан мектепке келбеди***. Мында эки жалаң сүйлөм баш кошпой эле, экинчиси жайылма сүйлөм болуп калбадыбы. Баш сүйлөм менен жандама сүйлөмдүн ортосу үтүр менен бөлүнөт”,-деп автордун белгилегени туура. Алардын ортосуна үтүр белгинин коюлушу кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда белгилүү тынымдын бар экендигинин билдирилиши, өз-өзүнчө жөнөкөй сүйлөмдөр катары каралышы болуп саналат. Андай болгон соң, К.Тыныстанов кошмо сүйлөм деп белгилеген ***Ооругандыгынан Асан мектепке келбеди*** сүйлөмүндөгү ***ооругандыгынан*** сөзүнөн кийин үтүр коюлууга тийиш эле. Бирок үтүр белгисин коюуга эч себеп жок. Ушул өңдүү айрым бир мүчүлүштүктөргө жол берилсе да, бул окуу китеби синтаксистик материлдардын кеңиши менен жана ал материалдарга карата айтылган теориялык ойлор, бүтүм-жыйынтыктар, аныктамалар негизинен туура берилиши менен өзгөчөлөнүп турат.

К.Тыныстановдун 1936-жылы “Кыргыз тилинин синтаксиси” (6-7-8-жылдар үчүн) окуу китеби жарык көрөт. Окуу китептин негизин 1934-жылы чыккан “Кыргыз тилинин морфологиясындагы” синтаксистик материалдар

түзүп турат. Андагы синтаксистик материалдар кеңитилип өркүндөтүлгөн формада берилген. “Кыргыз тилинин синтаксисинде” сүйлөм жөнүндө жалпы түшүнүк, Ее, байандооч, Айкындооч, Еенин түрлөрү, Байандоочтун түрлөрү, Айкындоочтун түрлөрү, Жөнөкөй сүйлөм, Жайылма сүйлөм, Логика басымы, Жактар, Көп айкындоочтуу мүчө, Терме айкындоочтордогу байламталар, Сүйлөм мүчөлөрүнүн жазылыштары, Кемтик сүйлөм, Өксүк сүйлөм, Өксүк сүйлөмдөгү жазуу ережелери, Сыңар сүйлөмдөр, Кыскарган баяндоочтуу сүйлөмдү жазуу ережеси, Бирикме сүйлөмдөр, Бирикме сүйлөмдөгү жалпылагыч ээ, Бирикме сүйлөмдөрдөгү айкындагыч ее, Бирикме сүйлөмдөгү байламталар, Бирикме сүйлөмдөрдөгү мүчөлөрдүн жазылыштары, Сүйлөмдөрдөгү каратма сөз, Каратма сөздүн жазылышы, Логика басымдуу чакырык байандооч, Чакырыктуу сүйлөмдүн жазылышы, Сүйлөмдөгү сырдык сөздөр, Сүйлөмдөгү киринди сөздөр, Кириндүү сөздүү сүйлөмдүн жазылышы, Кошмо сүйлөм, Баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөм, Кыстырынды сүйлөм, Танапташ сүйлөм, Кызматташ сүйлөм, Натыйжалама сүйлөм, Шарттуу сүйлөм, Кайчылаш сүйлөм, Учурдаш сүйлөм, Салыштырма сүйлөм, Жандамалуу сүйлөм, Божомол сүйлөм, Кириндилүү сүйлөм, Чечме сүйлөм, Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы сүйлөмдөр, Төл сөз менен чет сөз деген темалар киргизилген. Ар бир темадагы коюлган маселе көнүгүүлөр, тексттер бышыкталган.

Окумуштуунун “Кыргыз тилинин морфолгоиясынын” 2006-жылы 3-басылышында синтаксистик материалдар 10-беттен 20-бетке чейин орун алса, 1998-жылы жарык көргөн “Кыргыз тили” жыйнагында “Кыргыз тилинин синтаксиси” окуу китеби 173 бетти камтып турат. Бул окуу китебинин “Кыргыз тилинин синтаксиси” биринчи жолу 1936-жылы басылып чыккан. Мындагы Еенин түрлөрү, Байандоочтун түрлөрү, Логика басымы, Жактар, Көп айкындоочтуу мүчө, Кошмо сүйлөмдүн багыныңкы түрлөрү, ж.б. сыяктуу көптөгөн темалар окуу китебине жаңыдан киргизилгендигин синтаксистик илимдин жандана баштагандыгы катары баалоого болот. Синтаксистик

материалдар камтылган мурдагы окуу китептерине караганда, мында сүйлөм жөнүндөгү түшүнүк окулуп, анын материалдарына кеңири орун берилген. Сүйлөм деген эмне? Анын мүнөздүү белгилерине, айтылыш мааниси жагынан бөлүнүшүнө, түзүлүшү боюнча түрлөрүнө, сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн колдонулушуна, жазылыш эрежелерине карата илимий мүнөздөмөлөр кеңитиле баштагандыгын байкоого болот. “Кыргыз тилинин синтаксисинде “ (1936) сүйлөм жөнүндө жалпы түшүнүк мындайча берилет:

“Сүйлөнгөн сөздөр (речь) ойду, сезимди билдирүү үчүн жана аларды бирөөгө түшүндүрүү үчүн жумшалат. Айрым ойду түшүндүрүү үчүн, кээде аз сөз, кээде көп сөз колдонулат. Жай бир айрым ойду айтуу үчүн, кээде бир гана сөз жетишет.

Маселен: ***Түн. Ел уктаган. Мен жалгыз отурам. Еркиндүү түрдө иштеп жатасың. Самаган максатым- сынакта биринчиликти алган.*** (Мында, сөздөрдү туш келди колдонгондуктан, самаган ойубузду түшүндүрө албадык).

Бүткөн айрым ойду билдирүүчү сөздү, же сөздөрдүн тизмегин сүйлөм дейбиз.

Речь тизмегине катышкан айрым сүйлөмдөрдүн чектери болот. Сүйлөп турганыбызда, айрым сүйлөмдөрдүн чектери билинип турат: Сүйлөм чегинде бир аз айаңдай калабыз, же токтой калабыз. Сүйлөмдөрдүн чектери жазууда тыныштар (, . ? ! ...) менен белгиленет. Жазуудагы тыныштар, биринчиден, ойду туура түшүндүрүүдө, екинчиден, жеңил жана так окууга жардам кылышат. Мисал үчүн бир аңгемени еки түркүн жазалы: биринчи жазууда сүйлөмдүн чектери белгиленбеген, экинчи жазууда белгиленген.” [Тыныстанов, 1998:2.]

К.Тыныстановдон башка авторлордун ошол мезгилдеги окуу китептеринде сүйлөм жөнүндө маалыматтар берилгендиги анык. Арийне, ал маалыматтар эреже түрүндө гана берилип, мисалдар менен бышыкталган. Ал эми К.Тыныстановдун 1934-жылы жана 1936-жылы чыккан окуу

китептеринде сүйлөм гана эмес, алардагы камтылган синтаксистик материалдардын бардыгы тең кеңитилип берилгендиги көрүнүп турат. Дагы бир белгилей кетчү нерсе, К.Тыныстанов “Кыргыз тилинин морфологиясы” аттуу эмгегине “Көздөмө сөз” деген термин киргизип, ага мындайча аныктама берет: “Сүйлөгөнүбүздө, сүйлөмдүн еесине, же байандоочтун айкындоочуна көңүлдү өтө койуп сүйлөйбүз. Сүйлөмдүн көңүлдү атайы койуп айта турган мүчөсүн көздөп сүйлөйбүз. Сүйлөмдөгү мындай мүчөнү ***Көздөмө сөз*** дейбиз” (2006.13), Кийинки 70-жылдар ичинде синтаксис илиминде коммуникативдүүлүк, предикативдүүлүк, логикалык принциптерди камтыган сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүү багыты пайда болгондугу белгилүү. Лингвистикалык бул жаңы багытта сүйлөмдү эки бөлүккө бөлүп карайт: ***белгилүүлүк*** жана ***жаңылык.*** Муну ***тема*** жана ***рема*** деп да аташат. Анын маңызы мында. Сүйлөмдөгү айтыла турган нерсе эмне? Анын жаңылыгы кайсы? Оболу сүйлөмдө ким, эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын, т.а., сүйлөм тутумундагы кайсы бир сөзгө логикалык басым түшүрүлүп айтыларын жана анын натыйжасын аныктоо, тактоо болуп саналат. К.Тыныстанов сүйлөмдө дал ушундай өзгөчөлүктүн бар экендигин, сүйлөмдүн кайсы бир мүчөсүнө логикалык басым түшүрүлүп колдонуларын илимий негизде байкап, аны ***көздөмө сөз*** деп атаган. Демек, кийинки 70-жылдар ичинде лингвистикадагы ***сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүү жаңы багытынын башаты*** 30-жылдар ичинде К.Тыныстанов тарабынан кыргыз синтаксис илиминде биринчилерден болуп козголгондугун сыймык менен баса белгилеп коюшубуз керек.

К.Тыныстанов таланттуу окумуштуу катары, кыргыз синтаксис илимине гана эмес, кыргыз тилинин тыбыштык системасын изилдөөдө, жалпы түркологияда биринчилерден болуп сингармонизм законун, сөздөгү жалпы эле тыбыштык үндөшүүлөрдү аныктоодо, морфология маселесин көтөрүүдө опол тоодой эмгек сиңирди.

I бөлүм боюнча жыйынтык

Изилдөөбүздүн максат- талабына ылайык, бул бөлүмдө жалпы эле синтаксис илиминин жаралышына, кыргыз тилинин материалдарынын XX кылымга чейинки изилденишине жана совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги, б.а., 1920-30-жылдардагы кыргыз синтаксисинин изилдениш абалына токтолдук.

Обьективдүү чындыктагы байланыш- катыш процесси синтаксиске негизделген. Коомдук байланыш- катыш процессинин жаралышына, түшүнүүчүлүктүн пайда болушуна карата кызыгуулар, сүйлөм жөнүндөгү түшүнүктөр синтаксис илимин жаратты. Ал зарылчылыктан улам жаралды. Синтаксистик маселелер биздин заманга чейинки замандан ушул мезгилге чейин илимий негизде териштирилип келүүдө. Синтаксистик изилдөөлөрдүн тарыхы жөнүндөгү маалыматтар 1.1 параграфында берилди.

Кыргыз тилинин материалдарынын алгачкы жолу изилдене баштаган учурун М.Кашгаринин сөздүгүнө байланыштырабыз. Анын “Түркий тилдер синтаксисинин көөхарлары” аттуу бизге жетпей калган эмгегинен улам, түрк тилдеринин изилдениши эртеги мезгилдерден эле башталгандыгынан кабар берет. В.К.Шотт, В.В.Радлов өңдүү чет элдик окумуштуулар да түздөн- түз кыргыз тилинин материалдарын изилдөөгө алышкан.

Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде кыргыз тилинин материалдары, анын ичинде синтаксис маселелери атайын окутула жана изилдене баштаган. Бул багытта Э.Арабаев, К.Тыныстанов, К.Карасаев, С.Нааматов, Т.Актанов, Т.Сопиев, К.Бакеев, А.Шабданов өңдүү аалымдар алгачкы окуу китептерин жазышып, илимий-теориялык негиздеги баштапкы ойлорун жаратышкан. Алардын синтаксистик багыттагы эмгектерине карата жекече көз караштар 1.3., 1.4. параграфтарында берилди.

II БАП Кыргыз тилинин синтаксисин анализдөөнүн материалдары, илимий-методологиялык базасы.

2.1. Кыргыз тилинин синтаксисин анализге алуунун илимий-методологиялык негизи.

Кыргыз синтаксис илиминин жаралып-калыптанышынан бүгүнкү күнгө чейинки өнүгүү процесси дээрилик бир кылымдык мезгилди өз кучагына камтып турат. Анын изилдениш принциптерине, ык-амалдарына, предметине токтолуунун өзүнчө бир зарылчылыгы бар. Анткени, бул мезгил аралыгында кыргыз тилинин синтаксис маселелерине арналган көптөгөн окуу китептеринин, теориялык эмгектердин жаралышы аларды илимий мүнөздө жалпылап, териштирип сыпаттоого зор негиздеги методологиялык база катары калыптандырып отурат. Атап айтканда, 1920-30-жылдар ичиндеги синтаксистик материалдар камтылган окуулуктардан тартып, 1950-жылдардан ушул күнгө чейинки илимий-теориялык багыттагы эмгектердин саны жетишерлик. Бул эмгектерде синтаксистин объектисине кирген материалдар ар түрдүү деңгээлде, ар кыл ык-амалдарда сыпатталып териштирүүгө алынгандыгы белгилүү. Арийне, даяр факты-материалдар катары эсептелген мындай синтаксистик изилдөөлөргө илимий негизде баа берүү, талдоого алуу (С.Ибрагимовдун “Кыргыз тилинин синтаксиси. Изилдениш тарыхынан” (2001), А.Абдыкалыкованын “К.Тыныстанов жана кыргыз тил илиминин айрым маселелери” (2003) эмгектерин эске албаганда) кыргыз тили илиминде колго алына элек. Дегеним, бир кылым аралыгындагы синтаксис маселелерине арналган илимий эмгектерди жалпылаштыруу, оош-кыйыштарын белгилөө, баа берүү, же болбосо, көрүнүктүү окумуштуулардын эмгектерин илимий-теориялык негизде сыпаттап териштирүү жумуштары бирин-экин эмгектер менен эле аныкталып калбайт. К.Тыныстановдун эмгектеринен баштап бүгүнкү күнгө чейинки синтаксис маселелерине арналган илимий изилдөөлөр, окуу китептери баалуу булактар болуп саналат.

Аларды ар тараптуу териштирүүгө алуу -учурдагы зарылдык.

Совет бийлиги жаңыдан орногон учурда эң көйгөйлүү маселелердин бири сабатсыздыкты жоюу, илим-билимге ээ болуу эсептелинген. Муну иш жүзүнө ашырууда өкмөт тарабынан атайын токтомдор кабыл алынып, конкреттүү иш чаралар уюштурулуп турган. 1923-жылы Түркстан Борбордук Агартуу комитетинин алдында кыргыз илимий комиссиясы уюштурулуп, анын төрагасы болуп Э. Арабаевдин дайындалгандыгы мунун бир күбөсү. Улуттук комиссиянын милдети жаңы алфавитти түзүү, окуу программаларын, окуу куралдарын, методикалык колдонмолорду, кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин, терминдерди иштеп чыгуу, илимге көңүл буруу болгон. Ар бир улуттун өз эне тилинде билим алуулары В.И.Ленин тарабынан өзгөчө баса белгиленген. Натыйжада, эне тил табиятын оңдоп-билүү, тилдик материалдарды кеңири өздөштүрүү, илимий-теориялык иликтөөлөрдү жүргүзүү муктаждыктары келип чыгат. Бул багытта К.Тыныстанов опол тоодой эмгек сиңирди. Кыргыз тилинин синтаксисине гана эмес, кыргыз тилинин башка тармактарына да, так айтканда, кыргыз тили илиминин жаралышына да үрөн сепкен К.Тыныстанов болду. Анын “Окуу китеби” (1924), “Чоңдор үчүн алиппе” (1927), “Биздин тил” (1927), “Окуу-жазуу бил” (1927), “Эне тилибиз” (I китеп, 1928)? “Эне тилибиз” (II китеп, 1931), “Кыргыз тилинин морфологиясы” (1934), “Кыргыз тилинин синтаксиси” (1936) аттуу окуу китептери мунун бирден-бир далили болуп саналат. К.Тыныстановдон сырткары, 1930-жылдарда синтаксис боюнча жазган Т.Сопиев, Т.Актанов, К.Бакеевдердин эмгектери да кыргыз тилинин синтаксис маселелеринин аныкталышында чоң кызмат өтөөрүндө шек жок.

Кыргыз тилинин синтаксисинин материалдары накта илимий-теориялык негизде териштирүүгө алына башташы 1950-жылдарга туура келет. 1953-жылы К.К.Сартбаевдин “Азыркы кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксисинин негизги маселелери” (докт.дисс.), 1957-жылы “Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси”, 1955-жылы А.Жапаровдун

“Азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын грамматикалык структурасы” (канд.дисс.), 1956-жылы М.Мураталиевдин “Кыргыз тилиндеги жандама сүйлөмдөр”, 1956-жылы Д.Майрыковдун “Однородные предложения в кыргызском языке” (канд.дисс.), 1958-жылы Ы.Жакыповдун “Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси” аттуу илимий изилдөөлөрү кыргыз синтаксис илиминин калыптана баштагандыгын ырастап турат.

Кийинки 1960-70-жылдарда көп улуттуу совет мамлекети илимге олуттуу көңүл бургандыктан, кубаттуу державалардын бирине айланып калган эле. Мындай прогрессивдүү өнүгүштөн тил илими тармагы да четте калган жок. Билим берүү жана илим системасындагы изилдөөлөрдүн диапазону кеңий баштайт.

Мындай шартта, кыргыз синтаксис илиминде М.Мураталиев менен А.Турсуновдун “Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү” (1961), М.Мураталиевдин “Придаточные предложения времени в киргизском языке” (канд.дисс. 1962), “Кыргыз тилиндеги тике жана кыйыр сөздөр” (1964), А.Жапаровдун “Азыркы кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн баш мүчөлөрү” (1964), “Азыркы кыргыз тили” (1966), “Кыргыз тилинин синтаксиси” (1979), Д.Майрыков, Ы.Жакыпов, М.Мураталиевдердин “Кыргыз тилинин грамматикасы” II бөлүк, Синтаксис (1971), Ы.Жакыпов, Д.Майрыков, Б.Өмүралиев, С.Үсөналиевдердин “Кыргыз тили” Синтаксис (1973), Ы.Жакыповдун “Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси” (1975), А.Имановдун “Эки составдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартиби” (1976), А.Турсуновдун “Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары” (1976), “Кыргыз тилиндеги этиштик сөз айкаштары” (1978), С.Гапаровдун “Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү” (1979) өңдүү атайын илимий изилдөөлөрү жана окуу китептери жарык көрөт. Аталган эмгектерден улам, синтаксистин объектисиндеги дээрилик бардык маселелер кеңири изилдөөгө алынгандыгын байкоого болот. Бул эмгектер аркылуу ошол мезгилде кыргыз тилинин синтаксисине тиешелүү кандай маселелер козголуп, алар канчалык

даражада ишке ашырылгандыгын, синтаксистин дагы кандай маселелери изилдөөгө алыныш керектигин аныктап-тактоого болот.

1980-жылдардан баштап салттуу синтаксистик изилдөөлөр улануу менен катар эле, сөз айкашы жана сүйлөм проблемалары жаңыча көз карашта иликтене баштайт. Анткени, салттуу синтаксистик көз караштан туруп, сөз айкашынын, сүйлөмдүн структурасын, аларды уюштуруучу каражаттардын семантикалык семантикалык функцияларын, синтаксистик катыштарды, коммуникативдик-функционалдык аспектисин, айтымдык, эмоционалдык-экспрессивдик мүнөзүн ж.б. тереңден чечүү мүмкүн эместигин көрсөттү. Албетте, коомдук өнүгүүлөргө байланыштуу синтаксис маселелеринин башкача багыттан каралышы, өзгөчө өңүттөн изилдениши мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат.

Кыргыз тилинин синтаксис илиминде бул багыттагы илимий изилдөөлөргө Б.Тойчубекованын “Азыркы кыргыз тилиндеги бир составдуу жана кемтик сүйлөмдөр” (1983), С.Мусаевдин “Кыргыз тилиндеги атоочтук конструкциялардын семантикасы жана структуралык-функционалдык типтери” (канд.дисс. 1983), “Кыргыз тилиндеги атоочтук конструкциялардын парадигматикалык типтери” (1987), Б.Тойчубекова жана М.Мураталиевдин “Кыргыз адабий тилинин синтаксистик структурасынын совет доорунда өзгөрүшү” (1987), А.Жапаровдун “Синтаксический строй кыргызского языка” (1992), С.Ибрагимовдун “Кыргыз тилиндеги синтаксистик байланыш-катыштарга структуралык-ыктымалдык анализ жана алардын кептеги аракет-милдеттери” (1994) Т.Токоевдин “Кыргыз тилиндеги парцеляция” 91995), “Кыргыз тилиндеги экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар” (2006), Ж.Элчиевдин “Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөр” (1996), “Сүйлөмдүн келки маанилеринин типтери жана түрлөрү” (2015), А.Сапарбаевдин “Синтаксистик окуунун негиздери” (1997), К.Токтоналиевдин “Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык жана интонациялык структурасы” (2004), А.Дунканаевдин “Кыргыз эл табышмактарынын

синтаксистик-семантикалык түзүлүшү” (2004), “Кыргыз макалдарынын текстик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү” (2010), Ч.Хидированын “Кыргыз тилиндеги атоочтуктардын семантика-грамматикалык кызматы жана деривациялык типтери” (2006), А.Чолпонбаевдин “Кыргыз тилиндеги объектилик катыштардын семантикалык-структуралык өзгөчөлүктөрү” (2007), С.Рысбаеванын “Кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн айтылыш максатынын коммуникативдик -функционалдык түрлөрү” (2008), Б.Түмөнбаеванын “Кыргыз тилиндеги айтымдын эмоционалдык-экспрессивдик каражаттары” (2010), З.Долуеванын “Чакчыл конструкциялардын кеңейиши жана структуралык көлөмү” (2015), Д.Ибраеванын “Кыргыз тилиндеги эллипсис кубулушу” (2016), Т.Ибраимованын “Кыргыз тилиндеги эки тутумдуу жалаң сүйлөмдөрдүн семантикалык структурасы” (2017) ж.б. көптөгөн эмгектерди атоого болот.

Кыргыз тилинин синтаксистик материалдарын изилдөөнүн алгачкы этабынан тартып бүгүнкү күнгө чейинки илимий-теориялык эмгектер биздин диссертациялык ишибиздин максат-милдеттеринин аныкталышында, коюлган маселенин аткарылышында, дегеле, изилдөөбүздүн ишке ашырылышында илимий-методологиялык база катары өтө чоң милдет аткарат.

III БАП

1950-70-ЖЫЛДАР КЫРГЫЗ СИНТАКСИС ИЛИМИНИН КАЛЫПТАНУУ МЕЗГИЛИ

3.1. 1950-жылдардагы кыргыз тилинин синтаксис маселелери

Улуу Ата Мекендик согуш ырааттуу өнүгүүгө бет алып калган жаш совет өлкөсүнүн коомдук турмушунун бардык тармактарына олуттуу соккусун урду. Билим берүү системасы, илим тармагы да мындан сыртта калган жок. Согуш аяктап, эл чарбасын кайрадан калыбына келтирүү иштери акырындык менен колго алына баштайт. Кандай болгон шартта да, кандай гана өлкөнү албайлы, анын өнүгүү абалы илим-билимге көз каранды болот. Өнүккөн өлкөлөрдө биринчи кезекте илимге маани беришип, ага олуттуу көңүл бурулуп келет. Ар дайым турмуштук зарылчылык илим- билимди талап кылып келгендиги белгилүү. Ушуга байланыштуу өлкөнүн өнүгүшү үчүн, совет өкмөтү согуштан кийинки мезгилдерде илим тармактарына айрыкча көңүл бөлөт. Мурда, б.а., 1920-30-жылдар аралыгындагы агартуу системасында мектептерди ачуу, сабатсыздыкты жоюу, эне тилинде билим берүү кыргыз тилинин материалдарын өздөштүрүү башкы максат болсо, 50-жылдарда, бул этапты артка калтырып, билим берүүнүн өркүндөтүлгөн формаларына өтүп, мектеп базасынан сырткары, жогорку билим берүү, кыргыз тилинин материалдарын илимий-теориялык негизде териштирүү иштери жүргүзүлө баштайт.

1950-жылдардан тартып эне тили сабагына өзгөчө көңүл бөлүнө баштагандыгы байкалат. Анткени, коомдогу өнүгүп-өзгөрүүлөр, көрүнүштөр, маалыматтар тил аркылуу жеткирилет. Жаштарга билим берүүдө, туура тарбиялоодо, аң-сезимин өстүрүүдө эне тилинин ролу зор. Ушундан улам, улуттук мектептерде эне тилин окутууга бөлүнгөн сааттардын саны көбөйүп, окуу планында негизги орунду ээлейт. Эне тилинин дагы бир өзгөчөлүгү дейт - Л.П.Федоренко, ал бардык сабактарды өздөштүрүүнүн негизи болуп саналат,

анткени ар бир адам өз эне тилинен сабаттуу боло албаса (туура жазып, туура сүйлөй билбесе), ал башка сабактарды жакшы өздөштүрүүдө, окуучулардын ойлоо жана сүйлөө адат-шыктарын жакшыртуу ишинде эне тилинин мааниси өтө чоң. [Федоренко, 1964:23]. Бул багытта профессор К.К.Сартбаев да өз оюн мындайча билдирет: «Тил сабагынын илимий тарбиялык ролу чоң, анткени, ал сабак окуучулардын логикалык ой-пикирлерин өстүрөт, кругозорун кеңитет. Окуучулардын жалпы сабаттуу болуп чыгышы тил сабагына байланыштуу, тактап айтканда, бардык жагынан билимдүү болгон кадрды тил сабагынын жардамысыз даярдоого мүмкүн эмес. Ошондуктан, мектептердин негизги милдеттеринин бири кыргыз тили боюнча окуучуларга терең билим берип, андан практикалык түрдө пайдалана ала турган адат-шыктарын өстүрүү болуп саналат» [Сартбаев,1978:33]. Эне тилин окутууну жакшыртуу боюнча агартуу министрлигинин жүргүзгөн иштери, эне тили боюнча программалардын жаңыртылышы, жаңы окуу китептеринин түзүлүшүнө карата коюлган суроо-талаптар- мунун бардыгы эне тилдин маани-маңызын, коомдогу ролун туура аңдай билүүдөн улам келип чыккан.

1950-жылы 25-сентябрда Кыргыз Республикасынын агартуу министри Б.М.Юнусалиев республикалык масштабда кеңешме өткөрүп, доклад жасайт. Анда кыргыз тилин изилдөө дээрилик колго алына электигин, айрым изилдөөлөрдү эсепке албаганда, анын чети да оюла электигин, б.а., кыргыз тилинин фонетикасы анча-мынча иштелип чыкканы менен, грамматикалык эң маанилүү бөлүктөрүнөн болуп саналган морфология менен синтаксис боюнча изилденген бир да эмгек жок экендигин баса белгилеген. Кечиктирилгис милдет катары, эне тилин окутууну жакшыртуу үчүн, биринчи кезекте, тилчи окумуштуулар жакын аранын ичинде окуучулар менен студенттердин тил илиминен билимдерин тереңдетүү максатында морфология жана синтаксисти ыкчамдык менен изилдөө зарылдыгын белгилеген. Ошондой эле, докладда мектептерде пайдаланылып жүргөн кыргыз тилинин нормативдик грамматикасы тектеш тилдерден алынган котормо болгондуктан, кыргыз

тилинин бөтөнчөлүктөрүн толук көрсөтө албастыгын туура эскерткен. Жакын аранын ичинде окуучуларга сапаттуу окуу китептерин түзүп берүүгө кеңири токтолгон [«Мугалимдерге жардам» журн. 1950. №9.118]. Министрликтин мындай талабы, биринчиден, кыргыз тилинин маани-маңызын, барк-баасын туура түшүнүп, аны көтөрүү болуп саналса, экинчиден, кыргыз тили илиминин ошол мезгилдеги абалына баа берүү деп түшүнүү зарыл.

Мурдагы 1920-30-жылдардагыдай элдин аң-сезимине байланыштуу балдарды мектепке тартуу көйгөй-түйшүктөрдү жаратып келсе, 1950-жылдарда сабаттуулукка ээ болууга кызыкчылыктар жаралып, билим алууга жапырт киришип калган учур эле. Мындай шартта, коомдук өнүгүүнүн орчундуу зарылчылыгы катары окуу китептерине болгон суроо-талаптар күчөп турган. Айрыкча, агартуу системасынын бардык тармактарында билим алуунун ачкычы тил болуп саналгандыктан, кыргыз тилинин материалдарын тереңдеп өздөштүрүү күн тартибиндеги актуалдуу маселелерден болуп калган. Өкмөттүн саясатына ылайык, жана билим берүү системасынын талап-мүдөөсүнө жооп болуп эң биринчи А.Жапаровдун «Кыргыз тилинин грамматикасы» окуу китеби 1950-жылы жарык көрөт. 6-7-класстар үчүн синтаксис боюнча жазылган бул окуу китеби ошол мезгил үчүн аба менен суудай зарыл эле. Баса белгилей кетчү нерсе, аталган окуу китеби муктаждыкты чечүү, өкмөттүн талабын аткаруу үчүн гана жазылган эмгек катары бааланбастан, коомчулукта дароо эле, терең билимдүү адистин колунан жаралган жогорку деңгээлдеги окуу китеби катары кабыл алынган. Проф. С.Ибрагимов проф. А.Жапаровдун илимий эмгектерин кылдат териштирүүгө алып, анын кыргыз тилинин синтаксисине сиңирген эмгегин адилеттүү түрдө эң жогорку деңгээлде баалайт. Ал А.Жапаровдун аталган алгачкы окуу китеби тууралуу мындай дейт: «А.Жапаровдун Грамматикасы» 1950-жылы 20030 экземпляр менен басылып чыккан. Ушул цифранын өзү эле ал мезгилдеги китепке болгон муктаждыктын айкын көрсөткүчү болуп турат. Мектептер үчүн окуу китеби өтө керек эле. Анын үстүнө жыл сайын окуган

балдардын саны тынымсыз өсүп турган. А.Жапаров VI, VII класстар үчүн атайын жазылган синтаксис боюнча окуу китебинин автору катары ушул китеби аркылуу өз замандаштарынын ичинен тил боюнча өтө терең билимдүү адис экендигин көрсөтө алган» (2001., 61.)., А.Жапаров синтаксис боюнча алп адис, анын кийинки эмгектерин айтпаганда да ушул биринчи окуу китеби аркылуу өзүнүн оригиналдуу окумуштуу экендигин, синтаксис боюнча билиминин өтө терең мазмунун белгилей кетсе да болот. Сөз болуп жаткан грамматика мурунку авторлордун китептеринен көп айырмалуу, синтаксистик көп категорияларга берген аныктамалар жана көз карашы жаңыча же өзүнчө түшүндүрүлгөн. Кандайдыр кыргыз тилинин синтаксиси жаңы жазылгандай» (2011., 62.). Мындагы ***«кыргыз тилинин синтаксиси жаңы жазылгандай»*** деген баага толук кошулууга болбойт. Анткени, биринчиден, синтаксис түшүнүгү сүйлөм окуусу менен эле чектелбейт, анда сөз айкашы деген өзүнчө бир чоң обьект бар. А.Жапаровдун «Кыргыз тилинин грамматикасында» (1950) сөз айкашы жөнүндөгү окуу камтылган эмес, экинчиден, XX кылымдын 50-жылдарында кыргыз тили илиминин жалпы түркология жана мурдатан илим катары өнүгүүгө бет алып калган орус тили илими менен да кеңири байланыш түзүп келген мезгили эле. Башка-башка системадагы ар түрдүү тилдер үчүн деле жалпы теориялык маселелер бирдей негизде чечилиши мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ушундай шартта, илимий таасирлер болбой коймок эмес. Албетте, ар бир тилдин өзүнө мүнөздүү структуралык өзгөчөлүктөрү, бир тилде учураган грамматикалык категориялар экинчи бир тилде болбой калышы, же сөз түзүлүшүндөгү айырмачылыктардын болушу анык. Алар тилдик өзгөчөлүктөргө байланыштуу аныкталат.

Чын-чынында, сүйлөм жөнүндөгү синтаксистик теория батышта XVIII кылымда эле иштелип чыга баштагандыгы белгилүү. Татаал сүйлөм, алардын баш жана багыныңкы болуп бөлүнүшү, тең жана багыныңкы татаал сүйлөмдөр болуп жиктелиши XVIII кылымдын аягына туура келет. Бир жөнөкөй сүйлөмдөн кийин экинчи бир жөнөкөй сүйлөмдүн катар келиши- **паратаксис**,

бир жөнөкөй сүйлөмдүн экинчи бир жөнөкөй сүйлөмгө көз каранды абалда келиши- **гипотаксис** деген аталыштарга ээ болгон [Богородицкий, 1935:135]. Синтаксис илиминдеги бул сыяктуу сүйлөмдүн баш мүчөлөрү: ээ жана баяндооч, сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү: аныктооч, толуктооч жана бышыктооч, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр, жалаң жана жайылма сүйлөмдөр, бир составдуу жана эки составдуу жөнөкөй сүйлөмдөр, баш жана багыныңкы сүйлөмдөр ж.б. терминдик атоолордон улам, кыргыз тили илими жалпы түркология, орус тили илиминдеги жетишкендиктер менен тыгыз байланышта калыптангандыгын жана өнүккөндүгүн көрсөтүп турат.

1950-жылга чейин мектептерде кыргыз тилинин синтаксиси боюнча материалдар Т.Актанов, К.Макешев, К.Бакеевдердин авторлугу алдында, **«Кыргыз тилинин синтаксиси»** жана ушул эле окуу китебинин негизинде 1948-жылы кайрадан 7-жолу басылып чыккан **«Кыргыз тилинин грамматикасы», Экинчи бөлүк. Синтаксис** окуу китеби менен окутулуп келген. Мезгил нугуна жараша бул окуу китеби өз вазийпасын толук аткара алды. Мындан соң, коомдук өнүгүүлөргө, агартуу системасындагы талаптарга байланыштуу жаңыча көз караштагы окумуштуу А.Жапаровдун «Кыргыз тилинин грамматикасы» жарыкка чыгат. Китептин мазмуну, андагы синтаксистик материалдар мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылып системалуу берилген. Структурасы төмөндөгүдөй негизги үч бөлүмдү камтып турат: ***1. Сүйлөм жана сүйлөм мүчөлөрү, 2. Жөнөкөй сүйлөм, 3. Кошмо сүйлөм,*** Ар бир бөлүм көнүгүүлөр менен бышыкталат.

Биринчи бөлүмдө сүйлөм жана сүйлөм мүчөлөрү тууралуу конкреттүү маалыматтар берилет. Буга чейинки мектеп грамматикаларында орун алып келген **жандама мүчө** түшүнүгү **айкындооч мүчө** термини менен алмаштырылган да, анын аныктооч, бышыктооч, толуктооч түрлөрү киргизилген. Сүйлөм түзүлүштөрү бир кылка болбойт. Кырдаалга, шартка жараша кепте ар түрдүү конструкциядагы сүйлөмдөр колдонулат. Терең

мазмундуу сүйлөмдөрдүн уюшулушунда, же сүйлөмдөрдүн таасирдүү, уккулуктуу берилишинде, же сүйлөмдөрдөгү тактыктын, ачык-айкындуулуктун болушунда айкындооч мүчөлөрдүн аткарган кызматы зор. Муну кылдат баамдаган окумуштуу кыргыз тили илиминин синтаксисинде биринчилерден болуп айкындоочтун түрлөрүн: аныктооч, бышыктооч, толуктооч түшүнүктөрүн аныктаган. Айкындооч мүчөлөрдүн синтаксистик табияты алардын лексико-грамматикалык мүнөзүнө да жараша болору, ал гана эмес, сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн грамматикалык байланышына карата маанилик өзгөчөлүктөрү да белгиленип, өз кезегинде, аларды да түрлөргө бөлүштүргөн. Маселен, бышыктоочтун сын-сыпат, орун, мезгил, себеп, максат түрлөрү көрсөтүлөт. Сүйлөм тутумундагы айрым сөздөр кыймыл-аракеттик маанидеги сөздөр менен грамматикалык түз байланышта болуп, ага көз каранды абалды билдирүү менен, ошол этиш сөздөрдүн орундук, же сапаттык, же мезгилдик, кай бир учурларда себептик, же максаттык маани-белгилерин туюндуруп турарын факт-мисалдар менен далилдөө автордун илимий жаңылыгы болгон.

Мурдагы окуу китептеринде орун алып келген **бирикме сүйлөм** деген терминдик аталыштагы синтаксистик түшүнүк бар эле. Аны шарттап туруучу, жаратуучу грамматикалык каражаттар бирдей формада уюшулган сүйлөм мүчөлөрү болуп саналган. Бирикме сүйлөм түшүнүгүн жаратып турган грамматикалык бирдей формадагы сөздөр А.Жапаровдун грамматикасында бир өңчөй мүчөлөр деп такташтырылат. Бир өңчөй ээлүү, бир өңчөй баяндоочтуу, бир өңчөй аныктоочтуу, бир өңчөй бышыктоочтуу, бир өңчөй толуктоочтуу сүйлөмдөр болот, алар жөнөкөй сүйлөм (бирикме сүйлөмдө эмес) түзүлүшүндө учурайт, айрым шарттарда бир өңчөй мүчөлөрдү бириктирип турган сүйлөм мүчөсү жалпылагыч сөз катары колдонуларынан кабар берет.

Ал эми сүйлөм мүчөсү боло албаган, бирок сүйлөм тутумунда колдонулган сөздөр катары киринди, каратма, сырдык сөздөрдү көрсөтөт. Буга

чейинки окуу китептеринде каратма сөз тууралуу айрым маалыматтардын берилип келгендиги ырас. Арийне, ал маалыматтар сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн табиятын аныктап бере алган эмес. А.Жапаров сүйлөм мүчөсү боло албаган сырдык, каратма, киринди сөздөрдү өзүнчө бириктирип караган. Алардын ортосундагы айырмачылыктарды көрсөтүү менен, аларга мүнөздүү ар түрдүү кырдаалдарды конкреттүү бөлүп көрсөтүүгө аракет жасаган.

Проф. С.Ибрагимов «Кыргыз тилинин грамматикасын» (1950) талдоого алып жатып, А.Жапаровдун кошмо сүйлөмгө берген аныктамасына, анын түзүлүшүнө токтолуу менен, өз оюн мындайча билдирет: «Айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан өз ара тутумдашып, татаал ойду түшүндүрүп турса, кошмо сүйлөм деп аталат» [Ибраимов С, 1950:134]. Кошмо сүйлөм интонация, байламта мүчөлөр (-ып, -са, -бай, -майынча, -ганча) жана жөндөмөдөгү атоочтуктар, байламта сөздөр аркылуу (да, эле ж.б.) байламталык милдет аткаруучу сөздөр аркылуу (демек, себеби, анткени, натыйжада, бирок ж.б.) түзүлүшү мүмкүн. «Тутумунан ажыратып жиберүүгө мүмкүн болгон жана баяндоочтору ойду так бүтүргөн жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлгөн кошмо сүйлөмдөр жөнөкөй кошмо сүйлөм деп аталат. Тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрүнүн биринин баяндоочу ойду так бүтүрө айтпаган жана жөнөкөй сүйлөмдөргө бөлүп жиберүүгө мүмкүн болбогон кошмо сүйлөмдөр татаал кошмо сүйлөм деп аталат» [Ибраимов С, 1950:142]. Ал эми экөө аралашып кетсе, аралаш кошмо сүйлөм келип чыгат. Өз доору үчүн бул аныктамалар жеткиликтүү даражада так жана даана экендиги байкалат. Кошмо сүйлөм жөнүндөгү окууга жаңыдан чыйыр салынып жатпайбы (ошондуктан жогорку эки аныктамадагы «жөнөкөй» деген сөздүн колдонулуш мааниси аныктаманын натыйжалуулугуна шек келтирип жаткандай)». [Ибрагимов, 2001:64-65]. Биздин жеке пикирибизде А.Жапаровдун «Айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан тутумдашып, татаал ойду түшүндүрүп турса, кошмо сүйлөм деп аталат» деген аныктамасы логикага

сыйбай турат. ***Биринчиден, кошмо сүйлөмдөр татаал ойду түшүндүрсө, жөнөкөй сүйлөмдөр жөнөкөй ойду билдиреби?*** деген суроо туулат. Мындай болгон соң, жөнөкөй сүйлөм- жөнөкөй ой, кошмо сүйлөм- татаал ой болууга тийиш. Салыштырып көрөлү: 1**. Жаз келип, күн жылыды**. 2. **Жазында күн жылый баштайт**. 1-сүйлөм- кошмо сүйлөм, 2-сүйлөм жөнөкөй сүйлөм. Экөөндө тең бир эле ой айтылып жатат, биринчисинде татаал ой бар, экинчисинде жөнөкөй ой бар деп эч убакта далилдей албайбыз. Экинчиден, аныктаманы «***айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан өз ара тутумдашып»*** деп баштайт, демек, ***айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөр*** деген түшүнүк өзүнчө турган, өзүнчө уюшулган жөнөкөй сүйлөмдөрдү билдирет. Өз алдынча уюшулган жөнөкөй сүйлөм ошол калыбында калууга тийиш. С.Ибрагимов белгилегендей, аныктама «**жеткиликтүү даражада так жана даана**» болбой калган. Илим тактыкты талап кылат. Ошондуктан, айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөр дебей, маани жагынан өз ара тутумдашып турган жөнөкөй сүйлөмдөр деп койсо, алда канча так жана ынанымдуу болмок. ***Үчүнчүдөн, жөнөкөй кошмо сүйлөм*** жана ***татаал кошмо сүйлөм*** деген терминдик аталыштын берилиши да күмөн туудурат**. *Төртүнчүдөн***, проф. С.Ибрагимовдун «Кошмо сүйлөм жөнүндөгү окууга жаңыдан чыйыр салынып жатпайбы», - деп өтө жумшактап айтканы чындыктан четтеп кеткени болуп саналат. Анткени**, кошмо сүйлөм** деген синтаксистик түшүнүккө ээ К.Тыныстановдун мезгилинде эле чыйыр салынган. Кошмо сүйлөмгө А.Жапаровдун чыйыр салышы деген жарлык- тек гана, таңуулоо. Адилеттик үчүн айтып коёлу, чындыгында, А.Жапаров кошмо сүйлөм жөнүндөгү окууну гана эмес, кыргыз тилинин синтаксисинин калыпка салынышында зор эмгек сиңирди, анын бекемделишине, андан ары өркүндөшүнө чоң салым кошту. «Кыргыз тилинин грамматикасы» окуу китеби тууралуу өзүнүн: «Бул китепте синтаксис боюнча бышыктооч бөлүмү, ээсиз сүйлөм жаңыдан кирди. Түшүндүрмө мүчөлүү, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр, толук жана кемтик сүйлөм кайрадан иштелип чыкты. Кошмо сүйлөм боюнча багыныңкы

сүйлөмдүн түрлөрү жаңыдан иштелип, кошмо сүйлөмдүн төрттөн үч бөлүгү жаңы бөлүк катары киргизилди. Булардан башка жөнөкөй жана кошмо сүйлөмдүн синтаксиси боюнча көп темалар алынып ташталды, же кайрадан иштелип чыкты» [«Мугалимдер газетасы» 1958.16-февраль], - деп айтканы бар. Ушул билдирүүсүндөгү жаңыдан жана кайрадан иштелип чыккан синтаксистик материалдардын мазмунуна, ошондой эле көлөмүнө карап, китептин сапаттык жагы канчалык деңгээлде көтөрүлгөндүгүн ачык байкоого болот.

1951-жылы бул окуу китеби экинчи жолу кайрадан басылып чыгат. Мында синтаксистик материалдардын жайгашуусунда, көнүгүүлөрдүн жаңылануусунда анча-мынча өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн. Ушул эле жылы ушул эле эмгектин педагогикалык окуу жайлары үчүн даярдалган дагы бир варианты басмадан чыгат. Бул окуу китебинде деле олуттуу өзгөрүүлөр болбосо дагы, педагогикалык спецификага ылайыкташтырылгандыгы байкалып турат. Айрым эрежелер такталып, аныктамалар жаңыланган, башка мисалдар келтирилген. «Кыргыз тилинин грамматикасы» 1959-жылга чейин сегиз жолу басылып чыккан. Синтаксис боюнча бир топ жетишкендиктерге ээ болуп, бир кыйла маселелери жаңыдан каралып, окуучулардын синтаксистик материалдардан алган түшүнүктөрү кеңейип натыйжада ошол мезгилдин методикалык талаптарына толук жооп берген окуу китеби болуп саналган. Айрым өзгөртүүлөр менен кайрадан басмадан чыгып, өндүрүшкө киргизилип турган ар бир басылышына талдоо жүргүзүү биздин ишибиздин максатына кирбегендиктен, аларга токтолууну ылайык көрбөдүк. Ошентип, орто мектептерде кыргыз тилинин синтаксистик материалдарын окутууда А.Жапаровдун аталган окуу китебине суроо-талаптар жогору болгондуктан, өтө активдүү колдонулган.

1950-жылдар ичинде, кыргыз синтаксис илиминдеги жаңылыктар жана мыкты саамалыктар катары К.К.Сартбаевдин «Азыркы кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксисинин негизги маселелери» (1953) аттуу докторлук

диссертациясын, «Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси» (1957) жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралын, А.Жапаровдун «Азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын грамматикалык структурасы» (1955) деген кандидаттык диссертациясын, М.Мураталиевдин «Кыргыз тилиндеги мезгил жандама сүйлөмдөр» (1956) илимий монографиясын, Ы.Жакыповдун «Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси» (1958) жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралын атоого болот. А.Жапаровдун «Кыргыз тилинин грамматикасы» окуу китеби мектеп окуучуларына арналып жазылса, К.Сартбаевдин, А.Жапаровдун, М.Мураталиевдин, Ы.Жакыповдун бул эмгектери кыргыз тилинин синтаксистик материалдарына илимий багыттагы атайын изилдөөлөрдүн жүргүзүлө баштагандыгынан кабар берет. Кыргыз синтаксис илиминин калыптануу учуру өткөн кылымдын 50-жылдарына туура келерин аталган окумуштуулардын эмгектери далилдеп турат. 2015-жылы жарык көргөн Т.Токоев менен К.Токтоналиевдин Азыркы кыргыз тили (Синтаксис) окуу китебинде кыргыз тилинин синтаксисинин изилдениши үч этапка бөлүнүп каралган:

Кыргыз тилинин грамматикалык системасын (деңгээлин) атайын изилдөө өткөн кылымдын 30-40-жылдарынан башталып, кыйла жылдар нормативдүү (мектеп) грамматикасынын деңгээлинен чыга албагандыгы белгилүү. Бул этап К.Тыныстанов, Т.Актанов, К.Бакеев, У.Бактыбаев, И.А.Батманов, Д.Майрыковдор түзгөн мектеп грамматикалары менен чектелгендиги байкалат.

Экинчи этап- тилдин синтаксистик түзүлүшүнүн айрым проблемаларын атайын изилдөөгө багыт алып, 1950-70-жылдарды кучагына алат. Бул мезгилдерде К.К.Сартбаев, М.Мураталиев, Ы.Жакыпов, А.Жапаров, А.Турсунов, А.Имановдор тарабынан салттуу грамматиканын жалпы негиздери түзүлүп, сөз айкашы, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдүн өзгөчөлүктөрү аныкталгандыгын көрөбүз.

Синтаксисти изилдөөнүн үчүнчү этабы XX кылымдын 1980-90-

жылдарын жана азыркы мезгилди камтып, синтаксис боюнча жогорку окуу жайларына арналган окуу китептери түзүлүп, структура-семантикалык жана деривациялык моделдерин, синтаксистик катыштарды аныктоого аракеттер жасалып, А.Жапаров, А.Иманов, Б.Тойчубекова, А.Сапарбаев, С.Мусаевдердин, жаңы кылымдын башталышында татаал сүйлөмдөрдүн табиятын аныктоого байланышкан С.Ибрагимовдун, сүйлөмдүн функционалдык жана интонациялык өзгөчөлүктөрүн чагылдырган К.Токтоналиевдин изилдөөлөрү жарык көрдү [Токтоналиев К,2015:3-4]. Окумуштуулар 1930-жылдардан 2000-жылдарга чейинки 70 жыл аралыгында кыргыз тилинин синтаксисинин изилдениш акыбалын эске алуу менен, аны үч этапка бөлүштүрүп кароосун жөндүү деп эсептейбиз.

1950-жылдар кыргыз тил илиминин калыптанышында бурулуш жолдор болгон. 1953-жылы К.К.Сартбаев «Азыркы кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксисинин негизги маселелери» деген темада докторлук диссертация, ал эми 1955-жылы А.Жапаров «Азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын грамматикалык структурасы» деген кандидаттык диссертацияларын жактады. Бул эки илимий иштин, эмгектин корголушу жана чыгышы тил коомчулугу үчүн өтө керектүү жана зарыл эле. Кошмо сүйлөм маселеси али илимий көз караштан эч бир иликтене элек болчу. Сөз айкашы маселеси синтаксистик обьект катары буга чейинки илимий эмгектерди коё туралы, окуу китептеринде да көзгө илинерлик деңгээлде чагылдырылбай келген [Ибрагимов, 2001:75]. Синтаксистин обьектисин сөз айкашынын синтаксиси жана сүйлөмдүн синтаксиси түзөрү белгилүү. А.Жапаровдун аталган кандидаттык диссертациясына чейин сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн байланышы тууралуу айрым маалыматтардын берилип келгени болбосо, сөз айкашы маселеси жөнүндө атайын сөз болгон эмес. Ал турсун, жалпы түркология илиминде да сөз айкашы өз алдынча илимий изилдөөлөрдүн обьектисине айлана элек болчу. Кыргыз тил илиминде бул маселени биринчилерден болуп, А.Жапаров колго алгандыгын баса

белгилеп коюшубуз керек. Албетте, бул эмгекте эркин сөз айкашын шарттап турган лексикалык толук маанилүү сөздөрдүн өз ара грамматикалык байланышуу жолдорун, уюшулуш принциптерин, маанилик ички түзүлүшүн, түрлөрүн, семантикалык- структуралык өзгөчөлүктөрүн ж.б. белгилерин аныктоого аракет жасады деп айтууга негиз жок. Ошондой болсо да, кыргыз тили илиминде синтаксистин сөз айкашы обьектисин ар тараптуу изилдөөгө негиз берди, ага карата жол ачты.

А.Жапаровдун «Азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын грамматикалык структурасы» илимий изилдөөсүндө сөз айкашы сөз сыяктуу эле атоо функциясын аткарарын, сөз сыяктуу эле сүйлөм түзүлүшүндө курулуш материалы болорун белгилейт. Бирок эң башкысы, сөз айкашы түшүнүгү синтаксистин обьектиси катары, анын тутумундагы сөздөрдүн өз ара грамматикалык байланышына, бири-бири менен мамиле- катышына негизделгендигин көрсөтөт. Сөз айкашынын тутумундагы биринчи сөз кийинки сөзүнө карата көз каранды абалда болот. Көз каранды абал сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн биринин экинчисине карай багынычтуулугун шарттап турат. Сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн өз ара багынычтуулугу бир түрдүү болбостугун көрсөтөт да, аларды ээрчишүү, ыкташуу, башкаруу жана кыйышуу деген терминдик аталыштар менен белгилейт. Сүйлөм тутумундагы сөздөр дайыма эле бири экинчисине карай багыныңкы абалда турбашы да ыктымал. А.Жапаров мындай учурду жадынан чыгарбай, өз ара тең укукта, тең даражада турган сөздөрдү бир өңчөй мүчөлөр катары сыпаттап, сөз айкашынын бир өңчөй мүчөлөрдөн болгон принципиалдуу айырмачылыктарына да токтолот.

Ошентип, синтаксис деген түшүнүктү жаратып турган сүйлөм жана сөз айкашы маелелери 50-жылдар ичинде илимий изилдөөлөрдүн обьектисине айлана баштайт. Тил илиминин эволюциялык өнүгүү шарттарына жана максат-талаптарына ылайык, конкреттүү темадагы изилдөөлөр жаралат. Мунун көрсөткүчү катары, М.Мураталиевдин «Кыргыз тилиндеги мезгил

жандама сүйлөмдөр» (1956) К.Сартбаевдин «Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси» (1957) эмгектерин айтабыз.

Белгилүү бир обьектини толук изилдеп чыгуу үчүн, анын мүнөздүү белгилерин, айрым-айрым бөлүктөрүн териштирип чыгуу зарылдыгы өзүнөн-өзү келип чыгат. Зарылдыктан жаралган мындай териштирүүлөр оң натыйжаларын бербей койбойт. Маселен, синтаксистин сүйлөм обьектисин: сүйлөмдүн функционалдык, айтымдык, предикативдүүлүк белгилери, сүйлөм мүчөлөрү, алардын түрлөрү, түзүлүштөрү, семантикалык жагдайлары, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү, татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрү, түзүлүштөрү, өз ич ара бөлүнүштөрү ж.б.у.с. көптөгөн маселелер түзүп турат. Ушундай маселелердин изилденип чыгышы жалпы обьектини аныктоо болуп саналат. Бул багыттагы көптөгөн иш аракеттердин бири болуп саналган М.Мураталиевдин «Кыргыз тилиндеги мезгил жандама сүйлөмдөр» аттуу эмгегин кыргыз тилинин жалпы сүйлөм обьектисинин, анын ичиндеги татаал сүйлөм маселесинин чечилишинде, дагы конкреттүү алганда, багыныңкы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрүнүн аныкталышында жана болгондо да, кыргыз тили илиминин жаңыдан калыптануу учурун баштан кечирип жаткан мезгилинде олуттуу маниге ээ болгон эмгектерден деп баалоого болот. Бул монографияда татаал сүйлөм жана анын тутумундагы багыныңкы жөнөкөй сүйлөмдөр, алардын түрлөрү жөнүндө сөз болот, М.Мураталиев татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы жөнөкөй сүйлөмдөрдү **жандама сүйлөмдөр** деген аталышта берген. Кыргыз тили илиминде бул аталыш кабыл алынган жок. Ал эми азыркы кыргыз тилинде туруктуу термидик аталыш болуп калган **татаал сүйлөм** М.Мураталиевдин дал ушул эмгегинен башталган. Мурда татаал сүйлөм түшүнүгү кошмо сүйлөм деген термин менен аталып келген. Биздин жеке пикирибизде, татаал сүйлөм аталышынын ордуна кошмо сүйлөм деген терминдин колдонулушу өтө орундуу болчу. Муну төмөндөгүдөй обьективдүү факторлорго негиздемекчибиз:

1.Татаал сүйлөм терминининин мааниси туура келип, колдонулушунун орундуу болушу үчүн, андагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн биригүүсү татаалдыкты жаратып туруусу шарт, б.а., жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик жана интонациялык жактан бир бүтүндүккө биригүүсү грамматикалык механизмдердин татаалдашуусу аркылуу ишке ашышы керек. Арийне, мындай болууга тийиш эмес. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түзүлүшү аз сөздөн, татаал сүйлөмдөрдүн түзүлүшү көп сөздөн уюшулуп татаалдашып турса, анда бир жөн. Морфологиянын обьектисинде каралган **жөнөкөй сөз** жана **татаал сөз** терминдик аталыштары туура коюлган. Анткени, жөнөкөй сөз бир сөздөн турат, татаал сөз эки же андан ашык сөздөн уюшулат деген эреже логикага туура келет. Синтаксистеги татаал сүйлөмгө караганда, тескерисинче, жөнөкөй сүйлөмдүн курамында грамматикалык каражаттар (сөздөр, сөз мүчөлөрү) көбүрөөк колдонулуп калышы да ыктымал: ***1. Күн бүркөлүп, жаан жаады. 2. Кийинки убактарда логикада да, лингвистикада да сүйлөмдүн субьектилик-предикаттык составынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө жана айрым шарттарда, анын составынын туруктуу эместигине көбүрөөк көңүл бурулуп келе жатат*** (А.И.). Биринчиси- татаал сүйлөм, экинчиси жөнөкөй сүйлөм. Мындагы татаал сүйлөмдүк түзүлүш экинчи жөнөкөй сүйлөмдө орун алгандай. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» татаал сөзүнүн мааниси: 1. «Курамы ар түрдүү, бир канча бөлүктөрдөн, элементтерден турган, түзүлүшү жөнөкөй эмес», -[Иманов А,2010:115] деп берилген. Сөздөрдүн көп катышы жана уюшулушу жагынан 1-татаал сүйлөмгө караганда, 2-жөнөкөй сүйлөм татаал уюшулган. Татаал сүйлөмдүн бардыгы эле татаал түзүлүштү, татаал уюшулуу жолдорун талап кылбаган соң, ага татаал сүйлөм аталышы эмес, кошмо сүйлөм аталышы туура келчүдөй. Анткени, татаал сүйлөм түшүнүгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара маанилик биригүүсүнөн турат.

2. Кыргыз тили илиминдеги **«Бүткөн бир айрым ойду билдирген сөз, же сөз тизмеги сүйлөм деп аталат»** деген **«атактуу»** аныктама 1930-жылдардан

баштап азыркы мезгилге чейин активдүү колдонулуп келүүдө: «Бүткөн айрым бир ойду билдирген сөз, же сөздөрдүн тизмеги сүйлөм деп аталат» [Тыныстанов, 1934:6], «Сүйлөм дегенибиз, айрым бир бүткөн ойду билдирүүчү грамматикалык жактан уюшулган сөз, же сөздөрдүн айкалышкан тобу»… [Жапаров, 1966:27], «Демек сүйлөм деген- грамматикалык жактан уюшулган, бүткөн бир ойду билдирген сөз же сөздөрдүн айкалышкан тутуму» [Жаманкулова, 2014:5], «Сүйлөм жыйынтыктуу айрым бир ойду билдирген сөз же сөздөрдүн аяктаган тизмеги» [Абдувалиев, 2019:227]. Бул аныктамалар мектептерде азыркыга чейин пайдаланылып жүрөт. (Чынында, мындай аныктамалар өз милдеттерин аткарып бүткөн. Азыркы учурда кыргыз тили илиминин синтаксисинде жаңыча көз караштагы илимий аныктамалар жаралган.) Шарттуу түрдө, жөнөкөй сүйлөм менен татаал сүйлөм түшүнүктөрүн сүйлөмгө берилген ушул аныктамалардын негизинде карасак, анда жөнөкөй сүйлөм жөнөкөй ойду, татаал сүйлөм татаал ойду түшүндүрүп келет.

3. Ойлоо карым-катышындагы муктаждыктан улам, бир нече жөнөкөй сүйлөмдөрдөн турган синтаксистик бүтүн бирдик пайда болот. Андай синтаксистик бүтүн бирдиктер татаал сүйлөм түшүнүгүндө каралып келет. Татаал сүйлөм эки, же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөрдөн уюшулгандыктан, алардын бири экинчилери менен тыгыз байланышта болушат. Демек, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик жактан бир бүтүндүккө биригүүсү, кошулуусу кошмо сүйлөм деген гана түшүнүктү жаратат деген ойдобуз. (Азыркы кыргыз тилинин синтаксисинде татаал сүйлөм термини калыпташып калган соң, биз да бул ишибизде татаал сүйлөм деген терминди колдонобуз.).

М.Мураталиев татаал сүйлөмдүн негизги белгилери катары, анын эки, же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлөрүн, ар бир жөнөкөй сүйлөмүнүн ээси жана баяндоочу болорун жана ал жөнөкөй сүйлөмдөр айрым-айрым маанилерди түшүндүрөрүн, алардын аралары үтүр белгиси менен ажыратыларын, интонациялуу айтыларын көрсөтөт. Автор татаал сүйлөмдүн

ичиндеги жандама сүйлөм түшүнүгү 50-жылдарга чейинки грамматикаларда колдонулбай келди деп айтат. Мындай көз карашка С.Ибрагимов кошулбайт: «Жандама мүчө деген термин 1934-жылы эле З.Бектенов, Т.Байжиев тарабынан колдонулган, ал эми жандама мүчө, жандама сүйлөм ошол эле 1934-жылы К.Тыныстанов тарабынан сунуш кылынган» [Ибрагимов, 2001:73]. Азыркы кыргыз тилинин синтаксисинде **жандама сүйлөм** термини колдонулбайт, анын ордуна багыныңкы сүйлөмдөр киргизилген. Татаал сүйлөм тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир бүтүндүктө уюшулат. Мындай шартта, алар өз ара грамматикалык маанилик байланышта келишет, бири экинчисине карай (тең байланыштагы сүйлөмдөрдү эске албаганда) көз каранды абалда болот, бири экинчисине карай багыныңкылык мүнөздү жаратат. Натыйжада андагы жөнөкөй сүйлөмдөр экиге бөлүнөт: **багындыруучу** жана **багыныңкы**. Багындыруучу түгөйү- баш сүйлөм, ага көз каранды абалда тургандагысы багыныңкы сүйлөм деп аталган. Демек, ушул түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөрдүн жөнөкөй сүйлөмүнүн бири экинчисин жөн гана жандап айтылбайт, баш сүйлөмдүн белгилүү бир себебин, максатын, ордун, мезгилин, сан-өлчөмүн сыяктуу ж.б. кырдаал-шарттарын көрсөтүп тургандыктан, багыныңкылык жагдай жаратылат.

Окумуштуунун «Кыргыз тилиндеги мезгил жандама сүйлөмдөр» монографиясындагы айрым мүчүлүштүктөрдү көрсөтүү менен, анын мазмундук деңгээли төмөн дегенден алыспыз. Тескерисинче, синтаксисте карала турган маселелер өтө арбын экендигин, алар конкреттүү темада изилдениши зарыл экендигин дал ушул татаал сүйлөмдүн тутумундагы **мезгил жандама сүйлөмдү** изилдөө аркылуу эң сонун үлгү көрсөттү.

Кыргыз тили илиминин калыптанышына жана өнүгүшүнө чоң салым кошкон окумуштуулардын бири- проф. К.К.Сартбаев. Ал орто мектептер менен жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептерин, окуу куралдарын жазган, кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча да иш жүргүзгөн. Кыргыз, орус, түрк тилдерин салыштырып изилдеген жана жалпы тил илимине тиешелүү

эмгектерди жараткан.

К.Сартбаев кыргыз тилинин синтаксиси боюнча 1957-жылы «Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси» аттуу жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралын жарыкка чыгарат. Бул эмгектин негизин «Азыркы кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксисинин негизги маселелери» (1953) деген темадагы докторлук диссертациясы түзүп турат. Кошмо сүйлөм маселеси илимий-теориялык негизде изилденип, өз алдынча эмгек болуп жарыкка чыгышы кыргыз тили илиминин жаңыдан калыптануу учурундагы жаңылыгы эле. Автор кошмо сүйлөм табияты, изилдениш тарыхы, калыптанышы, жалпы эле кошмо сүйлөм маселелери боюнча Л.Риор, А.Потебня, А.Б.Шапиро, В.В.Виноградов, Д.Н.Ушаков, Г.С. Берхудоров, П.М.Мелиоранский, В.Насилов, Н.П.Дыренкова, В.А.Богородицкий, Н.К.Дмитриев, А.П.Поцелуевский өңдүү көрүнүктүү орус жана түрколог окумуштуулардын эмгектерине таянып, өзүнүн жекече ойлорун, көз караштарын билдириши, бир жагынан, кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн табиятын тереңден ачууга белсенгендигин байкоого болот.

Тилдик өнүгүү узак мезгилдерди кучагына камтып турат. Кошмо сүйлөм да тилдик өнүгүүнүн кийинки көрүнүшү катары эсептелет. Анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири экинчисине карай маанилик жакындыкты түзүп, бирдиктүү бир бүтүндүктү шарттап турат. Ушуга байланыштуу кошмо сүйлөм ичиндеги жөнөкөй сүйлөмдөр бири-биринен ажыратылып, бөлүнүп каралбайт. Натыйжада алар грамматикалык байланышы боюнча синтаксистик бүтүн конструкция болуп саналат. Өз алдынча уюшулган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жыйынтыкталган, аякталган интонациясы болсо, кошмо сүйлөмдөрдүн биринчи жөнөкөй сүйлөмдөрүндө мындай аякталган интонация болбойт, алардын интонациясы андагы катышып турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бардыгынын биримдигинен келип чыгат. К.Сартбаев кошмо сүйлөмдүн ушул өзгөчөлүгүн негизге алгандыгы эмгектин жалпы мазмунунда камтылган. Бул эмгекке карата проф. А.Иманов өз оюн мындайча билдирет:

«Ошентип, кошмо сүйлөмдөр тилдин эволюциялык өнүгүшүнүн кийинчерээк калыптанган жемиши, табылгасы экендиги илимде маалым болду. Кыргыз тил илиминде кошмо сүйлөм проблемасын терең изилдеген түрколог профессор К.К.Сартбаев тең байланыштагы кошмо сүйлөмдүн грамматикалык ички түзүлүшүн, алардын тутумундагы синтаксистик түгөйлөрүнүн (жөнөкөй сүйлөмдөрдүн) өз ара байланышуу жолдорун жана калыптанышын факт-материалдарга таянып, кылдат талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында, негизинен бардык эле элдердин тилинде анын **асиндетикалык** жол боюнча (байламтасыз тең байланыштагы кошмо сүйлөм деген түзүлүшү) уюшулушу алгачкы көрүнүш экендигин илимдин жетишкендиктерине таянуу менен өз учурунда айткан. Ал кошмо сүйлөмдүн өнүгүшүнүн эки жолун- синтаксистик мааниси жана мазмуну жагынан жакындыгы бар эки, же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ичиндеги өнүгүштөн, б.а., сүйлөм ичинен сүйлөм түзүү аркылуу өнүгүшүнөн пайда болгон жолун белгилеген. Мындай жыйынтыкты ал жалпы тил илиминин көптөгөн окумуштууларынын илимий пикирине таянуу менен айткан» [Иманов, 2009:348].

Азыркы кыргыз тилинин синтаксисинде тең байланыштагы татаал сүйлөм термини менен туруктуу аталышка ээ болуп калган сүйлөмдөрдү К.Сартбаев өз эмгегинде **жөнөкөй кошмо сүйлөм** деп атаган. Биздин баамыбызда, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөргө салыштырмалуу алганда, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр мурдараак колдонулуп келгендигине жана алардын уюшулуу жолдору интонацияга негизделип, жеңил, жөнөкөй болгондугуна байланыштуу аларды жөнөкөй кошмо сүйлөм деп атагандай. Чынында, окумуштуулар белгилеп жүрүшкөндөй, мурда тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр өнүгүп, андан соң, багыныңкы татаал сүйлөмдөр пайда болгондугун моюндасак, К.Сартбаевдин жөнөкөй кошмо сүйлөм деген терминдин атоосунун негизи бар болуп чыгат. Мисалы, 1**. Соконун сырын уста билет, жердин сырын дыйкан билет(макал).** 2 **Командир маңдайында турган солдаттын оюн биле койгонсуп, ал дароо**

эле анын суроосун канагаттандырды (К.Жантөшев), -деген сүйлөмдөрдү алалы. 1-мисалдагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара маанилик биригүүсү интонациялык ыкмада жөнөкөй ишке ашты. 2-мисалдын биринчи жөнөкөй сүйлөмү экинчи жөнөкөй сүйлөмүнө карай **–ып** грамматикалык каражатынын жардамы аркылуу маанилик байланыш жасады, мында байланыш татаалдашты.

К.Сартбаев жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдү, адегенде, байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөмдөр жана байламталуу жөнөкөй кошмо сүйлөмдөр деп экиге бөлөт да, алардын байланышуу жолу катары интонацияны белгилейт. Интонациядан сырткары, кошмо сүйлөмдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн орду, айрым сөздөрдүн кайталанып айтылышы, сөздөрдүн бирдей формада болушу, ат атоочтор дагы кошмо сүйлөмгө айландыруучу каражаттар болот деп эсептейт. Арийне, аларды деле интонация тейлейт.

Эмгекте багыныңкы кошмо сүйлөмдөргө да кеңири орун берилет. Баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорундагы атоочтуктарды, чакчылдарды, **-са** мүчөлүү этиштерди, байламталарды грамматикалык байланыштыруучу каражаттар катары өзүнчө бөлүп көрсөтөт. Алардын багыныңкылык мүнөздү шарттоочу милдеттерин, анын натыйжасынан келип чыккан маанилик түрлөрүн бөлүштүрүүгө алган. Баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорун ыраатка келтирүүгө аракет жасаган.

Кыргыз синтаксис илиминин калыптанышында Ы.Жакыповдун да ысмы өзгөчө орунда турат. «Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси» (1958) аттуу окуу куралы жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган алгачкы эмгек болуп саналат. Окуу куралы төмөндөгүдөй главалардан турат: I глава. Синтаксис жана анын обьектилери, II глава. Синтаксистик катнаш, III глава. Сүйлөм мүчөлөрү, IV глава. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, V глава. Сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартиби, VI глава. Жөнөкөй сүйлөмдүн түр жагынан болгон бөлүнүшү, VII глава.

Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр, VIII глава. Тыныш белгилери. Аталган ар бир глава бир канчалаган кыскача параграфтарды камтуу менен, жалпы көлөмү 282 беттен турат. Көрүнүп тургандай, Ы.Жакыпов жөнөкөй сүйлөмдөрдүн синтаксисин мүмкүн болушунча кеңири чечмелөөгө аракет жасаган. Кандай сапатта иштелип чыкканы- бул башка кеп, бирок жаңыдан калыпка түшүп жаткан синтаксистик окуунун жөнөкөй сүйлөм маселесине арналган бул окуу китебинин ошол мезгил үчүн мааниси өтө зор болгон.

Адегенде эле белгилеп коюшубуз керек, Ы.Жакыповдун бул эмгегинин жалпы мазмунунан орус тилинин синтаксисинин таасири ачык байкалып турат. Ошондой болсо да, бир катар элдерде тилдин синтаксис бөлүгүнүн ушул күнгө чейин жеткиликтүү мааниде иштелбегендиги жана анын татаалдыгы жөнүндөгү маселе көптөн бери айтылып келе жатат деп белгилеши, айтылган пикирлердин булактарынын көрсөтүлүшү жана өзү туура деп баалаган окумуштууларынын эмгектерине таянышы прогрессивдүү көрүнүш катары окуу куралынын мазмунун арттырып турат. Анткени, эмгек жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн жазылып жаткандыктан, илимий негиздерге басым жасалышы башкы талап дагы, мыйзам ченемдүү көрүнүш дагы болуп саналат.

Ар бир глава өз ара маанилик байланышта турган бир канча темаларга ажыратылып, алар да кескин ажырымы жок, уламалуу параграфтар менен коштолгондугу окуу куралындагы системалуулукту шарттап турат. Илимий негиздеги ойлорду кыска, так берүүгө аракеттерди жасайт. Синтаксис жана анын обьектиси болуп саналган сүйлөм түшүнүгүн берүүдө, синтаксис да грамматиканын бир бөлүгү болору, синтаксис сөздөрдүн жана сөз тизмектеринин сүйлөм болуп түзүлүү жолдорун, сүйлөмдүн типтерин, мүчөлүк түзүлүшүн, синтаксистик байланыштын түрлөрүн жана сүйлөмдүн колдонулуу шарттарын үйрөтөрү, синтаксистин негизги обьектиси сүйлөм болуп саналары, коомдо жашаган адамдардын бири-бири менен байланышып, пикир алышып, өз ара түшүнүшүп турууларында сүйлөм зор маниге ээ

болору кыска жана так берилип, андан соң гана, ***сүйлөмдүн мүнөздөмөсү жана анын түзүлүшү*** деген темага жол таштайт. Бул тема өз ичине төрт параграфты §6, §7, §8, §9 камтып турат. Ушул төрт параграфта сүйлөмдүн мүнөздүү белгилери жана түзүлүшү сыпатталып териштирүүгө алынган. Маселен, 6-параграфта **сөз, сөз тизмеги, сүйлөм, речь** жөнүндө сөз кылат: «Сөз айрым түшүнүктү билдирсе, сүйлөм ал түшүнүктөрдөн турган адамдын ой-пикирин билдирет да, белгилүү бүткөн бир ойду түшүндүрөт. Байланыш-катыштагы речтин эң негизги жана эң кичине единицасы сүйлөм болуп эсептелет. Ар бир сүйлөм кандайдыр бир интонацияга ээ болот.

Биздин речибиз өз алдынча бүткөн ойду түшүндүрө алган айрым сүйлөмдөргө бөлүнөт. Речь бирөөгө ойду түшүндүрүү максатын алдына коёт. Ал ой речте сүйлөм формасында иш жүзүнө ашырылат. Биз бирөөнүн оозеки речин угуп, же жазуу речин окуп, анын оюн толук түшүнө алабыз. Сүйлөм маани жагынан жана грамматикалык түзүлүшү жагынан өз ара тутумдашкан сөз тизмегинен, же айрым сөздөрдөн турат. Сөз сүйлөмдүн курулуш материалы болуп эсептелет, экиден кем болбогон маанилүү сөздөр аркылуу түзүлгөн сүйлөмдүн ички грамматикалык бирдиктүүлүгү сөз тизмеги болуп саналат. Сөз тизмеги айрым сөздөргө ажыратылат. Сөздөр өз алдынча түшүнүктөрдү билдирип жана жалпылай да алат» [Жакыпов Ы, 1958:5]. Бул 6-параграфтагы белгиленген ойлор сүйлөм табиятына, грамматикалык түзүлүшүнө, жалпы эле сүйлөмдүк мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө өтүүнүн алдындагы даярдык. Автордун сүйлөмдүн мүнөздүү белгилерине дароо токтолуудан мурда, сүйлөмдү сөзгө, сөз тизмегине, речке салыштырып алуусу логикага туура келет. Алардан болгон айырмачылыктарын жана жалпылыктарын белгилеп алып, сүйлөмдүн өзүнө токтолуу эффективдүүлүктү жаратарын жакшы түшүнгөн. Окуу куралынын түзүлүшү баштан-аяк ушул ыкмада жүзөгө ашырылган.

Автор сүйлөмдүн сүйлөм катары аныкталышындагы беш критерийди бөлүп көрсөтөт. Бул критерийлердин туура же туура эмес экендигине карата

өз оюбузду билдириш үчүн, ал критерийлерге толук токтололу: «Биздин байкообузча, сүйлөм деген түшүнүктүн туура аныкталышындагы негизги учурлар төмөнкүлөр болчудай сезилет:

1.Сүйлөмдү аныктоодогу башкы критериянын бири айрым бүткөн ойду билдириши болот.

Бирок мындагы «бүткөн ой» дегенди ар кандай түшүнүүгө туура келет. Маселен, «бүткөн ой» деген түшүнүк жалгыз эле сүйлөмгө гана эмес, чынында, бир нече сүйлөмдөрдүн тизмегинен турган бүтүн бир речке да, ал эмес, адабияттык бир чоң чыгарманын бүт мазмунуна да туура келет. Мына ошондуктан, «бүткөн ой» деген түшүнүктү бул жерде жалпы карабай, аны конкреттүү сүйлөм деген маанинин өзүнө гана таандык кыла караш керек болот.

2.Экинчи критерия- баш мүчө болуп саналат, алар бүт катышса да, катышпай көмүскөдө калышса да, мааниси жагынан өздөрүнүн белгилүүлүгү менен эле тыянактуу ой түшүндүрүлөт. Бул тыянактуулук грамматикалык закон аркылуу ишке ашырылат. Ошол закондун негизинде сүйлөм турмушта байланыш-катнашка кызмат кылат.

3.Үчүнчү негизги критерия -интонация болот. Чынында эле, ансыз сүйлөм түзүлбөйт, ансыз мындайлар жөн гана сөздөрдүн тиркеми болуп калат.

4.Төртүнчү критерия- сүйлөмдө ой жүргүзүү маселеси болот, ой жүргүзүүдө, негизинен, логикалык категориялар мүнөздүү болсо, сүйлөмдө грамматикалык категориялар мүнөздүү болот.

5.Сүйлөм деген түшүнүк айрым кезде өзүнүн алды же артындагы башкы бир катар сүйлөмдөр менен байланыштуулукта чечилет» [Жакылов Ы, 1958:6-7].

Кыргыз тилинин синтаксисинин жаңыдан калыптанып жаткан учурунда, Ы.Жакыповдун сүйлөмдүн сүйлөмдүк статусуна, анын негизги белгилерине карата 1-, 2-деп койгон конкреттүү критерийлери так көрсөтүлгөндүгүн танууга болбойт, илимий шарттардын талаптарына да дал келбейт. Арийне,

азыркы көз караштан алып караганда, мындагы айрым критерийлердин аныктыгы, тактыгы күмөн жаратат. 1-критерий боюнча, «сүйлөмдү аныктоочу башкы критериянын бири -анын бүткөн ойду билдириши болот» деп так кесе айтышы окумуштуунун жеке жаңылыгы эмес, 20-30-жыларда эле «сүйлөм бүткөн айрым бир ойду билдирет» деген аныктама чыгарылган. Албетте, автордун бул аныктаманы кубатташын өөн көрүүгө да болбойт, ар бир окумуштуу өз ой жүгүртүүсүнө карап, тигил, же бул көз карашка кошулууга толук укугу бар. Бул жерде кеп башкада болуп жатат. «Бүткөн ой» дегенди ар кандай түшүнүүгө туура келерин, ал жалгыз гана сүйлөмгө эмес, бир нече сүйлөм тизмегине, ал гана эмес, адабияттык чыгарманын бүт мазмунуна да туура келерин белгилегендиги жана буга чейин далилденип келген «бүткөн ой» эреже-аныктамасына анча ынанбай тургандыгы Ы.Жакыповдун белгилүү даражадагы прогрессивдүү илимий көз карашы болуп саналат. Бирок, сүйлөмдү башкача өңүттөн карап, ага жаңыча аныктама бере албады. Тек гана, «бүткөн ой» деген түшүнүктү конкреттүү сүйлөм деген маанинин өзүнө гана таандык кыла караш керек болот деп чыга берет. Мунун өзүн мурдагы эле, «бүткөн ой» эрежесинде кала берүү катары, түшүнүүгө болот.

Экинчи критерийде сүйлөмдүн негизги белгиси катары, баш мүчө эсептелинет да, ал катышса да, катышпаса да, мааниси жагынан өздөрүнүн белгилүүлүгү менен эле тыянактуу ой түшүндүрүлөт. Бул тыянактуулук грамматикалык закон аркылуу ишке ашырылат. Ошол закондун негизинде сүйлөм турмушта байланыш-катышка кызмат кылат, [Жакыпов Ы, 1958:7] деп белгиленет. Түпкүлүгүндө бул туура. Бирок айрым сүйлөмдөрдө баш мүчө катышпаса да, анын белгилүүлүгү билинбеген, же баш мүчөнүн зарылдыгы жок сүйлөмдөр да арбын. Мындай учурда, тыянактуулук түшүнүгү кайсы грамматикалык закон менен ишке ашырылары көрсөтүлгөн эмес.

3.2. 1960-жылдардагы синтаксис илиминин маселелери

1950-60-жылдарда көп улуттуу совет мамлекети бекемделип, кубаттуу державалардын бирине айланып калган эле. Өлкөнүн өнүгүшү үчүн, бардык илим тармактарында байланыш күчөп турду. Тил илими тармагы да мындай прогрессивдүү өнүгүштөн четте калган жок. Ошол учурдагы тил илимине өкмөт тарабынан көрүлгөн камкордук жана талаптар, бир жагынан, билим берүү жана илим системасындагы окуу китептеринин, окуу куралдарынын, атайын илимий-теориялык негиздеги эмгектердин жаралышына өбөлгө түзсө, экинчи жагынан, күчтүү өлкөнүн негизи илим менен аныкталарына басым жасашкан. Тил илими саясатынан карасак, совет мамлекетинин курамында турган түрк тилдүү элдердин тил илимине бул мезгилдерде орус тили илиминин таасири күч эле.

Орус тили илиминде синтаксис маселеси XVIII кылымдын орто ченинен, т.а., М.В.Ломоносовдун атактуу «Россия грамматикасында» козголуп, анын калыптануу жана жаңыдан өнүгүүгө бет алышы 1950-60-жылдарга чейинки 200 жылды өз кучагына камтып турат. Оңой убакыт эмес. Ушул мезгил аралыгында орус тилинин синтаксисине тиешелүү маселелердин бардыгын тактап коюшту деп айта албайбыз. Аны тарых тастыктап турат. Ошондой болсо да, орус тили илиминин калыптануу жана өнүгүүгө бет алуу мезгил аралыгында А.Х.Востоков, А.А.Барсов, А.А.Потебня, Ф.И.Буслаев, В.Андреев, Овсянико-Куликовский, А.А.Шахматов, Л.В.Щерба, И.И.Мещанинов, А.М.Пешковский, С.Г.Бархударов, В.И.Борковский, В.М.Светлаев, В.В.Виноградов, С.Е.Крючков, С.И.Абакумов, Галкина-Федорук, А.Б.Шапиро, А.С.Попов, В.П.Сухотин, Н.С.Поспелов өндүү көрүнүктүү окумуштуулардын эмгектери орус тили синтаксисинин илимий деңгээлин дүйнөлүк масштабга көтөрүп койду. Натыйжада алардын жараткан ийгиликтери жаңыдан калыптануу мезгилин баштан кечирип жаткан башка элдердин синтаксистик илимине чоң таасирин тийгизип, үлгү болуп, булак катары пайдаланышы мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп калган.

Синтаксисти изилдөөнүн, аныктоонун, үйрөнүүнүн башкы жолу сүйлөмгө байланышкан. Ошондуктан, синтаксис илиминде сүйлөм теориясы негизги орунда турат. Коомдук турмушта пикир алышууну, байланыш-катышты тейлөөчү тилдик каражат катары функционалдык милдети жогору турат. Аны изилдеп үйрөнүүдөгү маанилүү обьектилеринин бири сүйлөм мүчөлөрү болуп эсептелет. Сүйлөм мүчөлөрүн, б.а., сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдоруна негизделген грамматикалык милдеттерин аныктамайынча, сүйлөм табиятын түшүнүү мүмкүн эмес.

Кыргыз тили илиминде сүйлөм мүчөлөрү жөнүндөгү алгачкы кабар 1930-жылдарда чыккан окуу китептеринде берилген. 1931-жылы чыккан Шабдан уулу Ажыймандын «Биздин тил» окуу шайманында эң биринчи сүйлөм ээси менен баяндоочу тууралуу: «Сүйлөм ичинде башка бир сөздү жак менен эрчиткен атооч турпатындагы сөз жана ошо атооч турпатындагы сөзгө же жак менен эрчиген сөз сүйлөмдүн баш мүчөлөрү болот. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бирин байандагыч, экинчисин ээ дейт» [Шабдан у Ажыйман, 1931:13], -деп айтканы, сүйлөм мүчөсү деген түшүнүккө жол ачты. Мындан соң, 1960-жылга чейин сүйлөм мүчөлөрү жөнүндө түшүнүк кеңип, анын мүнөздүү белгилери, түрлөрү улам барган сайын айкындала баштайт жана алар Т.Актанов, Н.Макешев К.Бакеев, А.Жапаров, Ы.Жакыповдордун окуу китептеринде, окуу куралдарында өркүндөтүлүп берилген. Бирок буга чейин сүйлөм мүчөлөрүн гана атайын изилдөөгө алган эмгек болгон эмес. Сүйлөм тутумундагы сөздөр бири-бири менен синтаксистик байланыш, катыш, мамиле түзүп, сүйлөмдүн уюшулушунда маанилүү милдет аткарып, пикир алышуу каражатынын кызматын аркалары анык. Алар сүйлөм мүчөлөрү катары келип, сүйлөм сыяктуу эле аларда да көп өзгөчөлүктөр болот, ошондуктан сүйлөм мүчөлөрүн бирдиктүү байланышта иликтесек, сүйлөмдүн бардык жактарын териштирген болобуз. Сүйлөм мүчөлөрү сүйлөм мазмунунда логикалык маанини алып жүрүүчү да, сүйлөм уюштуруучу да, сөздүн лексикалык маанисин сактап жүрүүчү да, семантикалык маанилерге ээ

болуп туруучу да синтаксистик категория кызматын аткарат. Ошон үчүн, сүйлөм мүчөлөрүнүн маани билдирүү ыкмасы, сүйлөмдү уюштуруудагы милдети, өз ара байланыштыруучулук мүнөзү, сүйлөм мазмунун арттыруудагы ролу, синтаксистик орун тартиптери илимий негизде сыпатталууга тийиш.

Тил илиминин өнүгүү шартына ылайык, кыргыз тили илиминде да сүйлөм мүчөлөрү маселеси көңүл сыртында калган жок. 1961-жылы М.Мураталиев, А.Турсунов тарабынан кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрүнө арналган «Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү» аттуу илимий эмгек жарык көрөт. Эмгектин максат-милдеттери так белгиленет. Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү, алардын классификациясы, ар биринин мүнөздөмөсү жана милдетин аткаруучу негизги сөздөр жөнүндөгү маалыматтар кыргыз тилинин мектеп грамматикаларында, негизинен, туура берилип келген. Бирок, мектеп грамматикалары атайын сүйлөм мүчөлөрүн изилдөөгө арналбагандан кийин, бул маселе тууралуу кыскача гана негизги түшүнүктөр берилген. Ошол себептүү авторлор бул эмгегинин алдына, мурунтан бери топтолуп келеткан теориялык, практикалык материалдарга таянып, кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүнө, анын түрлөрүнө мүмкүн болушунча кеңирирээк мүнөздөмө берүү, өзгөчө алардын милдетин кайсы сөз түркүмдөрү, сөз айкаштары аткарары жана сүйлөмдүн ал мүчөлөрүнүн бере турган негизги маанилери жөнүндө толугураак кабар берүү милдетин коюшту [Мураталиев, Турсунов, 1961:3]. Авторлордун түшүндүрмөсүндө кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү, алардын баш жана айкындооч болуп түрлөргө бөлүнүшү, алардын милдетин аткарган сөздөр, сөз айкалыштары, сүйлөм мүчөлөрүнүн бере турган негизги маанилери териштирилери айтылган. Демек, мындай сүйлөм мүчөлөрүнүн биз өйдөдө белгилеген бардык мүнөздүү белгилери камтылбагандыгын түшүнүүгө болот. Шартка жараша, аларды талап кылуу да мүмкүн эмес. Кандай болгон учурда да, бул эмгек ошол мезгилдеги актуалдуу маселелердин бирин козгогон, илимий-теориялык

негиздеги бирин-экин изилдөөлөрдүн катарын толуктаган эмгек болуп тарыхта кала бермекчи.

Бул китеп ***Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү*** жана ***Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү*** аталыштарындагы негизги эки главадан турат. Биринчи главада: баш мүчөлөрдөгү грамматикалык бөтөнчөлүктөр, ээ жана анын милдетин аткаруучу сөздөр, ээнин түзүлүштөрү, жайылма жана бир өңчөй ээ, алардын милдетин аткаруучу сөздөр, баяндооч жана баяндоочтун жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнүштөрү, алардын милдетин аткаруучу сөздөр, жайылма жана бир өңчөй баяндоочтор, алардын милдетин аткаруучу сөздөр, ээ менен баяндоочтун ортосундагы грамматикалык байланыштар, этиштик жана атоочтук баяндоочтордун ээни жак, сан боюнча ээрчишүүлөрү, баш мүчөлөрдөгү тыныш белгилер; ал эми, экинчи главасында: аныктооч, анын жөнөкөй жана татаал болуп түрлөргө бөлүнүшү, жайылма аныктооч, толуктооч, анын тике, кыйыр, жайылма болуп бөлүнүшү, бышыктооч, анын сапат, орун, мезгил, себеп, максат, сан-өлчөм түрлөрү, жайылма бышыктооч, анын сапат, себеп, мезгил, максат болуп бөлүнүшү, түшүндүрмө мүчө, анын жандамалуу, түгөйлүү, обочолонгон түрлөрү, обочолонгон түшүндүрмө мүчөнүн аныктооч, толуктооч, бышыктооч болуп бөлүнүшү, түшүндүрмө мүчөлөргө коюлуучу тыныш белгилер маселелери каралган. Көрүнүп тургандай, кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрүнүн грамматикалык бөтөнчөлүктөрү, алардын маанилик жактан түрлөргө бөлүнүштөрү, түзүлүштөрү, сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткаруучу сөздөр, грамматикалык байланышуу жолдору, тыныш белгилери бир кыйла терең жана кеңири иликтөөгө алынган. **Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн** М.Мураталиев жазса, **Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү** А.Турсунов тарабынан ишке ашырылган.

Баш мүчөлөр грамматикалык, спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ болуп турат. Аларды аныктабай туруп, сүйлөмдүн синтаксисин түшүнүү кыйынчылыкты туудурат. Ээ менен баяндооч сүйлөмдүн жыйынтыктуу

уюшулушундагы негизги синтаксистик каражаттар болгондуктан, сүйлөмдүн структурасында башкы милдетти аткарып турушат. Ушул жагдайды эске алган автор, баш мүчөлөрдөгү бөтөнчөлүктөр деп саналган төмөндөгүдөй учурларын: 1) кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрү толук катышып, же ээси көмүскөдө калып түзүлөрүн, ээ менен баяндоочтун өз ара орун тартиптери да бир кылка болбостугун; 2) сүйлөм ээси баяндоочтогу жак мүчөгө таянып көмүскөдө каларын, мындай учурда, ал сүйлөмдөр бир составдуу эмес, эки составдуу сүйлөм болуп эсептелерин; 3) сүйлөмдүн баяндоочу да түшүп колдонуларын, анын сүйлөм мазмунунда билинип турарын; 4) баяндооч сүйлөмдүн ортосунда колдонула берерин; 5) айрым сүйлөмдөрдө ээ катышпай тургандыгын, анын зарылдыгы жок экендигин белгилейт. Баш сүйлөмдөрдөгү бул бөтөнчөлүктөрдү бир катар мисалдар менен далилдеп жана айрым түрк тилдери менен салыштырып берген. Баш мүчөлөрдүн бөтөнчөлүгү катары белгиленген айрым ойлоруна кошулууга болбойт, анын илимий чындыгы күмөн туудурат. Эмесе, автордун сүйлөмдүн баяндоочунун түшүрүлүп айтылган учуруна карата пикирин толук келтирели: “Сүйлөмдүн баяндоочу да түшүп айтылат, бирок баяндооч кайсы экендиги сүйлөмдүн мазмуну аркылуу белгилүү болуп турат. Баяндоочу түшүп айтылган сүйлөмдөр көпчүлүк учурда макал, лакап, табышмак иретинде айтылган сүйлөмдөрдөн учурайт: ***Аркалуудан- оонабас (бар), куйруктуудан- шыйпабас (бар), жаактуудан- кепшебес (бар)*** (табышмак). ***Эт-этке (кошулат), сорпо- бетке (чыгат).*** Айрым учурларда атооч этиштин айкашууларынан түзүлгөн татаал баяндоочтун экинчи компоненти (этиши) түшүп, биринчи компоненти (атооч) баяндоочтун милдетин аткара берет, бирок түшүп калган компоненти сүйлөмдүн мазмунунан белгилүү болот: ***Ырыстын алды- ынтымак (болот***) (макал). ***Илим- билим булагы (болот)*** (макал) [Мураталиев, Турсунов 1961:8]. С.Гапаров мындай сүйлөмдөрдү кемтик сүйлөмдүн өзгөчө бир түрү болгон **эллиптикалык сүйлөм** катары мүнөздөйт: “Эллиптикалык сүйлөмдүн баяндоочу түшүрүлүп айтылат да,

анын кайрадан тикелениши, сүйлөмгө кошулуп айтылышы зарыл болбойт. Түшүп калган баяндоочту билиш үчүн, контекст да, кырдаал да талап кылынбайт. Түшүп калган баяндооч ошол эле сүйлөмдүн өзүнүн лексика-грамматикалык каражаттары, б.а., сүйлөмдүн жалпы мааниси, андагы толуктооч, бышыктоочу, алардын грамматикалык формалары аркылуу билинип турат" (Мамлекеттик тил, 1994),-деп мисал катары: 1.***Аркалуудан оонабас, куйруктуудан шыйпанбас, жаактуудан кепшебес*** (уй, кой, жылкы). 2***. Керегеде кедей шалпык*** (чырак) деген табышмактарын келтирет. Проф. А.Жапаров болсо, ***Оозунан заарын чачкан, төрт аягын тең баскан*** (төө***) Аркалуудан оонабас, куйруктуудан шыйпанбас, жаактуудан кепшебес*** (уй, кой, жылкы) табышмактарын **кыскартылган баяндоочтуу** сүйлөм деп карайт да, сүйлөмдүн кырдаалынан баяндооч мүчөлөрдүн түшүп калгандыгы билинип турат. Мында **бар** баяндоочунун түшүп калгандыгын, бирок алардын сүйлөмдө катышпай турушу үлгүгө айланып кеткендигин белгилейт [Жапаров, 1979: 231-232]. Ал эми А.Дунканаев мындай пикирлерге кошулбайт: "Чынында, бул сүйлөмдөр авторлор атагандай эллиптикалык, кыскартылган баяндоочтуу сүйлөм да болуп саналбайт. Булар- атама сүйлөм түзүлүшүндөгү табышмактар, табиятынан эле ушул түзүлүшүндө калыптанган сүйлөмдөр. Аларга эч кандай баяндоочту таңулоонун да зарылчылыгы жок. Сүйлөмдүн жалпы кырдаалынан **бар** баяндоочунун байкалып тургандыгы жана ***сүйлөмдө анын катышып айтылышы мүмкүн болбой калгандыгы*** (Жапаров) табышмактын маанилик табиятына да, грамматикалык түзүлүшүнө да туура келбейт. **Бар** баяндоочу кошулуп айтылган учурда табышмактын айтылышы да, грамматикалык түзүлүшү да, синтаксистик ички мааниси да өзгөрүүгө учурайт. Авторлор ***Оозунан заарын чачкан, төрт аягын тең баскан*** табышмагы менен ***Оозунан заарын чачкан, төрт аягын тең баскан бар*** түзүлүшүндөгү сүйлөмдөр бирдей эле маанини туюндурат, сырткы түзүлүшүндө гана айырмачылык болот деп эсептешкенинен улам, эллиптикалык жана кыскартылган баяндоочтуу сүйлөм

деген жыйынтыкка келгендей. ... Мисалы, шарттуу түрдө, ***оозунан заарын чачкан бар, төрт аягын тең баскан бар*** түзүлүшүндө карасак, сүйлөмдүн синтаксистик-семантикалык мазмунунда ошондой жандыктын бардыгы тууралуу маалыматтык маани камтылат да, баяндоо иретинде айтылды. Ал эми ***оозунан заарын чачкан, төрт аягын тең баскан*** табышмагында жандыктын бар экендиги тууралуу эч кандай маалымат берилбейт, анын бар экендиги табышмакта мурдатан эле анык, бирок кандай жандык экендиги белгисиз. Ушуга байланыштуу аны атоо зарылдыгы туулат. Ошондуктан, атоо маанисиндеги табышмактын жаралышына шарт түзүлүп отурат. Кыскасы, бирөөндө маалыматтык маани, экинчисинде атоо мааниси туюндурулду. Натыйжада баяндооч катышкан табышмактарда анын көмүскө калтырылып колдонулушу мүнөздүү эмес [Дунканаев, 2016:40-41] Бул өңдүү ар кыл көз караштагы пикирлердин жаралышы сүйлөм тутумунда баяндоочтор айрым учурларда колдонулбай түшүп келет деген көз караштан келип чыгып отурат.

Кыргыз тилинин сүйлөм мүчөлөрүндө негизинен, төмөндөгүдөй маселелер илимий-теориялык багытта сыпаттоого алынган:

1. Баш мүчөлөр, алардын сүйлөм тутумундагы орду, сүйлөмдүн уюшулушунда зарыл элементтер катары каралышы, грамматикалык бөтөнчөлүктөрү, түзүлүшү, түрлөрү, алардын милдетин аткаруучу сөздөр.

2. Ээ менен баяндоочтун грамматикалык байланышын аныктоочу каражаттар, ээ менен баяндоочтун орун тартиптеринин өзгөчөлүктөрү, стилистикалык колдонулушу, баш мүчөлөрдүн милдетин аткарган сөздөр кандай мааниге ээ болушу, кандай грамматикалык формаларда турушу, өз ара синтаксистик катыш өзгөчөлүктөрү.

3. Ээнин табияты, сүйлөм тутумундагы аныкталышы, ар бир түгөйү лексикалык толук мааниге ээ болгон айрым сөз айкаштарынын ээлик милдет аткарышы алардын изафеттик байланышы.

4. Баяндоочтун табияты, сүйлөм тутумундагы аныкталышы, татаал баяндоочтук милдет аткарган сөздөрдүн топтору, татаал баяндооч

тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланыштыруучу грамматикалык көрсөткүчтөрү.

5. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү, сүйлөм мазмунундагы негизги милдеттери, сүйлөм маанисинин кеңишиндеги айкындык, тактык маанилеринин зарылдыгы, айкындооч мүчөлөрдүн баш мүчөлөргө карай катышы.

6. Айкындооч мүчөлөрдүн түрлөргө: аныктооч, толуктооч, бышыктооч болуп бөлүнүшү, алардын ар биринин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, түзүлүштөрү, түрлөрү, алардын милдетин аткаруучу сөздөр, байланышып турган сөзүн айкындоодогу мүнөзү, аларга карай маанилерди билдириши.

7. Түшүндүрмө мүчөлөр, алардын табияты, айкындооч мүчөлөрдүн өзгөчө бир түрү катары саналышы, кошумча мүчө деп да аталышы, түшүндүрмө мүчөлөлөрдүн сүйлөм ичиндеги өзгөчөлүктөрү, түрлөргө бөлүнүшү.

М.Мураталиев менен А.Турсуновдун бул эмгеги- синтаксистин маанилүү маселеси болуп саналган сүйлөм мүчөлөрүн кыргыз тили илиминде эң биринчилерден болуп өз алдынча сыпаттап териштирүүгө алган илимий монография. Сүйлөм мүчөлөрү аныкталмайынча, сүйлөм маеселесин чечүү мүмкүн эмес.

М.Мураталиевдин кыргыз тилинин синтаксисиндеги дагы бир олуттуу маселеге арналган, “Кыргыз тилиндеги тике жана кыйыр сөздөр” аттуу чакан эмгеги 1964-жылы жарыкка чыгат. Олуттуу деп атаганыбыздын жөнү бар. Тилде ар түрдүү конструкцияда уюшулган сүйлөмдөр колдонулат, алардын бир түрү төл жана бөтөн сөздөрдөн түзүлгөн сүйлөмдөр болуп саналат. Кепте алар түрдүү формалардагы сүйлөм түзүлүштөрү аркылуу ишке ашырылат. Оюбуз түшүнүктүү болсун үчүн, мисал келтирели:

1. Байыркы Римдик саясий ишмер, жаакта жок чечен Цицерон Марк Туллийдин мындай деп айтканы бар: “Турмуштун насаатчысы тарых”.

2. Академик Ч.Айтматов: “Элдик оозеки чыгармаларды философиялык,

эстетикалык, психологиялык, филологиялык жагынан терең жана комплекстүү изилдөө окумуштуулардын кезектеги милдети”, -деп айткан.

3. Кыргыз элинде көп түкүрсө көл болору жөнүндө айтылган макал бар.

Келтирилген 1- жана 2-мисалдар татаал сүйлөм түзүлүшүндө турат. Тырмакчага алынганы бөтөн сөздөн, тырмакчага алынбаганы төл сөздөн турган жөнөкөй сүйлөмдөр. 1-мисалдагы эки жөнөкөй сүйлөм биригип бир татаал сүйлөмдү, 2-мисалдагы экөө биригип, бир татаал сүйлөмдү уюштурду. Мындай сүйлөмдөрдү төл жана бөтөн сөздөн түзүлгөн сүйлөмдөр деп белгилеп жүрөбүз. Суроо туулат. Төл сөзбү, же төл сүйлөмбү? Бөтөн сөзбү, же бөтөн сүйлөмбү? Тактоо зарылдыгы бардай. 3-мисал болсо, жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндө турат да, бөтөн сөз 1-, 2- сүйлөмдөрдөгүдөй өзүнчө жөнөкөй сүйлөм катары эмес, бир гана сүйлөм мүчөсү, т.а., ажырагыс сөз тизмеги болуп саналган сүйлөм мүчөсү милдетин аткарып калды.Төл сөз менен бөтөн сөз биригип, бир эле жөнөкөй сүйлөмдү уюштурду. Албетте, М.Мураталиевдин аталган эмгегинен тартып, азыркы мезгилдеги кээ бир синтаксист эмгектерде деле, төл жана бөтөн сөздөрдөн түзүлгөн сүйлөмдөрдүн колдонуштары, ой билдирүүчү каражат катары каралышы, бөтөн сөздүн тике жана кыйыр болуп бөлүнүшү, төл сөз менен бөтөн сөздүн орун алуу тартиптери тууралуу айтылып келет. Бирок татаал сүйлөм тутумунда аларды синтаксистик категория катары кароого негиз болобу, экөөнүн ортосундагы синтаксистик ички байланыштары, маанилик өзгөчөлүктөрү азыркы кыргыз тили илиминде да толук териштирүүгө алына элек.

М.Мураталиев өзүнүн эмгегине чейинки китептердеги төл жана бөтөн сөздөргө токтолот. Кыргыз тилинде татаал сүйлөмдүн тутумунда колдонулуп, автордун оюн билдирүүчү компонент **төл сөз** деп, ошол эле сүйлөмдө кимдир бирөөнүн оюн билдирүүчү дагы бир сөз **бөтөн сөз** деп аталарын белгилейт. Автор сүйлөмдөгү бөтөн сөздүн колдонулуш өзгөчөлүгүн байкап, аны **тике сөз** жана **кыйыр сөз** деп атайт. Мында кимдир бирөөнүн ою дал ошол кимдир бирөө аркылуу билдирилсе, ал- **тике сөз,** кимдир бирөөнүн ою автор, же

сүйлөп жаткан адамдын өзү тарабынан колдонулса, ал- **кыйыр сөз** (7-б) . Маселен, “Жолдош Жапар, сизди он сегизинчи палатада жаткан бир жоокер чакырат”,- деди сестра келин. Мындагы, ***Жолдош Жапар, сизди он сегизинчи палатада жаткан бир жоокер чакырат*** деген сүйлөмдү М.Мураталиев тике сөз атайт. Ал эми: “Жапарды он сегизинчи палатада жаткан бир жоокер чакыргандыгы жөнүндө сестра келип айтты” [Мураталиев, 1964:88],- деп өзгөртүп, муну кыйыр сөз деп атайт. Автор эмгегинде тике жана кыйыр сөздөргө карата ушул сыяктуу мисалдарды келтирүү менен, аларга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү негиздүү далилдейт. Алардын ортосундагы сөздөрдүн (каратма, сырдык сөздөрдүн) катышуусу, грамматикалык белгилери, сүйлөмдүн табияты боюнча айырмачылыктарын схема менен көрсөтүп, төл сөзгө да токтолуп, аны сүйлөм ичиндеги дагы бир бөлүк катары тиешелүү милдет аткарган конструкция болорун көрсөтөт. Төл сөз менен бөтөн сөздүн ортосундагы синтаксистик байланыш кызматын аткаруучу **деп, деди, дейт** каражаттарынын милдетин белгилейт.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн грамматикалык табияты аны түзүп турган сөз формаларына, сөз айкаштарына, сүйлөм мүчөлөрүнө жана экспрессивдүү синтаксистик каражаттарга, алардын ортосундагы байланышка, байланыштын түрлөрүнө, сүйлөм мүчөлөрүнүн мамиле-катыштарына негизделсе, татаал сүйлөмдөр өзүнүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн интонациялык, маанилик жана грамматикалык жактан өз ара тыгыз байланыштуулугуна негизделери белгилүү. Төл жана бөт сөздөр жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндө да колдонулуп, белгилүү бир өзгөчө ыкмада уюшулган сүйлөмдөрдү шарттайт. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы төл жана бөтөн сөздөр (тике жана кыйыр сөздөр) өз ара маанилик жактан биригип, органикалык бир бүтүндүктү жаратуу менен, алар жанаша айтылган жөнөкөй сүйлөмдөрдү, же болбосо, сүйлөм ичинен сүйлөм жаратуу ыкмасында уюшулууну гана шарттабастан, ар кыл маанилик түрлөрдү да билдирерин М.Мураталиев аныктайт. Автордун сөзү, тике сөз жана кыйыр сөз катышкан сүйлөмдөрдүн табиятынан толуктооч

багыныңкы сүйлөм, мезгил багыныңкы сүйлөм, себеп багыныңкы сүйлөм, шарттуу багыныңкы сүйлөм маанисиндеги сүйлөмдөрдү бөлүп көрсөтүп, алар менен катар, төл сөз жана бөтөн сөздүн ортосундагы багыныңкы катыштын дагы бир түрү деп **орток** сүйлөмдөрдү көрсөтөт.

М.Мураталиев бөтөн сөздү **тике** жана **кыйыр** сөз деп экиге бөлүү менен, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн так белгилейт. Биздин түшүнүгүбүздө алар төмөндөгүлөр:

а) Кыргыз тилиндеги **деп, деди, деген, дегендей, дечү, дешчү, дептир, мындай дейт, десе** сыяктуу жана башка формалардагы баяндагыч сөздөр сүйлөөчүнүн оюн билдирет.

б) Бул **деп, деди, деген, дегендей, дешчү, дептир, десе** этиштик баяндагыч сөздөрү катышкан сүйлөмдөрдө тике жана кыйыр сөздөрдүн катышкандыгы ачык-айкын билдирилип турат.

в) Тике сөз менен кыйыр сөз катышкан сүйлөмдө -ойду билдирүүнүн өзүнчө бир ыкмасы. Алар катышкан сүйлөмдөр белгилүү бир таасирдүүлүккө ээ болуп турат. Ошондуктан алар кепте активдүү колдонулуп турат.

г) Тике жана кыйыр сөздүү сүйлөмдөрдө багыныңкы жөнөкөй сүйлөмдөр салыштырмалуу көп колдонулары байкалат. Алардын айрым түрлөрү байыркы эстеликтерде колдонулгандыгын эскерткен.

1961-жылы М.Мураталиев “Кыргыз тилиндеги тике жана кыйыр сөздөр” деп атайын илимий эмгек жаратса, андан бери 60 жыл өтсө дагы, кыргыз тили илиминде төл жана бөтөн сөздөрдү ар тараптуу кеңири изилдөөгө алган атайын эмгек жаралган жок. Окуу китептеринде гана, кыскача маалыматтар мисалдары менен берилип жүрөт.

Кыргыз тилинин синтаксистик материалдарынын ичинен эң алгач сүйлөм обьектиси колго алынып, анын сүйлөмдүк табияты, айрым мүнөздүү белгилери, уюштуруучу каражаттары тууралуу жалпы түшүнүктөр, маалыматтар, аныктамалар берилгендигин, андагы теориялык түшүнүктөр, көбүнчө, көнүгүүлөр, тексттик материалдар менен коштолгондугун 20-40-

жылдар аралыгындагы мектеп грамматикалары көрсөтүп турат. Синтаксистик материалдар окуу китептерине, окуу куралдарына ылайыкташтырылып, аларга карата атайын илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Бул көрүнүштү азыркы бийиктиктен туруп сындоо эч бир логикага туура келбейт, тескерисинче, мезгил шартына жараша баалообуз керек.

1950-жылдардан кийинки кыргыз синтаксисинин абалы илимий-теориялык көз караштардын, илимий чөйрөнүн калыптана баштагандыгынан кабар берет. Жогоруда биз сөз кылган А.Жапаровдун “Кыргыз тилинин грамматикасы” (1951, 1959) “Азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын грамматикалык структурасы” (1955), К.Сартбаевдин “Азыркы кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксисинин негизги маселелери” (1953) докторлук диссертациясы, “Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси” (1957), М.Мураталиевдин “Кыргыз тилиндеги мезгил жандама сүйлөмдөр” (1956), “Кыргыз тилиндеги тике жана кыйыр сүйлөмдөр” (1964), А.Турсунов менен бирдикте жазган “Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү” (1961), Ы.Жакыповдун “Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси” (1958) эмгектери мунун ачык-айкын далили болуп турат.

1964-жылы проф. А.Жапаровдун “Азыркы кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн баш мүчөлөрү” деген илимий-теориялык негиздеги фундаменталдуу эмгеги жарык көрүп, кыргыз синтаксис илимин дагы бир тепкичке көтөрүп койду. Бул жылдары кыргыз элинин экономикасынын, маданиятынын интенсивдүү өнүгүшү менен, анын адабий тилинин коомдук кызматы да кеңейип, адабий тил коомдук-социалдык, экономикалык, саясий-маданий турмушунун ар түрдүү тармактарында ар кандай максаттарда өтө кеңири колдонула баштайт. Жазма адабий тилди натыйжалуу жогорулатуу максатында анын нормаларын бир калыпка салып жазып чыгуу жана орфоэпиялык, орфографиялык, стилистикалык өнүгүшүн камсыз кылуу күч алат. Ушундан улам, тилдин лексикалык, морфологиялык, синтаксистик каражаттарын адабий тил тейлеп турган ар бир тармактын өзгөчөлүгүнө ылайыктап пайдалануу зарылчылыгы

келип чыгат. Муну кылдат баамдаган проф. А.Жапаров кыргыз адабий тилинин өнүгүшү коомдук зарылчылык деп билип, анын тазалыгы үчүн күрөш жүргүзгөн. Тилдин тазалыгы, анын нормасын сактоо, баарыдан мурда, сүйлөмдөрдүн туура түзүлүшүнө көз каранды болот. Ошондуктан, А.Жапаров сөздөр тилдин грамматикалык законуна ылайык сүйлөмгө бириккенде гана, сүйлөмгө айланганда гана, пикир алышуу ишин тейлеп, коммуникативдик каражатка айланарын, сүйлөмдүн туура түзүлүшүндө анын структурасын, сүйлөм түзүүчү сөздөрдүн, сөз айкаштарынын грамматикалык байланыштарын, синтаксистик катыштарын өздөштүрүү чоң роль ойнорун баса белгилеген. Анын кыргыз тилинин синтаксисине тиешелүү бардык маселелерге, айрыкча, сүйлөм окуусуна көңүл буруп, илимий-теориялык аспектиде терең изилдөөгө алышы, натыйжада фундаменталдуу эмгектерди жаратышы, бир жагынан, кыргыз тилинин синтаксисин калыптандырууга жана өнүктүрүүгө зор салым кошсо, экинчи жагынан, кыргыз тилчи илимпоздорунун ана башында турган зор окумуштуу катары таанытты.

Ошентип. 60-жылдар ичинде кыргыз тилинин синтаксиси боюнча сүйлөм мүчөлөрүнө арналган эки илимий изилдөө жарык көрөт. Бири М.Мураталиев менен А.Турсуновдун 1961-жылы чыккан “Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү” болсо, экинчиси, А.Жапаровдун “Азыркы кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн баш мүчөлөрү” монографиясы 1964-жылы жарык көрөт. Негизинен, бир эле обьектини териштирүүгө алган илимий изилдөөлөрдүн жаралышы ал маселенин ар тараптан кеңири каралышына, такталышына, аныкталышына жол ачат. Коюлган маселенин маңызынын аныкталышы бир эле эмгекке байланып, бир эле эмгек менен чектелип келбей, ал ар түрдүү көз карашта, ар тараптуу изилдөөгө алынса, ошол илимдин өнүгүшүнөн кабар берет. Ошондой болсо да, бул эмгектердин аталыштары айтып тургандай, биринде сүйлөм мүчөлөрүнүн бардыгы камтылса, экинчисинде сүйлөмдүн баш мүчөлөрү гана иликтөөгө алынат. Шарттуу түрдө салыштырып көрөлү. Сүйлөмдүн ээсин, баяндоочун, аныктоочун, толуктоочун, бышыктоочун

изилдөөгө арналган эмгек 145 бетти түзүп турса, сүйлөмдүн ээси менен баяндоочун изилдөөгө алган эмгек 272 беттен турат. Бул салыштырууну кыргыз тилинин синтаксис маселелеринин улам барган сайын тереңдетилип изилденип жатканына мисал катары гана келтирдик.

А.Жапаров монографиясынын башында эле синтаксистин негизги обьектиси болуп саналган сүйлөмгө маани берип, анын калыптаныш маселелерине токтолот. Сүйлөм жөнүндөгү окууга карата жекече көз караштарын билдирет. Ошол мезгилде орчундуу маселе катары каралып жаткан кыргыз адабий тилинин нормалары, тилдин тазалыгы тууралуу сөз кылат.

Сүйлөм ар түрдүү синтаксистик милдет аткарып турган сөздөрдүн катышынан турат, алардын бардыгы өз ара маанилик катышта тургандыктан, сүйлөмдүн жалпы диалектикалык биримдүүлүгү түзөт. Сүйлөм ичинде турган, сүйлөм деген түшүнүктү шарттоочу синтаксистик категориялар сүйлөм мүчөлөрү болуп саналат. Сүйлөм тутумундагы бул синтаксистик категориялардын бардыгынын эле табияты, аткарган милдети бирдей болбойт. А.Жапаров ушул жагдайды терең түшүнгөндүгүн китептин жалпы мазмуну ырастап турат. Сүйлөмдүн составдык бөлүктөрүн түзүп, сүйлөм табиятынын жаралышында башкы милдетти аткарып, сүйлөмдүн уюткусун уюштуруп турган **ээ** менен **баяндооч** негизги синтаксистик категориялар болуп саналат. Ошондуктан, А.Жапаров сүйлөм ээсинин негизги мүчө катары таанылышын, сүйлөмдөгү ордун, анын милдетин аткаруучу сөздөрдү, сүйлөм ээсинин атоо, белги, абал, белгисиз, белгилүү, сан, сапат, активдүү жана пассивдүү, кыймылдын аты сыяктуу көптөн маанилерди билдириши, ээнин түзүлүшү, түрлөрү; баяндоочтун мазмуну, мааниси, формасы, составы, жасалышы, абалды, аракетти, белгини билдириши, баяндоочтун көп түрдүү белгилерге ээ болушу сыяктуу маселелеринин аныкталышында бул багытта илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн А.Н.Кононов, Н.К.Дмитриев, В.А.Гордлевский, С.Кудайбергенов, К.Дыйканов, Н.Ф.Котонов, З.И.Катанов, З.И.Будагова,

А.С.Сафаев, Н.П.Дыренкова, М.Б.Балакаев, К.Гренбек, К.Брокельман, Г.И.Кисслинг өңдүү окумуштуулардын эмгектериндеги көз караштарды, теориялык ойлорду келтирет, алар менен салыштырат, жекече көз караштарын билдирет жана жыйынтыктарды чыгарат. Мындай ыкмадагы илимий изилдөөнүн жүргүзүлүшү А.Жапаровдун монографиясынын илимий деңгээлин бир топ эле жогорулатып койгон.

Баш мүчөлөрдү конкреттүү териштирүүгө алуудан мурда, адегенде, жалпы эле сүйлөм мүчөлөрүнө токтолот. Мында эмгектин системалуу престбиримдигин түзүү максаты коюлган. Сүйлөмдү мүчөлөштүрүүдө алардын структурасы такталат. Сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык-синтаксистик милдеттерин көңүл борборунда кармоо сүйлөмдү мүчөлөштүрүүдө башкы мааниге ээ болот. Сүйлөм мүчөлөрү бир сөздөн да, эки, же андан ашык сөздөн да, маани бербөөчү сөздөр менен айкашта турушу да мүмкүн жана алардын аныкталышы түздөн-түз суроолордун берилишине көз каранды болбойт. Сүйлөм тутумундагы сүйлөм мүчөлөрүнүн функционалдык кызматы алардын баш мүчөлөр жана айкындооч мүчөлөр болуп бөлүнүшүнө алып келген.

Сүйлөмдүн ээсине арналган бөлүмдөрдө ээнин табияты, баяндооч менен байланышта болушу, функциясы, туюндурган маанилери ж.б. териштирүүгө алынган. Кандайдыр бир оюбузду айтканыбызда, бир нерсе жөнүндө, окуя, кубулуш, көрүнүш жана башка толуп жаткан нерселер тууралуу сөз болору шексиз. Сүйлөмдөгү сөз болгон дал ушул нерселер ээнин табияты, касиети, түшүнүгү менен шартталгандыгы белгиленет. Ээнин табияты анын милдетин аткарып жаткан сөздөрдүн атоо маанисинде болушу, сөз болуп жаткан нерселердин, жактардын аттары катары келиши, баяндооч мүчө менен тикелей катыш бөтөнчөлүгү менен аныкталат. Ээнин туруктуу грамматикалык формасы катары атооч жөндөмөсүндө турушу, сүйлөм тутумунда көз карандысыз абалда болушу анын негизги көрсөткүчү болуп саналат. Булар ар кыл сүйлөм түзүлүшүндөгү мисалдар менен ишенимдүү далилденген.

Сүйлөмдүн баяндоочу бөлүмүндө ээ сыяктуу эле, баяндоочтун грамматикалык ар кыл табияты каралат. Баяндооч мүчө ээге көз каранды абалда болуп, анын кыймыл-аракетин, абалын, кимдигин, эмнелигин, сандык, сапаттык, сыпаттык белгилерин көрсөтүүчү мүчө. Ээ менен баяндоочтун катышы сүйлөмдү түзөт. Ошондуктан, баяндоочтун көп түрдүү маанилери аякталгандыкты, жыйынтыкталгандыкты билдирүү менен сүйлөм табиятын шарттап турат. Эмгекте баяндоочтун грамматикалык формаларына да өзгөчө көңүл бурулуп, кеңири сыпаттоого алынган.

Мындан соң, 1965-жылы проф. Ы.Жакыповдун кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмдөрдүн синтаксисине арналган кийинки китеби чыгат. Китеп “Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксистик түзүлүшү” деген ат менен чыгып, педагогикалык окуу жайларынын студенттери үчүн жазылган эле. Автор I главада сүйлөмдүн эртеги абалына, тарыхый мүнөзүнө, калыптаныш жолуна токтолот. Муну V-VIII кылымдарга таандык түрк эстеликтериндеги жазууларга таянып, андагы жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндөгү үлгүлөр аркылуу сүйлөм өнүгүшүнө анализ жасаган. Чындыгында, байыркы түрк жазма эстеликтериндеги сүйлөмдөр жөнөкөй түзүлүштө уюшулгандыгы ачык байкалып турат. Түрк элдеринин сүйлөм курулуштарынын тарыхый абалына саресеп салууга эң мыкты материалдар болуп бере алат. Андан соң, жалпы эле түрк тили илиминин синтаксисинин Октябрь революциясына чейинки изилденишинен маалымат берет. Кыргыз тилинин синтаксиси, анын жөнөкөй сүйлөм маселеси 1925-жылдан башталарын белгилейт. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында кыргыз тили боюнча кандай окуу китептери түзүлгөндүгү, алардын сандык көрсөткүчтөрү берилет. Кыргыз тилинин синтаксисине биринчилерден болуп кайрылышкан К.Тыныстанов, А.Шабданов өңдүү агартуучулардын ысымдарын Ы.Жакыпов эмнегедир атабайт. Мунун себебин проф. С.Ибрагимов мындай деп адилет белгилейт: “Ы.Жакыпов 1925, 1931-жылдары чыккан алиппе китептери “Биздин тил” (кыргыз тилинин синтаксиси) сыяктуу окуу китептерин санап өтүп,

авторлордун атын атабагандыгы дагы эле (1965-жылдары) өткөндөгү шейит кеткен “улутчул” кыргыз уулдары Э.Арабаев, К.Тыныстанов, А.Шабдан уулу ж.б.агартуучулардын атын атоого салынган тыюу алынып салына электиги жөнүндө айтып турат. Болбосо, ушул эмгегибиздин башында аталган “улутчул”, “эл душманы” болгон кыргыздын чыгаан, илимпоз агартуучуларынын эмгеги бүгүн атоого жана алкоого татыктуу экендигин ким танат? Калыбы, ушул себептен болуу керек Ы.Жакыпов А.Шабдан уулу, К.Тыныстанов түзгөн синтаксис боюнча окуу китептерин атабай, түз эле 1940-жылы чыккан Т.Актановдун синтаксис боюнча окуу китебин алгачкы синтаксисттердин көрүнүктүүлөрүнүн бири деп көрсөтөт [Актанов, 1940:17]. Албетте, бул агайыбыз Ы.Жакыповдун чекилиги эмес, ал киши өз доорунун, тоталитардык замандын, идеологиялык жактан Лениндин улут саясатын бурмалаган идеологиялык үстөмдүктүн жараны эле” [Жакыпов, 2001:91] Ы.Жакыпов кыргыз синтаксисинин абалын мүнөздөп келип, жөнөкөй сүйлөм табиятын териштирүүгө алат.

Синтаксисте пикир алышуу каражатынын эң кичине бирдиги катары сүйлөм эсептелет. Кеп процессинде сүйлөм зарыл каражат катары маанилүү роль ойнойт. Анткени кандай гана сүйлөм болбосун, обьективдүү дүйнөдөгү болуп жаткан, болуп өткөн, боло турган чындык жөнүндө кабар берет. Сүйлөмдө катышып турган сөздөр, синтаксистик категориялар канчалык көп түрдүү болсо, сүйлөм түзүлүшү да ошончолук көп кырдуу болот, ошончолук маани бөтөнчөлүктөргө ээ болуп турат. Анын түзүлүшү, уюшулуш жолдору, спецификасы, түрлөрү ушулардын негизинде аныкталат. Ы.Жакыпов эмгегинде ушул жагдайды эске тутуп, сүйлөмдүн уюшулушундагы интонациянын синтаксистик кызматын көрсөтөт. Сүйлөмдүн аякталышы, модалдык табияты, эмоциянын билдирилиши ж.б. маселелер интонацияга байланыштуу болорун туура белгилеген. Ал эми сүйлөм табиятындагы туруктуу кырдаалдык белгилер катары, сүйлөмдүн салыштырмалуу бүткөн ойду билдириш керектиги, грамматикалык ирээттүүлүк, ээ менен баяндоочтун

катышыш зарылдыгы, эгер сырдык сөз, жардамчы сөз катышса, баш мүчөлөрдүн керектелбестиги, интонация менен сөздөрдүн орун тартиби белгиленген. Мындагы грамматикалык ирээттүүлүктүн болушуна, интонацияга каршылык жок. Сүйлөмдүн калган белгилери туруктуу болбой калышы толук ыктымал.

Сүйлөм табиятын дагы тереңдетип ачып берүү үчүн, аны кадыресе сөз айкашы менен тең катар коюп, “Сүйлөм кадыресе сөз айкашынан айырмалуу” деген темада берген. Маселенин мындайча коюлушу анча ынанымдуулукту, орундуулукту жарата койбойт. Аларды түзүлүшү боюнча салыштырууга болот, бирок алардан кепте, тилде аткарган кызматтары таптакыр башка, экинчи жагынан, кадыресе сөз айкашы сөз сыяктуу эле сүйлөмдүн курулуш материалы болуп саналат. Бул пикирибиз, Ы.Жакыповдун “Сүйлөм да жана кадыресе айкындооч менен айкындалуучу сөздөрдүн өз ара айкалыштары да тилдик фактыларда, речтерде катышып, байланыш-катышка кызмат кылат жана синтаксисте башкы ролду ойнойт”, - [Жакыпов, 2001:43] деген сыяктуу түшүнүктөрүнөн улам келип чыкты. Маселен, **кызыл алма, жакшы окуучу, шаардык бала, бүгүн келүү, тоого чыгуу, мыкты ой жүгүртүү, Ысык-Көлгө жөнөө** кадыресе сөз айкаштары, адегенде сүйлөм карамагына түшмөйүнчө, кепте байланыш-катыштык кызматты аткара албайт, алар ушул калыбында сөз сыяктуу эле атоо функциясын аткарып жатпайбы. Негизинен, мындай айрым мүчүлүштүктөр эмгектин жалпы мазмунун жокко чыгара албайт.

Буга удаа эле, 1966-жылы А.Жапаровдун “Азыркы кыргыз тили” китеби жарыкка чыгат. Кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөм маселесине арналган бул көлөмдүү эмгек кыргыз тилинин сүйлөм маселесинин такталышында зор эмгек аткарды. Автордун бул гана эмгеги эмес, кыргыз синтаксиси боюнча жазган бардык эмгектери өзгөчө орунда турат. Кыргыз тили коомчулугу муну танбайт. Ошондой болсо да, С.Ибрагимовдун бул китеп тууралуу: “Бирок бул китептин артыкчылыгы атайын илимий монография катарында, сүйлөм жана

анын баш мүчөлөрү жөнүндөгү маселени кыргыз тилинде, кыргыз тили илиминде биринчи жолу илимий негизде иштеп жана өзүнчө эмгек катары коомчулуктун сынына таштаганында”,- [Ибрагимов, 2001:99] деп айтканына кошулууга болбойт. Мында **сүйлөм жана анын баш мүчөлөрү жөнүндөгү маселе кыргыз тили илиминде биринчи жолу илимий негизде иштелгендиги** баса белгиленип отурат. А.Жапаровдун бул эмгегине чейин эле, кыргыз тили илиминде жөнөкөй сүйлөм маселесине карата Ы.Жакыповдун (1958), кошмо сүйлөм маселесине карата К.Сартбаевдин (1957), Сүйлөм мүчөлөрү боюнча М.Мураталиев менен А.Турсуновдун (1961), ал гана эмес, баш мүчөлөр боюнча А.Жапаровдун (1964) атайын эмгектери жарык көргөн. Алар деле илимий негизде жазылган эмгектер болуп саналат.

Китеп **Азыркы кыргыз тили. Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси II бөлүк** деп аталганы менен, кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнө тиешелүү маселелердин бардыгы камтылган эмес. Китеп үч бөлүктөн турат: I бөлүктө сүйлөм жөнүндө окуу, сүйлөмдү мүчөлөштүрүү; II бөлүктө сүйлөм ээси, анын түзүлүшү жана маанилери, ээнин милдетин аткаруучу сөздөр; III бөлүктө сүйлөмдүн баяндоочу, түзүлүшү, анын милдетин аткаруучу сөздөр, баяндоочтун ээни билдирүү маанилери, баш мүчөлөрдүн байланыш түрлөрү маселелери изилденген. Бул үч бөлүк 344 бет көлөмүн ээлеп турат. Ушунун өзү эле, коюлган маселелердин канчалык деңгээлде изилденгендигин билдирип турат.

Баш мүчөлөр сүйлөмдүн уюткусун түзүп турары белгилүү. Ушул шартта, ээ менен баяндооч өз ара биримдүүлүктү уюштуруу менен, өздөрүнө тиешелүү синтаксистик милдеттерге ээ. Алар менен катар, айкындооч мүчөлөр жана сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр да сүйлөмдүн материалдык формасы болуп эсептелет. Буларды, т.а., сүйлөм мүчөлөрүн, сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү сүйлөмдү шарттап туран жекеден-жеке белгиси, формасы деп түшүнүүгө болбойт. Сүйлөмдүн коммуникативдик милдети, андагы катышкан тилдик каражаттардын грамматикалык ырааттуулукта келиши

сүйлөмдөгү кандайдыр бир туюндурулган ойдун бүтүшүн тыянактап турган, ошондой ойду жараткан, шарттап турган интонациянын катышына да байланыштуу болот. А.Жапаров ушул көз карашты карманып,бул китебинде интонациянын милдетине да басым жасайт. Адамзат коомунун, өндүрүштүн улам барган сайын өнүгүшү менен бирге, ой жүгүртүүнүн, сүйлөмдүн да мүнөздүү касиетке, маанилерге ээ болуу жөндөмдүүлүгү артып, ар кыл сүйлөм конструкциялары пайда болуп, жаңы-жаңы формаларга ээ болуп өнүгүп отурган сыяктуу, интонация да сүйлөм менен бирдикте ар тараптан өнүгүп, ар кыл табияттагы бөтөнчөлүктөргө ээ болот. Сүйлөм типологиялык жактан жана модалдык маанилери боюнча канчалык көп түрдүү болсо, ошончолук эле сандагы, сапаттагы интонациялык бөтөнчөлүктөр да кошо өнүгүп, кошо калыпташкан. Дайыма сүйлөм менен интонациянын ортосунда ажырагыс биримдүүлүк, шайкештүүлүк пайда болгон. Автор жөнөкөй сүйлөмдөрдө бир түрдүү, татаал сүйлөмдөрдө дагы бир башка түрдөгү интонациянын болушу, же болбосо, жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдө дагы өзгөчө-өзгөчө мүнөздөрдөгү интонациялардын катышы интонациянын мына ошол өнүгүш, калыптаныш процессинин натыйжасы, жыйынтыгы, көрүнүшү, көрсөткүчү деп эсептейт да, көптөгөн мисалдар менен далилдеп берет.

Эмгекте ошондой эле, сүйлөм мүчөлөрүнүн негизи, формасы, составы, түрлөрү, алардын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табияты, суроо берүү аркылуу сүйлөм мүчөлөрүн ажыратуу ыкмаларына кеңири орун берилет. Сүйлөм мүчөлөрүнүн ичинен ээге карата оригиналдуу көз карашы кызыгууну жаратпай койбойт. Окумуштуу баш мүчөлөрдүн табияты жана аларды аныктоодогу мурдатан белгилүү болгон принциптерди, критерийлерди жокко чыгарбайт. Аларды бул эмгегинде да, мурдагы эмгектеринде да бекемдеп келген. Маселен, сүйлөм ээсинин атооч жөндөмө формасында турары анык, бирок айрым шарттарда, ээнин түзүлүшү илик, барыш жөндөмөсүндөгү аракет кылуучу жактар жана жатыш жөндөмөдөгү логикалык субъект катары келиши жөнүндөгү оригиналдуу ойлорун жаңылык

деп эсептөөгө болот. Жеке пикирибизде, А.Жапаровдун ээнин түзүлүшүндөгү бул чындыгын салттуу синтаксистин алкагында эмес, сүйлөмдүн структуралык-семантикалык аспектисинде так аныктоого болорун кийинки мезгилдердеги изилдөөлөр көрсөтүп отурат. Демек, А.Жапаров кыргыз тили илиминин структуралык-семантикалык багытына үрөн таштаган. Ээнин сүйлөм тутумунда катышуусунун зарылдыгы жогу, жактуу, жаксыз сүйлөм түрлөрү жана баяндоочко карата айтылган айрым ойлору сүйлөмдү структуралык-семантикалык өңүттө изилдөөгө түрткү берет.

3.3. 1970-жылдардагы синтаксис илиминин маселелери.

70-жылдар ичинде кыргыз тилинин синтаксиси боюнча жарык көргөн Д.Майрыков, Ы.Жакыпов, М.Мураталиевдердин “Кыргыз тилинин грамматикасы” II бөлүк, Синтаксис (1971), Ы.Жакыпов, Д.Майрыков, Б.Өмүралиев, С.Үсөналиевдердин “Кыргыз тили”. Синтаксис (1973), Ы.Жакыповдун “Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси” (1975), А.Имановдун “Эки составдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартиби” (1976) , А.Турсуновдун “Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары (1976), “Кыргыз тилиндеги этиштик сөз айкаштары” (1978), А.Жапаровдун “Кыргыз тилинин синтаксиси” (1979), С.Гапаровдун “Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү” (1979) эмгектерин атоого болот. Ушул эле мезгил аралыгында кыргыз тилинин синтаксистик материалдарын салыштырып изилдөө багытында Р.Чойбеков “Азыркы немец тилиндеги жаксыз сүйлөмдөр жана алардын кыргыз тилиндеги эквиваленти” (1973), К.Умаров “Подчинительные союзы немецкого языка и их функциональные соответствия в киргизском языке” (1973), Н.К.Исраилова “Сложносочиненные предложения в современном английском языке и их соответствие в киргизском языке (1975), К.Жумабаев “Сложносочиненные предложения с придаточными времени и причины в современном немецком языке и их соответствия в киргизском языке” (1978) аттуу темаларда, ал эми, С.Ибрагимов “Структурно-вероятностный анализ

синтаксических отношений киргизского языка и их функционирования в речи” (1975) деген темаларда кандидаттык диссертацияларын жакташкан. Кыргыз тилинин синтаксисинин калыптанышында бул эмгектердин да өз ордулары бар.

Орто мектептин VII-VIII класстары үчүн жазылган Д.Майрыков, Ы.Жакыпов, М.Мураталиевдердин синтаксиси (бул китеп көп ирет басылып чыккан) менен педагогикалык окуу жайларынын студенттери үчүн жазылган Ы.Жакыпов, Д.Майрыков, Б.Өмүралиев, С.Үсөналиевдердин синтаксисинин ортосунда айырмачылык деле жок. Негизинен, экөөндө тең синтаксистик маселелердин козголушу бирдей. Бирөө мектептер үчүн, бирөө педагогикалык окуу жайы үчүн жазылып жаткан соң, андагы синтаксистик окуу окуучу менен студенттин жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылышы керек эле. Бул эки китептин жалпы мазмундары жана түзүлүштөрү дээрилик бирдей болгондугуна байланыштуу, аларды сапаттык жылышуу даражалары боюнча эмес, сандык көрсөткүч катары мүнөздөөгө болот. Дегеле, кыргыз тилинин синтаксисинде сүйлөм бүткөн бир айрым ойду билдирет, синтаксистин обьектиси болуп саналган эркин сөз айкашын жалпы эле сөз айкашы түшүнүгү менен кароо сыяктуу маселелер азыркы күнгө чейин мектеп грамматикаларында гана эмес, жогорку окуу жайлары үчүн жазылган окуу куралдарында да колдонулуп жүргөндүгү байкалат.

Ы.Жакыповдун “Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси” (1975) педагогикалык жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралында сүйлөм, анын айтылыш максатына жана түзүлүшүнө карай бөлүнүштөрү, сөз айкашы, сүйлөм мүчөлөрү, сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартиби, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр, татаал сүйлөм, анын түрлөрү, төл жана бөтөн сөз маселелери каралган. Эмгектин жалпы көлөмү 178 беттен туруп, анын 14 бети гана сөз айкашына арналган. Сөз айкашы маселеси: Жалпы түшүнүк, Сөз айкашынын түрлөрү жана Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышуу жолдору деген

параграфтардан турат да, алар өтө кыскача берилген.

Ар бир сүйлөм адамдын оюн калетсиз билдиргени менен, ал ойдун нак өзү эмес, ойдон айырмалуу. Маселен: Ой- обьективдүү чындыктын чагылышы, ар кандай ой жүгүртүүнү байкатып анын ырасталышын же такталышын ашкерелейт. А ойдун тилде түзүлгөнү менен бекемделе, биротоло жашаганынын өзү –сүйлөм . Бирок булар өз ара органикалык байланыштуу. Атап айтканда, сүйлөм –ойду бекемдөөчү тилдик каражат, белгилүү системага келтирет. Экинчиден, ойдун өзү сүйлөм аркылуу башкаларга айтылып баяндалгандай эле, бирөөлөрдүн ою да сүйлөм аркылуу гана түшүнүктүү болот. Мына ошол каражаттын негизиндеги ой менен акыл-эстин ийгиликтери грамматикалык категориялар аркылуу бекемделип, ишке ашат жана түбөлүккө сакталууга жетишет [Жакыпов, 1975:3] деп, адегенде эле, сүйлөм табиятына башкача өңүттөн кароого аракет жасап, аны ой менен байланышта берет. Мурдагы “сүйлөм бүткөн бир айрым ойду билдирет” аныктамадан четтеп, сүйлөм –ойду бекемдөөчү каражат экендигин, белгилүү системага келтирерин айтып келип**, сүйлөм**, ушинтип, ***тыянактуулугу боюнча относителдүү*** (бир чем) ***бүткөн ойду билгизип, сезим менен эркти байкатат*** (6) деп белгилейт. Аны ***сүйлөм речтеги бир бөлүкчө, ой-пикирди байкатып жана ишке ашыруунун көрсөткүчү, грамматика-интонациялык маанилүү жана сөздөрдүн тизмегинен түзүлөт, учурунда ойлоонун өнүгүп-өсүшү менен байланыштуу*** (6) деп мүнөздөйт да, жыйынтыгында, “сүйлөм бүткөн бир айрым ойду билдирет” деген атактуу аныктамадан ашып түшпөгөн: “***Тыянактуу бүткөн бир ойду билгизүүчү сөз, же өз ара грамматикалык байланыштагы сөздөрдүн тизмеги сүйлөм деп аталат*** (6) деген аныктамасын берет. Кандай болгон шартта да, Ы.Жакыповдун жогорку окуу жайларына арналган бул эмгеги сүйлөмгө, сүйлөм мүчөлөрүнө, бир өңчөй мүчөлөргө, алардын орун тартиптерине, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүнө, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөргө жана татаал сүйлөм, алардын түрлөрүнө карата, кийинки

талаптарды эске алуу менен, илимий-теориялык мүнөздө териштирүүгө алышы кубаттоого арзыйт.

Буга чейинки изилдөөлөрдө, окуу китептеринде, окуу куралдарында синтаксиске тиешелүү маселелердин бардыгы тең камтылып, териштирүүгө алынып калды деп жыйынтык чыгарууга эч негиз жок. Тилдик өнүгүүлөрдөн жана байкалган жаңы түшүнүктөрдөн улам, дагы бир маселелердин жаралып турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Кыргыз тилинин синтаксисинде атайын изилдөөгө алына элек материалдар арбын эле. Алардын бири катары, сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн орун тартибине байланышкан синтаксистик категорияны көрсөтүүгө болот. Бул маселени атайын иликтөөгө алган окумуштуулардын бири А.Иманов болуп саналат. Анын тилчи мугалимдерге жана жогорку окуу жайынын студенттерине арналган “Эки составдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартиби” аттуу эмгеги 1976-жылы жарыкка чыгат. Мында Ээ менен баяндоочтун сүйлөмдө алган орду, Айкындооч мүчөлөр менен аларды багындырган сөздүн (айкындалгычтын) орун тартиби, Аныктооч менен аныкталгычтын орду, Бышыктооч жана аны багындыруучу сөздүн орду, Толуктооч жана толукталгычтын орду, Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн орду деген темалардагы маселелер каралат.

Тилде сөздөрдүн жана анын грамматикалык формаларынын, сөздөрдүн сүйлөм ичиндеги жана сөз айкаштарындагы тизмектелишинин белгилүү бир нормалары болот. Ошондуктан алардагы сөздөрдүн орун тартиби илимий жактан изилдөөнү талап кылат. Эмгектеги негизги максат сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибине байланыштуу кыргыз тилинин структуралык маселелерин изилдөө, сөздөрдүн орун тартибин аныктоо, сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибине таасир кылуучу факторлорду белгилөө, сөздөрдүн орун тартибинин кыргыз тилиндеги функцияларын жана принциптерин аныктоо болуп саналат.

Кыргыз тилиндеги жалаң сүйлөмдөрдө баш мүчөлөр өз ара жайланышып, орду бири-бирине карата аныкталарын, ал эми жайылма сүйлөмдөрдө алардын

жанаша, же обочо орун алышы тигил, же бул баш мүчөгө багынычтуу болгон айкындооч мүчөлөрдүн түзүлүшү жана аны менен байланыштуу болорун, анткени жайылма сүйлөмдөрдө айкындооч мүчөлөрдүн колдонулушу жана талап кылынышы дайыма бирдей эместигин белгилейт. Автор кыргыз тилинде сүйлөмдүн баяндоочу сүйлөмдүн акырынан орун алып, анын бүткөн чегин билдирип, айтылуучу ойду жыйынтыктап турушу –сүйлөмдүн структурасын түзүп турушу дейт. Ошондуктан А.Иманов сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби сүйлөмдүн структурасы менен байланыштуу болот, баяндооч дал ошол сүйлөмдүн структурасын түзүүчү башкы мүчө деп эсептеп, сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибин аныктоодо баяндоочко, анын түзүлүшүнө, кайсыл сөз түркүмүнөн экендигине көбүрөөк таянуу зарылдыгын белгилейт. Ошондой эле, айкындооч мүчөлөр сүйлөм тутумунда баш мүчөлөргө карата негизделерин, анткени, алар баш мүчөлөрдүн бирине багынып турарын көңүл борборуна түйүү менен, алардын сүйлөм тутумундагы алган ордуна жараша милдеттерге ээ болорун ынанымдуу далилдер менен көрсөткөн. Аныктооч, толуктооч, бышыктоочтордун сүйлөм тутумундагы милдеттерин кайсы сөз түркүмдөрү аткарып турат жана ал сөздөрдүн орун тартиптери багындыруучу сөзүнө көз каранды болору белгиленет. Сүйлөмдүн синтаксистик – семантикалык мазмунунун өзгөрүшүнө айкындооч мүчөлөрдүн орун алуу тартиптери да таасирин тийгизбей койбойт деген ойду далилдеп бере алган.

Синтаксис сүйлөм жана эркин сөз айкашы деген эки чоң обьектиден турары белгилүү. Кыргыз тили илиминде 70-жылдардын ортосуна чейин эркин сөз айкашына караганда, сүйлөм маселеси алда канча кеңири планда иликтөөгө алынып келди. Сөз айкашы боюнча А.Жапаровдун “Азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкашынын грамматикалык түзүлүшү” кандидаттык диссертациясынан башка, мектеп грамматикаларында, жогорку окуу жайлары үчүн жазылган айрым китептерде гана кыскача маалыматтар берилгени болбосо, атайын илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн жок. Бул жагынан, синтаксистин сөз айкашы обьектиси изилденбей аксап турду. Советтик тил

илиминде, анын ичинде жалпы түркологияда бул багытта көптөгөн эмгектер жаралып, диссертациялар корголгондугун, кыргыз тили илиминде болсо, синтаксистин негизги бөлүктөрүнүн бири болгон сөз айкашы проблемасы дээрилик колго алына электигин, мектептерде, жогорку окуу жайларында сөз айкашы түшүнүгү жөнүндө толук маалыматтардын берилбей жаткандыгын проф. А.Турсунов туура баамдап, 1976-жылы “Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары” аттуу эмгегин жаратты.

А.Турсунов аталган эмгегин жаратуу менен, өзүн кыргыз тилинин синтаксисин, анын ичинен сөз айкашы көйгөйүн терең түшүнгөн окумуштуу катары көрсөтө алды. Кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын табиятын кеңири карап, терең ачып берүү үчүн, бул багытта изилдөө иштерин жүргүзүшкөн Ф.Фортунатов, М.Н.Петерсон, А.М.Пешковский, А.Шахматов, В.Виноградов, В.Сухотин орус окумуштууларынын, Н.А.Баскаков, Н.К.Дмитриев, Е.И.Убрятова, М.Б. Балакаев, Ю.М.Сеидов өңдүү түркологдордун эмгектерине да кайрылган. Сөз айкашы проблемасын аныктоодо, сөз айкашына аныктама берүүдө, аны түрлөргө бөлүүдө, сөз айкашынын сөз менен сөз айкашынын сүйлөм менен карым-катышын аныктоодо окумуштуулар арасында ар түрдүү көз караштар өкүм сүрүп келген. Ушундан улам, айрым окумуштуулар сөз айкашы сүйлөм ичинде гана уюшулат дешсе, айрымдары аны өз алдынча карашып, сүйлөмгө чейин деле, сүйлөмдөн тышкары деле уюшула берет, ошондуктан атоо маанисине ээ дешет. Сөз айкашынын түрлөрүнүн байланышуу жолдоруна карата да ар түрдүү көз караштар келип чыккан. Окумуштуулардын бир тобу багыныңкы байланыштагы, тең байланыштагы жана предикативдүү сөз айкаштарын бир деп карашса, экинчи бир тобу багыныңкы байланыштагы сөздөрдү сөз айкашы деп, тең байланыштагы жеке предикативдүү дегендерди сөз айкашына киргизбейт. А.Турсунов бул сыяктуу карама-каршы пикирлерди эске алуу менен, кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын структуралык типтерин тактоого, алардын билдирген грамматикалык маанилерин анализдөөгө, жөнөкөй жана

татаал сөз айкаштарынын түзүлүш өзгөчөлүктөрүн белгилөөгө өзгөчө көңүл бурат. “Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары” эмгегинде кыргыз тилинин бай факт-материалдарынын негизинде сөз айкашы деген эмне, анын структуралык-семантикалык белгилери, уюшулуу жолдору, сөздөрдүн өз ара айкашуу мүмкүнчүлүктөрү, сөз айкашынын сөз жана сүйлөм менен болгон карым-катышы жөнүндө, эркин сөз айкашы менен туруктуу сөз айкаштары, багыныңкы сөз айкаштары менен тең байланыштагы сөз айкаштары, предикативдүү сөз айкаштары менен предикативдик эмес сөз айкаштары, алардын бири-биринен айырмачылыгы тууралуу абдан эле кеңири маалыматтар берилет. Булар илимий мүнөздө териштирүүгө алынат.

А.Турсуновдун “Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары” эмгегинде сөз айкаштарынын бардык маселелери чечилди деп айта албайбыз. Мында кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын жалпы маселелери илимий-теориялык негизде териштирүүгө алынып, сөз айкашы маселесиндеги I бөлүк катары сунушталган. Мындан көп узабай, т.а., 1978-жылы “Кыргыз тилиндеги этиштик сөз айкаштары” деген ат менен II бөлүгү жарыкка чыгат. Чү дегенде эле, адилеттик үчүн баса белгилеп коюшубуз керек, бул эмгек кыргыз тилинин синтаксис илиминде алгачкы жолу жарыкка чыгып жаткан структуралык-семантикалык мүнөздөгү фундаменталдуу эмгек болуп саналат.

Орус тили илиминде жана жалпы түркологияда мурдатан иштелип чыккан сөз айкашы теориясынын негизги жоболоруна таянуу менен, кыргыз тилинин материалдарынын негизинде этиштик сөз айкаштарын ырааттуулукта терең изилдеп чыгуу; анын структуралык типтерин аныктоо, түгөйлөрүнүн байланышуу жолдорун тактоо жана алардын семантикасын кеңири анализдөө; жөнөкөй жана татаал сөз айкаштарынын структуралык түзүлүшүн, уюшулуу жолдорун, этиштик татаал сөз айкаштарынын негизги структуралык типтерин белгилөө ж.б. [Турсунов, 1978:5,6] эмгектин башкы максаты болгон.

А.Турсунов кыргыз тилиндеги сөз айкаштарын классификациялоодо

В.В.Виноградов, А.Н.Баскаков, Е.И.Убрятова, А.Жапаров, Ю.М.Саидов ж.б. окумуштуулардын теориялык ойлоруна талдоо жүргүзүп, алардын көз караштарын эске алуу менен, сөз айкаштарын төмөндөгүдөй үч принципке: 1) сөз айкашынын компоненттеринин морфологиялык жактан кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигине; 2) компоненттердин ортосундагы синтаксистик байланыштын түрлөрүнө карай; 3) сөз айкашынын структурасына негиздеп, **атоочтук** жана **этиштик сөз айкаштары**, синтаксистик байланыштын мүнөзүнө карай **ыкташуу, башкаруу, кыйышуу түрүндөгү сөз айкаштары**, структурасына карай **жөнөкөй** жана **татаал сөз айкаштары** деп бөлүштүргөн.

Сөз айкашынын грамматикалык мааниси алардын түгөйлөрүнүн жалпыланган лексико-семантикалык маанилеринин өз ара катышынан түзүлөт. Сөз айкаштарынын грамматикалык маанилери обьектилик, атрибутивдик, адвербалдык катышты билдирет. Айрым сөз айкаштары түгөйлөрүнүн көп маанилүүлүгүнө байланыштуу ар түрдүү кошумча маанилерге да ээ болушат. А.Турсунов мындай учурда алардын кандай мааниде колдонулгандыгын сөз айкашынын өзүнүн гана чегинде так ажыратуу кыйын болорун белгилейт да, мындай мисалдарды келтирет: Эгин тез өстү (тез өнүп чыгуу маанисинде). Бала тез өстү. (тез чоңойу маанисинде). Осмон тез өстү (кызмат боюнча тез жогорулоо маанисинде). Колхозубуздун байлыгы тез өстү (тез баюу маанисинде). Ошол себептүү сөз айкашынын грамматикалык мааниси дайыма сүйлөм тизмегинде, контекстте изилдениш керек [Турсунов, 1975:22-б] Чындыгында, буга дейре эркин сөз айкаштары сүйлөм тутумунан ажыратылган формаларында (тез өсүү, кызыктуу китеп, тоого чыгуу, күлүп сүйлөө ж.б.) деле түшүндүрүлүп келген.

Эмгек, Ыкташуу аркылуу уюшулган этиштик сөз айкаштары, Башкаруу аркылуу уюшулган этиштик сөз айкаштары, Кызматчы сөздөр аркылуу уюшулган этиштик сөз айкаштары деп үч главага бөлүштүрүлгөн. Ар бир главада каралган маселелер терең изилдөөгө алынгандыгы байкалып турат.

Маселен, ыкташуу аркылуу уюшулган этиштик сөз айкаштары багындыруучу түгөйү этиш , ал эми багыныңкы түгөйлөрү тактооч, тууранды сөз, чакчыл, атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч деп, өз-өзүнчө темаларда каралса, башкаруу аркылуу уюшулган этиштик сөз айкаштарында багындыруучу түгөйү этиш, ал эми багыныңкы түгөйү барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө турган сөз түркүмдөрүнүн ар бирине жекече токтолгон. Мындай шартта, сөздөрдүн грамматикалык байланышуу жолдоруна семантикалык өзгөчөлүктөрдү терең жана ар тараптуу ачууга өбөлгө түзөрүн көрсөттү.

Кыргыз тилиндеги жөндөмө мүчөлөр негизинен бир сөз менен экинчи бир сөздүн байланышын шарттап, сүйлөмдөгү ырааттуулукту түзүү функциясын аткарат. Алардын ар биринин өзүнө тиешелүү маанилик өзгөчөлүктөрү бар. Кээ бир шарттарда айрым бир жөндөмөнүн экинчи бир жөндөмөнүн функциясында колдонулуп калышы толук ыктымал. А.Турсунов мындай учурдагы маанилик өзгөчөлүктөрдү так далилдеп берет: “**Барыш** жөндөмөсү **жатыш** жөндөмөнүн ордуна колдонулган учурлар жолугат. Бирок алардын берген маанилери айрым оттеноктору бири-биринен бир аз айырмаланып турат: багыныңкы компоненти жатыш жөндөмөдө турган сөз айкашы кыймыл-аракеттин болгон ордун көрсөтөт; ошол сөз барыш жөндөмөдө туруп, сөз айкашынын тутумунда айтылса да, кыймылдын ордун билдирет, бирок анда багыттык оттеноктун бар экендиги да сезилип турат. Салыштыр: Алачыкта абышка-кемпир гана калып, башкалар **тышка** (II **тышта)** жаткан экен (М.Э.). Алтынчы класста экөөбүз бир партага (II бир партада) отуруп окубадык беле? (А.Ж.). [Турсунов, 1975:116]. Жөндөмө мүчөлөр уюштуруп туран мындай сөз айкаштарындагы маани бөтөнчөлүктөрдү факты-материалдардын мисалында автор тыкыр иликтөөгө алган.

Кыргыз тили илиминде белгилүү бир жанрдагы чыгармалардын тилин изилдөө иштери 70-жылдар ичинде колго алына баштайт. Бул багытта С.Курбановдун «Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы сын атоочтун

синонимикасы» (1973), А.Сапарбаевдин «Манас» эпосундагы метафора» (1976) кандидаттык диссертациялары корголсо, М.Мураталиевдин «Баатырдык кенже эпостордун тилиндеги бөтөнчөлүктөр» (1976), С.Гапаровдун «Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү» (1979) аттуу эмгектери жарык көрөт. Булардын ичинен биздин ишибизге түз тиешеси бар С.Гапаровдун аталган эмгегинде макал, лакаптардагы сүйлөмдөрдүн маанилик типтери, алардагы жөнөкөй сүйлөм менен алардын түрлөрү, сүйлөм мүчөлөрү сыяктуу маселелер териштирүүгө алынат. Макалдардын спецификалык өзгөчөлүгү бар. Макал сүйлөмдөрдө олуттуу ой камтылып турат. Сүйлөм бүткөн ойду билдирет деген аныктама дал ушул макалдарга мүнөздүү. С.Гапаров макал, лакаптарда сүйлөмдүн маанилик түрлөрүнүн колдонулуш сферасынын бирдей болбостугун, алар жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндө да, айрыкча, татаал сүйлөм түзүлүшүндө көп колдонуларын белгилейт. Макал, лакаптарда баяндалган окуя, түшүнүк көпчүлүктүн, жалпы элдин иш-аракетинин жыйындысы болгондуктан, алардын мааниси да жалпыланган мүнөздө болот. Ошол себептүү макал, лакаптарда жандама жактуу, белгисиз жактуу, туюк жактуу бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр көп кездешет. Макал, лакаптардагы жөнөкөй сүйлөмдөргө караганда кошмо сүйлөм түзүлүшүндөгү макал, лакаптар алда канча кеңири учурайт. Анын обьективдүү себеби катары, кошмо сүйлөм түзүлүшүндөгү макал, лакаптар макалдык ойду билдирүүдө, анын жеткиликтүүлүгүн шарттоодо жана көркөмдүүлүгүн, таасирдүүлүгүн арттырууда ийкемдүү колдонулат. Автордун мындай көз караштары толук кубаттоого арзыйт. Бирок, биринчиден, макал түзүлүшүндөгү сүйлөмдөрдүн ойду билдирүүдөгү өзгөчөлүктөрү толук аныкталбай калган, структуралык-семантикалык аспектиси тууралуу сөз козголгон эмес. Экинчиден, эмгектин аталышы так көрсөтүп турат: «Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү» деп, арийне, китептин жалпы мазмунунда ылакаптардан бир дагы мисал келтирилбейт, ылакаптар жөнүндө сөз болбойт. Чынында, дидактикалык

жанрдагы бул чыгармалар бири-биринен айырмаланган, спецификасы бөлөк эки башка түшүнүктөргө ээ.

Проф. А.Жапаровдун «Азыркы кыргыз тилинде» негизинен жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси иликтөөгө алынса, 1979-жылы чыккан, жогорку окуу жайлары үчүн жазылган «Кыргыз тилинин синтаксисинде» синтаксистин эки бөлүмү тең каралат. Эмгекте адегенде, сүйлөмдүн синтаксиси боюнча жалпы маалымат берилет да, анда ***Сүйлөм жана анын көлөмү, Интонация, Интонациянын түрлөрү, Сүйлөмдүн жалпы классификациясы, Сүйлөмдүн структуралык классификациясы, Жөнөкөй сүйлөм жана татаал сүйлөм, Жөнөкөй сүйлөм жана анын классификациясы, Татаал сүйлөм, Жай сүйлөм, Суроолуу сүйлөм. Илептүү сүйлөм*** деген темалар камтылган. Андан соң, сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн синтаксистик байланыштары жөнүндө жалпы маалымат берилип, ал өз кезегинде, ***Синтаксистик байланыштын түрлөрү, Тең байланыш, Багыныңкы байланыш, Ээрчишүү байланышы, башкаруу байланышы, Ыкташуу байланышы, Окшош ыкташуу, Таандык байланыш, Жандооч байланыш*** деген темаларды ичине камтыйт. Көрүнүп тургандай, биринчи жалпы маалыматтагы аталган темалар синтаксиске киришүүнүн алдындагы багыттык түшүнүктөрдү берүү болуп саналат. Алар кийинки Жөнөкөй сүйлөмдөр синтаксиси жана Татаал сүйлөм бөлүмдөрүндө кеңири сыпаттоого алынат. Ал эми синтаксистик байланыштын түрлөрүнө кеңири токтолгондугу байкалат. Атап айтканда, ээрчишүү байланышынын өзгөчөлүк сферасын түзүп турган менен баяндоочтун ортосундагы жак, сан, түр боюнча ээрчишүүлөрү мүмкүн болушунча кеңири сыпатталат. I, II, III жактардагы багыныңкы сыңар болуп түшкөн сөздөрдүн жак, сан байланыш формалары, этиштик багыныңкы сыңарлардын жана атоочтук багыныңкы сыңарлардын ээрчишүүсүндөгү бөтөнчөлүктөр мисалдар аркылуу ынанымдуу далилденген. Китептин жалпы мазмунуна карата деле ушул ойду айтууга болот.

Автор ыкташуу байланышынын дагы бир түрү окшош ыкташуу деп

киргизет. Ыкташуу байланышынын бул түрүндө багыныңкы сыңар болуп келген сөздөр соңчул орун тартибинде жайгашат да, өзгөчө мүнөздөгү интонация катышып, бышыкталуучу, аныкталгыч сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү, чечмелөө касиетине ээ болуп турат. Ал эми түзүлүшү жагынан багындыруучу сыңарларга карай ыкташуу абалында болбой, кайра аларга түзүлүшү жагынан окшошуп кетет, окшошуу формасында, байланышында турат. Мисалы: 1. Насипкул, ***мастер Насипкул***, ата-энесине дайыма жардам берип турду. 2. Биздин жердин, ***Ала-Тоонун***, төгүлгөн байлыгы кимдерди гана кызыктырбайт. 3. Кызымды***, Розаны*** кечээ Чолпон-Атага жибердим (50). Ошондой эле, багыныңкы байланыштын өзүнчө бир түрү катары **жандооч байланыш** деп бөлүп көрсөтөт. Толук маанилүү сөздөр бири-бири менен жандоочтордун жардамы аркылуу байланышса, алар жандооч байланыш болуп саналат деп эсептейт. Азыркы кыргыз тилинде байланыштын бул түрүн башкаруу байланышынын ичинде карап жүрүшөт.

А.Жапаров бул эмгегинде сөз айкашын **сөз тизмеги** деген термин менен атап, аны **Сөз тизмегинин синтаксиси** бөлүмүндө иликтөөгө алган. Бирок сөз айкашы деген аталышты кеңири түшүнүктө берген: сүйлөмдө катышкан ошол сөз айкалыштары синтаксистик-функционалдык касиетине карай үч түрдүү табияттагы синтаксистик стуктурага бөлүнүп, алардын бири **сүйлөм** деп, экинчиси **сөз тизмеги** деп, үчүнчүсү аналитикалык форма деп аталат [Жапаров, 1979:56] Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн синтаксиси бөлүмүндө бир тутумдуу сүйлөмдөрдү **белгилүү жактуу, жандама жактуу, туюк жактуу, жаксыз** жана **атама сүйлөмдөр** деп бөлүштүргөн. Азыркы учурда бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн башкача аталыштары да бар. Эмгектен синтаксистин маселери терең изилденгендиги байкалып турат, бул жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксисине айрыкча мүнөздүү.

III глава боюнча жыйынтык

Кыргыз синтаксис илиминин калыптануу мезгили 1950-70-жылдарга туура келээрин бул багыттагы илимий изилдөөлөрдүн абалы көрсөттү. 50-жылдарга чейин синтаксистик материалдарга атайын илимий изилдөө иштери жүргүзүлгөн эмес. Бул учурда, негизинен, мектеп грамматикалары түзүлүп, анда сүйлөм, жөнөкөй жана кошмо сүйлөм түшүнүктөрү, ээ жана баяндооч, жандама мүчө ж.б. сыяктуу айрым маселелер тууралуу сөз болуп, алар эреже-аныктамалар түрүндө берилип, көнүгүүлөр, тексттер аркылуу бекемделип, кыскача түшүнүктөр менен гана чектелсе, 50-жылардан тартып синтаксис обьектисин изилдөө иштеринин диапазону кеңий баштайт. Атап айтканда, синтаксистин сөз айкашы жана сүйлөм обьектилери өз-өзүнчө бөлүнүп, айрыкча сүйлөм, анын табияты, мүнөздүү белгилери, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр болуп классификацияланышы, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, сүйлөм мүчөлөрүнүн баш жана айкындооч мүчөлөргө ажыратылышы, айкындооч мүчөлөрдүн аныктооч, толуктооч, бышыктооч болуп түрлөргө бөлүнүшү, татаал сүйлөм, алардын түрлөрү ; сөз айкашында болсо, анын мүнөздүү белгилери, атоочтук жана этиштик болуп бөлүнүшү, түгөйлөрүнүн байланышуу жолдору ж.б. көптөгөн маселелер такталып, жолго коюлуп, ар тараптуу иликтөөгө алынат. II бөлүмдө дал ушул маселелер жөнүндө сөз болот.

1950-70-жылдар ичиндеги 30 жыл убакыт аралыгында кыргыз тилинин синтаксисинин калыптанышы кандай эмгектердин жаралышы менен коштолгондугу факты-материалдардын негизинде талдоого алынды. Булар так, түшүнүктүү жана системалуу болушу үчүн, ***1950-жылдардагы синтаксис илиминин маселелери, 1960-жылдардагы синтаксис илиминин маселелери, 1970-жылдардагы синтаксис илими*** деген темаларга бөлүштүрүлүп берилди. Кыргыз тилинин синтаксисинин илим катары калыпка салынышында А.Жапаров, К.К.Сартбаев, М.Мураталиев, Ы.Жакыпов, А.Турсунов, А.Иманов өндүү окумуштуулардын эмгектери көңүл чордонунда болуп, аларга карата жекече көз караштар билдирилип, алардын кыргыз синтаксис илиминдеги ордулары белгиленди.

IV БАП

1980-ЖЫЛДАРДАН АЗЫРКЫ МЕЗГИЛГЕ ЧЕЙИНКИ КЫРГЫЗ СИНТАКСИС ИЛИМИНИН ӨНҮГҮШҮ.

4.1. 1980-жылдардагы синтаксис илими

Тил илиминде мурдатан изилденип келген маселелер канчалык даражада аныкталгандыгына карабай, же ошол чекте биротоло жыйынтыкталып калбай, улам толукталып, улам кошумчаланып турушу, же болбосо жаңы багыттагы иликтөөлөргө жол ачып, жем таштап турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Кыргыз тилинин синтаксис илиминде ушул негизде 80-жылдардын башында А.Турсуновдун «Кыргыз тилинин тыныш белгилери» (1981) аттуу чакан эмгеги жарыкка чыгат. Автор өзү белгилегендей, бул эмгеги мурдагы 1969-жылы чыккан «Кыргыз тилинин тыныш белгилери» китебинин негизинде жазылган. Бирок экөөнүн ортосунда олуттуу айырмачылыктардын бар экендигин белгилейт: «Анткени, бул эмгек, биринчиден, жогорку окуу жайларынын жана мектептердин окуу программаларына ылайыкталып түзүлдү. Экинчиден, ал синтаксистик негизде жазылды. Тактап айтканда, кандайдыр бир тыныш белгилери менен байланышы болгон ар бир синтаксистик категория (сүйлөмдүн түрлөрү, сүйлөм мүчөлөрү ж.б.) өзүнчө тема катары белгиленип, алды менен аларга, зарылчылыкка карай, кыскача грамматикалык аныктамалар берилди. Андан кийин ар бир синтаксистик категория үчүн мүнөздүү болгон тыныш белгилеринин коюлуш жолдору мисалдар менен кеңири түшүндүрүлдү» [Турсунов, 1981:3]. Тыныш белгилеринин мындай ыкмада түшүндүрүлүшү окуучулардын синтаксистин материалдарын сапаттуу өздөштүрүшүнө шарт, өбөлгө түзмөкчү.

Кыргыз тилиндеги тыныш белгилеринин маани-маңызы, сүйлөм ичинде аткарган кызматтары, коюлуш эрежелери тууралуу түшүнүктөр эмгекте төмөндөгүдөй тартипте берилген. Биринчи бөлүмдө тыныш белгилеринин жазуу речиндеги ролу, интонация жана тыныш белгиси, тыныш белгилеринин

коюу принциптери каралса, экинчи бөлүмдө сүйлөм аягына коюлуучу тыныш белгилердин бардык түрлөрү камтылып, алар мисалдар менен түшүндүрүлүп берилет. Үчүнчү бөлүмүндө татаал сүйлөмдөргө коюлуучу тыныш белгилери камтылган.

Бири-бирибиз менен пикир алышууларда, оюбузду бирөөлөргө жеткирүүдө колдонулуп жаткан тилдик каражаттар интонация менен жабдылбаса, айтылып жаткан ой түшүнүксүз, толук жеткиликтүү болбой, байланыш үзгүлтүккө учурайт. Ошондуктан кептеги сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн байланыштуулугун, бир сүйлөм менен экинчи бир сүйлөмдүн чегин билдирүүчү тынымдардын болушун жана бир жерде үн көтөрүңкү айтылса, экинчи бир жерде басыңкы түрдө колдонулушун интонация жабдып турат. Дал ошол интонациялык жабдуулар жазууда тыныш белгилери менен белгиленери белгилүү. Бардык тыныш белгилеринин негизги милдети жазуу түрүндөгү текстерде колдонулган сүйлөмдөрдүн жана алардын интонацияга байланыштуу ажыратылган бөлүктөрүнүн чегин, ал бөлүкчөлөрдүн өз ара байланыштуулугун, туюндурулуучу ойго ачыктык, тактык киргизүүсүн, ойду толук жеткирүүгө көмөк болуусун билдирүү болуп саналат. Автор тыныш белгилеринин мындай негизги милдеттерин синтаксистик окууну үйрөнүүдө өтө чоң мааниге ээ экендигин туура түшүнгөн.

Ушул эле жылы татаал сүйлөм маселеси боюнча мектептерге, жогорку окуу жайларынын окутуучуларына арналган М.Мураталиевдин «Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөр» деген аталыштагы илимий эмгеги жарык көрөт. Албетте, буга чейин эле кыргыз тили илиминде К. Сартбаевдин «Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси» (1957) аталышындагы эмгеги, А.Жапаровдун, Ы.Жакыповдун ж.б. окумуштуулардын окуу китептериндеги татаал сүйлөмгө карата изилдөөлөрү бар экендиги белгилүү. Бул китепте азыркы учурда ***тең байланыштагы*** жана ***багыныңкы байланыштагы*** деп аталып жүргөн татаал сүйлөмдүн түрлөрү ***багынычсыз*** жана ***багынычтуу*** деген терминдик аталыштар менен берилип, алардын ортосундагы негизги

айырмачылыктар көрсөтүлөт. Багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн түгөйлөрүнүн өз ара байланыштарына жана алардын кандай маанилерге ээ боло тургандыгына мүнөздөмө берилет, бир жана бир нече багыныңкы сүйлөмдөрдүн баш сүйлөмү менен байланыш жасоолору каралат, аралаш татаал сүйлөмдөрдүн бөтөнчөлүктөрү белгиленет.

М.Мураталиев **Татаал сүйлөмдүн айрым маселелери** бөлүмүндө татаал сүйлөм деген термин синтаксистик кубулуштарды байкоо үчүн, туура аталган термин боло алабы, же боло албайбы; татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү өздөрүнчө бөлүп колдонууга болобу, же болбойбу; жөнөкөй сүйлөмдөрдүн мааниси жана түзүлүшү боюнча татаал сүйлөмдөн айырмалануучу белгилери барбы деген суроолорду коюп, алар тууралуу М.Н.Петерсон, А.М.Пешковский, М.В.Андреевская, Л.Р.Зиндер, Страева-Сокольская, У.Б.Алиев, Г.А.Абдурахманов, К.К.Сартбаев, А.Жапаров, Ы.Жакыпов, М.Балакаев , Т.Кордобаев, З.М.Закиев, Х.Р.Курбатов, Н.А.Баскаков, А.Н.Кононов сыяктуу көптөгөн окумуштуулардын пикирлерин ортого салат. Алардан жыйынтык чыгарып, конкреттүү мисалдардын негизинде татаал сүйлөм деген терминдин колдонулушунун тууралыгын, багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара бирдей даражада колдонулуш өзгөчөлүгүн, багынычтуу татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн багыныңкы абалдарын, алардын бир бүтүндүктө келишин кеңири мисалдар менен көрсөтөт. Бирок татаал сүйлөмдөргө карата окумуштуулардын көрсөткөн критерийлеринин бардыгы тең кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөргө, алардын түрлөрүнө толугу менен дал келе бербестигин, анткени ар бир элдин тилине мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү болорун [Мураталиев, 1981:6-20] туура белгилейт.

Автор кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөм жана татаал сүйлөм деген терминдерге карата оюн мындайча билдирет: «Ар кандай термин бир нече принциптин негизинде түзүлөт. Алардын негизгиси –илимий принцип. Бул жагынан алганда, «кошмо сүйлөм» деген терминге караганда, «татаал сүйлөм»

деген термин илимий жактан төмөнкүдөй артыкчылыкка ээ.

1) Ар кандай термин сүйлөмдүн мазмуну менен тыгыз байланыштуу болууга тийиш: ар кандай нерсе жөнөкөйдөн татаалдашат (кошмоктошот эмес), сүйлөм жөнөкөйдөн татаалга өтөт (кошмокко өтөт эмес).

2) Морфологиялык термин менен синтаксистик термин мүмкүн болушунча бирдиктүү болуу керек. Алсак, морфологиядагы «жөнөкөй сөз» деген терминге карап, синтаксисте «жөнөкөй ээ», «жөнөкөй сүйлөм» деген термин колдонулган, ошондой эле, «татаал сөз», «татаал ээ» сыяктуу терминге карап, синтаксисте «кошмо сүйлөм» эмес, «татаал сүйлөм» деген термин колдонулуш керек.

3) Грамматикалык терминдер көпчүлүк учурда карама-каршы мааниде колдонулат: жумшак-каткалаң, жоон-ичке, созулма-созулбас, ж.б. Демек, жөнөкөй- кошмо эмес, жөнөкөй- татаал.

4) Эки, же андан көп вариантта колдонулуп, чаржайыттуулукту туудуруп жүргөн терминдердин иш жүзүндө кайсынысы активдүү колдонулса, ошонусуна жол берилүүсү тийиш. Бул жагынан алганда, «татаал сүйлөм» деген термин азыркы учурда «кошмо сүйлөм» дегенге караганда, речибизде көбүрөөк колдонулуп жүрөт.

5) «Татаал сүйлөм» деген термин «кошмок сүйлөм» деген терминге караганда, орус, кыргыз тилдерин өз ара салыштырып үйрөнүүчүлөргө ыңгайлуу шарт түзөт: «сложное предложение» -татаал сүйлөм ж.б. [Мураталиев, 1981:8,9]. Жеке пикирибизде, автордун кошмо сүйлөмгө караганда татаал сүйлөм деген терминдин колдонулушу жөндүү болорун илимий негизде беш принципке такап көрсөткөндүгү анча ишеним жаратпайт. Терминдин алып жүргөн мааниси биринчи орунда турушу керек. Бул тууралуу жогоруда айтканбыз.

Татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдүн структурасына жана ал жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдоруна токтолот. Бул учурдагы интонациянын ролу жана ***–ган, -са, -дыктан, -ып, -майынча*** ж.б.

грамматикалык формаларында аяктаган багыныңкы жөнөкөй сүйлөмдөр тууралуу негиздүү ойлорун айтат. Мындай түзүлүштөгү байламтасыз татаал сүйлөмдөр, тактап айтканда, баяндоочу –***са, -дыктан, -ганда, -майынча, -гансып, -бай*** сыяктуу формаларда аяктаган багыныңкы сүйлөмдөр кыргыз тилинде абдан көп колдонулары, бирок аларга карата атайын изилдөө иштери жүргүзүлө электиги, ошого байланыштуу бул маселе ушул күнгө чейин талаш-тартышты туудуруп келе жаткандыгы тууралуу сөз болот.

Кыргыз тилинде айрым учурларда татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз-өзүнчө колдонулуп калышы да мүмкүн: ***Бүгүн үйлар бадага чыгарылган жок, үйчү ооруп калыптыр*** сыяктуу түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөрдүн жөнөкөй сүйлөмдөрүн өз ара ажыратып, ***Бүгүн үйлар бадага чыгарылган жок. Үйчү ооруп калыптыр,*** -деп да колдонууга болот. Мындай учурларга карата автор өз пикирин билдирет. Кыргыз тилинде айрым учурда мурунку сүйлөмдүн аягына чекит коюлат да, андан кийинки сүйлөм кандайдыр бир байламта менен башталып жазылат. Мунун себеби, кээ бир татаал сүйлөмдөр көп составдуу, же анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр лексикалык составы жагынан узун болушу ыктымал. Мына ушундай учурларда ойду жөнөкөйлөштүрүп, айрым бөлүктөргө бөлүп берүү максатында кээде жогоркудай ыкманы колдонууга туура келет. Бирок бул учурда да аягына чекит коюлган мурунку сүйлөм байламта менен башталган кийинки сүйлөм маани жактан бири-бири менен өз ара тыгыз байланыштуу экендиги өзүнөн-өзү сезилип турат: …Бир кезде ***Жапар жанында атышып жаткан жолдошторунун бирөө окко учканын көрдү, анын ордуна экинчиси турду, бирок ага да ок тийди***. ***Ошентсе да, ал пулемётун таштаган жок*** (К.Б.). Бул мисалдагы чекиттен кийинки ***ошентсе да*** байламтасы менен башталган сүйлөм маанилери боюнча алдындагы сүйлөмдөр менен тыгыз байланыштуулукта турат, алар өздөрүнүн мурда кандайдыр бир ой айтылгандыгын билдирип турушат. Ошондуктан мындан мурунку сүйлөмдөрдү колдонбой туруп: «***Ошентсе да, ал пулемётун таштаган***

жок» деп айта сала турган болсок, ой толук түшүнүктүү болбой калат, өзүнүн алдындагы сүйлөмдөр менен байланыштуу турганда туюндурган татаал маанисинен алыстайт. Демек, бул сүйлөмдөр формалдуу түрдө гана өздөрүнчө ажыратылып колдонулду. Бирок маанилери алдындагы сүйлөмдөн ажырап кете алган жок. Бул сыяктуу көрүнүштөр татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдүн бирөөнү айрым сүйлөмгө ажыратып жиберүүгө болбой тургандыгы жөнүндөгү жалпы жобону дагы бир жолу ырастайт [Мураталиев, 1981:25,26]. Ошентип, багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн жөнөкөй сүйлөмдөрү бири-бири менен маанилик жактан гана тыгыз байланышта болбостон, алар структуралык жагынан да өз ара биримдикти түзүп турары көрсөтүлөт.

М.Мураталиев багынычтуу татаал сүйлөм менен багынычсыз татаал сүйлөмдүн ортосунда карым-катыштардын да, айырмачылыктардын да бар экендигин туура белгилейт да, алардын ар бири эки, же андан көп сүйлөмдөн түзүлүп, бирдиктүү татаал ойду билдирет [Мураталиев, 1981:28]. деп айтат. Арийне, эмгекте татаал ой деген түшүнүк негизделген эмес. Ал эми багыныңкы татаал сүйлөм менен багынычсыз татаал сүйлөмдүн айырмачылыктарын алардын семантикалык жана структуралык өзгөчөлүктөрүнө байланыштырат. Маселен, ***баш сүйлөм*** жана ***багыныңкы сүйлөм*** деген аталыштагы жөнөкөй сүйлөмдөр багыныңкы татаал сүйлөмдүн чегинде каралат. Баш сүйлөм туюндурулуп жаткан ойдун натыйжасын жыйынтыгын билдирет да, өзүнө көз каранды, багыныңкы абалда турган экинчи бир сүйлөмдү талап кылып турат. Ойдун билдирилишине карай, ал багыныңкы абалдагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир, же бир нече болушу ыктымал. Ал эми багынычсыз татаал сүйлөмдүн структурасы башкача болот, андагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара бирдей даражада уюшулат. Алардын составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү баш жана багыныңкы деп ажыратып талдоого, бөлүштүрүүгө болбойт. Ушуга негиздеп, багынычсыз татаал сүйлөм менен багыныңкы татаал сүйлөмдөрдүн табиятын аныктап, аларды

классификациялайт. Багынычсыз татаал сүйлөмдөрдү байламтасыз багынычсыз жана байламталуу багынычсыз татаал сүйлөмдөр деп эки түргө ажыратса, багынычтуу татаал сүйлөмдөрдү: бир багыныңкылуу, бир нече багыныңкылуу, бир өңчөй багыныңкы, бир өңчөй эмес багыныңкы татаал сүйлөмдөр деп бөлүштүрөт. Аралаш татаал сүйлөмгө да өзүнчө токтолот.

Проф. С.Ибрагимов Кыргыз тилинин синтаксиси. Изилдениш тарыхынан (2001) эмгегинде М.Мураталиевдин аталган китебинин оош-кыйыш жактарына талдоо жүргүзүп, бир катар кемчиликтерин көрсөтүп, өзүнүн жекече көз караштарын билдирген. Алардын бирине орун берели: «Бирок М.Мураталиев боюнча төмөнкү сүйлөмдөрдүн эки башка топко кирип калышы ишенимдүү далилге ээ эмес сыяктуу. «***Арпа бышып, буудай сары ала тартты***» деген татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-биринин эч кандай кырдаалын көрсөтпөй, жөн гана удаалаш окуяны баяндайт, демек, баш жана багыныңкы деп ажыратууга болбойт деп түшүндүр. Ал эми**,** ***Айлананы туман жыш каптап, жайыттагы малды көрүүгө мүмкүн болбоду*** деген сүйлөмдүн кийинки компоненти ойдун натыйжасын көрсөтөт да, баш сүйлөм болуп, жалпы сүйлөм себеп багыныңкы деп аныкталат. Бул ойлорго макул болуш кыйын. Грамматикалык критерий жагынан бул эки татаал сүйлөм багыныңкы байланышта экендигин моюнга алуу керек. Экинчиден, ошол эле эмне үчүн? деген суроону биринчи сүйлөмгө берүүгө болбойбу? «Буудай сары ала тартканда, арпа көк бойдон эле тура бермек беле? Же ***арпа бышып*** менен ***буудай сары ала тартты*** деген сүйлөмдөрдү бирдей даражада, багынычсыз деп кандайча түшүндүрүүгө болот. Автор бул жерде так эмес, ылайыксыз мисалды окуучуга сунуш кылат» [Ибрагимов, 2001:136] Бул жерде С.Ибрагимовдун сын пикири туура. Ошондой болсо да, М.Мураталиевдин «Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөр» аттуу эмгеги кыргыз тилиндеги татаал сүйлөм табиятынын такталышында, алардын маанилеринин аныкталышында, татаал сүйлөмдүн ич ара классификацияланышында орчундуу маниге ээ деп эсептейбиз. Көч бара-

бара түзөлөт.

Тээ 30-жылдардан тартып кийинки 80-жылдарга чейинки жарым кылымдык мөөнөттө кыргыз синтаксис илими оош-кыйыштар менен коштолуп турган бир кыйла өнүгүүлөргө ээ болду. Бул убакыттар аралыгында кыргыз тили илиминин синтаксис обьектисинде төмөндөгүдөй маселелер изилдөөгө алынды:

I Сөз айкашы боюнча:

1. Сөз айкашы деген түшүнүктүн такталышы, анын синтаксистик обьектиси катары каралышы;

2. Сөз айкашынын грамматикалык табияты, анык сөз, туруктуу сөз айкашы, сүйлөм менен болгон карым-катышы, айырмачылыктары;

3. Сөз айкашынын структуралык-семантикалык белгилери, уюшулуу жолдору, сөздөрдүн өз ара айкашуу мүмкүнчүлүктөрү;

4. Багыныңкы байланыштагы жана тең байланыштагы сөздөр, предикативдүү жана предикативдүү эмес сөз айкаштары;

5. Атоочтук жана этиштик сөз айкаштары, алардын түрлөрү, түзүлүш өзгөчөлүктөрү;

6. Багыныңкы байланыштагы сөз айкаштарынын ээрчишүү, башкаруу, жандооч, ыкташуу, таандык болуп түрлөргө бөлүнүшү.

II Сүйлөм обьектиси боюнча:

1. Сүйлөм, анын грамматикалык табияты, мүнөздүү белгилери;

2. Сүйлөмдүн айтылыш мааниси боюнча жай, суроолуу, илептүү болуп бөлүнүшү;

3. Сүйлөм түзүлүшү жагынан жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнүшү;

4. Жөнөкөй сүйлөмдүн бир тутумдуу, эки тутумдуу; жалаң, жайылма, толук, кемтик болуп бөлүнүшү;

5. Сүйлөм мүчөлөрү, баш жана айкындооч мүчөлөр, айкындооч мүчөлөрдүн түрлөрү, бир өңчөй мүчөлөр, түшүндүрмө мүчөлөр, сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр;

6. татаал сүйлөм, тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр жана алардын түрлөрү, аралаш татаал сүйлөм.

Кыргыз тили илиминде салттуу синтаксистин карамагында каралган бул маселелер ар түрдүү көз карашта териштирүүгө алынган. Албетте, көпчүлүк маселелер бирдей пикирлердин жаралышынан улам аныкталгандыгын танууга болбойт. Ошондой болсо да, кээ бир синтаксистик ар кандай терминдик аталыштардын, аныктамалардын, сүйлөмдөрдүн классификацияланышындагы чаржайыт атоолордун, айрым илимий жыйынтыктардын ар түрдүүлүгү ж.б. маселелер дале болсо илимий жактан тактала электигин окуу китептеринен, окуу куралдарынан, илимий-теориялык негиздеги эмгектерден байкоого болот. Демек, кыргыз тилинин салттуу синтаксисинде дагы да болсо бир кыйла маселелер изилдөө зарылчылыктарын жаратып тургандай.

1980-жылдарга чейин синтаксис маселелерине байланыштуу орчундуу илимий-изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшү, мектептер, орто окуу жайлары, жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептеринин, окуу куралдарынын, методикалык эмгектердин жарыкка чыгышы жана алардын практикада активдүү пайдаланылышы кыргыз тилиндеги салттуу синтаксистик окуунун калыптанып, биротоло жолго коюлуп калышынан кабар берет. Муну менен салттуу синтаксистин маселелери кеңири жана ар тараптуу изилдөөгө алынып бүттү деп бүтүм чыгарууга болбойт. Азыркы учурга дейре салттуу грамматиканын алкагында сөз айкашы жана сүйлөмгө карата изилдөөлөрдүн жүргүзүлүп жатышы, биринчиден, дагы деле болсо, бул багытта аныктала турган, тактала турган маселелердин бар экендигине жана жалпы эле синтаксистик материалдарга карата ар кыл көз караштардын жаралышып турушуна байланыштуу болуп саналса, экинчи жагынан, салттуу синтаксистик көз караштан туруп, сөз айкашынын, сүйлөмдүн структурасын, аларды уюштуруучу каражаттардын семантикалык функцияларын, синтаксистик катыштарды ж.б. тереңден чечүү мүмкүн эместигин көрсөттү.

Илимдин чеги болбойт, анын коомдук өнүгүүлөргө байланыштуу башкача багыттан каралышы, өзгөчө өңүттөн изилдениши мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ушуга байланыштуу 80-жылдардын ичинде кыргыз тили илиминин синтаксисинде жаңы багыттагы, т.а., ***структуралык-семантикалык*** багыттагы изилдөөлөр пайда боло баштады.

1983-жылы Б.Тойчубекованын «***Азыркы кыргыз тилиндеги бир составдуу жана кемтик сүйлөмдөр***» деген монографиясы жарык көрөт. Кыргыз тилинде бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн структурасы, бир тутумдуу сүйлөмдөрдөгү ээнин катышпай турушу, же кыймыл-аракеттин аткаруучусунун белгилүү жана белгисиз болушу, же болбосо, жалпыланган мүнөздө колдонулушу ал сүйлөмдөрдүн табиятынын татаалдыгын шарттап турат. Ушул маселелерди салттуу синтаксисттин аспектисинде толук аныктоо мүмкүн эместигин изилдөөлөрдүн жүрүшү көрсөттү. Муну туура баамдаган Б.Тойчубекова кыргыз тилиндеги бир тутумдуу (автор бир составдуу деп колдонот) жана кемтик сүйлөмдөрдү структуралык-семантикалык багытта териштирүүгө алган.

Автор монографиясынын мазмундуулугун арттыруу максатында көпчүлүк илимий эмгектердин структурасына салып, орус окумуштууларынын, көрүнүктүү түркологдордун эмгектерине таянып, алардын пикирлерин, көз караштарын ортого салып оюн бекемдейт. Кыргыз тилиндеги бир тутумдуу сүйлөмдөрдү эки тутумдуу сүйлөмдөр менен катар коюп салыштырат, конкреттүү айырмачылыктарын көрсөтөт. Бир тутумдуу сүйлөмдөрдү, адегенде, атоочтук баяндоочтуу (атама сүйлөм) жана этиштик баяндоочтуу деп эки чоң топко бөлүп алат. Атама сүйлөмдү да уюшулуш түзүлүшүнө карата бир нече түрлөргө ажыратат, мааниси боюнча мезгилдик маанидеги, орундук маанидеги, зат, окуя, кубулуштарды атоо маанисиндеги, эмоция маанисиндеги атама сүйлөмдөр деп түрлөргө бөлүштүрөт, этиштик баяндоочтуу сүйлөмдөрдү жагы белгилүү, жагы белгисиз жана жагы жалпылама деп классификациялайт.

Бир тутумдуу структурадагы белгилүү жактуу сүйлөмдөрдү кээ бир окумуштуулар ээсинин катышпай калышына карап, аларды эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өзүнчө бир түрү болгон кемтик сүйлөм деп карашса, айрымдары белгилүү жактуу сүйлөм деп эсептешет. Булар сырткы түзүлүшү боюнча гана окшош, синтаксистик-семантикалык мааниси боюнча айырмаланып турушат. Ээси айтылбай калган эки тутумдуу сүйлөмдөрдү баяндоочунан билүүгө болот. Алардын баяндоочу дайыма I, II жактын мүчөлөрү уланган сөздөрдөн болот: 1. ***Эртең түш ченде жолго чыгабыз*** (К.Ж.). Ал эми белгилүү жактуу бир тутумдуу сүйлөмдөрдө деле I, II жактын мүчөлөрү уланып турганы менен, аларда ээни катыштыруунун зарылдыгы жок: 2. ***Малдын башын урдум. Дүнүйөнү_сууга салдым, журт*** (Т, С.). Келтирилген эки тутумдуу биринчи сүйлөмдү өзгөртүп: ***Биз эртең жолго чыгабыз*** деп колдонсок, сүйлөмдүн мазмуну бузулууга учурабайт. Кийинки белгилүү жактуу бир тутумдуу сүйлөмдү: ***Мен малдын башын урдум. Мен дүнүйөнү сууга салдым*** деп өзгөртсөк, сүйлөм стилдик жактан да, мазмундук жактан да бузулууга учурайт. Автор мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдү мисалга тартып, алардын айырмачылыктарын структуралык-семантикасын байланыштырып териштирет. Ал ***Биз өз колхозубузду таанылгыс кылып гүлдөтүүбүз керек*** («Л.Ж».). ***Мен сотко барышым керек*** («Чалкан»), эки тутумдуу сүйлөмдөрүн мисалга алып, аларды ***Биздин өз колхозубузду таанылгыс_кылып, гүлдөтүүбүз керек. Менин сотко барышым керек*** варианттарында өзгөртүп, аларга карата оюн мындайча билдирет: «Мына ушуну менен катар, сүйлөмдүн мүчөлөнүшүндө өзгөрүү болуп, ээнин милдетин таандык уландыдагы «***барышым», «гүлдөтүүбүз***» дегендер, баяндоочту «***керек***» сөзү аткарып калат. Мындагы сүйлөмдүн ээси болуп кыймыл атоочтук I жакка таандык болгон кыймыл-аракеттин процесси, же аты сүйлөмдүн ээсинин милдетин аткарат да, грамматикалык ээнин эмнеге дуушарланарын, ал-абалын көрсөткөн «***керек»*** сөзү сүйлөмдүн баяндоочу болот» [Тойчубекова,1983:32] Ошентип, Б.Тойчубекова ***Биздин өз***

колхозубузду таанылгыс кылып гүлдөтүүбүз керек, Менин сотко барышым керек__сүйлөмдөрүн структуралык-семантикалык жактан эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр деп караса, көпчүлүк окумуштуулар салттуу синтаксистин алкагында бир тутумдуу сүйлөм катары эсептешет. А.Дунканаев Б.Тойчубекованын көз карашын кубаттап: «Демек, сүйлөмдүн семантикалык структурасындагы кандай гана компоненттер болбосун, аң-сезимдеги ойдун туюндурулушуна ылайык өз ара байланышта, катышта уюшулуп, айрым шарттарда, грамматикалык бирдей формада келсе да, айырмалуу маани өзгөчөлүктөрдү жаратуу менен, белгилүү бир максат-мүдөөгө багытталат. Семантикалык компоненттердин карым-катышы, байланыш мүнөзү, логикалык биримдүүлүгү, системалуулугу, интонациялык-айтымдык жабдылышы белгилүү бир максаттык функциясы структуралык бүтүндүктү түзөт» [Дунканаев, 2010:81] -деп грамматикалык жактан окшош түзүлүштөгү сүйлөмдөр семантикалык структурасы боюнча айырмаланарын билдирет. Сүйлөмдүн элемент-бирдиктеринин бири-бирине карата көз карандылыгы, алардын лексикалык-грамматикалык табияты аркылуу эмес, ошол сүйлөм тутумундагы башка сөздөр менен болгон байланыш-катыш өзгөчөлүктөрү аркылуу аныкталат. Натыйжада сүйлөмдүн синтаксисинде ал элементтердин көз каранды, багыныңкы абалдагысы –багыныңкы түгөй, башкарып турган бирдиги багындыруучу түгөй деген түшүнүктөрдү шарттайт. Синтаксистик катышта турган сөздөр белгилүү бир грамматикалык маниге негизделери анык. Грамматикалык мындай маани-өзгөчөлүктөрүнө ылайык, кайсы бир белгилүү форма-көрсөткүчтөр менен жабдылат да, синтаксистик катыш мүнөздөрүнүн ар башкалыгын көрсөтүп турат. Б.Тойчубекова ушул негизде кыргыз тилиндеги бир тутумдуу сүйлөмдөрдү, алардын түрлөрүн, кемтик сүйлөмдөрдү изилдөөгө алган.

Ушул эле жылы С.Мусаев «Кыргыз тилиндеги атоочтук конструкциялардын семантикасы жана структуралык-функционалдык типтери» деген темада кандидаттык диссертациясын коргойт. Кыргыз тили

илиминде А.Жапаров, К.Сартбаев өңдүү айрым окумуштуулардын эмгектеринде атоочтук конструкциялар жөнүндө үстүртөн жалпы маалыматтар билдирилгени болбосо, бул маселе кыргыз тилинин синтаксисинде изилдене элек эле. Ошондуктан, тил илиминдеги айрым теориялык мүнөздөгү синтаксистик маселелердин алкагында 80-жылдарда кыргыз тилинин факты-материалдары да деривациялык синтаксистин аспектисинен талдоого алынышын жаңылык катары кабылдоого болот. Атоочтук конструкциялардын табияты сүйлөм структурасына тиешелүү аныкталат. Анын өзгөчө конструкцияларды түзүү жөндөмдүүлүгү жана мүмкүнчүлүктөрү, атоочтук конструкциялардын семантика-грамматикалык маселелеринин структура-системалык, т.а., парадигматикалык жана деривациялык табияты, сүйлөмдүн ички структурасын кеңейтүүдөгү алардын ролу, ички структуралык кеңейиши боюнча маселелер кыргыз тилинде гана эмес, жалпы түркологияда да актуалдуу болуп саналат.

Диссертацияда кыргыз тилинин материалдарынын негизинде тилди синхрондуу үйрөнүүдөгү статикалык жана динамикалык аспектилер, атоочтук конструкциялардын моделдери, синтаксистик парадигмалар, атоочтук конструкциялардын ядердик жана деривациялык моделдери, атоочтук конструкциялардын туруктуу жана факультативдик компоненттери, алардын структуралык схемалары, структуралык схемалардын конкреттүү моделдерде ишке ашырылышы, реализацияланышы, атоочтук конструкциялардын ички моделдик жана моделдер аралык парадигмалары жөнүндө сөз болот. Иштин мазмуну сандык, структуралык-компоненттик, конструктивдик, семантикалык, бранформациялык жана деривациялык ыкмалар менен туюндурулган. Кыргыз тилинде кеңири таралган жана активдүү колдонулган –ган, -ер, -бас, -оочу, -уучу, - чу, -а, -е, -й, элек формаларындагы атоочтук конструкциялар кыргыз тилинин мүнөздүү өзгөчөлүгүн шарттап турарын структуралык-грамматикалык, функционалдык-семантикалык конструкциясын уюшуулардан байкоого болот. Атоочтук конструкциялар

бүтүндүктө уюшулган тилдик бирдик катары каралып, өз алдынча структуралык касиетке ээ, бири-бирин шарттап турган ажырагыс биримдик болуп саналат.

Диссертация негизинен үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө парадигматикалык үйрөнүүнүн теориялык маселелери жана синтаксистик моделдештирүү каралып, системалык-структуралык анализ жүргүзүүнүн маселелери, атоочтук конструкциялар (АК, эмгек орусча жазылгандыктан, анда атоочтук конструкциялар ПК деп белгиленген) иерархиялык жактан уюшулган синтаксистик подсистемалардын бири катары, эки аспектиде: статикалык жана динамикалык жактан изилдениши зарыл экендиги белгиленет. Кийинки эки бөлүмдө биринчи бөлүмдө каралган теориялык ойлор кеңири планда анализге алынган.

Структуралык схемалар жана атоочтук конструкциялар символикалык формулалар, белгилер менен көрсөтүлөт: С –семантикалык субъект, П – семантикалык предикат, Р –предикаттык атрибут (обьект, же конкретизатор), И –атооч жөндөмөсү, Ир –илик жөндөмөсү ж.б. Мындай шарттуу белгилер ашыкча сөздүк баяндоолордон, түшүндүрүүлөрдөн качып, түшүнүктүү кыска, ачык, так берүү үчүн колдонулган.

Автор синхронияны статика менен, диахронияны динамика менен айкалышта колдонуу аркылуу аларды өз ара каршы коюу бир жактуу болорун белгилейт. Статика менен динамика тилди синхрондуу изилдөөнүн ажырагыс биримдиктери болуп саналат. Статика –өзгөрмөлүү, ал тилдин жалпы өнүгүү учурунун белгилүү мезгилиндеги көрүнүшү, анда белгилүү бир убактылуулук бар. Динамика болсо, абсалюттуу касиет, анткени тил тынымсыз кыймылда болуп өзгөрүп турат. Динамикалык концепциялардын негизги идеяларынын бири катары моделдештирүүнү, айрыкча, туундуу моделдердин түзүлүшүн эсептейт. Улам жаралып туруучу моделдердин түзүлүшү, ядролук жана деривациялык моделдер грамматикалык моделдердин келип чыгышын шарттап, алар, өз кезегинде, синтаксистик процесстердин ар кыл

татаалдыктагы башка-башка структуралык моделдердин жаралышына алып келген. Кыргыз тилиндеги атоочтук конструкциялардын парадигмалык уюштуруучулук факторлору катары жайылуу, кеңейүү трансформация, конверция, контаминация ж.б. динамикалык синтаксистик процесстер келип чыгат. Натыйжада алардын жыйындысы атоочтук конструкциялардык ички моделдик, модел аралык, же ядролук жана деривациялык моделдерин түзүп чыгат.

Ошентип, диссертациялык эмгекте атоочтук конструкциялардын семантикасы, ядролук моделдериндеги компоненттердин байланыш формалары, деривациялык өзгөрүүлөрү ички структуралык кеңейиши сыяктуу маселелер талдоого алынат.

Бул маселелер, айрыкча, атоочтук конструкциялардын парадигматикалык катышы С.Мусаевдин кийинки чыккан «Кыргыз тилиндеги атоочтук конструкциялардын парадигматикалык типтери» (1987) деген эмгегинде кеңитилип, өркүндөтүлүп берилет. Мында синтаксистик конструкциялар бири-биринен ажыратылып, өз-өзүнчө бөлөк-бөлөк каралбастан, мыйзам ченемдүү мамиле –катышы бар, белгилүү бир системада калыпташып келген категория катары эсептелинет. Мындай шартта, баштапкы модель өзүнө катыштыгы бар элементтер менен (вариациялар, модивикаттар, трансформалар, перифразалар) структуралык-грамматикалык, функционалдык-семантикалык статусу боюнча тең катышта болот. Ушундан улам, синтаксистик конструкциялар синтагматикалык жана парадигматикалык катышта боло тургандыгы билдирилет. Синтаксистик конструкцияларды парадигматикалык жактан териштирүү оң натыйжаларды берет, ал грамматикалык алкакта кеңири колдонулууга тийиш. Синтаксисте парадигматикалык катышты колдонуу «синтаксистик талаа» теориясын жаратат жана кыргыз тилинин синтаксистик системасында мурда колдонулбаган, синтаксистик өнүгүүнүн бир көрүнүшүн шарттап турган жаңы компонентти алып келет.

Кыргыз тилиндеги ар кыл синтаксистик конструкцияларды, сүйлөм табиятындагы ырааттуулукту, системалуулукту шарттап турган тилдик элементтерди бул багытта териштирүү парадигматикалык теорияны жаратмакчы жана ал өз кезегинде, азыркы синтаксистик окууну жаңы баскычка көтөрмөкчү. С. Мусаевдин бул эмгегинен синтаксиске парадигматикалык мамиле жасап, синтаксистик конструкцияларды алардын парадигмалары аркылуу сыпаттап териштирүү оң натыйжаларын берет –деген ойду байкоого болот. Муну атоочтук конструкциялардын парадигматикалык типтерин изилдөө менен көрсөтөт. Автордун бул эмгеги кыргыз синтаксис илиминин жаңы багытта изилдене башташынын дагы бир мисалы болуп саналат.

Совет доорунда, айрыкча, 50-жылдардан тартып кыргыз адабий тилинин функциясы абдан кеңейе баштайт. Аны билим алуунун бардык баскычтарынан жана тармактарынан; көркөм чыгармалардын, расмий иш кагаздардын, мезгилдүү басма сөз каражаттарынын ж.б. кеңири кулач жайышынан көрүүгө болот. Илимий-техникалык прогресс да тилдин өнүгүүсүнө таасир берип, ошол эле учурда анын өнүгүүсүнүн зарылдыгын шарттап турган. Анткени, коомдук кубулуштардын, көрүнүштөрдүн, өнүгүп-өсүүлөрдүн бардыгы тең тил аркылуу чагылдырылат жана тилге көз каранды. Ушул негизде кыргыз адабий тилинин абалына, анын синтаксистик өзгөрүүлөргө, өнүгүүлөргө ээ болгондугуна карата Б.Тойчубекова менен М. Мураталиевдин «Кыргыз адабий тилинин синтаксистик структурасынын совет доорунда өзгөрүшү» (1987) аттуу эмгеги жарык көрөт. Эмгек негизи эки бөлүмдөн туруп, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн структурасынын өзгөрүшү, татаалдашканы жана семантикалык компоненттери тууралуу сөз болгон 1-бөлүм Б. Тойчубекова тарабынан ишке ашырылса, татаал сүйлөмдүн паратаксистен гипотаксиске, байламтасыздыктан байламталуулукка жана анын компоненттеринин структурасы, байланыш жасоо формаларындагы өзгөрүштөр тууралуу 2-бөлүм М. Мураталиев тарабынан жазылат.

Китептин кириш бөлүмүндө совет өлкөсүнүн карамагындагы түрк элдеринин тилдеринин изилдениш абалы, орус тили менен болгон байланыштары, кыргыз адабий тили, анын өнүгүшү тууралуу жалпы сөз болот. I бөлүм Жөнөкөй сүйлөм деп аталып, анда эки составдуу жөнөкөй сүйлөмдөр, сүйлөмдүн баш мүчөлөрү, бир составдуу сүйлөмдөр, алардын түрлөрү, кемтик сүйлөмдөр, сөз, сүйлөмдөр, структурасы татаалдашкан сүйлөмдөр, сүйлөмдүн жандама мүчөсү, кыстырынды мүчөлөр, атоочтук түрмөк, чакчыл түрмөк, кыймыл атоочтук түрмөктөрдөн болгон жайылма мүчөлөр каралат да, алардын синтаксистик өзгөрүшө талдоо жүргүзүлөт. Факты-материалдардын негизинде кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн структурасынын өзгөрүшү жана жаңырышы, сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн, айкындооч мүчөлөрүнүн структурасы семантикалык компоненттер менен кошумчаланып, жөнөкөйдөн татаалдашкан структурага өтүшү; оозеки чыгармаларда, оозеки сүйлөшүү кебинде көп колдонулбаган айрым бир сүйлөмдөр адабий жазма тилде колдонулуп, анын каражаттарынан болуп калышы; бир составдуу сүйлөмдөрдүн, кемтик сүйлөмдөрдүн, сөз-сүйлөмдүн семантика- структурасы жана функциясынын кеңейиши анализге алынат. Мындан кыргыз тилиндеги аталган грамматикалык категориялардын семантикалык-структуралык татаалдашуусун жана функциялардын активдешүүсүн, сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн синтаксистик семантикасынын жаңырышын көрүүгө болот.

М. Мураталиев тарабынан аткарылган II бөлүмдө кыргыз элинин коомдук шарттарына мүнөздөмө берилип, тилдик ички жана тышкы мүмкүнчүлүктөрүнүн эсебинен татаал сүйлөмдөрдүн өнүгүшү, татаал сүйлөмдөрдүн канцелярдык-официалдык иш кагаздарында чагылдырылышы, татаал сүйлөмдөрдүн публицистикалык, көркөм чыгармаларда чагылдырылышы, татаал сүйлөмдөрдүн илимий эмгектерде колдонулушу, төл жана бөтөн сөздөр, татаал сүйлөмдөрдүн орус тилинен которулган адабияттарда чагылдырылышы иликтөөгө алынат. Совет доорундагы өнүгүп-

өзгөрүүлөр түздөн-түз татаал сүйлөмдөрдүн структуралык өзгөрүүлөрүнө да өз таасирин тийгизбей койгон жок. Чынында, басма сөз, мамлекеттик иш кагаздары, алардын түрлөрү, көркөм чыгармалар, саясий-популярдык, илимий эмгектердин кеңири кулач жайышы татаал сүйлөмдөрдүн структуралык өнүгүшүнө да жол ачты. Натыйжада кептеги төл жана бөтөн сөздөрдүн колдонулуш түрдүүлүгү, публицистикалык, көркөм, илимий чыгармалардагы, иштиктүү иш кагаздарындагы сүйлөмдөрдүн стилдик ар кыл ыкмаларда колдонулушу жаңы типтеги татаал сүйлөмдөрдүн структурасын шарттады.

Изилдөөнүн жагдайы байкатып тургандай, авторлордун бул эмгегинде синтаксистик маселелер атайын изилдөөгө алынган эмес, совет доорунда кыргыз тилиндеги жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн колдонулушундагы өзгөчөлүктөр, өнүгүп-өзгөрүүлөр изилдөөгө алынган.

4.2. 1990-жылдардагы синтаксис илими.

Окуу куралдарынын талаптарына ылайыкталып иштелип чыккан А.Имановдун жогорку окуу жайларынын сырттан окуган студенттери үчүн **«Кыргыз тили»** эмгеги 1990-жылы басмадан чыгат. Окуу куралы сөз айкашы жана сүйлөмдү камтыган бөлүмдөрдөн турат. Автор сөз айкашынын изилдениши боюнча жана анын грамматикалык табиятын аныктоодо салттуу изилдөөнүн жүрүшүн салып, адегенде, орус жана түрколог окумуштуулардын көз караштары, пикирлери менен ой бөлүшөт. Коюлган маселе кандай таризде териштирилгендигин Ф.Ф. Фортунантов, М.Н. Петерсон, В.В. Виноградов, С.И. Карцевский, Ф. Микуш, А.М. Мухин; түркологдордон Н.К. Дмитриев, Е.И. Убрятова, Н.А. Баскаков, М.Балакаев, Ю.М. Саидов, М.З. Закиев, У.Б. Алиев, ж.б., кыргыз окумуштууларынан А.Жапаров, Ы. Жакыпов, А. Турсунов өңдүү илимпоздордун эмгектери аркылуу көрсөтөт.

А. Иманов сөз айкашынын табиятын так аныктап алыш үчүн, аны сөз жана сүйлөм менен салыштырып, татаал сөз менен туруктуу сөз айкаштарынан болгон айырмачылыктарын көрсөтүп, эркин сөз айкашын

бөлүп чыгат. Азыркы учурда деле сөз айкашы аталышы менен эркин сөз айкашы термини бирдей түшүнүктөр катары кабылдап жүрөт. Негизи сөз айкашы түшүнүгү эки, же андан ашык сөздөрдүн тизмегинде турган татаал сөздөрдү да, фразеологизмди да, аналитикалык формадагы сөздөрдү да камтып турат да, татаал сөздөр морфологияда, фразеологизмдер лексикологияда каралат. Ал эми ***эркин сөз айкашы*** синтаксистин обьектиси болуп саналат. Автор эркин сөз айкашын илимий негизде ийнине жеткире мүнөздөп, сөз айкашынын карамагынан толук бөлүп чыгара албай калган. Ошондой болсо да, эркин сөз айкашына мындайча аныктама берет: «***Сүйлөмдө айтылып жаткан ой-максатына ылайык толук маанилүү сөздөрдөн түзүлгөн жана ал сөздөрдүн ортосундагы түрдүү катыштарды билдирген семантикалык-грамматикалык бирдик эркин сөз айкашы деп аталат»*** [Иманов, 1990:25] Аныктаманы эркин сөз айкашынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бардыгын камтып турган, төгөрөгү төп келген эреже катары кабыл алууга болбосо да, эркин сөз айкашы деген өзүнчө түшүнүктү шарттап турат. Бул жерден бир нерсени белгилеп кетүүгө туура келет. А. Иманов эркин сөз айкашына атайын эреже чыгарып, синтаксистин өзүнчө обьектиси катары изилдеп жаткан соң, анын классификацияланышын да ушуга ылайыкташ керек эле. Маселен, 26-бетте: «Кыргыз тилиндеги эркин сөз айкаштары багындыруучу түгөйлөрүнүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигине карата ***атоочтук сөз айкашы*** жана ***этиштик сөз айкашы*** болуп экиге бөлүнөт», - деп турат. Илим тактыгы менен айырмалуу. Эгерде ***атоочтук сөз айкашы*** жана ***этиштик сөз айкашы*** деп түшүнсөк, анда жалпы эле сөз айкашынын карамагынан карап калабыз, б. а., сөз айкашы түшүнүгү менен эркин сөз айкашы түшүнүгү айырмасыз болуп калат. Ошол үчүн, атоочтук сөз айкашы, этиштик сөз айкашы деп атабастан, атоочтук эркин айкашы жана этиштик эркин сөз айкашы деп так аталышка ээ кылыш керек эле. Албетте, бул биздин жеке көз караш. Негизинен, эркин сөз айкашынын грамматикалык касиеттерин аныктоодо, алардын курулушун, түрлөрүн, түгөйлөрүнүн

маанилик катыштарын жана синтаксистик байланыш жолдорун териштирүүдө автордун бир кыйла обьективдүү көз караштары билдирилген. Эркин сөз айкаштарына карата илимий-теориялык ойлору ишенимдүү факты-материалдар менен ырасталган.

Окуу куралындагы сүйлөм бөлүмү анын мүнөздүү белгилерине, сүйлөм теориясына токтолуу менен башталат. Синтаксис илиминде сүйлөм башкы орунда турат. Ал формалдык-грамматикалык, логикалык-грамматикалык, психологиялык ж.б. багыттарда изилдөөгө алынып келген. Анын табияты татаал, ошон үчүн ага ар кыл аспектиде көптөгөн аныктамалар берилип жүрөт. Сүйлөмдү мындай ар түрдүү аспектиде, ар башка багытта мүнөздөөнүн өзү анын өтө эле көп кырдуу түзүлүштөрү, конструкциялары бар экендигин автор бир катар окумуштуулардын ойлору менен бекемдеп берет. Сүйлөм тутумундагы сөздөр тең жана багыныңкы байланыштын принциптери боюнча өз ара айкашат да, сүйлөмдүн уюшулушунда курулуш материалы кызматын аткарат; сүйлөмдүк касиетти шарттап турган сүйлөм мүчөлөрү бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, синтаксистик бүтүн бирдик болуп саналат; ал бүтүн бирдик ойду калыптандыруучу кабарлоочу жана билдирүүчү милдетте туруп, белгилүү даражадагы аякталган ойду билдирет деген критерийлерди жана В.В. Виноградовдун сүйлөмгө берген аныктамасынын илимий негиздүүлүгүн эске алып: ***Сүйлөм –ойду калыптандыруучу жана аны кабарлоочу, билдирүүчү каражаты болгон кептин (речтин) грамматикалык жактан уюшулган, жыйнактуу бүтүн бирдиги*** деп аныктама берет. Сүйлөмдүн негизги белгилери катары, модалдуулук, синтаксистик чек, жак аркылуу уюшулган предикативдүүлүктү жана интонацияны көрсөтүп, аны конкреттүү факты-материалдардын мисалында далилдейт.

Коомдук турмуштагы пикир алышуулар, кабарлар, баяндоолор, билдирүүлөр ж.б. коммуникативдик процессти шарттап турат, ал сүйлөмдөр аркылуу жүзөгө ашат. Мына ошол сүйлөмдөр айтылыш мүнөзү боюнча тилде

модалдык жактан ар түрдүү мааниде колдонулары белгилүү. Мындай ар түрдүү мааниде айтылган сүйлөмдөрдү жай, суроолуу, илептүү жана буйрук деп төрткө бөлүштүрөт. Проф. А. Жапаров болсо, жай, суроолуу, илептүү деп үч түргө бөлүштүргөн (1979), кийинки 1992-жылы чыккан «Синтаксический строй кыргызского языка» деген эмгегинде сүйлөмдү айтылыш максаты боюнча жай сүйлөм, баяндама жай сүйлөм, терс баяндама жай сүйлөм, тангыч ээлүү жай сүйлөм, буйрук баяндама жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, илептүү сүйлөм [Жапаров, 1992:32-60] түрлөрүнө ажыратат. Мында жай сүйлөмдүн модалдык түрлөрү жонүндө сөз болот да, илептүү жана суроолуу сүйлөмдөрдүн модалдык түрлөрүнө токтолгон эмес.

Кыргыз тилинде айкындооч мүчөлөрдү ээнин зонасындагы жана баяндоочтун зонасындагы сүйлөм мүчөлөрү деп карап жүрүшөт. А. Иманов бул түшүнүктү бекем тутунуп, айкындооч мүчөлөргө карата эреже чыгарат: «***Грамматикалык жактан баш мүчөлөрдүн бирине багынычтуу болуп айтылган жана алардын түрдүү белгилерин, маанисин толуктаган сүйлөм мүчөлөрү айкындооч мүчө деп аталат»*** [Иманов, 1990:140] Айкындооч мүчөлөргө карата чыгарылган бул эрежени, албетте, Имановго жеке менчиктеп берүүдөн алыспыз. А. Имановдон мурда мындай эрежени А. Жапаров айткан: ***«Грамматикалык жактан баш мүчөлөрдүн бирине багынып, аларга айкындык, тактык берип турган сүйлөм мүчөлөрү айкындооч мүчө деп аталат»*** [Иманов, 1990:138]. Авторлордун эрежелеринде айкындооч мүчөлөр дайыма баш мүчөлөргө багыныңкы абалда болот деген көз караш өкүм сүрөт. Чындыгында, кыргыз тилиндеги көпчүлүк сүйлөмдөрдө айкындооч мүчөлөр баш мүчөлөргө багынбай турган учурлары кездешет: 1. **Кыйшайган** оозго кырк дары даба болбойт (макал). Ал **Тойчубектин** короосун көздөй басты (К. Б.). Мындагы асты белгиленген айкындооч мүчөлөр баш мүчөлөрдүн бирине багыныңкы абалда турбай эле, айкындооч мүчө айкындооч мүчөгө эле багынып турат. Бул эрежелерге караганда, М.Мураталиев менен А.Турсунов «***Кыргыз тилиндеги сүйлөм***

мүчөлөрү» (1961) деген эмгегинде алда-качан мурда эле аныктаманы салыштырмалуу так бериптир: «Сүйлөмдүн баш, же айкындооч мүчөлөрүн айкындап туруучу мүчөлөр айкындооч мүчөлөр деп аталат» [Турсунов, 1961:43].

Кыргыз тилинде бир составдуу сүйлөмдөрдү окумуштуулар грамматикалык-семантикалык, айрымдары логикалык-семантикалык принциптердин негизинде классификациялап жүрүшөт. А.Иманов грамматикалык-семантикалык принципте бир составдуу сүйлөмдөрдү структурасына, алардын баш мүчөлөрүнүн сөз түркүмдөрү менен катышына карап ***жалпылама жактуу, белгилүү жактуу, белгисиз жактуу, жаксыз*** жана ***атама сүйлөмдөр*** деп бөлүштүргөн. Бир составдуу сүйлөмдөр А.Жапаровдо ***белгилүү жактуу, жамдама жактуу, туюк жактуу, жаксыз*** жана ***атама*** деп классификацияланса, Б.Тойчубекова бир составдуу сүйлөмдөрдү адегенде ***атоочтук бир составдуу*** жана ***этиштик бир составдуу*** деп экиге бөлүп алат да, этиштик бир составдуу сүйлөмдөргө ***жагы белгисиз, жагы белгилүү, жагы жалпылама*** аталыштарындагы сүйлөм түрлөрүн киргизет. Көрүнүп тургандай, кыргыз тилиндеги бир составдуу сүйлөмдөр ар түрдүү аталыштарда учурайт. Мындай аталыштар кыргыз тилиндеги бир составдуу сүйлөмдөрдү ар түрдүү түшүнүүгө жана чаржайыттуулукка алып келет. Бул практикадан улам байкалып жүрөт.

А.Имановдун окуу куралынын акырында сырттан окуган студенттерге карата текшерүү иштери берилип, сөз айкашы жана сүйлөм боюнча талдоонун үлгүлөрү көрсөтүлгөн, көптөгөн тексттер сунушталып, аларды аткаруу тапшырмалары коюлган, А.Иманов 1994-жылы ушул окуу куралы менен докторлук диссертациясын жактаган жана бул эмгеги кийинки 1995-жылы, 2009-жылы чыккан. «Кыргыз тилинин синтаксиси» эмгектеринин негизин түзүп турат.

Кыргыз тили илиминин синтаксисиндеги эң көрүнүктүү эмгектердин бири катары Абдыгул Жапаровдун 1992-жылы жарык көргөн

«Синтаксический строй кыргызского языка» деген эмгегин атоого болот. Кыргыз тилинин синтаксисине гана эмес, жалпы түркологияга да олуттуу салым кошкон эмгек катары бааланууга тийиш. Жогорку окуу жайлары үчүн жазылган эки томдук 49 басма табак көлөмүндөгү бул эмгек кыргыз синтаксис илиминин кандай деңгээлде өнүккөндүгүнөн кабар берет. Өзү айткандай, бул китебинде кыргыз тилинин синтаксистик түзүлүшүнүн ар бир деталдык түшүнүктөрүнө чейин кеңири масштабда териштирүү жүргүзүлүп жатышы биринчи аракеттерден болуп саналат. Албетте, кыргыз тилинин да, түрколгиянын да жетишерлик деңгээлде изилденип-аныкталып калган синтаксистин бир топ маселелери бар. Алар илимде эч кандай талаш-тартыштарды туудурбайт. Ошону менен катар эле, тилдин синтаксистик түзүлүшүндө такыр изилдөөгө алына элек, же ар кыл көз караштарды жараткан көйгөйлөр да болбой койбойт. [Жапаров, 1992: 3].

Автор I китебинин башында эле, адегенде, сүйлөмгө, анын структуралык жана типологиялык мүнөзүнө, сүйлөмдүн структуралык негизин түзүп турган баш мүчөлөргө, сүйлөмдүн уюшулушундагы грамматикалык белгиси интонациянын маанилүүлүгүнө, сүйлөм жана сөз айкашына, сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүнүн составына жалпы анализ жүргүзүп алат. Тилдин синтаксистик системасын толук чагылдырууну синтаксистик бирдиктерди аныктап коюу менен чектесек, анда бул система элементтердин гана жыйындысы болуп калат. Ошондуктан, синтаксистик системада сүйлөмдү уюштуруучу элемент-каражаттардын ортосундагы байланыш, мамиле-катыш, алардын ар кыл табияты, маани өзгөчөлүктөрү, ар түрдүүлүгү жана көп кырдуулугу башкы орунда турууга тийиш. Маселен, синтаксистин байланыш түшүнүгү сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн тутумундагы сөздөрдүн бири-бирине катар жайгашуусун түшүндүрбөйт, ал элемент-каражаттар, б.а., сөздөр өз ара белгилүү бир тартиптин чегинде байланыш жасайт да, баш ийдирүүчүлүк, багыныңкылык мүнөздү шарттайт. Натыйжада, синтаксистик мамилелерди жаратып, бири-бирин аныктоого кызмат өтөйт. Мисалы, ***мыкты***

студент, кирпич үй, жакшы окуу сөз айкаштарынын тутумундагы сөздөр өз ара ыкташуу байланышын шарттап, байланыштын маанилери аныктоочтук жана аныкталгычтык мамилелерди жаратса, ***айылга баруу, китепти окуу, шаардан кетүү*** сөз айкаштарынын түгөйлөрү бири экинчисине карай башкаруучулук жана башкарылуучулук мүнөздү шарттап, обьектилик, бышыктоочтук катыш мамилелерди пайда кылды. Өз кезегинде, бул сөз айкаштары, дегеле, бардык сөз айкаштары сүйлөм тутумунда дагы бир синтаксистик өзгөчөлүктөрдү жаратат, синтаксистик түрдүү конструкциялардын пайда болушуна алып келет. Сүйлөмдүн синтаксиси пикир алышуулук мүнөздөгү бирдиктерди иликтөөгө багытталган. Демек, сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн, анын түрдүү формаларынын, сөз айкаштарынын байланыштары, мамиле-катыштары пикир алышуу максатына баш ийет. Сөздөр, сөз айкаштары сүйлөм аркылуу, т.а., сүйлөмдүн карамагында пикир алышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Синтаксистик сөз айкашы обьектиси жана сүйлөм обьектиси бири-биринен ар түрдүү деңгээлдеги синтаксистик бирдиктер катары айырмаланып, сөз айкашуу сүйлөмгө чейинки деңгээлде, сүйлөм болсо, пикир алышуу деңгээлинде болот. Проф. А. Жапаров синтаксистин мүнөздүү ушул жагдайына жалпы анализ берип, алдына койгон изилдөөсүнүн максат-милдеттерин тактап, синтаксис маселелеринин татаалдыгы, синтаксистик категориялардан ар түрдүү жана көп кырдуу түшүнүктөрдүн жаралышы, аны кеңири жана так чечмелөөнүн зарылдыгы бар экендигине өзгөчө маани берет.

Эмгек кыргыз тили илиминдеги жана түркологиядагы жетишкен ийгиликтерди эске алуу менен, мурда-кийин изилдөөгө алына элек кыргыз тилинин синтаксистик конструкцияларынан келип чыккан ички маанилик катыштарды, формалык байланыш өзгөчөлүктөрдү жана талаш туудурган маселелерди көтөрүп чыккандыгы менен айырмаланып турат. Кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдү айтымдык өзгөчөлүгүнө, модалдык маанисине карап ***жай сүйлөм, баяндама жай сүйлөм, терс баяндама жай сүйлөм, тангыч***

ээлүү жай сүйлөм, буйрук баяндама жай сүйлөм; атоочтук сөз айкашынын багыныңкы түгөйлөрүнүн формаларына карап, атооч жөндөмөсүндөгү атоочтук сөз айкашы, илик жөндөмөсүндөгү атоочтук сөз айкашы, барыш жөндөмөсүндөгү атоочтук сөз айкашы, табыш жөндөмөсүндөгү атоочтук сөз айкашы, жатыш жөндөмөсүндөгү атоочтук сөз айкашы, чыгыш жөндөмөсүндөгү атоочтук сөз айкашы деп ар бир синтаксистик маселени ийне-жибине чейин изилдөөгө аракеттер жасалган.

Сүйлөмдүн жөнөкөй жана татаал деген аталыштагы негизги эки типологиясы функционалдык, структуралык табиятына, алардын ар биринин тутумуна кирген бөлүктөрүнүн, синтаксистик формаларынын ички биримдүүлүгүнө жараша тиешелүү касиеттерге ээ болуп турат. Сүйлөмдө катышкан ар кыл синтаксистик категориялар канчалык көп түрдүү болсо, сүйлөм да түзүлүшү жагынан ошончолук көп кырдуу болуп, ар түрдүү маани бөтөнчөлүктөрдү алып жүрөт. Сүйлөмдүн уюшулушу, түрлөрү, спецификасы ушулар аркылуу ишке ашат. Жөнөкөй сүйлөм тутумундагы сөздөр бири-биринен айырмаланган сырткы формалык түзүлүштө туруп, ар түрдүү синтаксистик кызматтарды аткарат. Синтаксистик кызматы ээ, баяндооч, аныктооч, бышыктооч, толуктооч түшүнүктөрү менен шартталган. Ошол эле учурда сүйлөм мүчөлөрү гана туруктуу, ал милдеттерде турбаган сөздөр жөнөкөй сүйлөм, татаал сүйлөм табияттарын аныктоого катыша албайт деген түшүнүктүн жаралышы да шарт эмес. Айрым учурларда сүйлөм мүчөлүк милдетти аткарбаган сөздөр да сүйлөмдүн курулушунда синтаксистик маанилик кызмат аткарат, алар каратма, киринди, сырдык сөздөр катары белгилүү. Ушул аспектиден алып караганда да, сүйлөм табиятынын татаалдыгы келип чыкпай койбойт. Кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бир составдуу, эки составдуу; толук, кемтик; жалаң, жайылма, бир составдуу сүйлөмдөрдүн белгилүү жактуу, белгисиз жактуу, жалпы жактуу, жаксыз, атама сүйлөмдөр болуп бөлүнүшү, кемтик сүйлөмдөрдүн түрлөрү, сүйлөмдүн айтылыш маанисине карай жай, суроолуу, илептүү, буйрук болуп, алар да өз

кезегинде бир нече түрлөргө бөлүнүшү, татаал сүйлөмдөр, тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн бөлүнүшү, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрү ж.б. классификациялаштыруунун өзү сүйлөм табиятынын татаалдыгынын дагы бир өңүтүн ачып турат. Алардын ички структуралык өзгөчөлүктөрү да сүйлөм табиятынын татаалдыгын көрсөтүп турат. А.Жапаров бул эмгегинде формалдуу синтаксистин обьектисине кирген бардык маселелерди изилдөөгө аракет жасаган жана ал аракетти ийгиликтүү иш жүзүнө ашырган. Муну менен, албетте, кыргыз тилинин салттуу синтаксисиндеги бардык маселелер териштирилип бүттү деп айтуудан алыспыз. Илим болгон соң, өнүгүүгө жараша улам бир маселенин жаралып турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. А.Жапаровдун бул эмгегине карата атайын изилдөө иштерин жүргүзүүгө болот, анын оош-кыйыштарын белгилеп, илимий анализ жүргүзүлүп баа берилүүгө тийиш.

1970-жылдардын аягында синтаксистик материалдарды ***структуралык-семантикалык*** багытта (Жапаров, Турсунов) кароого жаңыдан көңүл бурула баштаса, 80-жылдар ичинде бул багытта атайын илимий изилдөөлөр (Тойчубекова, Мусаев) жүргүзүлө баштайт. Ал эми 80-жылдарда синтаксистик материалдарды структуралык-статистикалык аспектиде да сыпаттап-териштирүү иштери колго алына баштагандыгын көрүүгө болот. Мунун көрсөткүчү катары, проф. С.Ибрагимовдун 1994-жылы чыккан «Структурно-вероятностный анализ синтаксических отношений киргизского языка и их функционирования в речи» («Кыргыз тилиндеги синтаксистик байланыш-катыштарга структуралык-ыктымалдык анализ жана алардын кептеги аракет-милдеттери») деген эмгегин мисалга тартууга болот.

Эмгекте синтаксистик материалдардын мисалында сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн өз ара байланыштуулугун аныктоо милдети коюлган. Тилдеги сөздөрдүн аткарган байланыштык жана маанилик милдеттерин структуралык-ыктымалдык ыкмада эсептеп чыгып, аларга түшүндүрмө

берилген. Илимий-техникалык тексттер обьект катары алынган. Мындагы тилдик бирдиктердин сандык көрсөткүчтөрү биринчиден, ошол тексттин стили, багыт-мүнөзү, тармагы боюнча маалымат берсе, экинчиден, жазган автордун сөз байлыгы, сөздөрдү колдонуу мүмкүнчүлүгү, жөндөмү канчалык деңгээлде экендигинен кабар берет, үчүнчүдөн, тил илиминин так илимдер менен байланыштуулугун көрсөтөт. Автор функционалдык класс (ФК) деп аталган бирдиктер менен кыргыз тилинин синтаксисин жазып чыгуу методун сунуш кылат. Функционалдык класс түшүнүгү сөздүн (сөз формасынын) бир эле мезгилдеги морфологиялык жана синтаксистик мүнөздөмөсүнөн келип чыккан. Текстте колдонулган ар бир сөз ФКнын деңгээлинде б.а., морфологиялык-синтаксистик бирдикте белгиленип, сүйлөмдөгү ар бир ФКнын өз ара позициялык, синтагматикалык, маанилик көрсөткүчтөрү «сүйлөмдүн багыныңкы бутактары» деген графикалык схема менен жазылат. Ошол тексттин толук мазмуну ФКнын бирдиктери жана графикалык схемалар менен берилет. Натыйжада схемалардын структуралык бөлүнүштөрү жана алардын статистикалык көрсөткүчтөрү ФКнын синтаксистик параметрлеринин сапаттык көрсөткүчтөрүн эсептеп чыгышса, алар аркылуу тийиштүү лингвистикалык жыйынтыкка келишке мүмкүнчүлүк берет деп көрсөтөт. Чындыгында, бардык эле текст түрлөрүнөн ФКнын көрсөткүчтөрү аркылуу лингвистикалык тиешелүү жыйынтыктарды чыгаруу мүмкүн болбой калышы ыктымал. Муну автор өзү да, азырынча илимий-техникалык тексттин негизинде жазылгандыгын, мындай тексттер стилистикалык, эмоционалдык, эмфотикалык таасирлерге кириптер эмес [Ибрагимов,2001:171] -деп белгилеп кеткен.

С. Ибрагимов структуралык-ыктымалдык талдоону кыргыз тили илимине колдонуу менен, тилдик өнүгүүдөгү пайдалуу жыйынтыктарды көрсөттү. Анын бири катары, маселен, салттуу грамматикадагы жыйынтыктарды бекемдөөдө жана айрым бир тилдик фактыларды ачууда ийгиликтерди жарата аларын көрсөтсөк болот.

1990-жылдар ичинде кыргыз тилинин синтаксис маселелерине байланыштуу бир катар докторлук жана кандидаттык диссертациялар корголот. А.Иманов «Кыргыз тили» (1990) окуу куралынын негизинде 1994-жылы докторлук, ушул эле жылы «Кыргыз тилиндеги бир составдуу сүйлөмдөр» деген темада Б.Тойчубекова да докторлук диссертацияларын жакташса, К.Жаманкулова «Кыргыз тилиндеги бышыктооч мүчөлөр» (1994), Т.Токоев «Кыргыз тилиндеги парцелляция» (1995), Ж.Элчиев «Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөр» (1996), А.Дунканаев «Кыргыз эл табышмактарынын синтаксистик түзүлүшү» (1998), А.Койлубаева «Азыркы кыргыз адабий тилиндеги каратма сөздөр» (1998) деген темаларда кандидаттык диссертацияларын коргошот.

Т.Токоевдин «Кыргыз тилиндеги парцелляция» (жөнөкөй сүйлөм аспектисинде) изилдөөсү кыргыз тилинин синтаксистик өзгөчөлүктөрүнө жараша жекече кубулуштар сыпаттоого алынып, анын илимий жоболору аныктала баштаганынан кабар берет. Тилдин кийинки өнүгүүсүнө ылайык, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айрым мүчөлөрүнүн, сүйлөмдөрдүн кээ бир татаалдашкан түрмөктөрүнүн, татаал сүйлөмдөрдүн айрым бөлүктөрүнүн сүйлөм чек арасынан тышкары жайгашып калышы адаттагы калыпташып калган стилдик көрүнүш катары кеңири колдонууда. Мындай стилдик ыкмадагы синтаксистик конструкциялар, б.а., парцелляттык кубулуштар басма сөз беттеринде, көркөм чыгармаларда, оозеки кепте да активдүү колдонулат: 1. Сен бүгүн чакырбасаң да, жакында жайлоого бармакпыз. ***Калыбек экөөбүз*** (Ж.М.). 2. Мага акыл айтчулар көп эле. ***Кеңеш берүүчүлөр*** (Ө.Д.). 3. Унчукпайт. ***Апасы да*** (Ө. Д.). 4. Акырын бас. ***Бутундун учу менен*** («КМ»). 5. Жара сүздү. ***Көк буканын кардын*** (К.О.). Адатта, кыргыз тилинде чекит белгиси коюлгандан кийин сүйлөмдүн аякталгандыгы билдирилет. Келтирилген мисалдардагы чекит белгиси коюлгандан кийин, ошол сүйлөмдүн мазмунунан ажырабаган түрдөгү экинчи бөлүгү баш тамга менен башталып өзүнчө берилди. Булар биригип бир эле сүйлөм катары каралат.

Асты сызылган сүйлөмдөр өз алдынча сүйлөм катары эсептелбейт. Мындай конструкциядагы сүйлөмдөр парцелляция кубулушуна кирет. Т.Токоев кыргыз тилиндеги парцелляция кубулушуна так түшүндүрмө берет. «Сүйлөмдүн пикир алышуучулук милдети түздөн-түз предикативдүүлүк аркылуу шартташып турат. Ал эми парцеллят интонациялык жактан өз алдынчалуулукту сактап турганына карабастан, предикативдүүлүк белгисине ээ эмес, ал негизги фраза менен чогуу келип гана пикир алышуу функциясына ээ, ошондуктан, ал сүйлөм мүчөлөрүнө, сөз айкашына жакындыгын далилдейт. Парцелляттын бул белгилери анын структуралык гана көз карандылыгы. Бирок парцелляттын жалпы конструкциянын составындагы стилистикалык ролу өтө жогору. Парцелляцияда угуучунун көңүлү да, окурмандын көңүлү да жалпы конструкциянын мазмунунда парцеллятка бурулат» (КДА.9-б). Кыргыз тилиндеги парцелляция кубулушуна түзүлүшү жагынан окшош келген обочолонуу, сегментация, кемтик сүйлөм, бириктирүү сыяктуу кубулуштар менен салыштырылып, алардын ортосундагы айырмачылыктар көрсөтүлөт. Эмгекте парцелляциянын синтаксистик маңызын, анын тилдик синтаксистик түзүлүшүндө ишке ашырылыш жолдорун, бул түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн өнүгүү булактарын, татаалдануу процесстерин, пикир алышуу процессиндеги өзгөчөлүктөрүн аныктоо максаты коюлган.

Кыргыз тилинде жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өзгөчө бир түрү катары бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр эсептелет. Алардын табияты татаал келет. Сырткы грамматикалык түзүлүшү жагынан окшош келген көпчүлүк бир тутумдуу сүйлөмдөр структуралык семантикасы боюнча ич ара айырмаланып турушат. Алар тигил, же бул иш-аракеттик окуянын, кубулуштун атын атоодо жана ал иш-аракетти, ал-абалды билдиришине карата бир нече түрлөргө бөлүнөт. Кыргыз тилинде бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн беш түрү: белгилүү жактуу, белгисиз жактуу, жалпы жактуу, жаксыз жана атама сүйлөмдөр деп аныкталып жүрөт. Булардын ичинен атама сүйлөмдөр боюнча Б.Жайлообаев

(2004), жаксыз сүйлөмдөр боюнча Ж.Элчиев кандидаттык диссертацияларын коргошту. Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү атайын иликтөөгө алган Б.Тойчубекова эмнегедир жаксыз сүйлөмдөргө кайрылган эмес.

Ж.Элчиевдин «Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөр» (2004) аттуу эмгегинде бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн бул түрү кеңири иликтөөгө алынган. Жаксыз сүйлөмдөрдү этиштик баяндоочтуу сүйлөмдөрдүн калган түрлөрүнөн, атама жана кемтик сүйлөмдөрдөн айырмалап, структуралык семантикасы боюнча бөлүп чыгат. Сөз чынында, кыргыз тили илиминде бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшүн, структуралык семантикасын, жалпы эле жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бир тутумдуулугу менен эки тутумдуулугун аныктоодо, ошондой эле алардагы аракет кылуучу жактын табиятын, б.а., жактуулук жана жаксыздык, белгилүүлүк жана белгисиздик, конкреттүүлүк жана жалпылоочулук маселелерин тактоодо талаш-тартыштар жаралып келген. Мындай көйгөйлөрдүн бири катары, жактуулук жана жаксыздык маселеси болуп саналат. Муну кылдат баамдаган Ж.Элчиев кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмдүн бардык башка түрлөрү менен салыштыруу аркылуу анын табиятын аныктоого аракет жасаган. Тил илиминде жаксыз сүйлөмдөр бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн өзгөчө бир түрү катары көп убакыттардан бери иликтенип келе жаткандыгына карабастан, анын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү толук аныктала электигин ар түрдүү көз караштар өкүм сүрүшү далилдеп койду. Ушул негизден алганда, кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн структуралык-семантикалык табиятын автор илимий-теориялык негизде факты-материалдар мисалында ынанымдуу көрсөтүп бере алган.

Ж.Элчиев кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдү төмөндөгүдөй структурада изилдөөгө алган: Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн семантика-структуралык табияты, Жаксыз сүйлөмдөрдүн баяндооч мүчөлөрүн уюштуруучу сөз жана сөз айкаштары, Жаксыз сүйлөмдөрдүн семантика-структуралык жактан курулушундагы жана аларды

классификациялоодогу грамматикалык фактордук ролу, Жаксыз сүйлөмдөрдүн маанилик бөтөнчөлүктөрүнө карай бөлүнүшү, Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн стилистикалык мүнөздөмөсү, Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн кошмо сүйлөмдөрдүн тутумунан алган орду. Коюлган маселелерден улам, жаксыз сүйлөмдөрдүн табияты мүмкүн болушунча кеңири иликтөөгө алынгандыгы байкалып турат.

Кыргыз тилинин синтаксис илиминдеги көрүнүктүү эмгектердин бири катары А.Сапарбаевдин жогорку окуу жайларына арналган «Синтаксистик окуунун негиздери» (1997) аттуу окуу китебин белгилөөгө болот. Эмгек кыргыз тилиндеги орчундуу маселелердин бири –сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнүн синтаксистик катыштары, алардын грамматикалык маанилери, ички структуралык өзгөчөлүктөрү. Булар «Синтаксистик катыш жана алардын түрлөрү», «Обьектилик катыш», «Атрибутивдик катыш» жана «Бышыктоочтук катыш» деген төрт главада иликтөөгө алынган.

Сүйлөм тутумундагы сөздөр белгилүү бир грамматикалык формаларда туруп, экинчи бир синтаксистик бирдиктер (сөздөр) менен байланышты түзүп, сүйлөм шартында кошумча грамматикалык маанини жаратып, синтаксистик катышты уюштуруп турат. Синтаксистик катыш сүйлөмдөгү сөздөрдүн бири экинчисине карай багыныңкылык абалын жаратып турган лексикалык маанилерине жана грамматикалык формаларына негизделет. Өз ара синтаксистик катышта турган сөздөр сүйлөмдүн структуралык элементтери болуп саналат. Ал структуралык элементтердин бирлери болуп эсептелген сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнүн тиешелүү өзгөчөлүктөрү жана алардын башка сөздөр менен болгон синтаксистик катыш принциптери изилдөөнүн негизин түзүп турат. Айкындоочтук катыштагы сөздөр синтаксистик каражаттардын бирдигинен турган принципте уюшулуп, өз ара атрибутивдик, обьектилик, бышыктоочтук катыштарда болот жана алар өздөрүнүн категориялык-грамматикалык табиятына байланыштуу синтетикалык, аналитикалык формаларда ишке ашырылат.

I бапта сүйлөмдөгү сөздөрдүн синтаксистик катыштарын аныктоонун принциптери негизге алынат. Белгилүү бир синтаксистик катышка тиешелүү болгон грамматикалык маани форма-көрсөткүчтөрдүн жыйындысы анын синтаксистик башка катыштардан айырмалоочу белгиси катары түшүп, структуралык бөтөнчөлүктү, өз алдынчалуулукту шарттайт. Муну автор: «Синтаксистик катыштарды сырткы көрүнүшү (түзүлүшү) боюнча айырмалоо (классификациялоо), же таанып-билүү структуралык принцип деп аталат. Айталы, табыш жөндөмө формасында келген зат, же заттык мааниге өткөн сөздөр өзүлөрүнүн грамматикалык табияты боюнча өтмө этиштерге башкарылып, кыймыл-аракет затка тике багытталган, же затка бүтүндөй таралган грамматикалык маанини туюндурат да, обьектилик катыштын бир түрү болгон тике обьектилик катыштын туруктуу формасы катары келет: 1 ***Жокту*** жок издеген ***табат***. 2. ***Кымызды*** ичкенге ***бер***, ***кызды*** сураганга ***бер***. 3. ***Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе***. (М). Мисалда көрсөтүлгөндөй, тике обьектинин бирден-бир грамматикалык формасы болгон табыш жөндөмө мүчөсү функционалдык жактан туруктуу болот да, ушул өзгөчөлүгүнө байланыштуу синтаксистик катыштын башка түрлөрүнө карата форма-көрсөткүч катары колдонулбайт. Ошондуктан тике обьектилик катыштын табыш жөндөмөсүндөгү зат атооч+өтмө этиш тибиндеги түзүлүшү аны синтаксистик катыштын башка түрлөрүнөн айырмалап, таанылып-билинишинин көрсөткүчү болуп, анын синтаксистик катыштын бир түрү катары структуралык принципте аныкталышын толук түрдө шарттап турат» [Сапарбаев, 1997:11] -деп мүнөздөйт. Мында табыш жөндөмө формасы гана тике обьектилик катышты көрсөтө алат, ал эми синтаксистик катыштардын структуралык көрсөткүчү катары келүүчү калган грамматикалык формалардын бардыгы тең эле белгилүү бир грамматикалык маанилерди уюштуруп, алардын чегинде калыпташкан эмес. Синтаксистик катышты аныктоочу семантикалык, структуралык жана синтаксистик принциптерге мүнөздөмө берет.

II бапта ***обьектилик катыш*** каралат. Обьектилик катыштын мааниси багыныңкы түгөйлөрдүн кыймыл-аракет жана айрым бир атооч сөздөр менен болгон заттык, обьектилик катыштарына негизделет. Дал ушул заттык, нерселик маанидеги сөздөрдүн кыймыл-аракетке карата обьектилик мааниде колдонулушу синтаксистик катыштын башка түрлөрүнөн айырмалап турат. Маселен, 1. Жаанда калган ***шүүдүрүмдөн коркпойт***. 2. Жаман тондуу ***күрөшкө тойбойт***, жаман аттуу ***жарышка*** тойбойт (М). 3. Кийин эс тартып чоңойгондо, мен бул теректердин ***сырын түшүндүм*** (Ч.А.), сыяктуу сүйлөмдөрдөгү ***шүүдүрүмдөн, күрөшкө, жарышка, сырын*** багыныңкы түгөйлөрү ***коркпойт, тойбойт, тойбойт, түшүндүм*** кыймыл-аракеттик багындыруучу түгөйлөр менен обьектилик катышты түзүп тургандыгы менен өзгөчөлүү. Ошондой болсо да, айрым учурларда обьектилик катыштык багыныңкы түгөйлөрү кыймыл-аракет менен эмес, атооч сөздөр менен катышта туруп калышы мүмкүн. Буга карата 1. Жакшы ***жаныңа жолдош***, жаман ***малыңа жолдош*** (М). 2. Айланасы кырка тоолор менен курчалган бул өрөөн ***карагай-арчага, токойго бай*** (К.О). Ар кимдин жүргөн жери ***өзүнө мисир*** (М), - сыяктуу мисалдарды келтирип далилдөөгө алат: «Мындай көрүнүш, негизинен макал-лакаптарга мүнөздүү келет. Анткени аларда тоодой ойду томуктай сөзгө батыруу принцибинен улам, этиштик баяндоочтор түшүрүлүп, анын ордуна функционалдык жактан трансформацияланган атооч сөздөр ээлейт. Ошентип, синтаксистик катыштын бул түрү сүйлөмдөгү заттык, нерселик маанидеги сөздөрдүн кыймыл-аракет, же атооч сөздөргө карата обьектилик мааниде колдонулушуна негизделет да, анын түгөйлөрү өз ара белгилүү бир грамматикалык форма-көрсөткүчтөр аркылуу байланышат» [Сапарбаев, 1997:26,27]. Обьектилик катышта багыныңкы түгөйлөр аркылуу берилүүчү нерселик, заттык маниге багындыруучуга (кыймыл-аракетке) карата таралыш мүнөзү, ушуга байланыштуу синтаксистик катыш табияты, грамматикалык түзүлүшү бирдей болбостугу жана ушул өзгөчөлүгү боюнча ал ***тике обьектилик катыш, кыйыр обьектилик катыш*** болуп эки түргө

ажыратылып, териштирүүгө алынат.

Атрибутивдик катыш, анын грамматикалык мааниси, түзүлүшү, түрлөрү III главада каралат. Синтаксистик катыштын бул түрү аныктооч менен аныкталгыч деп аталган синтаксистик категориялардын бирдигинен турат. Булардын ортосунда деле багыныңкы жана багындыруучулук абал бар. Аныкталгычтын грамматикалык табияты жана мааниси зат, же заттык маанидеги сөздөрдөн болот. Аныктооч болсо, аныкталгычка карата маанилик жана грамматикалык жактан көз каранды абалда турат. Аныктооч аныкталгычтын сын-сыпаттык, сандык, сапаттык, нерселик белгилерин билдирет жана кээ бир учурларда таандык кылуу мүнөзүн шарттайт да, экөөнүн биримдиги атрибутивдик катышты уюштурат, жаратат. Синтаксистик катыштын дагы бир өзгөчөлүү түрү катары атрибутивдик катыш ар тараптуу сыпаттоого алынат.

Синтаксистик катыштын дагы бир түрү –бышыктоочтук катыш 4-главанын өзөгүн түзүп турат. Мында багыныңкы түгөйлөрү бышыктооч болуп саналат да, алар бышыкталгычтын көп түрдүү маанилерин билдирүү функциясын аткарат. А.Сапарбаев сүйлөмдүн аныктоочу менен толуктоочуна караганда, бышыктооч мүчөлөрдүн синтаксистик аткарган милдети абдан кеңири жана ар түрдүү болорун мисалдар менен белгилеп, бышыктоочтук катышты: 1) орун бышыктоочтук катыш, 2) мезгил бышыктоочтук катыш. 3) сыпат бышыктоочтук катыш, 4) себеп бышыктоочтук катыш. 5) сан-өлчөм бышыктоочтук катыш, 6) максат бышыктоочтук катыш [Сапарбаев, 1997:139] деп алты түргө бөлөт. Бышыктоочтук катыштын негизин түзүп турган грамматикалык маанилердин уюшулушу бир катар факторлорго, принциптерге негизделери, грамматикалык маанилердин ошол уюшулушунда багыныңкы түгөйлөр өзгөчө милдетте турары кеңири талдоого алынат. Автор бышыктоочтук катыштын түгөйлөрүн байланыштыруучу грамматикалык формалардын бүтүндөй системасы анын грамматикалык түзүлүшүн аныктоочу негиз катары эсептеп, алардын синтаксистик катыш мүнөзү боюнча

аналитикалык формадагы бышыктоочтук катыш жана синтетикалык формадагы бышыктоочтук катыш деп эки чоң топко бөлүп карайт.

А.Сапарбаевдин «Синтаксистик окуунун негиздери» окуу китеби сүйлөмдү, анын грамматикалык маанилерин, ички түзүлүшүн, структуралык түрлөрүн үйрөнүүдө сөз айкашынын синтаксистик катышы маанилүү орунда турары баса белгиленген. Анткени, сөз айкашынын синтаксистик катышы сүйлөмдүн мазмунун аныктоодо өзгөчө милдет аткарат. Анын түрлөрүн, грамматикалык маанилерин аныктоого байланышкан принциптердин, эреже-аныктамалардын теориялык жоболорун иштеп чыгуу синтаксистик окуунун негизин түзөрүндө шек жок. Автордун бул эмгегин кыргыз тилиндеги сөз айкашы маселесин биринчи жолу структуралык-семантикалык аспектиде иликтөөгө алган эмгек катары баалоого тийишпиз.

4.3. 2000-жылдардан кийинки мезгилдердеги синтаксис илими

Кыргыз тили илиминде кийинки мезгилдерге чейин ***сүйлөм*** коммуникативдүүлүк процессинде эң чоң бирдик катары каралып келди. Мындай көз карашка сүйлөмдүн «аякталган ойду билдириши» түрткү болгон. Коммуникативдүүлүк процессти сүйлөм аркылуу ар тараптуу аныктоого болбойт. Чындыгында, сүйлөм коммуникативдик- когнитивдик алкакта эмес, синтаксистик аспектиде эң чоң бирдик болуп эсептелет. Проф. С.Мусаевдин: «Арийне, акыркы мезгилдерге чейин эле сүйлөмдүк структура лингвистикалык анализ жүргүзүүнүн эң чоң бирдиги катары алынып, тилдин маңыз-мааниси, табияты сүйлөм аркылуу гана аныкталып келген. Ошондуктан сүйлөмдүн чегинде түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон ар кандай кубулуштар тилчи изилдөөчүлөрдү анча кызыктырбаган жана алар лингвистикалык анализдин алкагынан сырт кала берген, маселен, сүйлөмгө берилген 300дөн ашуун аныктаманын ичинен эң алгылыктуусу жана кеңири тарап, көпчүлүк изилдөөчүлөр үчүн бирдей жалпылыкка ээ болуп жүргөнү «бүткөн айрым ойду билдирген сөз, же сөздөрдүн тизмеги». Бирок көпчүлүк

учурда сүйлөмдөр синтаксистик структурасы боюнча «толук аяктап, бүтүп» жатканы менен, семантика-информативдик мазмуну боюнча андай боло алышпай, «бүткөн, аяктаган ойду билдире» алышпай, синсемантикалык мүнөздө болушат. Дагы бир учурда, синтаксистик түзүлүшү предикативдүүлүк деген түшүнүккө, сүйлөмдүк статуска дал келбегени менен, структурасы боюнча да жана семантика-информативдик маалымат-мазмуну боюнча да сүйлөмдөн алда канча чоң, алда канча көлөмдүү абсолюттук конструкциялар, атоочтук татаал конструкциялар жана алардын текст уюштуруучулук мүмкүнчүлүгү сыяктуу маселелер сүйлөм теориясынын алкагына сыйбай жатканы көрүнүп турат, [Мусаев, 2000:11], -деген пикирин толук кубаттоого болот. Албетте, коммуникативдүүлүк шартында сүйлөмдү жокко чыгарууга болбойт, бул процесстин уюшулушунда анын аткарган кызматы чоң. Айталы дегенибиз, сүйлөм структурасы, аны изилдөөнүн жолдору, теориялык ойлор андан да чоң бирдик болуп саналган тексттик лингвистикага жол ачты, б.а., синтаксистик изилдөөлөрдөн улам тексттик лингвистика жаралды. Кыргыз тили илиминде бул багытта С.Мусаев баштаган С.Өмүралиева, Ж.Чыманов, Т.Маразыковдордун бир катар илимий эмгектери жарык көрдү.

Кыргыз тилинин синтаксисинин 2000-жылга чейинки 70 жыл убакыт аралыгындагы абалына илимий негизде көз чаптырып, саресеп салып баа берилбептир. Кыргыз тилинин синтаксиси боюнча мындай парасаттуу ишти биринчилерден болуп С.Ибрагимов колго алат. Анын «***Кыргыз тилинин синтаксиси. Изилдениш тарыхынан***» аттуу монографиясы 2001-жылы жарык көрөт. Анда кыргыз синтаксис илиминин калыптанышы, буга байланыштуу окуу китептеринин, илимий изилдөөлөрдүн жана башка басылмалардын окуу-методикалык, илимий мазмуну жана деңгээли жөнүндө маалыматтар берилет. Синтаксистик категориялардын кыргыз тилиндеги табияты, алардын түрдүү көз караштагы авторлор тарабынан иликтениши тарыхый көз карашта баяндалат. Монография жогорку окуу жайларынын

студенттерине, илимий кызматкелерге, аспиранттарга, жалпы эле кыргыз тилчи мугалимдерине арналып жазылган. Китеп ***Алгачкы доор. 1911-1937-жылдар, 1939-1949-жылдардагы окуу китептери, 1950-1965-жылдар, 1965-жылдан кийинки синтаксис маселелери, 1990-2000-жылдар*** деген темалардын негизинде ишке ашырылган.

Алгачкы доор. 1911-1937-жылдар бөлүмүндө Э Арабаев, К.Тыныстанов өңдүү кыргыз залкарларынын эмгектери жөнүндө сөз болот. Кыргыз инсандарынын ичинен кыргыз тили маселеси жөнүндө жазылган эмгектердин эң алгачкылары Э.Арабаевдин калемине таандык. Анын 1911-жылы Х.Сарсекеев менен бирдикте жазган «Алифбэ йсан төтө окуу» (Уфа,1911), «Жазуу өржөктөрү» (Оренбург, 1912), «Кыргыз алиппеси» (Ташкент,1924) китептерин бүгүнкү күндө сыймык менен атоого болот. С.Ибрагимов Э.Арабаевдин окуу китептеринин агартуучулук майданындагы зарылчылыгын, кыргыз улутуна тийгизген пайдасын, дегеле, Э.Арабаевдин кыргыз эли үчүн эбегейсиз эмгек сиңиргендигин кийинки урпактар аны ар дайым аздектеп эскерүүбүздү адилет белгилейт. Андан соң К.Тыныстановдун, А.Шабдан уулунун, А.Ыдырыс уулунун, Т.Сопу уулунун, Т.Байжиевдин, З.Бектеновдун 1930-жылдар ичинде чыккан эмгектерине экскурс жасайт. Алардын окуу китептериндеги синтаксистик маселелер кандай деңгээлде козголгондугуна факты-материалдардын мисалында мүнөздөмө берет. Сөз чынында, 1930-жылдардагы окуу китептеринде козголгон синтаксис маселелери бүгүнкү синтаксис илиминин пайдубалы болуп саналат. С.Ибрагимов муну туура баалайт: «Ошондуктан тил боюнча жазылган алгачкы эмгектер практикалык мүнөздө, окууну, жазууну үйрөтүү, же сабатсыздыкты жоюу максатында жазылгандыгын бүгкөрүп турабыз. Бирок ошол эмгектердин өзү эле кыргыз тилин изилдөө илиминин башаты экендигин дагы моюнга алышыбыз керек» [Ибрагимов, 2001:5]. Автор ошол мезгилдеги окуу китептерине анализ жүргүзгөндөн кийин, ал автордун өмүр баянына, чыгармачылыгына кыскача токтолуп кетүүсү эмгектин баалуулугун арттырып

турат.

1939-1949-жылдардагы окуу китептери бөлүмү К.Бакеевдин «Кыргыз тили» (1939) окуу китебин мүнөздөөдөн башталат да, бул жылдар ичинде чыккан Т.Актанов, Н.Макешов, К.Бакеевдердин синтаксис маселелерин камтыган окуу китептери салыштырылат. 1939-жылдан 1949-жылга дейре негизинен ушул үч автордун биргеликте жазган эмгектери кайра-кайрадан басылып турган.

Кийинки бөлүмдөрдө, т.а., 1950-жылдардан 2000-жылдарга чейинки мезгилдерде синтаксис боюнча А.Жапаров, К.Сартбаев, М.Мураталиев, Ы.Жакыпов, А.Турсунов, А.Иманов, Б.Тойчубекова, А.Сапарбаев ж.б. өндүү окумуштуулардын эмгектери тууралуу кеп болот, алардын эмгектерине баа берилет. Кыргыз тилинин салттуу синтаксисинде кандай маселелер каралгандыгына байланыштуу автордун жекече көз карашы билдирилет. Айрыкча, проф. А.Жапаровдун салттуу синтаксистеги илимий эмгектерине басым жасалгандыгы байкалып турат. С.Ибрагимовдун «Кыргыз тилинин синтаксиси. Изилдениш тарыхынан» эмгеги синтаксисти изилдөөчүлөр, жалпы эле кыргыз тилчи мугалимдер үчүн кыргыз тилинин тарыхын үйрөнүүдө баалуу эмгек болуп саналат. Менимче, кыргыз тилинин синтаксисинин жаралышын, калыптанышын, өнүгүшүн үйрөнүүдө, алардан ар тараптуу кеңири маалыматтарды алууда бир эле эмгек менен чектелип калууга болбойт, бир эле эмгек бир эле окумуштуунун жеке көз карашы. Ошондуктан, бул багытта бир кыйла эмгектердин жаралып турушу шарт.

Сүйлөм табиятынын аныкталышында айтым функциясынын ролу чоң. Кыргыз тили илиминде айтымга тиешелүү сүйлөм типтеринин (жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, илептүү сүйлөм, буйрук сүйлөм) бөлүнүшүнө карай жалпы изилдөөлөрдү эске албаганда, айтым табиятына байланыштуу атайын изилдөөлөр болгон эмес. Кийинки мезгилдерде гана проф. К.Токтоналиевдин «Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык жана интонациялык структурасы» синтаксистик фонетиканын алкагында изилдөөгө

алынат. Кыргыз тили илиминде биринчи жолу синтаксистик конструкция менен кептин интонациялык жабдылышы өз ара карым-катышта каралып, сүйлөм түзүлүшүнүн грамматикалык каражаттарынын интонацияга, же тескерисинче, айтымдын сүйлөмдүк маанилик маңызына тийгизген таасирин аныктоого аракет жасалат.

Эмгек «Кыргыз тилиндеги кеп куралыш теориясы жана айтымдын коммуникативдик-функционалдык структурасы» жана «Кыргыз тилиндеги айтымдын интонациялык структурасы» деген эки чоң бөлүмдөн турат да, ар бир бөлүмү өз ичине үчтөн главаны камтып турат. I бөлүмдө кеп куралыш теориясынан жалпы маалымат берүү менен, сүйлөмдүн структура-семантикалык жана айтымдын коммуникативдик-функционалдык аспектилери каралат. Тил илиминде синтаксистин жаңы тармагы болгон сүйлөмдүн структура-семантикалык жана коммуникативдик- функционалдык аспектилерин изилдөөгө алган Скаличка (1935), Адамец (1963), Матезиус (1967), Хоккет (1958), Блумфильд (1968), Глисон (1959), Харрис (1962), Хомекий (1961), Адмони (1975), Богданов (1977), И.Х.Ахматов (1983), С.Ж.Мусаев (1987), С.Н.Абдуллаев (1987), Б.Т.Тойчубекова (1983), Т.Т.Токоев (1996) ж.б. көптөгөн окумуштуулардын эмгектерине токтолуп өтөт. Автордун кыргыз тилинин материалдарынын негизинде сүйлөмдүн структуралык-семантикалык жана коммуникативдик-функционалдык аспектилерин, тил жана кептин бирдиктерин, сүйлөм жана айтымды, сүйлөм жана фразаны илимий-теориялык жактан сыпаттоого алышында аталган окумуштуулардын ой-пикирлери, көз-караштары чоң өбөлгө болгон.

Сүйлөмдүн грамматикалык жана семантикалык структуралары бир бүтүндүктү түзүп турары салттуу грамматикада эске алынбагандыгын практика көрсөтүп койду. Ушундан улам, сүйлөмдү мазмун жана форма жагынан татаал биримдиктеги лингвистикалык кубулуш катары изилдөө бүгүнкү күндө чоң илимий-теориялык маниге ээ болуп, анын системалуу изилденишине шарт түздү. Ошондуктан, сүйлөм маселесинин чечилишинде

жана туура классификацияланышында анын структуралык-семантикалык моделдерге ажыратылышы өз натыйжаларын бербей койбойт. Дагы бир жагдай, синтаксистин коммуникативдик-функционалдык жагын ачыктоодо, анын обьектисин тактоодо, биринчи кезекте, тил жана кепти ажырымдоо, формалдуу синтаксис менен кептин синтаксисинин негизги бирдиктерин тактоо, айырмалоо зарылчылыктары келип чыгат. Тил системасы кеп аркылуу жүзөгө ашкандыктан, алар өтмө катар байланышта болот. Ошондой болсо да, тилдеги каражаттар кепте кездешкени менен, кептеги каражаттардын бардыгы эле тилде кездеше бербейт. Бул айтымга байланыштуу, анткени кеп процессинде ар түрдүү жагдай, психологиялык абал, сезим, маанай роль ойнойт. Мындай шартта тилдик норма сактала бербейт. Айтым негизинен үн чыгарылып айтылган сүйлөмдү билдирет. Ал оозеки кептин жана жазуу кебинин коммуникативдик бирдиги болуп саналат да, анын теориясы сүйлөмдүн интонациялык айтылышына негизделет. Автор кептеги сүйлөмдөрдүн коммуникативдик-функционалдык жагдайын көптөгөн мисалдар менен далилдөөгө алат. Маселен:

Көңүлү даарыган Ормон тезинен Ботокан байды алдыртты үстүнө:

-Анан… Ошол… Келдим, баатыр! –деди Ботокан чөк түшө.

-Келгениң дурус! Келгениң дурус!

-Анан… Ошол… Көч, баатыр! Кет, баатыр! Мага жайыт көп калат. (К.О.)

-Ким болуп кетти?

-Бирөөдүр. (К.О.)

Т.Токтоналиев мындай мисалдардын негизинде адамдын ички сезимин, психологиялык абалдарын көрсөтүү аркылуу сүйлөмдүн коммуникативдик-функционалдык табиятын ачып бере алган.

Айтымдын максат кырдаалдар боюнча жай, суроолуу, илептүү, буйрук айтымдар деп классификациялап, аларды да өз кезегинде, бир нече түрлөргө бөлүштүрөт. Мисалы, жай айтымдарды функционалдык-маанилик жактан сүрөттөө иретиндеги жай айтымдар, баяндоо иретиндеги жай айтымдар,

кабарлоо иретиндеги жай айтымдар, каалоо иретиндеги жай айтымдар деп ажыратат. Жай айтымдын мындай бөлүштүрүлүшү сүйлөмдүн структуралык-семантикалык жана функционалдык аспектилерин биримдикте кароого негизделген. Албетте, бул бардык эле сүйлөм типтерине бирдей тиешелүү.

Кыргыз тилинде гана эмес, жалпы тил илиминин коммуникативдүүлүк процессинин изилденишинде интонациянын ролу чоң экендиги белгилүү. Автор кыргыз тилинин интонациясынын маанилеринин ар бирине, интонациянын составдык бөлүктөрүнө, кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштардын кеп интонациясына тийгизген таасирине, айтымдын максат-кырдаалдарынын интонациясына кеңири токтолуп анализ жүргүзгөн. Азыркы учурда да кыргыз тилиндеги айтым маселеси ар тараптуу толук изилдене элек, анткени, аны бир илимий эмгектин негизинде чечип коюу мүмкүн эмес. Ошондуктан, Т.Токтоналиевдин аталган эмгеги кийинки изилдөөлөргө мыкты негиз болуп бере алат деген ойдобуз.

2004-жылы А.Дунканаевдин «***Кыргыз эл табышмактарынын синтаксистик-семантикалык түзүлүшү***» аттуу илимий монографиясы жарыкка чыгат. Табышмактар дидактикалык чыгармалардын бир түрү, анын синтаксистик-семантикалык структурасы өзгөчөлүү. Табышмак жандырмагы менен бир бүтүндүктө өзгөчө бир синтаксистик конструкцияны шарттап турат. Кыргыз эл табышмактарынын материалдарынын негизинде кыргыз тилиндеги сүйлөм түзүлүштөрүнүн, алардын структуралык семантикасын, сүйлөм мүчөлөрүнүн айрым бир бөтөнчөлүктөрүн, анын семантикалык аспектилерин, окшош түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн синтаксистик-семантикасын аныктоону, сүйлөмдүн айтылыш өзгөчөлүктөрүнө карай ойдун чагылдырылышын, табышмактардын байыркылык мүнөзүн, анын синтаксистик түзүлүшү аркылуу көрсөтүүнү максат кылган.

Кеп процессинде ар кыл структурадагы сүйлөмдөр жаралып да, колдонулуп да турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ал сүйлөм түзүлүштөрү формалдуу синтаксисте дагы, структуралык-семантикалык,

коммуникативдик-функционалдык аспектилеринде да аныкталып-такталып бүттү деп айтууга болбойт. А.Дунканаев ***табышмак+жандырмак*** бирдиктүүлүгүн негизге алып, табышмак конструкциясындагы сүйлөмдөрдүн эки тутумдуу түрүн, андагы сүйлөм мүчөлөрүн, алардын семантикасын, багыныңкы жана багындыруучу түгөйлөрүнүн жалпы синтаксистик катышын, бир составдуу сүйлөмдөрдү, алардын түрлөрүн, кошмо сүйлөм түзүлүшүндөгү табышмактарды, алардын түрлөрүн семантикалык аспектиде иликтөөгө алат. Табышмак сүйлөмдөрдүн структуралык-семантикасынын, синтаксистик-семантикалык мазмунунан келип чыккан мүнөздүү бөтөнчөлүктөрүн көрсөтөт. Маселен, кадыресе сүйлөм түрлөрү менен табышмак сүйлөм түрлөрүн, алардагы сүйлөм мүчөлөрүнүн семантикалык маанилерин салыштыруу аркылуу табышмак түзүлүшүндөгү сүйлөмдөрдүн тиешелүү өзгөчөлүктөрүн ачыктайт. Айрым окумуштуулардын көз караштарына карата өз пикирин билдирет: «Проф. А.Жапаров «***Анжиян барсам, Чүй калат***, ***Маргелан барсам, үй калат***» (К.А.) деген пикирди айтат. Бирок бул – белгилүү жактуу бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөм. Анткени мындай сүйлөмдөр ээнин болушун талап кылбайт. Мен ***Анжыян барсам, Чүй калат, мен Маргелан барсам үй калат,*** -деп ээни катыштырып айтсак, стилдик жактан туура эмес түзүлүштө болуп. Белгилүү даражада бузулууга учурайт. Булар – тек гана, өзгөчө түзүлүштө калыптанып калган белгилүү жактуу сүйлөмдөр.» (2004.78.) Автор сырткы түзүлүшү окшош уюшулган мындай сүйлөмдөргө карата ***тептим, терекке чыктым*** (табышмак), ***Талаага таруу чачтым***, ***талпылдап үйгө качтым*** (табышмак) сыяктуу табышмак сүйлөмдөрдү мисалга алып, структуралык-семантикалык, синтаксистик-семантикалык мазмундарына карап, аларды А.Жапаров айткандай, ээси көмүскөдө калган эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөм дебей, же өзү белгилүү жактуу бир тутумдуу сүйлөм деп эсептеген ***Анжыян барсам, Чүй калат, Маргелан барсам, үй калат*** сүйлөмдөрүнүн катарына кошпой, тептим терекке чыктым ж.б. табышмак түзүлүшүндөгү сүйлөмдөрдү жалпы жактуу бир тутумдуу

сүйлөмдөр деп конкреттүү мисалдардын мисалында аныктап бере алган. Ошондуктан, А.Дунканаевдин бул эмгегин сүйлөм табиятынын татаалдыгын табышмактардын мисалында көрсөтүп берген эмгек катары баалоого болот.

Тилдик материалдарды үйрөнүүнүн, өздөштүрүүнүн натыйжалуу иш-аракеттеринин бири талдоо жүргүзүү болуп эсептелет. Кыргыз тили илими талдоо жүргүзүү-маани-маңызы тууралуу иш-аракеттерден четте калган жок. Бул багытта Б.Өмүралиевдин «Мектепте синтаксистик талдоо жүргүзүүнүн жолдору" (1977), А.Жалиловдун "Кыргыз тилиндеги талдоонун түрлөрү" (1992), Ж.Элчиевдин "Сүйлөмгө грамматикалык жана мазмундук талдоо жүргүзүү" (2002) деген эмгектери бар. Булардын ичинен Жаанбай Элчи уулунун эмгегинде тилдик талдоолордун маани-маңызы илимий негизде териштирилип, морфологиялык жана синтаксистик талдоолордун теориялык маселелери айтылып, үлгүлөрү берилген. Ошондой эле сүйлөмгө семантикалык талдоо жүргүзүү менен, сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүүнүн проблемалары да камтылат.

Сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүүдө, анын обьектисине кирген маселелерди формалдык-грамматикалык негизде гана аныктап коюу жетишсиздик кылат. Сүйлөм тутумундагы сөздөрдү сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратууда алардын грамматикалык формаларына, суроолордун коюлушуна карап чечип коюу чаташууларга алып келиши толук ыктымал. Мындай шартта, сүйлөмдүн туюндурулуш мазмунуна, интонациялык айтымдык өзгөчөлүгүнө биринчи кезекте көңүл буруу керектиги белгиленет. Аларга карата, автор бир катар сүйлөмдөрдү мисалга тартып талдоого алат. Негизинен, синтаксистик теорияларды практикалык жактан көрсөтүүдө синтаксистик талдоонун мүмкүнчүлүктөрү абдан кеңири болот. Муну Ж.Элчиев ***"Сүйлөмгө грамматикалык жана мазмундук талдоо жүргүзүү"*** деген эмгегинде көрсөтүп бере алган. Азыркы учурда мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында тилдик материалдарды кеңири жана так өздөштүрүүдө, окуучулардын жана студенттердин өз алдынча ой

жүгүртүүлөрүн өнүктүрүүдө талдоого үйрөтүүнүн мааниси зор.

2000-жылдардан азыркы мезгилге чейин кыргыз тилинин синтаксиси боюнча С.Ибрагимов “Кыргыз тилиндеги тең байланыштагы кошмо сүйлөмдөр (2003), К,Токтоналиев “Кыргыз тилиндеги айтымдык коммуникативдик функциялары жана интонациялык структуралар” (2004), Т.Токоев “Кыргыз тилинин экспрессивдик синтаксиси” (2005), А.Дунканаев “Кыргыз макалдарына семантикалык-структуралык, логикалык-грамматикалык илик” (2011), Ж.Элчиев “Сүйлөмдүн келки маанилердин типтери жана түрлөрү” (2015) аттуу темаларда докторлук диссертацияларын, А.Аттокуров “Кыргыз тилиндеги аныктооч” (2004), Б.Жайлообаев “Кыргыз тилиндеги атама сүйлөмдөр” (2004), А.Жунусов “Кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдөрдүн синонимиясы” (2006), Ч.Хидирова “Кыргыз тилиндеги атоочтуктардын семантика-грамматикалык кызматы жана деривациялык типтери” (2006), А.Чолпонбаев “Кыргыз тилиндеги обьектилик катыштардын семантикалык-структуралык өзгөчөлүктөрү” (2007), С.Рысбаева “Кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн айтылыш максатынын коммуникативдик-функционалдык түрлөрү” (2008), Т.Асирдинова “Синтаксистик бирдиктердеги багыныңкы байланыштын ээрчишүү жолунун нормалары жана принциптери” (2008), Т.Тойчуев “Кыргыз тилиндеги мейкиндик маанидеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн моделдери” (2010), Б.Түмөнбаева “Кыргыз тилиндеги айтымдын эмоционалдык-экспрессивдик каражаттары” (2010), К.Муратбаева “Көркөм чыгармадагы автордун жана каармандардын ички кеби” (2010), А.Ийсаева “Кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөм тутумундагы синтаксистик процесстер” (2013), Г.Урусова “Татаал сүйлөмдөрдүн түгөйлөрү, туюнткан маанилер жана аларды берүүнүн стилдик каражаттары” (2013), З. Долуева “Чакчыл конструкциялардын кеңейиши жана структуралык көлөмү” (2015), Д.Ибраева “Кыргыз тилиндеги эллипсис кубулушу” (2016), Т.Ибрагимова “Кыргыз тилиндеги эки тутумдуу жалаң сүйлөмдөрдүн семантикалык структурасы” (2017) ж.б. деген темаларда кандидаттык диссертацияларын

коргошту. Көрүнүп тургандай, кыргыз тилинин синтаксистик материалдары формалдык-синтаксистик, структуралык-семантикалык, коммуникативдик-функционалдык, эмоционалдык-экспрессивдик, семантикалык-стилистикалык ж.б. багыттарда изилдөөнүн обьектисине айлана баштады. Мындай изилдөөлөрдүн жүрүшү кыргыз синтаксис илиминин ар тараптуу өнүгүшүнөн кабар берип турат.

Проф. Т.Токоев “Кыргыз тилинин экспрессивдик синтаксиси” (2005) докторлук диссертациясынын негизинде “Кыргыз тилиндеги экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар” (2006) аттуу монографиясын жарыялайт. Бул мезгилдерге чейин кыргыз тили илиминде экспрессивдүү синтаксис маселеси изилдөөгө алына элек эле. Эмгек төрт главадан турат. 1. Экспрессивдик синтаксис жана анын изилдөө тармагы, 2. Парцелляция жана анын синтаксистик маңызы, 3. Сегментация жана атама фразалар, 4. Апозиеогезис (кесинди конструкциялар) жана позициялык-лексикалык кайталоонун стилистикалык-синтаксистик өзгөчөлүктөрү. Бул проблемаларды илимий негизде териштирүү менен, автор экспрессивдик синтаксистик маани-маңызын, анын оьектисин, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, синтаксистик кубулуш катары аткарган милдетин аныктап берүүгө аракет жасайт.

Коом түзүлүшүнүн табиятын аныктап турган коммуникативдик процесстин, б.а., адамдардын байланыш-катышынын болушу жана анын ишке ашырылышы эки түрдүү: оозеки жана жазуу формаларында болору белгилүү. Тилдин өсүп-өнүгүш тарыхынан белгилүү болгондой, оозеки кептин белгилениши жазуу формасы аркылуу ишке ашырылат, жазуу мүмкүнчүлүктөрү кийинки муундарга жеткирүүнүн каражаты болуп саналат да, оозеки кептин базасында түзүлөт. Кептин оозеки жана жазуу формалары бири-биринен таптакыр айырмаланган тил катары эсептелбестен, алар тейлеген аймактын түрдүү формалары катары кароо бүгүнкү күндө такталган маселелерден болуп саналат. Ошондой болсо да, булар кептин эки түрдүү формасы катары такталганы менен, алардын чагылдырылышынын,

туюндурулушунун өзгөчөлүктөрү түрдүүчө ой-пикирлерди жаратууда. Натыйжада оозеки жана жазуу формаларынын биримдигин туура түшүнүүдө ички байланыштуулук, элестүүлүк, ой-жүгүртүүчүлүк түшүнүктөрүн тактап алуу зарылчылыктары келип чыгат. Автордун ою боюнча, сүйлөшүүнүн формасы материалдык тышкы формага ээ эмес экендиги да белгилүү. Сүйлөшүүнүн бул формасынын эквиваленти катары тиешелүү сүйлөшүү образы эсептелип, ал угулуучу (тыбыштык), кыймылдуу (графикалык), же алардын түрдүү комбинациялары катары келиши толук ыктымал. Текстти окуганда, биз аны көз аркылуу гана кабыл албастан, аны өзүбүздүн ички сүйлөшүүбүз аркылуу кабыл алуу жана сыртка чыгаруу (айтуу) мүмкүнчүлүгүнө да ээ болобуз. Кандай гана текст болбосун, адам ал текстти окуганда, анын айтылышын сөзсүз түрдө, өзүнүн ички сүйлөшүү жөндөмдүүлүгү аркылуу чагылдырат [Токоев, 2006:9]. Жалпысынан, айтылган ой туура, бирок мындай ойдун берилишинде ***“сүйлөшүү”*** деген терминдин колдонулушу орунсуз болуп тургандай. Анткени, менин пикиримче, ***сүйлөшүү*** терминининин мааниси оозеки кепке гана тиешелүү, кептин жазуу формасына карата аны колдонуу ылайыксыз. Монографиянын I главасындагы экспрессивдик синтаксистин мааниси, тил жана сүйлөшүү (кеп) биримдиги, ажырымдуулугу, жазуудагы фразалык бөлүнүштөр маселелери негизинен обьективдүү көз карашта иликтенген.

II главада парцелляция экспрессивдик-синтаксистик кубулуш катары таанылып, анын структуралык бирдиктери, атрибут, предикат обьект жана бышыктагыч фразалардын парцелляттык милдетте турушу иликтөөгө алынат. Кыргыз тилинде парцелляттык негизде уюшулган сүйлөмдөр кеңири кездешет: 1. Бадырайган чоң тамгалар менен жазылып макала чыкты. Сүрөтү менен (Ө.Д.). 2. Ал өзүнө чакырып жатты. Көзүн ымдап (А.С.) ж.б. Бул сыяктуу конструкцияларда уюшулган, сүйлөмдөрдүн экинчи (Сүрөтү менен, Көзүн ымдап.) бөлүктөрү сүйлөмдүн экспрессивдүүлүк маанисин арттырууда өзгөчө милдет аткарат. Алар өзүнчө сүйлөм катары эмес, биринчи бөлүктөрү

менен бирдикте каралат. Т.Токоев мындай синтаксистик түзүлүштөргө парцелляциялык конструкциялар катары баа берип, бул конструкциядагы багыныңкы абалдагы экинчи бөлүк биринчи бөлүксүз пикир алышууда колдонулбагандыгын , эки бөлүк бирге келип гана коммуникативдик милдет аткарарын, бир синтаксистик конструкция катары колдонуларын баса белгилейт. Ошондой эле, сегменттелген конструкциялардын экспрессивдик мүмкүнчүлүктөрү, атама фразалардын сүйлөшүүдөгү өзгөчөлүктөрү III главада териштирүүгө алынат. Мында сегменттелген конструкциялар эки мүчөлүү болору, алар сегмент жана базалык бөлүк болуп бөлүнөрү, тыным аркылуу ажыратылары, тема жана рема мамилесинде турары, алардын грамматикалык-формалык түзүлүштөрү көрсөтүлөт да, экспрессивдүүлүк маани берүү мүмкүнчүлүктөрү белгиленет. IV главада сүйлөмдүн кесинди конструкциясы, алардын актуалдуу жиктелүү аспектиси, прагматикалык функциялары, позициялык-лексикалык кайталоонун стилистикалык-синтаксистик өзгөчөлүктөрү каралат. Кесинди конструкциялар жалпы түзүлүшү, семантикалык өзгөчөлүктөрү боюнча эллипсистик кемтик айтымдарга бир жактуу окшоштугу бар. Алардын ортосундагы айырмачылыктар да ажырымдалат.

2010-жылы А.Дунканаевдин ***“Кыргыз макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү”*** аттуу монографиясы жарык көрөт. Монография үч бөлүмдөн турат: 1. Макалдын тексттик статусу, 2. Макалдын семантикалык структурасы, 3. Макал текстинин логика-грамматикалык аспектиде талдоого алынат. Макалдын тексттик статусунда анын функционалдык мазмуну, тике жана кыйыр маанилердин болушу жана алардын жуурулушуп туюндурулушу, бүтүндүгү, текст ичинде колдонулушу, функциясы, поэтикалык табияты, синтаксистик-ритмикалык уюшулушу, илимий маалыматтын камтылыш мүнөзү сыяктуу маселелер каралат.

Макал –сүйлөм түзүлүшүндөгү текст, ошон үчүн ал кадыресе сүйлөмдүк мазмунду эмес, тексттик ойду камтып турат. Кадыресе сүйлөмгө байланыштуу

ойду жаратуу үчүн, ага маанилик байланышы бар сүйлөмдөрдү улоо менен, аны ойду туюндурган текстке айландырууга болот. Ал эми макал жөнөкөй, же татаал сүйлөм түзүлүшүндө гана уюшулуп, ошол калыбында башталбай жатып бүтөт. Ошондуктан, бир сүйлөм көлөмүндөгү макал текстинде олуттуу жана омоктуу ойдун сыйдырылып берилиши макалдын спецификасына байланыштуу болуп саналат. Макал тексти аз сөздүүлүккө негизделген. Андагы аз сандагы компоненттердин өз ара аркеттенишүүлөрү, синтаксистик-семантикалык катыш биримдиктери, мамилелери тексттик ойдун жаралышын шарттайт, сүйлөм структурасындагы семантикалык көлөмдүн көбөйүшүнө, жайылышына, чоңойушуна алып келет. Мунун өзү макалдын семантикалык структурасындагы сөздөрдүн ички катыш биримдигин , семантикалык жылыштарга ээ болуусун, ойду билдирүү мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишин, айрым бир сөз айкаштарынын лексикалык бир бүтүндүккө биригүүсүн , позициялык ордун, сапаттык мүнөзүн, тике, кыйыр маанилердин катмарлануусун камсыздайт. Макалдын семантикалык-структуралык бүтүндүгү, кадыресе сүйлөмдөрдөн болгон маанилик түзүлүшү ушул өзгөчөлүктөрү аркылуу аныкталат [Дунканаев, 2010:83]. Макалдын структуралык-семантикалык түзүлүш өзгөчөлүгү кадыресе сүйлөмдөр менен салыштрылып сыпаттоого алынышы изилдөөнүн илимий ишенимдүүлүгүн арттырып турат.

Макалдардын структуралык семантикасын моделдештирүү схемасында берет. Макалдын модели – бул макалдын формуласы. Ушундан улам, макалды моделдештирүүнүн натыйжасы катары төмөндөгүлөрдү бөлүп көрсөткөн: 1) мазмун менен форманын биримдигин, мазмундан форманы, формадан мазмунду көрө билүүнү; 2) макалдык сүйлөм түзүлүштөрүн классификациялоодо жеңилдиктерди камсыздоону; 3) семантикалык компоненттердин мамиле-таасирлери, байланыш-катыштары аркылуу туюндурулган макалдык жалпы мазмунду аңдоону; 4) семантикалык компоненттердин маанилик жиктерин ажырымдоону; 5) семантикалык

компоненттердин катыш-мамилелеринин символикалык белгилер менен элестүү чагылдырылышы; 6) семантикалык компоненттердин зарылдыгын, туруктуулугун, валенттүүлүгүн жана айрым шарттарда сөзсүз түрдө катышып турушунун милдеттүү эместигин; 7) макалдагы сүйлөм түзүлүштөрүнүн типтерин аныктоону. Булардын биримдиги макалдын семантикалык структурасын аныктайт [Дунканаев, 2010:128]. Макалды моделдештирүүдө төмөндөгүдөй символикалык белгилерди колдонот: Предикат –П, этиштик предикат –Эт.П, атоочтук предикат –Ат.П; субьект –С; обьект –О; конкретизатор –К; атрибут –А. Жөндөмө мүчөлөр сандык көрсөткүчтөр менен белгиленет: атооч жөндөмөсү -1, илик жөндөмөсү -2, барыш жөндөмөсү -3, табыш жөндөмөсү -4, жатыш жөндөмү -5, чыгыш жөндөмөсү -6.

1. **Аксак атка чаң –үйүр**, 1. **А –$О_3$-$С_1$ –Ат. Пт.м.+к.м.**
арык атка бала –үйүр **А-$О_3$-$С_1$-Ат.Пт.м.+к.м.**

Мындагы т.м. –түз маани дегенди, к.м. – кыйыр маани дегенди, ал эми + белгиси эки маанини бирдикте, жуурулушуп берилгендигин билдирет.

Автор макал мазмунун ички маанилик түзүлүш өзгөчөлүктөрү, тилдик бирдиктердин логикалык катыш бөтөнчөлүктөрү, аң-сезимде тике жана подтексттик ойдо чагылыш формалары грамматикалык түзүлүш менен ажырагыс байланышта берилерин, андагы карама-каршы маанилер, себеп-натыйжа формалары, интонациялык айтылыш бөтөнчөлүгү өтмө катар колдонулушуп, бири-бири менен ажырагыс биримдикте жуурулуша келип, макал табиятын шарттап турарын баса белгилеп, мындай шартта, кандай сүйлөм түзүлүштөрү ийкемдүү колдонуларына да кеңири токтолгон.

Т.Токоев менен К.Токтоналиев кыргыз синтаксис илиминин кийинки жетишкендиктерин эске алуу менен, “Азыркы кыргыз тили” (Синтаксис, 2015.) окуу китебин жарыкка чыгарышат. Бул окуу китеби кыргыз тилинин синтаксиси боюнча мурда колдонулуп келген А.Жапаров, Ы.Жакыпов, А.Имановдордун окуу китептеринен мазмуну жана түзүлүшү жагынан кыйла айырмаланып турат. Биринчиден, эмгек кыргыз синтаксис илиминин кийинки

жетишкендиктеринин негизинде ишке ашырылган, экинчиден, сөз айкашы бөлүмүндө синтаксистик катыштар, алардын атрибутивдик, обьектилик, бышыктоочтук түрлөрүнө кеңири орун берилет. А.Имановдун 2003-жылы чыккан “Кыргыз тилинин синтаксисинде” деле синтаксистик катыштар тууралуу сөз болот, бирок анда кыска, жалпыланган мүнөздө берилип, сүйлөм бөлүмүндө каралган. Үчүнчүдөн, татаалдашкан сүйлөмдөрдүн синтаксиси киргизилип, кеңири планда каралган, төртүнчүдөн, сүйлөмдүн структура-семантикалык, структура-функционалдык аспектилери да өзүнчө бөлүмдө каралган. Бешинчиден, сөз айкашы, жөнөкөй сүйлөмдөр жана татаал сүйлөмдөр бөлүмдөрүнүн акырында аларга карата синтаксистик талдоо жүргүзүүнүн принциптери жана үлгүлөрү көрсөтүлгөн.

Авторлор эмгекти жаратууда кыргыз тилинин синтаксиси боюнча жазылган окуу китептериндеги тажрыйбаларды, илимий-теориялык эмгектердеги ойлорду туура пайдаланып, азыркы учурдун талап-шартына ылайыктап, окуу китебинин сапатын бир кыйла деңгээлге көтөрө алышкан. Мурдагы окуу китептериндеги айрым чектелген түшүнүктөрдү кеңитишкен. Маселен, сөз айкашы маселесиндеги сөздөрдүн өз ара айкашуу эрежелери, мүмкүнчүлүктөрү боюнча мындай дешет: “Мисалы, “Көгүлтүр Ысык-Көл” деген айкашты алсак, мындан биз зат атооч сөз сын атоочту грамматикалык жактан багындырып алуу касиетин көрөбүз. Сөз айкашы өзүнүн түзүлүшү жагынан айрым-айрым лексикалык каражаттардан түзүлүп, сүйлөм сыяктуу эле структуралык жактан жасалып турат. Ошондуктан сөз айкашынын синтаксиси жалпы тилдик системада лексика-морфологиялык деңгээлден синтаксистик деңгээлге карай багытталган өтмө баскыч болуп эсептелет. Аткарган кызматы жактан алганда, сөз айкашындагы сөздөрдүн биригүү жолу лексикалык бирдиктердин билдирген маанисинен жогору көтөрүлө албагандыгы талашсыз” [Токоев Т., Токтоналиев К, 2015:7-8]. Мындагы багындыруучу түгөйү зат атооч, багыныңкы түгөйү сын атооч, алар маанилик байланышта туруп, заттын өңү-түсүн билдирди сыяктуу чектелген

түшүнүктөрдөн чыгып, кеңири масштабда алардын ортосундагы синтаксистик катыштардын семантика-грамматикалык, функционалдык-семантикалык өзгөчөлүктөрү да эске алынышы керектиги белгиленет.

Сөз айкашы жана сүйлөм бири-биринен ар түрдүү деңгээлдеги синтаксистик бирдиктер катары айырмаланып турушат. Ал айырмачылык баарыдан мурда, сөз айкашынын пикир алышууга чейинки, сүйлөмдүн пикир алышуучулук деңгээлдери менен ченелет. Сөз айкашы синтаксистин эң кичине бирдиги катары да эсептелүүгө тийиш эмес, анткени ал сөздөрдүн бирикмесин, б.а., эки, же андан ашык сөздөрдүн ортосундагы байланыш-катышты билдирүүчү, алардын негизинде уюшулуучу синтаксистик бирдик эсептелинет. Синтаксистик эң кичине бирдик катары сөз формасын, сөздүн синтаксистик формасын алышкан. Ошентип, жалпы сөз айкашына тиешелүү түшүнүктөргө маани берип келип, эркин сөз айкашына, анын сөздөн, туруктуу сөз айкаштарынан, сүйлөмдөн болгон айырмачылыктарына токтолуп келип, эркин сөз айкашынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, түрлөрүн, байланышуу жолдорун, синтаксистик катыштарын, анын предикативдик катыш жана предикативдик эмес катыштарын, түрлөрүн сыпаттоого алышат. Сүйлөм обьектисинде: жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси, сүйлөмдүн негизги белгилери, айтылыш максаты боюнча бөлүнүшү, эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр, анын түрлөрү, бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр, анын түрлөрү, сүйлөм мүчөлөрү, баш жана айкындооч мүчөлөр; татаалдашкан сүйлөмдөрдүн синтаксиси, алардын негизги проблемалары, уюшулуу жолдору; татаал сүйлөмдүн синтаксиси, тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр, алардын түрлөрү; сүйлөмдүн структура-семантикалык жана структура-функционалдык аспектилери, тил жана кеп бирдиктери, сүйлөм жана фраза маселелери талдоого алынган. Синтаксистик бул маселелердин ичинен төмөндөгүлөрдү авторлор жаңыча көз карашта талдоого алышат:

-синтаксистик катыштар реалдуу чындыктагы мамилелердин көп түрдүүлүгүн билдирүүнүн чектери боюнча түрлөргө ажыратылышын, алар,

синтаксистик катыштар сүйлөмдүн мазмундук категориясын уюштуруу менен бирге, грамматикалык түзүлүшүн да жаратарын;

-синтаксистик катыш түрлөрүнүн семантикалык мүнөздөмөсүн, синтаксистик катыштагы түгөйлөрдүн семантикалык компонент катары кызматын, сүйлөм мүчөлөрү менен болгон карым-катышын;

-кыргыз тилинин салттуу синтаксисинин толук изилденип бүтө электигин, татаалдашкан сүйлөмдөр изилдөөгө алына электигин, бир эле сүйлөмдүн ичинде өзүнчө бир синтаксистик конструкциянын жайгашып алышын, татаалдашкан сүйлөмдөрдүн өзгөчөлүктөрүн;

-сүйлөмдүн мазмун жана формасын биримдикте кароону, анын структура-семантикалык аспектилерин жана айтымдын коммуникативдик-функционалдык аспектилерин, аларды интонациялык өзгөчөлүктөрү менен байланышта кароо зарылдыгын.

Коомдогу пикир алышуу процессин ишке ашыруучу тилдик негизги бирдиктердин бири болуп саналган сүйлөмдү структуралык-семантикалык, лексикалык-грамматикалык, коммуникативдик-функционалдык жактан изилдөө иштери азыркы учурдагы актуалдуу маселелерден болуп саналат. Кыргыз тилинин синтаксисиндеги сүйлөм маселеси учурда бул багыттарда териштирүүгө алынып жатканы менен, кеңири масштабдагы изилдөөлөрдүн активдүүлүгү байкалбайт. Ошондой болсо да, сүйлөмдү коммуникативдик-мазмундук аспектиден кароо максатында Ж. Элчиевдин ***“Сүйлөмдүн келки маанилери, типтери жана түрлөрү”*** (2012) монографиясы, анын негизинде 2015-жылы доктолук диссертациясы корголот. Өзү белгилегендей, диссертациялык изилдөөсүндө кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдүн семантика-функциялык табиятын, семантикалык, коммуникативдик, прагматикалык, логикалык, психологиялык өңүттөрдө изилдөөлөрдүн негизинде маалым болгон бөтөнчөлүктөрүн, т.а., анда камтылган келки маанилердин берилүү өзгөчөлүктөрүн аныктоого, аларды өз ара типтерге жана түрлөргө ажыратып классификациялоого, сүйлөмдү мындай негизде изилденери жана окутуунун

зарылдыгын белгилөөгө аракет жасалган [ДДА., 2015.,3.]

“Семантикалык синтаксистин баштапкы идеяларына жана синтаксистин концептуалдык салааларына мүнөздөмө” деген I главасында синтаксисти сыпаттоо маанилерине, Л.В.Щербанын активдүү жана пассивдүү грамматикасына, локалисттик синтаксистин жоболоруна, синтаксистик парадигмага генеративдик синтаксиске, позициялык синтаксистин иштелишине, семантикалык синтаксистин идеяларына, коммуникативдик синтаксиске токтолуу менен, синтаксис илиминин табиятын, татаалдыгын, синтаксистик түшүнүктөр, алардын өтмө катар биримдүүлүгүн жекече илимий көз карашта түшүндүрөт. “Сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун изилдөөнүн негизги аспектилери” аталышындагы II главада сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун изилдөө маселесине карата окумуштуулардын айткан пикирлерине, көз караштарына талдоо жасайт. Сүйлөмдү семантикалык аспектиден изилдөөгө алганда, анын өзөк маселеси катары пропозиция түшүнүгү эске алынат. III глава «Сүйлөмдүк келки маанилер» деп аталат. Кыргыз тилинде сүйлөмдүн келки маанилери негизинен, синтетикалык, лексикалык, аналитикалык, синтетика-аналитикалык, лексика-аналитикалык, контекстуалдык ыктар жана интонациянын таасири астында уюшулары белгиленет. Ал эми, “Сүйлөмдүк келки маанилердин түрлөрү” IV главасында келки маанилердин көптөгөн түрү кездешери, алар лексика-семантикалык, контекстуалдык, интонациялык, семантика-грамматикалык, семантика-стилистикалык жактардан өз алдынчалуулукка ээ болушары талдоого алынган, натыйжада, сүйлөмдүк келки маанилер да өз ара типтерге жана түрлөргө бөлүштүрүлгөн.

IV бап боюнча жыйынтык

Бул бөлүмдө 1980-жылдардын башында жарык көргөн А.Турсуновдун «Кыргыз тилинин тыныш белгилери» (1981), М.Мураталиевдин «Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөр» (1981) эмгектерине токтолуу менен катар, эң башкысы 80-жылдардан баштап кыргыз тили илиминин синтаксисинде жаңы багыттагы изилдөөлөрдүн пайда боло баштагандыгына жана алардагы маселелерге басым жасалды.

Кыргыз тили илиминин синтаксисинде структуралык-семантикалык багыттагы изилдөөлөрдүн жаралышы Б.Тойчубекова (1983) менен С.Мусаевдин (1983, 1987) эмгектерине түздөн-түз байланыштуу. Аларда жалпысынан, семантикалык компоненттердин карым-катышы, байланыш-мүнөзү, логикалык биримдүүлүгү, системалуулугу, интонациялык-айтымдык жабдылышы, белгилүү бир максаттык функциясы структуралык бүтүндүктү түзөрү белгиленет. Сүйлөмдү мазмун менен форма жагынан татаал биримдиктеги лингвистикалык кубулуш катары изилдөө бүгүнкү күндө илимий-теориялык чоң мааниге ээ болуп, анын системалуу изилденишине түрткү болууда. Ошондуктан, сүйлөм маселесинин чечилишинде, классификацияланышында анын структуралык-семантикалык моделдерге ажыратылышы, сүйлөмдүн коммуникативдик-функционалдык аспектисин ачыктоодо, анын обьектисинин такталышы, тил жана кепти ажырымдоо, алардын бирдиктерин аныктоо жана экспрессивдик синтаксистин маани-маңызын, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн синтаксистик кубулуш катары каралышы ж.б. өз натыйжаларын көрсөтпөй койбойт. Кыргыз тили илиминде бул багыттарда илимий-иликтөөлөрүн жүргүзүшкөн С.Мусаев, Б.Тойчубекова, С.Ибрагимов, Т.Токоев, К.Токтоналиев, А.Дунканаев, Ж.Элчиев өңдүү окумуштуулардын эмгектерине талдоо жүргүзүлүп, жыйынтыктар чыгарылды.

Жалпы корутунду

Илимдердин жаралуу, калыптануу жана өнүгүү тарыхы болот. Бул мыйзам ченемдүүлүк тил илимине да тиешелүү. Тилдин келип чыгышы, коомдук функциясы, жалпы эле тил табиятына болгон кызыгуулар, көз караштар, божомолдоолор тил илиминин жаралышына түрткү болгон. Ушул жагдайдан улам, тил илиминин синтаксис тармагы да коомдук зарылчылыктан келип чыгып, анын калыптанып өнүгүүсү узак мезгилдерди кучагына камтып турат.

Коммуникативдүүлүк процесси синтаксиске негизделген. Синтаксистик мыйзам ченемдүүлүктөр болбосо, карым-катыш жана байланыштуулук жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес. Ойдун түшүнүктүүлүгүн, ырааттуулугун ишке ашырып, белгилүү бир мыйзам ченемге салып, аны ар тараптан өнүктүрүүдө синтаксис илимине таянабыз. Бул илим тилдин грамматикалык түзүлүшүн, өнүгүшүн билдирүү менен катар, элдик аң-сезимди, менталитетти, философиялык ой жүгүртүүлөрдү, психологиялык абалды да көрсөтө алат.

Синтаксис илиминин башаты байыркы мезгилдерде эле Индияда жаралгандыгын Панининин грамматикасы, Александрия китепканасындагы кол жазмалар, Римдик грамматисттердин эмгектери ырастап турат. Араб окумуштуусу Сибавейхинин ***“Ал-китаб”*** эмгегинде сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн айкашуусу, сөз тизмектери сыпатталат. Орто кылымдарда атактуу түрк лингвисти Махмуд Кашгаринин ***”Түрк тилдеринин сөздүгүндө”*** синтаксистен маалыматтар берилсе, бизге жетпей калган ***“Түркий тилдер синтаксисинин көөхарлары”*** аттуу эмгеги накта синтаксистик түшүнүктөрдөн кабар берип турат. Байыркы жана орто кылымдардагы синтаксистик түшүнүктөр синтаксистик окуулардын синтаксистик кийинки изилдөөлөрдүн пайда болушуна өбөлгө түзүп, синтаксистик теориялардын жаралышында маанилүү роль ойноп, синтаксис илиминин калыптанып өнүгүшүнө негиз болгон. Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн “1920-30-жылдар кыргыз тилинин синтаксисинин алгачкы этабы”деген I бөлүмдө

мында алгачкы синтаксистик изилдөөлөргө токтолуу менен, кыргыз тилинин синтаксисинин 1920-30-жылдардагы абалына негизги басым жасалды. Албетте,бул бөлүмдө кыргыз тилинин материалдарына карата илимий изилдөөлөр 1920-жылдарга чейин эле, б.а., XIX кылымда эле жүргүзүлө баштагандыгы тууралуу да 1.2. параграфында атайын сөз болду.

Совет мамлекетинин жаңыдан түптөлө баштаган мезгилиндеги жагдай-шартка жана илимий даярдыгы бар кадрлардын жоктугуна байланыштуу 1920-30-жылдары кыргыз тилинин синтаксистик материалдары атайын илимий-теориялык негиздеги изилдөөлөрдүн обьектисине айлана элек болчу. Ошондой болсо да, сабатсыздыкты жоюу максатында эне тилди окутуу күн тартибине курч коюлуп, ага карата окуу китептери чыгарылып, активдүү иш-аракеттер жүргүзүлө баштайт. Алгачкы эне тил окуу китептерин түзүп чыгууда, кыргыз тилинин материалдарын окутууда ошол мезгилдин илим-билимдүү адамдары болуп саналган Э. Арабаев, К. Тыныстанов, К. Карасаев, Т. Актанов, К. Бакеев, Н.Макешов, У. Бактыбаев, С. Нааматов, Шабдан уулу Ажыйман, Т. Сопу уулу, К. Жантөшев, Б. Жунушалиев өндүү агартуучулардын эмгектери зор болгон. Кыргыз тили боюнча жазылган алардын эмгектериндеги тыбыш системасы, тыбыштардын табияты, грамматикалык эрежелери, термин аталыштары жана алардын негизделиши илимий-теориялык маалыматтардын камтылышынан кабар берип турат. Эне тилин окутуунун тарыхында, кыргыз тили илиминин жаралыш башатында Э.Арабаевдин “Кыргыз алиппеси” (1924), К. Карасаев менен авторлош “Жаңылык” (1927), К. Тыныстановдун “Окуу китеби” (1924), “Чоңдор үчүн алиппе” (1926), “Эне тилибиз” (1927), “Кыргыз тилинин морфологиясы” (1934), “Кыргыз тилинин синтаксиси” (1936), С. Нааматовдун “Кичинекей колхозчу” (1931), “Тилибиздин методикасы” (1933), К. Жантөшевдин “Окуу китеби” (1930), “Колхоз мектебинде” (1932), А. Идирисовдун “Кыргыз тилинин окуу китеби” (1933, 1935), Т. Сопиевдин “Биздин тил” (1933), К.Бакеевдин “Чала сабаттуулар мектеби үчүн эне тил китеби” (1934),

Т.Актановдун “Кыргыз тилинин окуу китеби” (1939), “Грамматика”,II бөлүк, Синтаксис (1940), Н. Макешов, К. Бакеевдер менен бирдикте “Кыргыз тилинин синтаксиси” (1939) эмгектери турарын чоң тамга менен белгилеп коюуга тийишпиз.

Кыргыз тилинин фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик материалдарын окутууга карата баштапкы анализ жүргүзүүнү алгачкылардан болуп колго алган окумуштуулардын бири –К.Тыныстанов. Анын 1928-жылы биринчи жолу латын тамгасы менен басмадан чыккан “Эне тилибиз” аттуу китебинде сүйлөм жөнүндө маалымат берилет. Бир катар тексттер, көптөгөн сүйлөмдөр мисал катары алынып, аларга карата суроолор коюлуп, сүйлөмдөрдө канча сөз бар экендиги түшүндүрүлгөн, сөз жана тыныш белгилеринин коюлушу тууралуу маалыматтар камтылган. Кыргыз тили илиминин тарыхында, анын илим катары жаралышында К. Тыныстановдун ролу зор экендиги белгилүү. Ал кыргыз тили илиминин негиздөөчүсү катары кыргыз тили илиминде ээлеген орду, синтаксиске кошкон салымы жөнүндө алгылыктуу сөз болду.

Изилдөөбүздүн ***“1950-70-жылдар –кыргыз синтаксис илиминин калыптануу мезгили”*** аталышындагы II бөлүмдө 1950-жылдан 1970-жылдар ичиндеги синтаксис маселелеринин изилдениш абалы талдоого алынды. Бул этап 1950-жылы А. Жапаровдун ***“Кыргыз тилинин грамматикасы”*** аттуу окуу китебинин жарыкка чыгышы менен башталат. Китептин мазмуну, андагы синтаксистик материалдар мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылып системалуу берилген. Ушул мезгилдерден тартып, кыргыз тилинин синтаксистик материалдары мектеп грамматикаларында гана өркүндөтүлүп берилбестен, аларга карата атайын илимий негиздеги изилдөөлөр жарала баштайт. 1950-жылдар ичинде, кыргыз синтаксис илиминдеги жаңылыктар жана мыкты саамалыктар катары. К.К. Сартбаевдин “Азыркы кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксисинин негизги маселелери” (1953) аттуу докторлук диссертациясын, “Кыргыз тилиндеги

кошмо сүйлөмдүн синтаксиси” (1957) жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралын, А. Жапаровдун “Азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын грамматикалык структурасы” (1955) деген кандидаттык диссертациясын, М.Мураталиевдин Кыргыз тилиндеги мезгил жандама сүйлөмдөр” (1956) илимий монографиясын, Ы. Жакыповдун “Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси” (1958) жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралын атоого болот. А. Жапаровдун “Кыргыз тилинин грамматикасы” окуу китеби мектеп окуучуларына арналып жазылса, К. Сартбаевдин, А. Жапаровдун. М.Мураталиевдин, Ы. Жакыповдун бул эмгектери кыргыз тилинин синтаксистик материалдарына илимий багыттагы атайын изилдөөлөрдүн жүргүзүлө баштагандыгынан кабар берет.

1964-жылы проф. А. Жапаровдун “Азыркы кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн баш мүчөлөрү” деген илимий-теориялык негиздеги фундаменталдуу эмгеги жарык көрүп, кыргыз синтаксис илимин дагы бир тепкичке көтөрүп койду. Анын кыргыз тилинин синтаксисине тиешелүү бардык маселелерге, айрыкча, сүйлөм окуусуна көңүл буруп, илимий-теориялык аспектиде терең изилдөөгө алышы, натыйжада фундаменталдуу эмгектерди жаратышы, бир жагынан, кыргыз тилинин синтаксисин калыптандырууга жана өнүктүрүүгө зор салым кошсо, экинчи жагынан, кыргыз тилчи илимпоздорунун ана башында турган зор окумуштуу катары таанытты.

70-жылдар ичинде кыргыз тилинин синтаксиси боюнча жарык көргөн Д.Майрыков, Ы.Жакыпов, М.Мураталиевдердин “Кыргыз тилинин грамматикасы” II бөлүк. Синтаксис (1971), Ы.Жакыпов, Д.Майрыков, Б.Өмүралиев, С.Үсөналиевдердин “Кыргыз тили”. Синтаксис (1973), Ы.Жакыповдун “Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси” (1975), А.Имановдун “Эки составдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартиби” (1976), А.Турсуновдун “Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары” (1976), “Кыргыз тилиндеги этиштик сөз айкаштары” (1978), А.Жапаровдун “Кыргыз тилинин синтаксиси” (1979), С.Гапаровдун “Кыргыз макал, лакаптарынын

синтаксистик түзүлүшү” (1979) эмгектерин атоого болот.

Бул эмгектерде синтаксистин сөз айкашы жана сүйлөм обьектилери өз-өзүнчө бөлүнүп, айрыкча сүйлөм, анын табияты, мүнөздүү белгилери, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр болуп классификацияланышы, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, сүйлөм мүчөлөрүнүн баш жана айкындооч мүчөлөргө ажыратылышы, айкындооч мүчөлөрдүн аныктооч, толуктооч, бышыктооч болуп түрлөргө бөлүнүшү, татаал сүйлөм, алардын түрлөрү; сөз айкашында болсо, анын мүнөздүү белгилери,атоочтук жана этиштик болуп бөлүнүшү, түгөйлөрүнүн байланышуу жолдору ж.б. көптөгөн маселелер такталып, жолго коюлуп, ар тарптуу иликтөөгө алынат. II бөлүмдө дал ушул маселелер жөнүндө сөз болот.

1950-70-жылдар ичиндеги 30 жыл убакыт аралыгында кыргыз тилинин синтаксисинин калыптанышы кандай эмгектердин жаралышы менен коштолгондугу факты-материалдардын негизинде талдоого алынды. Булар так, түшүнүктүү жана системалуу болушу үчүн 1950-жылдардагы синтаксис илиминин маселелери, 1960-жылдардагы синтаксис илиминин маселелери, 1970-жылдардагы синтаксис илими деген темаларга бөлүштүрүлүп берилди. Кыргыз тилинин синтаксисинин илим катары калыпка салынышында А.Жапаров, К.К.Сартбаев, М.Мураталиев, Ы.Жакыпов, А.Турсунов, А.Иманов өңдүү окумуштуулардын эмгектери көңүл чордонунда болуп, аларга карата жекече көз караштар билдирилип, алардын кыргыз синтаксис илиминдеги ордулары белгиленди.

Изилдөөбүздүн III бөлүмү, 1980-жылдардан азыркы мезгилге чейинки кыргыз синтаксис илиминин өнүгүшү» деп аталат. Тил илиминде мурдатан изилденип келген маселелер канчалык даражада аныкталгандыгына карабай, же ошол чекте биротоло жыйынтыкталып калбай, улам толукталып, улам кошумчаланып турушу, же болбосо, жаңы багыттагы иликтөөлөргө жол ачып, жем таштап турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

1980-жылдарга чейин синтаксис маселелерине байланыштуу орчундуу

илимий-изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшү, мектептер, орто окуу жайлары, жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептеринин, окуу куралдарынын, методикалык эмгектердин жарыкка чыгышы жана алардын практикада активдүү пайдаланылышы кыргыз тилиндеги салттуу синтаксистик окуунун калыптанып, биротоло жолго коюлуп калышынан кабар берет. Муну менен салттуу синтаксистин маселелери кеңири жана ар тараптуу изилдөөгө алынып бүттү деп бүтүм чыгарууга болбойт. Азыркы учурга дейре салттуу грамматиканын алкагында сөз айкашы жана сүйлөмгө карата изилдөөлөрдүн жүргүзүлүп жатышы, биринчиден, дагы деле болсо, бул багытта аныктала турган, тактала турган маселелердин бар экендигине жана жалпы эле синтаксистик материалдарга карата ар кыл көз караштардын жаралышып турушуна байланыштуу болуп саналса, экинчи жагынан, салттуу синтаксистик көз караштан туруп, сөз айкашынын, сүйлөмдүн структурасын, аларды уюштуруучу каражаттардын семантикалык функцияларын, синтаксистик катыштарды ж.б. тереңден чечүү мүмкүн эместигин көрсөттү. Илимдин чеги болбойт, анын коомдук өнүгүүлөргө байланыштуу башкача багыттан каралышы, өзгөчө өңүттөн изилдениши мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ушуга байланыштуу 80-жылдардын ичинде кыргыз тили илиминин синтаксисинде жаңы багыттагы, т.а., структуралык-семантикалык багыттагы изилдөөлөр пайда боло баштады.

Шарттуу кыскартуулар:

А.Ж. –Абдыгул Жапаров

А.С. –Асанбек Стамов

Ж.М. –Жунай Мавлянов

К.А. –Казат Акматов

К.Б. –Касымалы Баялинов

К.Ж. –Касымалы Жантөшев

К.О. –Каныбек Осмоналиев

“КМ” –“Кыргызстан маданияты” газетасы

“ЛЖ” –“Ленинчил жаш” газетасы

М. –Макал

Т.С. –Түгөлбай Сыдыкбеков

Ө.Д. –Өскөн Даникеев

“Чалкан” –“Чалкан” журналы

Ч.А. –Чыңгыз- Айтматов

Пайдаланылган адабияттар

1. Абдыгул, Жапар. Синтаксический строй кыргызского языка [Текст]: в 2-х ч. / Абдыгул Жапар. – Бишкек: Мектеп, 1992. – Ч. 1. – 428 с.

2. Абдыгул, Жапар. Синтаксический строй кыргызского языка [Текст]: в 2-х ч. / Абдыгул Жапар. – Бишкек: Мектеп, 1992. – Ч. 1. – 350 с.

3. Кыргыз тили [Текст]: пед. ин-дын пед. факультеттери үчүн окуу китеби / [Э. Абдулдаев, С. Давлетов, А. Иманов, А. Турсунов]. – Фрунзе: Мектеп, 1986. – 250 б.

4. Абдыкалыкова, А. К.Тыныстанов жана кыргыз тил илиминин айрым маселелери [Текст] / А. Абдыкалыкова. – Бишкек, 2003. – 11-16-б.

5. Батманов, И. Кыргыз тилинин окуу китеби [Текст] / И. Батманов, Т. Актанов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1939. – 75 б.

6. Актанов, Т. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст]: орто мектептер үчүн / Т. Актанов, К. Бакеев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1939. – 139 б.

7. Актанов, Т. Грамматика [Текст]: педагогика окуу жайлары үчүн / Т. Актанов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940. – 2 бөлүк: Синтаксис. – 104 б.

8. Актанов, Т. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст]: толук эмес орто ж-а орто мектептер үчүн / Т. Актанов, Н. Макешев, К. Бакеев. – оңдолуп үчүнчү бас. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1941. – 2 бөлүк. – 132 б.

9. Актанов, Т. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / Т. Актанов, Н. Макешев, К. Бакеев. – 4-бас. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1942. – 135 б.

10. Актанов, Т. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / Т. Актанов, Н. Макешев, К. Бакеев. – 6-бас. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1947. – 2 бөлүк: Синтаксис. – 166 б.

11. Актанов, Т. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / Т. Актанов, Н. Макешев, К. Бакеев. – 7-бас. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1948. – 2 бөлүк: Синтаксис. – 148 б.

12. Арабай, уулу Ишенаалы. Кыргыз алиппеси [Текст] / Арабай уулу Ишенаалы. – М.: СССР калктарынын борбор. бас., 1924. – 64 б.

13. Арабай, уулу Э. Алифбэ йаки төтө окуу [Текст] / Арабай уулу Э., Х. Сарсакеев. – Уфа: Шарк, 1911. – 52 б.

14. Арабай, уулу Э. Жазуу өрнөктөрү [Текст] / Арабай уулу Э. – Оренбург: Вакыт, 1912. – 36 б.

15. Арабай, уулу Э. Кыргыз алиппеси [Текст] / Арабай уулу Э. – Ташкент: Орто Азия мамл. бас., 1924. – 58 б.

16. Баскаков, Н. А. Типы атрибутивных словосочетаний в каракалпакском языке [Текст] / Н. А. Баскоков // Вопр. языкознания. – 1956. – № 6. – С. 79-91.

17. Баскаков, Н. А. Простое предложение в каракалпакском языке [Текст] / Н. А. Баскаков // Исследование по сравнительной грамматике тюркских языков. – М.,1961. – Ч. 3: Синтаксис. – С. 62-72.

18. Бакеев, К. Кыргыз тили [Текст]: чала сабаттуулар үчүн окуу китеби / К. Бакеев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1939. – 88 б.

19. Бакеев, К. Кыргыз тили [Текст]: башталгыч мектептер үчүн грамматика ж-а жазуу эрежелери / К. Бакеев. – Фрунзе. Кыргызмамбас, 1939. – 1 бөлүк: 1 ж-а 2 класстар үчүн. – 63 б.

20. Бакеев, К., Макешов Н. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / К. Бакеев, Н. Макешов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1939. – 116 б.

21. Балакаев, М. Казіргі казак тілі. Синтаксис [Текст] / М. Балакаев, Т. Кордабаев. – Алматы: Мектеп, 1966. – 340 б.

22. Батманов, И. А. Способы выражения синтаксических отношений в киргизском языке [Текст] / И. А. Батманов. – Фрунзе: Киргизгосиздат, 1940. – 16 с.

23. Батманов, И. А. Грамматика киргизского языка [Текст]: в 3-х вып. / И. А. Батманов. – Фрунзе; Казань: Киргосиздат, 1939. – Вып. 1: Введение. Элементы фонетики. – 76 с.

24. Бектенов, З. Кыргыз алиппесинин жана орфографиясынын өнүгүш башаты [Текст] / З. Бектенов // Эл агартуу журн. – 1975. – № 8. – 53-б.

25. Богородицкий, В. А. Общий курс русской грамматики [Текст] / В. А. Богородицкий. – М; Л.: Гос. Соц. экон. изд. 1935. – 354 с.

26. Виноградов, В. Предложение как предмет синтаксиса. Введение для грамматики русского языка. – М., 1950.

27. Виноградов, В. В. Исследования по русской грамматике [Текст]: избр. тр. / В. В. Виноградов. – М.: Наука, 1975. – 559 с.

28. Вопросы синтаксиса современного русского языка [Текст]: сб. ст. / под ред. В. В. Виноградова. – М.: Учпедгиз, 1950. – 413 с.

29. Гапаров, С. Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү [Текст] / С. Гапаров. – Фрунзе: Мектеп, 1979. – 140 б.

30. Давлетов, С. Азыркы кыргыз тили: Морфология [Текст]: жогорку окуу жайларынын филология фак. студенттери үчүн окуу китеби / С. Давлетов, С. Кудайбергенов. – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 235 б.

31. Дунканаев, А. Т. Кыргыз эл табышмактарынын синтаксистик түзүлүшү [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. автореф. / А. Т. Дунканаев. – Бишкек, 1998. – 25 б.

32. Дунканаев, А. Т. Кыргыз эл табышмактарынын синтаксистик-семантикалык түзүлүшү [Текст] / А. Т. Дунканаев. – Бишкек: Бийиктик, 2004. – 148 б.

33. Дунканаев, А. Т. Кыргыз макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү [Текст] / А. Т. Дунканаева. – Каракол: [б-сыз], 2010. – 201 б.

34. Жантөшев, К. Окуу китеби [Текст] / Жантошев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1930.

35. Жантошев, К. Колхоз мектебинде [Текст] / К. Жантошев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1931. – 248 б.

36. Жакыпов, Ы. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / Ы. Жакыпов. – Фрунзе: Мектеп, 1975. – 179 б.

37. Жакыпов, Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн

синтаксиси [Текст]: жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы / Ы. Жакыпов. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1958. – 282 б.

38. Жакыпов, Ы. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн синтаксистик түзүлүшү [Текст] / Ы. Жакыпов. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1961. – 100 б.

39. Кыргыз тили: Синтаксис [Текст] / [Ы. Жакыпов, Д. Майрыков, Б. Өмүралиев, С. Үсөналиев]. – Фрунзе: 1973.

40. Жапаров, А. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст]: пед. окуу жайлары үчүн / А. Жапаров. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1951. – 2 бөлүк: Синтаксис. – 223 б.

41. Жапаров, А. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / А. Жапаров. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1959. – 184 б.

42. Жапаров, А. Азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын грамматикалык структурасы [Текст] / А. Жапаров. – Фрунзе, 1955.

43. Жапаров, А. Азыркы кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн баш мүчөлөрү [Текст] / А. Жапаров. – Фрунзе, 1964.

44. Жапар, А. Синтаксический строй киргизского языка [Текст]: в 2-х ч. / А. Жапар. – Бишкек: Мектеп, 1992. – Ч. 1. – 428 с.; Ч. 2. – 350 с.

45. Жаманкулова, Г. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси [Текст]: синтаксис курсу боюнча окуу куралы / Г. Жаманкулова. – Бишкек: Улуу тоолор, 2014. – 228 б.

46. Жайлообаев, Б. Кыргыз тилиндеги атама сүйлөмдөр [Текст] / Б. Жайлообаев. – Бишкек, 2011. –

47. Жигитов, С. Төл башы [Текст] / С. Жигитов // Ала –Too. – 1988. – № 10.

48. Жигитов, С. Эреже жөндүү болсо [Текст] / С. Жигитов // Ленинчил жаш. – 1978. – 4-нояб.

49. Жигитов, С. Терминдер жөнүндө [Текст] / С. Жигитов // Ала –Too. –1979. – № 6.

50. Закиев, М. З. Синтаксический строй татарского языка [Текст]:

автореф. дис. ... д-ра филол. наук / М. З. Закиев. – Казань, 1963. – 30 с.

51. Зиндер, Л. Р. Современный немецкий язык [Текст]: теорет. курс: утв. ВКВШ при СНК СССР в 1938 г. в качестве учеб. пособия для пед. и учител. ин-тов иностр. яз. / Л. Р. Зиндер, Г. В. Строева-Сокольская. – М.: Учпедгиз, 1941. – 360 с.

52. Ибрагимов, С. Кыргыз тилиндеги синтаксистик байланыш-катыштарга структуралык-ыктымалдык анализ жана алардын кептеги аракет-милдеттери [Текст] / С. Ибрагимов. – Бишкек, 1994.

53. Ибрагимов, С. Кыргыз тилиндеги тең байланыштагы кошмо сүйлөмдөр [Текст]: филол. илим. д-нун ... дис. автореф. / С. Ибрагимов. – Бишкек, 2003. – 54 б.

54. Ибрагимов, С. Лингво-этнокультурология–тилдик маданият таануу [Текст]: тарыхы ж-а териялык негиздери / С. Ибрагимов. – Бишкек: [б-сыз], 2003. – 118 б.

55. Ибрагимов, С. Кыргыз тилинин синтаксиси. Изилдениш тарыхынан [Текст]: моногр. / С. Ибрагимов. – Бишкек: КМПУ нун кичи-бас., 2001. – 184 б.

56. Идирисов, А. Кыргыз тилинин окуу китеби [Текст] / А. Идрисов. – Фрунзе: 1933.

57. Идирисов, А. Кыргыз тилинин окуу китеби [Текст] / А. Идирисов. – Фрунзе, 1935. –

58. Иманов, А. Кыргыз тилинин эки составдуу жөнөкөй сүйлөмдөрүндөгү сөздөрдүн орун тартиби [Текст] / А. Иманов. – Фрунзе: Мектеп, 1976. – 106 б.

59. Иманов, А. Кыргыз тили [Текст] / А. Иманов, А. Сапарбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1988. – Ч. 2: Синтаксис. – 282 б.

60. Иманов, А. Кыргыз тили [Текст]: жогорку окуу жайынын филология факультетинин сырттан окуган студенттери үчүн / А. Иманов. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 352 б.

61. Иманов, А. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / А. Иманов. – Бишкек: Мектеп, 1995. – 390 б.

62. Иманов, А. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / А. Иманов. – 2-бас. –Бишкек: [б-сыз], 2009. – 419 б.

63. Карыбаев, А. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст]: жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби / А. Карыбаев. – Бишкек: ИКМУ, 2009. – 419 б.

64. Карасаев, Х. Жаңылык [Текст]: чондор учун алиппе / Х. Карасаев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1928. – 84 б.

65. Калинин, М. И. Коммунисттик тарбиялоо жөнүндө [Текст]: тандалма создор ж-а ст. / М. И. Калинин. – Фрунзе: Кыргызстан, 1948. – 289 б.

66. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы [Текст] / башкы ред. С. Кудайбергенов. – Фрунзе: Илим,1980. – 318 б.

67. Кыргыздар [Текст]: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт. – Бишкек: Кыргызстан, 1993. – 1-т. – 618 б.

68. Кыргыздар [Текст]: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт. – Бишкек: Кыргызстан, 1993. 2-т. – 576 б.

69. Кыргыз тили боюнча изилдөөлөр [Текст] / жоопту ред. А. Т. Турсунов. – Фрунзе: Илим, 1970. – 170 б.

70. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст]. – Фрунзе: 1964.

71. Кононов, А. Н. Грамматика современного узбекского литературного языка [Текст] / А. Н. Кононов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1960. – 446 с.

72. Кононов, А. Н. Грамматика современного турецкого литературного языка [Текст] / А. Н. Кононов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1956. – 569 с.

73. Майрыков, Д. Однородные члены предложения в киргизском языке [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Д. Майрыков. – М., 1956. –

18 с.

74. Майрыков, Д. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / Д. Майрыков. – Фрунзе: Мектеп, 1970. – 2 бөлүк. – 128 б.

75. Майрыков, Д., Жакыпов Ы., Мураталиев М. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст]: сегиз жылдык ж-ф орто мектептердин 7-8 кл. Учун. – Фрунзе: Мектеп, 1971. – 2-бөлүк: Синтаксис. – 144 б.

76. Макешев, Н. Кыргыз тили [Текст]: башталгыч мектептер үчүн / Н. Макешев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1939. – 2-бөлүк: Грамматика жана жазуу эрежелери. – 172 б.

77. Мураталиев, М. Кыргыз элдик поэтикалык чыгармалардагы кээ бир синтаксистик бөтөнчөлүктөр [Текст] / М. Мураталиев. – Фрунзе: Кыргыз ССР акад. бас., 1963. – 70 б.

78. Мураталиев, М. Кыргыз тилиндеги мезгил жандама сүйлөмдөр [Текст] / М. Мураталиев. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1956. – 56 б.

79. Мураталиев, М. Азыркы кыргыз тилиндеги байламталар [Текст] / М. Мураталиев. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1959. – 58 б.

80. Мураталиев, М. Придаточные предложения времени в киргизском языке [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / М. Мураталиев. – Фрунзе, 1962. – 20 с.

81. Мураталиев, М. Кыргыз тилиндеги тике жана кыйыр сөздөр [Текст] / М. Мураталиев. – Фрунзе: Илим,1964. – 64 б.

82. Мураталиев, М. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөр [Текст] / М. Мураталиев. – Фрунзе: Илим, 1981. –108 б.

83. Мураталиев, М. Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү [Текст] / М. Мураталиев, А. Турсунов. – Фрунзе: Илим, 1961. – 145 б.

84. Мусаев, С. Ж. Жалпы тил илими [Текст]: ЖОЖдор үчүн окуу китеби / С. Ж. Мусаев. – Бишкек: [б-сыз], 1998. – 211 б.

85. Мусаев, С. Ж. Текст: прагматика, структура [Текст] / С. Ж. Мусаев. –Бишкек: Раритет инфо, 2000. – 323 с.

86. Мусаев, С. Ж. Причастные конструкции кыргызского языка. – Бишкек, 1993. Мусаев, С. Ж. Парадигматические типы причастных конструкций в киргизском языке [Текст] / С. Ж. Мусаев. – Фрунзе: Илим, 1987. – 160 с.

87. Мусаев, С. Ж. Кыргыз тилиндеги атоочтук конструкциялардын парадигматикалык типтери [Текст] / С. Ж. Мусаев. – Фрунзе, 1987.

88. Мусаев, С. Ж. Парадигматические типы причастных конструкций в киргизском языке [Текст] / С. Ж. Мусаев. – Фрунзе: Илим, 1987. – 160 с.

89. “Мугалимдерге жардам” журналы 1957., №7

90. Нааматов, С. Кичинекей колхозчу [Текст] / С. Нааматов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1931.

91. Нааматов, С. Тилибиздин методикасы [Текст] / С. Нааматов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1932. – 36 б.

92. Нуруев, Т. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст]: окуу курал: Бир тутумдуу сүйлөмдөр / Т. Нуруев. – Бишкек: Абыкеев А. жеке менчик бас., 2005. – 91 б.

93. Пешковский, А. М. Русский синтаксис в научном освещении [Текст] / А. М. Пешковский. – М.: Яз. славян. культуры, 2001. – 510 с. – (Классики отечественной филологии).

94. Радлов, В. В. Образцы народной литературы северных тюркских племен [Текст] / В. В. Радлов. – СПб.: [б.и.],1885. – Ч. 5: Наречие дикокаменных киргизов. – 599 с.

95. Садыкова, С. З. XIX-XX кылым башында немис тилдүү түркологдордун эмгектеринде кыргыз тилинин маселелеринин каралышы [Текст]: – Бишкек, 2018.

96. Сапарбаев, А. Кыргыз тили [Текст]: X-XI класстар үчүн окуу китеби / А. Сапарбаев, С Омуралиева, Р. Эгембердиев. – Бишкек: Мектеп, 1993. – 239 б.

97. Сапарбаев, А. Синтаксистик окуунун негиздери [Текст]: жогорку

окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби / А. Сапарбаев. – Бишкек: Кыргыз-Сорос фонду, 1997. – 248 б.

98. Сартбаев, К. К. Основные вопросы синтаксиса сложного предложения в современном киргизском языке [Текст]: автореф. дис. ... д-ра филол. наук / К. К. Сартбаев. – М., 1953. – 40 с.

99. Сартбаев, К. К. Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1957. – 176 б.

100. Сартбаев, К. К. Кыргыз тилинин изилдениши [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1981. – 108 б.

101. Сопу, уулу Т. Биздин тил [Текст]: 1-баскыч мектептердин IV окуу жылы үчүн / Сопу уулу Т. – Ташкент: САОГИЗ, 1933. – 84 б.

102. Сопу, уулу Т. Биздин тил [Текст]: 1-баскыч мектептердин IV окуу жылы үчүн / Сопу уулу Т. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1935. – 86 б.

103. Скирдов, В. Д. К. Тыныстанов и развитие сопоставительного языкознание в Кыргызстане [Текст] / В. Д. Скирдов, Е. Д. Поливанов // Вестн. Сер. 1. – Бишкек, 2002. Скирдов, В. Д. К.К. Сартбаев и развитие сопоставительного языкознание в Кыргызстане [Текст] / В. Д. Скирдов // Професссор К.К. Сартбаевдин 90 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2002. – С. 22-24.

104. Өмүралиев, Б. Кыргыз тилинин синтаксисинин окутуунун методикасы [Текст] / Б. Омуралиев. – Фрунзе: Мектеп, 1991. – 286 б.

105. Өмүралиев, Б. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдү окутуу. – Фрунзе 1971.

106. Тойчубекова, Б. Азыркы кыргыз тилиндеги бир составдуу жана кемтик сүйлөмдөр [Текст] / Б. Тойчубекова. – Фрунзе: Илим, 1983. – 267 б.

107. Тойчубекова, Б. Кыргыз адабий тилинин синтаксистик структуранын совет доорунда өзгөрүшү [Текст]: жөнөкөй ж-а татаал сүйлөмдөр / Б. Тойчубекова, М. Мураталиев. – Фрунзе: Илим, 1987. – 179 б.

108. Турсунов, А. Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары [Текст]: жалпы

маселелер / А. Турсунов. – Фрунзе: Илим, 1976. – 94 б.

109. Турсунов, А. Кыргыз тилиндеги этиштик сөз айкаштары [Текст] / А. Турсунов. – Фрунзе: Илим, 1978. – 337 б.

110. Турсунов, А. Кыргыз тилинин тыныш белгилери [Текст] / А. Турсунов. – Фрунзе: Илим, 1981. – 84 б.

111. Турдугулова, К. Синтаксис грамматикалык категория катары [Текст] / К. Турдугулова // Изв. вузов. – 2011. – № 9. – 227-230-б.

112. Турдугулова, К. Синтаксистик окуунун лингводидактикалык негиздери [Текст] / К. Турдугулова. – Бишкек, 2013.

113. Тыныстан, уулу Касым. Эне тилибиз [Текст] / Тыныстан уулу Касым. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1928. – 68 б.

114. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз. II китеп. –Фрунзе, 1932.-122б.

115. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы. 5- жана 6-жыл үчүн тил сабактары. –Фрунзе: Кырмамбас, 1934.-100б.

116. Тыныстанов, К. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст]: 6-7-8 жылдар үчүн / К. Тыныстанов. – Фрунзе: Кыргызмамбас,1936. – 138 б.

117. Тыныстанов, К. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / К. Тыныстанов. – Бишкек, 1998.

118. Тыныстанов, К. Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст] / К. Тыныстанов. – Бишкек, 2006.

119. Токоев, Т. Т. Кыргыз тилиндеги экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар [Текст] / Т. Т. Токоев. – Бишкек: [б-сыз], 2006. – 209 б.

120. Токоев, Т. Т. Азыркы кыргыз тили. Синтаксис [Текст] / Т. Т. Токоев, К. Т. Токтоналиев. – Бишкек: 2015.

121. Токтоналиев, К. Т. Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык жана интонациялык структурасы [Текст]: филол. илим. д-нун … дис. автореф. / К. Т. Токтоналиев. – Бишкек, 2004. – 51 б.

122. Убрятова, Е. И. Исследование по синтаксису якутском языке [Текст] / Е. И. Убрятова. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1950. – Кн. 1: Простое предложение. – 305 с.

123. Убрятова, Е. И. Согласование в якутском языке [Текст] / Е. И. Убрятова // Исследование по синтаксису тюрских языков. – М., 1962. – С. 25-56.

124. Урусова, Г. Татаал сүйлөмдөрдүн түгөйлөрү туюнткан маанилер жана аларды берүүнүн стилдик каражаттары [Текст] / Г. Урусова. – Бишкек: ЖИ Сарыбаев Т.Т., 2015. – 134 б.

125. Уметалиева, Б. Дж. Имя прилагательное в современном киргизском языке [Текст] / Б. Дж. Уметалиева. – Фрунзе: Мектеп, 1965. – 143 с.

126. Фортунатов, Ф. Ф. Избранные труды. Сравнительное языковедение. Сравнительная фонетика индоевропейских языков [Текст] / Ф. Ф. Фортунатов. – М.: Гос. учеб.-пед. изд-во М-ва просвещения РСФСР, 1956. – Т. 1. – 452 с.

127. Чолпонбаев, А. К. Кыргыз тилиндеги объектилик катыштын семантикалык-структуралык өзгөчөлүктөрү [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. автореферат. / А. К. Чолпонбаев. – Бишкек, 2007.

128. Шатманов, С. Зат атоочту окутуунун айрым маселелери [Текст] / С. Шатманов. – Фрунзе: Мектеп, 1965. – 126 б.

129. Шахматов, А. А. Синтаксис русского языка [Текст] / А. А. Шахматов. – Л.: Учпедгиз, 1941. – 620 с.

130. Шүкүров, Ж. Ш. Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр [Текст] / Ж. Ш. Шүкүров. – Фрунзе: ИА бас., 1955. – 80 б.

131. Schott, W. Verzuch über die Tatarischen Sprachen [Text]=Татар тилдерин изилдөө аракеттери / W. Schott. – Berlin: Verlag von Veit &Comp., 1836. – 82 p.

132. Schott, W. C. Über die ächten Kirgisen [Text] = Чыныгы кыргыздар жөнүндө / W. C. Schott. – M., 1865.

133. Юнусалиев, Б. М. Вспомогательные глаголы в киргизском языке [Текст: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Б. М. Юнусалиев. – Фрунзе, 1949. – 30 с.

134. Юнусалиев, Б. М. Синтаксический способ образования корневых слов [Текст] / Б. М. Юнусалиев // Тр. ин-та яз. лит. и истории АН КиргССР. – 1956. – Вып. 5. – С. 95-105.

135. Юнусалиев, Б. М. Киргизская лексикология [Текст] / Б. М. Юнусалиев. – Фрунзе:Киргучпедгиз, 1959. – Т. 1. – 248 с.

136. Элчиев, Ж. Сүйлөмдүн келки маанилердин типтери жана түрлөрү [Текст] / Ж. Элчиев. – Бишкек, 2012.

1. Мураталиева, Ж. Морфологияны синтаксистик негизде окутуу [Текст]: мугалимдер үчүн илимий-методикалык окуу куралы / Ж. Мураталиева. – Бишкек: Сүрөт- Басма Салону ЖЧК, 2003. – 192 б.
2. Сапарбаев, А. Синтаксистик окуунун негиздери [Текст] / А. Сапарбаев. – Бишкек: Сорос-Кыргызстан фонду, 1997. – 248 б.
3. Сартбаев, К. К. Тил илими (айрым материалдар) [Текст] / К. К. Сартбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1975. – 196 б.
4. Батманов, И. А., Бакинова Г., Яншансин Ю. Азыркы кыргыз тили [Текст] / И. А. Батманов, Г. Бакинова, Ю. Яншансин. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1956. – 1 бөлүм. – 111 б.
5. Гатина, А. Э. Основной язык: синтаксис [Текст]: учеб.-метод. пособие для самостоятельной работы студентов гуманитар. факультета / А. Э. Гатина. – Бишкек: Изд-во КРСУ, 2015. – 96 с.
6. Грамматика русского языка [Текст]: в 2-х т. / ред. В. В. Виноградов, Е. С. Истрина, С. Г. Бархударов. – М.: Изд-во АН СССР, 1954. – Т. 2, ч.

1: Синтаксис. – 703 с.

7. Виноградов, В. В. Основные вопросы синтаксиса предложения (на материале русского языка) [Текст] / В. В. Виноградов // Вопросы грамматического строя. – М., 1955. – С. 389-435.
8. Жапаров, А. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / А. Жапаров. – Фрунзе: Мектеп, 1979. – 324 б.
9. Ибрагимов, С. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / С. Ибрагимов. – Бишкек: Кыргыз мамл. пед. ун-ти, 2001. – 186 б.
10. Виноградов, В. В. Из истории изучения русского синтаксиса (от Ломоносова до Потебни и Фортунатова) [Текст] / В. В. Виноградов. – М.: Изд-во Моск. ун-та, 1958. – 400 с.
11. Жапаров, А. Азыркы кыргыз тили [Текст] / А. Жапаров. – Фрунзе: Мектеп, 1966. – 2 болум: Жонокой суйломдун синтаксиси. – 344 б.
12. Жапаров, А. Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст]: жогорку окуу жайларынын тил ж-а адабият факультети учун / А. Жапаров. – Фрунзе: Мектеп, 1979. – 323 б.
13. Ибрагимов, С. Кыргыз тилинин синтаксиси изилдениш тарыхынан [Текст] / С. Ибрагимов. – Бишкек: [б-сыз], 2001. – 185 б.
14. Омуралиев, Б. Кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун методикасы [Текст] / Б. Омуралиев. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 268 б.
15. Тыныстанов, К. Классикалык изилдоолор [Текст]: жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттер учун китеби / К. Тыныстанов. – Бишкек: KIRLand, Кыргыз респ. УИ акад., 2017. – Т. 1: Морфология. – 543 б.
16. Жакыпов, Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси [Текст]: жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы / Ы. Жакыпов. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1958. –282 б.
17. Жапаров, А. Сопоставительная грамматика кыргызского и русского языков [Текст]: учеб. для вузов / А. Жапаров. – Бишкек: [б.и.], 2007. –

407 с.

18. Мусаев, С. Ж. Вопросы теоретического синтаксиса кыргызского языка [Текст] / С. Ж. Мусаев. – Бишкек: Илим, 2013. – 160 с.
19. Азыркы кыргыз адабий тили (фразеология, морфология, синтаксис, фонетика, лексикология, лексикография, стилистика, текст таануу, лингвопоэтика [Текст] / ред. Б. Ө. Орузбаева. – Бишкек: [б-сыз], 2009. – 928 б.
20. Мураталиев, Ж. Морфологияны синтаксистин негизинде окутуу [Текст]: мугалимдер учун илимий-метод. окуу куралы / Ж. Мураталиев; ред. М. Толубаев. – Бишкек: Сурот-басма салону, 2003. – 192 б.
21. Кульчицкая, Л. Г. Синтаксис простого предложения [Текст]: учеб. метод. пособие / Л. Г. Кульчицкая; отв. ред. В. Д. Скирдов. – Бишкек: КГНУ, 1996. – 52 с.
22. Синтаксис курсу боюнча практикалык ишти активдештируунун айрым жолдору [Текст]: окуу метод. колдонмо / туз. Ж. Андабекова. – Фрунзе: КМУ, 1990. – 59 б.
23. Долуева, З. Д. Азыркы кыргыз тили. Синтаксис [Текст]: окуу-метод. колдонмо / З. Д. Долуева, Г. О. Кочорова. – Бишкек: ЖИ Сарыбаев Т. Т., 2018. – 66 б.